


ТОЛТОИ

ЭПОСТОРУ



Мамлекеттик «Учкун» концерни
Бишкек — 1992

Жусуп Мамай
Толтой: эпос, Бишкек, 1992. 160 бет.

«Толтой» — кыргыздын баатырдык эпосторунун бири. Анын баш каарманы биздин окурмандарга «Манас» эпосу аркылуу учкай баяндалат. Ал эми колуңардагы китепте кызылсуулук (Қытай) манасчы Жусуп Мамайдын айтуусунда эр Толтойдун кыргыз калкын баш коштуруп, биримдикте жашоосунда ээлеген орду бир катар көркөм чагылдырылат.

© Мамлекеттик «Учкун» концерни, 1992.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

ТОЛТОЙДУН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

СОНОРДОГУ САЙРАН

Жедигердин эр Багыш,
Жети суу жерден эл багып,
Жолотпой жоону жер багып,
Жыргатып элин тең карып
Гүлдөп жаткан чагы эле,
Ошол эр Багыштын баласы —
Кар эгинин караса
Толтой деген бар эле.
Багыштын уулу эр Толтой,
Баатыр өскөн зор Толтой,
Эркинче ойноп жашынан,
Эч жугузбай топону
Эрке бакты ошону.
Толтойдун он беш жашында
Жыйырма жигит өксүбөй,
Бирге жүрүп кашында,
Жатагы бир жатканда,
Жолдору бир басканга,
Жигиттери айрылбайт
Тамаша көңүл ачканда,
Кайда барса жанында,
Эр Толтойдун камында.
Шаардан тоону жакшы деп,
Жараткан Толтой көөнүндө,
Күндө семиз тай союп,
Жылкычынын үйүндө
Жатар эле ар убак,
Таң-тамаша ыр чуулап,
Чөйрөсүндө жаш жалаң,
Андан ыраак баспаган,
Койкондогон келин-кыз,
Күлүп ойноп наздаган.
Чатыраш ойноп, ордо атып,
Көргөндөрдү таңданткан,
Сары май чылап, кант кошуп,
Самоорун кайнаткан,
Кайда барса эр Толтой,
Ал айылды жыргаткан.
Кыз-келинде селкинчек,
Айтышканы акийнек
Мандайлашып кыз-жигит
Селкинчек тээп селкилдеп,
Күүлөнгөндө арканда,
Этек-жеңи делпилдеп,
Мындайрак келин-кыз
Кошоматка ал жерде
Үйүнө барбай селпилдеп,
Батеги чыгып чубалып,
Кашка таман убалып,
Басып жүрөт телпилдеп,
Кайда барса Толтойду,
Багыштын уулу ошонун
Комузчу менен ырчысы,
Күлкү табар сынчысы,
Кыякчы менен чоорчусу,
Ат багуучу койчусу,
Таптаган шумкар кутчусу,
Ажырабай бир жүрүп,
Аны менен тең күлкү.
Балдары улак тартышып,
Ортолор ордо атышып,
Кымыздан арак тартырып,
Бээ кысырын таптырып,
Адырдагы аркардын
Көк чаарынан аттырып,
Эркин ойноп, эрке өсүп,

Эмиң ойноп, ээн өсүп,
Эркинче Толтой жүрүчү,
Эриккенде кээ-кээде
Кан ордого келүүчү,
Кыз-жигиттен көп жыйнап,
Канча күн ойноп күлүүчү,
Атасы Багыш доорунда
Мамындай дооран сүрүүчү,
Кээде аттанып кетүүчү,
Бир жылда араң келүүчү,
Келбесе келбей калучу,
Башы ооган жакка баручу,
Барган жердин бары чуу.
Чабыттан кезип арчу эмес,
Кырандын алгыр кушундай,
Он жашында бир жакка,
Толтойдун иши ушундай,
Коңур салкын бир күздө,
Эл олтурган кең түздө,
Таң менен тең эр Толтой
Эрте ойгонуп алыптыр,
Эшикке чыга калыптыр,
Төшөгүнөн термелеп,
Талаага чыкса сермелип,
Сонор болуп жаңы кар
Калган экен эленип,
Калың эмес жука жаап
Жердин бети агарып,
Асман чайыттай, күн ачык,
Көрүнбөйт көзгө тунарык,
Айлына тегиз ап-аппак,
Тоо баштарын кар каптап,
Бир топ чий үйдөй көрүнөт,
Бадалдар жерге чөгүнүп
Жерге тал дүпкүр чийлерден,
Самсаалап кыроо төгүлүп,
Закымдар учуп бөлүнүп,
Кыйырсыз талаа былкылдап,
Кыпыны кардын жылтылдап,
Күн чыккан жакты караса,
Көзгө чагып кылкылдап,
Көрө коюп ошону,
Эр Багыштын Толтою,
Кош болгондон энтелеп,
«Кийинейин эртелеп».
Үйгө кирип сийбестен,
Ит куугандай энтелеп,
«Ан уулоонун чагы, — деп,
Ачылыптыр багы, — деп,
Коштугунан бабырап,
Кыш ичигин жамынып,
Кошчуларын ойготпой
Жалгыз өзү камынып,
Обон соргок бүркүтүн
Мээлейин кийип кондуруп,
Балдакты байлап атына,
Куш баштыгын кошо алып,
Илди ээрдин кашына,
Суркоен быштy чагы эле
Жаба токуп тулпарды,
Ээрчитип тайган ит алды,
Жоого барчу немедей
Жоо жарагын бүт алды.
Балта, найза, кылычын —
Баарсын жанга байлады,
Калкан, туулга, чарайна,
Калтырбастан алганы,
Эң ашыгып бачымдап,
Алдырап жөнөп калганы,
Ачып көздү жумгуча
Айылдан ыраак барганы,
Толтойдун аңга чыкканы,
Бир киши туюп калбады,
Жети суунун бетинде,
Батыш жаккы четинде,
Будурмак деген жери бар,
Ар түрдүү айбан кени бар,
Суусар, түлкү, сүлөөсүн,
Ач күзөн, карсак анда бар,
Адам уулу көрбөгөн
Айбандын түрү чанда бар,
Өзү кичүү пулу көп,
Асыл айбан дагы бар,
Аңчылык кылса бул жерде
Адамда кумар арылар.
Сонорду көрүп жаш Толтой,
Сабыр кылып туралбай,
Жанына жолдош алалбай,
Жүрүп берди шартылдап,
Жүзү айдай жаркылдап,
Жаңы быштy суркоен
Ала качып алкылдап,
Баладай жалы былкылдап,
Жорголой басып кылтылдап,
Төрт аяктан чыккан от
Чакмак таштай жылтылдап.

Ооздук тиштеп нидерип,
Жөн баспай тулпар ыргыштап,
Албууту бар Суркоен,
Тууралануп кыйгачтап,
Басып берсе түгөнгүр
Балтыр эти балактап,
Көмөлдүрүк, ат жабдык
Омуроодо шарактап,
Басканы аттан башкача
Барган сайын алактап,
Бала баатыр үстүндө
Бара жатат жыйнабай,
Эки буту салактап.
«Бачымырак жетсем, — деп,
Аралаша кетсем, — деп,
Бачымырак жетпесем
Жер карарып кетер, — деп
Анда жолум нетер», — деп,
Балалык кыял жөн эмес,
Батырак жетер жер эмес,
Мингени тулпар болбосо,
Баса турган жол эмес.
Бул жолдо жапа зор экен,
Жөнөкөй аттар бастырса
Жети күндүк жол экен,
Күн тийе үйдөн аттанып,
Күндүк жол мүнөт катталып,
Суркоендой атына
Бала Толтой шаттанып,
Арыштап жолду өтүптүр,
Бара турган жерине
Шашыкеде жетиптир,
Толтойго кутчу жигиттер,
Үйүндө калып нетиптир?
Алардан кабар алалы,
Азыраак параң салалы:
Толтойду издеп табалбай,
Же Толтой жок үйдө туралбай,
Аппак кардан из чалып,
Аркасынан кууй албай.
Алкачан Толтой жылкыга
Кеткен экен дешиптир,
«Келгиче оокат кылалы» —
Деп кеңешип үйүнө,
Бирден тарап кетиптир,
Түрдүү өнөр этиптир.
Толтой менен буларды,
Ишин билген киши жок,

Мулуңдаган балдардын,
Башкалар менен иши жок,
Буларга элдин кеби жок,
Жумушка салчу теги жок.
Илгеркидей Жедигер
Балдар менен кери жок,
Толтойдун аңга барганын,
Жигиттер кетип калганын,
Элдер туйбай калышты,
Бейкутта жатып алышты.

Жалгыз кеткен Толтоюң,
Будурмак тоонун адырга,
Буткул белдин Жанурга
Шашыкеде жетип барыптыр,
Токтоп таакыр кылбастыр,
Тамашаны салыптыр,
Кое берип тайганды,
Утур келген айбанды,
Тиштеттире бериптир,
Талпактарын кериптир,
Суусар алып, түлкү алып,
Көрүнгөндөн барды алып,
Күн бешимге барганча
Бир жүз элүү жанды алып,
Карсактан эчен санды алып,
Кайберендин барысын,
Чандандата эр Толтой
Сойбой бүтүн байланып.
Күн бешимге барганда
Калды ити каржалып,
Мурункудай тайганы
Жүгүрө албай сандалып,
Бир жерден чыкса беш түлкү
Үчөөн бүктөп жойлоду,
Куткарып экөөн койгону.
«Чарчаган экен тайган»,—деп,
Түз белди көздөй басканы,
Канжыгада жандарды,
Үймөк кылып таштады,
Тилди билген тайганга
Толтой минтип айтканы:
«Таштаймын сени бул жерге
Кайтарып тайган жаткының,
Карга, кузгун кондурбай,
Олжону жакшы баккының,
Мен бөксөгө барайын,
Бүркүттү эми салайын,

Обун соргок кылайын,
Өнөрүн көрүп багайын.
Эртеден сени алдырдым,
Кумарымды кандырдым,
Суусар, түлкү, карсактан.
Жүз элүү сага алдырдым,
Этектен канды кумарым
Белсеке эми чыгайын,
Илбирс менен бөрүгө,
Чоң бүркүттү сунайын,
Ичимде бугум чыккыча,
Кызыгын көрүп чыдайын» —
Деп айтып Толтой тайганга,
Камынды кырга барганга,
Куюндай сызды Суркоен,
Камчыга бөлөп алгандай.
Чаап жетти адырга,
Чап тике бар жанында,
Андан ары күбүлмө,
Нечен жерде түйүлмө,
Жетип барды акыры
Тогуз кокту, сегиз кыр,
Чогулушкан түйүнгө,
Дөбөнүн чыгып башына,
Томого алып бүркүттөн,
Доолбас кагып эр Толтой,
Кайберенди үркүттү,
Доолбас үнүн укканда,
Коркунуч абаз чыкканда,
Ээк алдынан Толтойдун,
Элүүчө бөрү чыкты анда,
Эленде көпкө карады,
Элүүчө бар карааны,
(Толтой кайдан санады)
Колунда бүркүт жулкунуп,
Талпынып көккө умтулуп,
Кызарып көзү жалындай,
Канат жүнү кулпуруп,
Серпкенде Толтой бүркүттү,
Далай жанды үркүттү,
Куйругун бүркүт бир ырдап,
Шып коюп учуп жөнөдү,
Тик ылдый көздөй сызганда
Эки канат бүгүлдү,
Ыргыткан топтой түйүлдү.
Карап турса бүркүттү
Кетип барат каркырап,
Куйругунан чыккан чан
Аргамжы болуп чачылат.
«Колуң сынгыр, сындын!»
— деп,
Балбан Толтой бакырат.
Толтойдун ушул бүркүтү,
Обон соргок аты бар.
Бүркүттүн жарма уругу,
Асыл куштун заты бар.
Текөрүн Толтой салдырган,
Темирди курчтап кандырган,
Алышы жеке бул эмес
Андай нече алдырган,
Колоттон кечип өткүнчө
Отузду жарды алгыр жан.
Алганын мунун карачы,
Ашырбай аркы белестен,
Кырк алты экен санаты!
Баатырдан мыкты бүркүтү
Кайкып учуп сызганы,
Зыркааарга салып көөдөнүн
Бир демде кырга чыкканы,
Дөбөнүн конду башына,
Шоңкойгон кара ташына,
Суркоенду койгулап,
Толтой чапты ашыга.
Толтой жүргөн жылгадан,
Аркар менен кулжадан,
Эчки-теке булардан,
Далайы калган корголоп,
Аска астында жорголоп,
Үңкүрлөргө жашынып,
Корккондон башын катынып,
Дабыш укса кичине,
Дыр коюп тарап качынып.
Эңиш тартып чапкылап,
Этек-жеңин каккылап,
Сегиз илбирс бир жерде,
Ойноп жатат караса,
Мына кызык тамаша,
Илбирсти көргөн эр Толтой
Доолбасты карс койду,
Карс койгондо бат койду,
Дөбөдөн үндөп бүркүтүн
Бакырыгы баш жарды
Башты тургай тим эле,
Солкулдатып таш жарды.
Ачып көздү жумгуча
Ана-мына дегиче,

Ачкан оозду жыйгыча,
Көнүп калган бүркүтү
Куушурулуп жеткени,
Жеткен жерде куткарбай,
Чогуу эле сегиз илбирсти
Серпип илип кеткени.
Аңгыча кырдан эңкейип,
Қызарып күндүн батканы,
Қызыкка тойбой эр Толтой
Жандарды жыйнап тактады;
Қарсак, суусар түлкүдөн
Илбирс менен бөрүдөн
Эки жүз төрттү тапканы,
Қырк алты бөрү бир аңдан,
Сегиз илбирс бу сайдан,
Чогултуп барын жыйнады,
Жыйнаса жерге сыйбады,
Суркоенго байланды,
Тоо этектеп айланды,
Бүркүтүн колго кармады,
Күүгүм кире күн бата
Тайганга жетип барганы.
Тайгандын чоңдур жардамы,
Эки жүз төрттү бир жыйнап,
Толтойдун жоктур арманы.
Бүркүткө бүркүп эт берип,
Тайганга этти көп берип,
Суркоенду чалдырып,
Таңашырып салганы,
Тыныгып эсин албады,
Қайберендин барысын
Жалгыз союп калганы,
Терилерин бучкактап,
Тоңдуруп суукка жыйганы,
Адамдан артык чоң жолдош,
Эр Толтойдун тайганы,
Ээси менен биргелеш
Ал дагы кылды арганы,
Тан аткыча уктабай,
Башын жерге салбады.
Тери жайып тоңдуруп,
Бүркүттү ташка кондуруп,
Баатыр Толтой иш кылды,
Чыканак жерге салбастан,
Чырым этип уйку албастан,
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Суркоенду жетелеп,
Чалдырууга басканда,
Келип калды бир киши,
Бул жерлерде эмне иши,
Азыраак артка кайталы,
Анын жайын айталы.

Қызыл баштын элинде,
Қыйын эле жеринде,
Чоң баатырлык ат алган,
Қандык такта кат алган
Сүрүнөн коркуп башкалар,
Сүрдөп кантип баталган,
Контукчу деген бар эле,
Қаары күчтү жан эле,
Аты дагы контукчу.
Өзү дагы Контукчу,
Сөзү дагы контукчу,
Окмуштурак неме эле,
Балбандыгы кыйла бар
Башкаларга тең эле,
Кездешкенин кетирбей,
Алып жүргөн кези эле,
Жекеге чыгып өзү эле,
Тогошорго жоо таппай
Алыска барчу ар кайда,
Чуулган салбай калчу эмес,
Қайсы эле жерге барганда.
Қармап ошол адаты,
Эки-үч күндүн алдында,
Қызылбастан аттанып,
Қалып калды бул жайга,
Мурунку күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Чаалыгып келип олтурса
Будурмактын белинде,
Ач кыйкырык укканы,
Доолбас үнү чыкканы,
«Менден башка кимдир,
— деп,
Бу дагы мендей эрдир, — деп
Ээн тоодо не кылат,
Издегени недир, — деп,
Ким экенин билем» — деп.
Атка минип алактап,
Эки буту салактап,
Келе жатты балактап.
Күндүзү бирок жетпеди,
Күүгүм кирип кеткени,
Өжөрлүгүн карматып,

Чыкканактап кетпеди.
Түн бою жүрүп отуруп,
Таң атканда жетти эми.
Таң агарып атканы,
Төрт тарапка көз салды,
Айланадан из чалды.
Куркулдап учуп кузгундар,
Шакылыктап сагызган,
Ак кажыр менен таз кара
Катарлаш учуп бараткан,
Айры куйрук, кулалы
Канаттары салпылдап,
Өңкөй тарпчы канаттуу,
Өөндөп учуп далпылдап,
Көптү көрүп көп билген,
Мындай ишти көп көргөн,
Балакеттүү Контукчу
Бир иш бар деп бул жерде,
Эшол жакка жол тартты,
Абыдан байкап келатты.
Мөйнөттөн чыга калганда,
Кызыкты көрдү жалганда,
Илбирс жатат тартайып,
Бөрү жатат ырсайып,
Түлкү менен карсактар
Канчасы жатат тыртайып,
Жык толуптур бир тескей
Керип жайган териге,
Бир киши бир ат жетелеп,
Откоруп турат тигинде,
«Мунун баарын кыйраткан
Ушул киши экен» — деп,
Оюна муну алыптыр,
Контукчу баатыр мостоюуп,
Толтойго жетип барыптыр,
Аны көрүп чоң тайган
Арсылдап үрүп калыптыр,
Бала баатыр эр Толтой
Байкап аны карады,
Балакетти сынады.
Келе жатып Контукчу
Бүркүттү көрүп калганы,
Көрбөгөн экен мындайды
Айран-азыр таң калды,
Караса өзү канаттуу,
Буттары шумдук жарактуу
Тумшугу турат башы жок,
Көзү менен кашы жок,
Сонун көрүп бүркүттү
Камчы менен үркүттү.
«Кайдан келген киши,
— деп
Бүркүттө эмне иши», — деп
Толтой тура калганы,
Ошондо да ызаттап,
Салам айта салганы,
Адырайган ал чочко,
Алайып карап калганы,
Саламга алик албады,
Анда Толтой муну айтты:
«Кайдан келген адамсың?
Бүркүттү неге карайсың?
Капысынан кезиктиң,
Көөнүңдө эмне санайсың?
Не жумушуң бар эле,
Сапарыңыз кайда эле?
Ат-жөнүңүз ким болот?
Айта салың шар эле».
Толтой мындай дегенде,
Эчтемеге кенебей,
Элебей калган немедей
Энөөсүнүп Контукчу,
Бул ажайып сөздү укчу:
«Эй, эй жигит, эй жигит,
Бери келгин эр жигит.
Мындай сонун көрбөдүм,
Далай жашка мен кирип,
Муну кандай кармадың?
Жайын айтчы билдирип,
Тирүү шумдук бул эмең,
Өзү кайсы жан эле?
Ташка таңып салыпсың,
Кай пайдасы бар эле?
Мабу жаткан айбандар,
Кайдан келди сага эле?»
Түшүнүп жетти эр Толтой
Контукчунун дегенин,
Кие салып мээлейин,
Бүркүттү колго кондурду
Жарчага барып олтурду.
Бүркүттү салып имерип,
Чоктуу боосун тиштеди,
Ээгинен жулуп шапа-шуп
Томого тартып жиберди.
Жылаң баш бүркүт молоңдоп
Жалтылдап көзү олоңдоп,
Ачуу үн менен шаңшыды
Канатын серпип кодоңдоп.

Көпкөчө талпып ийинде,
Көз көнүп кайта жымыйды,
Чоку жүн үрпөйүп,
Астыртан тиктеп кылыйды.
Бүркүттүн ушул айбаты
Контукчуну чочутту,
Өмүрү келип бул жашка,
Көрбөгөн экен Контукчу.
Аркасынан эр Толтой,
Ак көңүл жумшак эр Толтой
Бүркүттүн тарых баянын,
Бүт айтып берди карагын:
«Бул бүркүт деген куш болот,
Бүткөн бою күч болот,
Канаттуунун баатыры
Кездешкенин жайлаган
Буга кантип жандар туш
болот?
Муну кыргыздан башка эл
билбейт,
Эттен башка аш жебейт,
Кээ-кээде биртке суу ичет,
Үңкүргө мыктап үй тизет.
Аны кыргыз уя дейт,
Жолу кыйбат кыя дейт,
Көп тууганда үчтү тууйт,
Болбосо эки-бирди тууйт.
Алар мезгил теке айы
Чогулушуп барабыз,
Арканга байлап бирөөнү
Ал үңкүргө салабыз,
Балапанын уядан
Алып келип алабыз,
Туура жасап жыгачтан,
Кондуруп коюп багабыз,
Тогуздун айы болгондо,
Чагарагы күмүштөн
Жибек боону тагабыз,
Булгарыдан ийлеген
Эки көзгө тийбеген
Томогосун тигебиз,
Сагак тагып ээгине
Жыртылгыс кылып ийебиз,
Томогого жибектен
Чалдырган чокту байлайбыз,
Чоку жагын кооздоп,
Ак күмүштөн камдайбыз,
Бир тумарча, бири чоң
Окшош алты көрчөгө,
Күмүштөн чеге кадайбыз.
Тырмагы кирип кетет деп,
Кан тамырга жетет деп,
Ийлетип теке териден,
Аны ичтеп жаңы кийизден
Мээлей тигип киебиз,
Төрт бурчуна бапиктеп
Түр жибектен чок тагып,
Куш баштыкты тигебиз,
Бүркүттүн жечү эттерин
Ал баштыкка салабыз,
Жакшы жейрен териден,
Болбосо жылкы бучкактан,
Чырғалыкты табабыз,
Тоголоктоп кийизди,
Терини каптап жип тагып,
Чырга кылып алабыз,
Томоголуу бүркүттү
Көтөрүп ыраак барабыз,
Кыймылдатып чырганы
Томогосун алабыз,
Колдон чыгат шурт этип,
Басып калат шып этип,
Ошондо биз тез жетип,
Томоголой калабыз,
Куш баштыктан эт берип,
Эбин минтип табабыз.
Асыл айбан эч билбейт,
Чыргадан чыкты этти дейт,
Алдоодон берген этти жейт,
Бир канча нөөбөт ушинтип
Көнүктүрүп алабыз,
Учуп кетсе ыраакка
Чубалжытып чырганы
Сүйрөп жөнөп калабыз,
Эки чокум эт менен
Ошентип эбин табабыз,
Андан кийин коёнго
Тирлеп көпкө багабыз.
Жыл маалында тир канып,
Коен алып, түлкү алып,
Суусар алат табылса,
Бөрүнү алат кабылса,
Ыгына келсе илбирсти,
Илет табы канылса,
Эрдигин мунун билдиңби?
Абыдан байкап көрдүңбү?

Жана кебим угуңуз,
Таңыркабай туруңуз,
Мүнүшкөр болот кишиде,
Муну киши эле болсо
салалбайт,
Салган менен убара
Эмгегин таап алалбайт,
Арык семиз табы бар,
Ар ким эле биле албайт.
Бүркүттү баптап мүнүшкөр,
Салганда ишиң жүрүшөр.
Бир сайман бар балдак дейт,
Бүркүтчүгө ардак дейт,
Ал болбосо бүркүтчү
Кыйналып өтө калмак дейт,
Мүйүздөн жонуп тээк кылып,
Өзөгүн темир бек кылып,
Аягын чогуу тең кылып,
Ага кайыш тагабыз,
Ача кылып баш жагын
Ээрдин байлап кашына
Көтөрүп жөнөп калабыз».
Айтып болуп эр Толтой,
Кенебеген шер Толтой,
Айткандардын баарысын
Бирден-бирден көрсөттү,
«Кызыксаңыз өзүңүз,
Канча күн мени ээрчиңиз,
Тамаша бирге көрсөкчү».
Аны угуп арам Контукчу,
Кара нээт чот соктун,
«Айттырдым сөздүн далайын,
Абыдан жайын угайын,
Бир канча күн турайын,
Көрбөгөн ушул макулуктун
Бары сырын алайын,
Андан кийин баланын
Абыдан жинин кагайын,
Кызыл башык элинде
Мунун кайдан табайын,
Сырын билип бүркүттүн,
Ала качып барайын,
Ошентип санаам тынайын,
Тил алса бала кеп угуп,
Ээрчитип барып жериме,
Өнөрүн элге жаяйын» —
Деп ойлонуп токтолду,
Ичине заар чок болду,
Контукчу байкап караса,
Суркоен минип эр Толтой,
Жаш балапан болсо да,
Карааны турат бир тоодой.
Бүркүттү алып колуна,
Эр Толтой жолду баштады,
Терилерди сактоого
Тайганды кал деп таштады,
Ал аңгыча болбоду,
Кийикчиден — аңчылык,
Ар жылы келип аң уулап,
Кайберен кармап алчуудай,
Келип калды эки адам,
Жедигердин калкынан,
Толтойду көрүп сүйүнүп,
Контукчуну көргөндө
Жандарынан түңүлүп,
Келип турду жакындап,
Салам берип бүгүлүп,
Анда Толтой кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
— Илбээсин кармап алсак, —
деп,
Түлкүнүн изин чалсак, — деп
Келипсиңер экөөңөр
Абдан болду мунуңар,
Менин кебим угуңар,
Кош түлүгүң таштаңар,
Бизге ээрчип барыңар,
Бүгүн бүркүт алганды
Экөөң бөлүп алыңар.
Толтой мындай дегенде,
Эки мерген сүйүндү,
Аттан түшүп түйүлүп,
Азыктарын таштады,
Мылтыктарын асканы,
Куш, тайганын бекитип,
Контукчу менен Толтойдун,
Аркасынан басканы,
Бара жатып жолунда,
Толтой ойлойт оюнда;
«Кечээки чыккан дөбөгө,
Бүгүн да чыгып көрөйүн,
Дагы кызык мөрөйүм,
Тогуз кокту, сегиз кыр,
Бирөөн араң ууладым,
Сегизине барбадым».
Бет алып ошол дөбөнү

Бастырып Толтой жөнөдү,
Эки мерген Контукчу
Ээрчип барат төрөнү.
Дөбөгө чыгып барышты,
Доолбас кагып калышты,
Бөрүлүү бөксө дегенге
Ат дүбүртүн салышты.
Кудай бетин салбасын,
Кымылдап бөрү чубуруп,
Аркар, кулжа аралаш
Мурун ылдый куюлду,
Түлкүлөр качып булактап,
Карсагы качты капталдан,
Кочурап качып жаткан жан.
Канча түркүм экенин,
Кайсы бирин мен айтам,
Бөксөдөгү жандардын
Бардыгы качып чыкканда,
Бытырап тарап качканда,
Токтоно албай эр Толтой
Колундагы бүркүттүн
Томогосун тартканда,
«Обон соргок» шып койду,
Эргип чыкты асманга,
Түлкү, суусар, карсакты
Тендигине албады,
Бөрүдөн көрүп көк жалды,
Камчылап канат калганы,
«Колуң сынгыр, сынды» — деп,
Кыйкырып Толтой салганы,
Эки мерген Контукчу
Бүркүттү карап тандады.
Бастап учуп зыпылдап,
Эң алдында баштаган
Көкжалга тырмак малганы,
Малган жерде жайлады,
Как бөйрөктөн жарганы,
Аны таштап асманга
Атып чыгып кеткени,
Кайтып тийип бөрүдөн,
Экөөнү катар серпкени,
Кайкып учуп жаркырап,
Канатынан чаң чыгат,
Күн чагылган немедей
Күрүлдөп куусу каркырап,
Канаты жерди сыдырып,
Зоону бойлоп кыдырып,
Канча-канча бөрүнү,
Камындырбай шыпырып.
Эки мерген, Контукчу,
Көрбөгөн мындай тамаша,
Аңырайып караса,
Адашып калды санаасы,
Көрүңүз эми бул жактан,
Он алты бөрү бир качкан.
Төрт имерип тийгенде
Кутулбады жалгыз жан,
Аа, аалап! Толтой кыйкырды,
Абан салып кыр жактан.
Калкып учуп чоң бүркүт
Айланып чыгып келаткан,
Ошондо алты суусар бир аңга
Кире качты ыраактан,
Көрүп калган бир мерген
Камчылап атын жөнөдү,
Көрүнбөй көзгө бөлөгү,
Жетип барып жанына
Кыйкырды этек кагына,
Көрдүңүзбү бул ишти?
Андан чыкты чубашып,
Он төртүбү он бешпи,
Асылы мындай иш экен:
Тогузу мурун кириптир,
Алтоон мерген көрүптүр,
Суусарларды көргөндө
Качырып бүркүт жутунду,
Канатын ачпай кумтунуп,
Урган таштай култуйду.
Суусарга жетип Соргогуң
Артынан катар сыдырды,
Бирөө калды өлбөгөн,
Он төртү аңга жыгылды,
Кайта имерип тийгенде,
Тырмагына киргенде,
Көтөргөн бойдон айланып,
Толтойго жакын келди эле,
Колун тосо бергенде
Калдайып конду чоң бүркүт,
Баштыкта этке суу бүркүп,
«Чаалыгып калды Соргок —
деп
Беш-алты ирет сугунтуп,
Эки мерген, турбагын,
Бөрү менен суусарды
Калтырбай бирин жыйнагын.
Ан-анча чуркап баргыла,

Ташып келе калгыла,
Союп ийип баарысын,
Бөлүштүрүп алгыла».
Мына ошентип эр Толтой,
Айткан кеби бир Толтой.
Мергендер кетти аң-аңга,
Контукчу калды жанында,
«Контукчу, ага, жөнөгүн,
Қыраңды көздөй чабың да,
Мурун ылдый куюндай
Атыңды ылдам чаба бер,
Эңкейиштеп бара бер,
Төмөнүрөөк барганда,
Өөдөнү көздөй кайта жел,
Коктуну өрдөп чатынан
Көз көргөндү чала бер,
Ичи толгон жык кулжа
Айгайыңды сала бер».
Кебин угуп Толтойдун
Қакмакчы болду Контукчу,
Кулжаларга зор чыкты,
Жылганы өрдөп чапканда
Кулжалар чыкты шагырап,
Қыйкырыктан үркүшүп,
Качып барат дабырап,
Аны көрүп эр Толтой,
«Колуң сын!» деп бакырат.
Аңгычакты чоң бүркүт
Асмандан кирди камчылап,
Кулжадан серпти экини,
Кулатып ийди жетини,
Қардын жарып кетти эми,
Ошондо Толтой бакырат,
Контукчуну чакырат:
«Жүргүнүң, Контукчу,
Бүгүн тамаша салар иш экен,
Бул белестен ашкан соң
Байкасам жери түз экен,
Қылычты колго алалы,
Қадимки жоону кыргандай
Кулжаны чаап баралы».
Суркоен минип ондонуп,
Ач арстандай комдонуп,
Қызыкка батып эр Толтой
Чапканы адыр жол болуп,
Ээрчиткени артынан
Контукчудай зор болуп,
Кулжалар ашты белести,
Котолошуп жер тиреп,
Чыбыр-чыбыр адырмак,
Аржагы кеткен мелтиреп,
Көчкөн булут шекилдүү
Кулжалар качып чубалат,
Суркоенду ойнотуп,
Толтой кирди кубалап.
Эки мерген жарышты,
Бөрү менен суусарды
Қалтырбай жыйнап барышты,
Ага кошуп кулжаны,
Алдырап союп калышты,
Кан чучук кылып бышырып,
Моокумдан булар канышты.
Күн бешимге барганда,
Контукчу менен Толтойдон
Ошондо кабар алышты.
Чаап барса мергендер,
Багыштын уулу кеменгер,
Айкын түзгө чыкканда
Душманга тийген немедей
Қандуу найза кармады,
Қапкара болгон кулжадан
Так отузду сайганы,
Чарчабаган Суркоен
Чуркабай учуп барганбы?
Шайдоотун көр, эрин көр,
Шапа-шупа сайганда,
Мындан мурун ким көргөн
Суркоендой айбанды.
Қызыл баштын Контукчу,
Салпылдап чаап бекерче,
Бирди да сая албады,
Өзүнчө жүрүп арганы,
Анда Толтой деп айтты:
«Мергендерим — деп айтты,
Семизин ылгап алгыла,
Алтоо-жөтөөн жаргыла,
Чок төш кылып бөктөрүп,
Кошко алпарып салгыла,
Мен бүркүттү табайын
Артыман жетип баргыла».
Эр Толтой келип бүркүткө,
Учпай койду үркүтсө,
Чоң кулжаны Соргогуң
Жеп болуптур эч койбой,
Дагы комсоп туруптур,
Жемсөөсү бөксө жык толбой.

Бүркүттү Толтой кармады,
Конолгонго камданды,
«Он алты бөрү, он беш
суусардан,
Отуз бир тери байланды,
Аз келгенсип ал жүктөр
Бир кулжаны бөктөрүп,
Чоң бүркүттү көтөрүп,
Толтой жүрүп бергени,
Алдындагы Суркоен,
Салт эмедей желгени,
Контукчу менен мергенге,
Салдырып жетип келди эми,
— Эки мерген экиден,
Төрт кулжаны арт, — деди,
Сен да артып, Контукчу,
Атыңа канча чак, — деди.
Теңдеп туруп Контукчу,
Жыйырма алты кулжаны,
Атына арта салганы,
Эки мерген капырдын
Күчүнө айран калганы,
Контукчу минген Сарыкер,
Салт эмедей кебелбей
Шыпылдап жөнөп калганы.
Айдап калган түз белге
Бир демде жетип барганы,
Кошко жетип келген соң,
Эт менен тери үйдөй чоң,
Санаасы тынды мергендер.
Олжонун көбүн берген соң,
Чоюлуп демин алышты,
Бышырып этти жайышты,
Суутуп бүркүт, аттарды
Уктап уйку канышты.
Эртең менен болгондо,
— Эки мерген калгын — деп,
Азык-түлүк белендеп,
Абыдан жөндөп алгын, — деп,
Тайганды бүгүн агытып,
Эртең кайра жанам — деп,
Толтой айтты мындай кеп.
Мергендер анда мындай дейт:
«Кагылайын, эр Толтой,
Биз да кошо баралы,
Уктабайбыз бүгүн түн
Эт бышырып алалы,
Тамашасын тайгандын

Биз да көрүп калалы,
Карга-кузгун келбеске,
Эт менен тери бар жерге
Каракчы кылып салалы».
Ак көңүл Толтой бereниң
Мергендердин жалооруп,
Кабыл кылды дегенин,
Муну угуп Контукчу,
Кара нээт зордукчу,
Арам ойлойт ичинен,
Кыйшыгы турат көзүндө,
«Бүгүн барып кечээкче
Тамашага канайын,
Бүрсүгүнү таң менен
Талап алып буларды
Анан кетип калайын,
Жарканаттай жаланып,
Жанса канын жалайын,
Тетиги эки мергендин
Аттарына тери артып,
Жөөлөтүп айдап алайын,
Барыдан сонун турбайбы,
Бүркүтүн мунун салайын,
Тамаша дооран кылайын,
Тайганы кандай неме экен
Аны да көрүп алайын» —
Деп ойлонуп Контукчу,
Ичинде ойлоп олтурду.
Каракчы жасап ар жерге,
Карга, кузгун келбеске.
Күн тийбеген жарчага,
Көп кайындуу марчага,
Бүркүттү байлап таштады,
Эки мерген Контукчу
Ээрчишип төртөө басканы,
Чарчап калат тайган деп,
Учкаштырды атка аны.
Уу кылуучу жерине,
Жакындашып барганда,
Кулак түр Толтой кебине:
«Этектеги майда адыр —
Айбандын бары андадыр
Чуулган салдык эки күн,
Ылдыйлап качып баргандыр,
Суусары тешик жардадыр,
Түлкүсү түгөл аңдадыр,
Кулжалар кызыл чаптадыр,
Жейрендер какыр-актадыр,

Бөрүсү бөксө артууда
Бөлүнүп качып жатууда,
Ылдамдата бастырып,
Ат аябай баралы,
Агыткан соң тайганды,
Сап кубалай чабалы», —
Деп күүлөнүп күркүрөп.
Туяктан тоо дүркүрөп,
Адырга жетип келишти,
Агытып тайган ийишти,
Жон-жонго тизгин бурушту,
Сап кубалай чыгышты.
Жейрендер сайда кымылдайт,
Көрдүңбү бул ишти,
Бир эле киши бакырган
Жейрендин ата санаты,
Адамды көрсө кай жерден
Туруп өтмөй адаты,
Толтой салды айкырык,
Чубуруп жейрен жөнөдү
Кулактарын жапырып,
Зыпылдап жейрен түйүлмөй,
Секирсе көзгө илинбей,
Жым-жым этип бачагар
Чуркаганы билинбей,
Куу тулум болуп көйкөлүп,
Чүкөдөй болуп өкчөлүп,
Жетимиш ашуун жейренди
Бир-бирден кууп өткөрүп,
Куткарбастан бирин да,
Куу тайган жарып таштады.
Басылып Толтой калганда,
Бир тумшуктан Контукчу
Бакырык салып чапканы,
Адырга барган бөлүнүп,
Жейрендер кайра качканы,
Контукчу келип жеткенче,
Куюлуп жейрен өткүнчө
Эр Толтойдун тайганы,
Элүүнү жарып салганы,
Эми жана куугудай,
Адырдагы жейренден
Абыдан дайны калбады,
Кычырып Толтой тайганын
Учкаштырып алганы,
Жейрендер калды ар кайда,
Кажырлар талап сай-сайда,
Бастырып Толдой жөнөдү
Илбесини бар жайга,
Бир жылганы өрдөдү,
Мергенде болот төп көрүү,
Бир артууда жатыптыр,
Бирер жүздөн көп бөрү.
Мылтык атты мергендер,
Доолбос урду эрендер,
Тарсылдак менен карсылдак,
Аралаша барсылдап,
Бөрүлөр качып жөнөдү
Бөксө жолу менен шартылдап,
Агытып тайган салышты,
Артынан карап калышты,
Ашыррбай эки белести
Бир жүзүн такыр жарганда
Балбандап булар барышты,
Андан кийин бир жардан
Топ суусарды табышты,
Капталдап качса беттешет,
Катарлап силкип төрт-бешти,
Эңкейиш качып түптөдү,
Экиден катар бүктөдү.
Жеке эле суусар бөрү эмес,
Илбирс менен чөө эмес,
Жейрен, түлкү соо эмес,
Аркар, кулжа аралаш,
Эчки, теке чамалаш,
Арбын сандуу кайып бар,
Элик куран чадалаш,
Күн бешимге барганча,
Кутурган тайган арганча,
Тиштеген жандын санаты,
Беш жүздөн ашты карачы,
Кыйамдуу жерде куу тайган,
Кыйла жүргөн адаты.
Илбирс, суусар, бөрүдөн,
Азыраак алды чөөсүнөн.
Калганын булар албады,
Бардыгы сайда калганы.
Ал жерде карга, кузгундар,
Мышык, мадыл —
«мыктуулар»
Как үч айга жыргады,
Тарпган каршы жылбады.
Көп олжолуу мергендер,
Кош бар жерге кайтышты.
Көңүл черин жазышты,
Кулжанын жешип жаясын

Кубанышып жатышты.
Кара ниет Контокчу
Караңгы түнгө батканы,
Толтойду булап алууга
Уктабастан жатканы.
Эч болбооду дегенде
Бүркүттү ала качмагы,
Бирок бүркүт шаңкылдап,
Жанына жакындатпады,
Толтойдун коркуп сүрүнөн,
Жүрөгүн үшүк каптады.
Караңгыда уктабай,
Канча нөбөт обдолуп,
Кантсе да арга таппады.
Ал аңгыча чыгыштан,
Агарып таңдын атканы,
Айласы түгөп Контокчу,
Уктамыш болуп жатканы,
Муну мындай таштайлы,
Контокчунун Толтойго,
Кастыгынан баштайлы.

КОНТОКЧУНУН КАСТЫГЫ

Ойгонуп көздү ачышып,
Мергендер копту шашылып,
Суутуна тулпар кандырып,
Жетелеп алыс бардырып,
Кара шибер каткан көк
Кайсандата чалдырып,
Кара суудан каптырып,
Тулпарлар сууну жутканда
Мурдунан кулгуп аттыгып,
Шик кебек катар тизишип,
Жан казан ашын ичишип,
Бабырашып жатканда,
Балакеттүү Контукчу,
Айткан кебин дагы укчу.
(Чоң арамза бузук кул
Ойлогону кычыктыр,
Ак санабайт башкага
Нээти кара бузуктар.)
«Эки мерген, бир эрен,
Жедигерден келдиңер,
Бир канча күн аң уулап,
Тамаша салып бердиңер,
Аз гана күндүн ичинде
Далай олжо тердиңер.
Эми кулак түргүлө,
Ээрчип мага жүргүлө,
Дагы сонун бир жер бар,
Таң-тамаша сүргүлө,
Мындан ары бир күндүк
Мөңгү деген жери бар,
Өзөнү агын кара суу,
Калың токой чери бар,
Бул жер деген канчалык,
Анда айбандын кени бар.
Адыр эмес түз жерде
Бугусу бар, марал бар,
Кулан, элик жана бар,
Адам уулу көрбөгөн
Ар түрдүү жандар сабалар.
Тил алсаңар жаш балдар,
Ошол жерге баргыла,
Бүркүт, тайган агытып,
Бир кумардан кангыла,
Жарабаса ошол жер
Жемеге мени алгыла,
Тоо кийик бар чөлүндө,
Каз, өрдөгү тургай көп
Күндуз бар көлүндө,
Бадалда элик кураны,
Кулжасы жатат төрүндө,
Аккуунун кени анда бар,
Адам көрбөс санда бар,
Аң уулап анда баралы,
Кайберенге каналы.
Ат боорунан жирелет,
Кара чөп, кара кыягы,
Өрүшүндө тулаңы,
Кызыкка батып каналы.
Салаа-салаа көп колот,
Санатсыз айбан көп болот.
Жолборс, шери аралаш,
Суусар, түлкү чамалаш.
Жылганын бары сап жыгач,
Жылтыр-жылтыр от чыгат.
Араласаң айкырып,
Аябай айбан көп чыгат.
Кум этекте саксаңдап,
Аюусу жүрөт бакжаңдап,
Каптал-кадоо жеринде
Кашкулак жүрөт дагдаңдап,
Миң бир түрдүү кубулуп,

Карай албай көз маңдап.
Булгундан атып алсаңар,
Ичикке жака салсаңар,
Мөңгүнүн жерин аралап,
Ичкерилеп барсаңар,
Жолборс атып, шер кармап,
Кайберенге кансаңар,
Кызыкка батып көөн ачып,
Элиңе кайра жансаңар».
Контукчу капыр бозорбой,
Көп мактады ошондой,
Арам ойлойт ичинен
Аздырып ыраак барсам, —
дейт.
Абдан сырын алсам, — дейт.
Баштап барып жут жерге
Буюктуруп салсам, — дейт,
Ага дагы өлбөсө,
Аңдып кардын жарсам, —
дейт.
Балалык кыял — жаш кыял,
Арак ичпей мас кыял,
Абдан артык ойлобос,
Чукулду көргөн жаш кыял,
Эркин кыял — эп кыял,
Кээде эси жок кыял,
Биринде элирип,
Кызыл жалын, чок кыял,
Жигит кыял — жел кыял,
Жылт эткенде сел кыял,
Желди жеңип ким кылган?
Жигит кыял бир чакта,
Өзүнүн башын жеп салган.
Көрсөм деп Толтой дегдеди,
Контукчу айткан жерлерди,
Кызыгы эстен кетпеди,
Барууга токтоп кыялы,
Ошондо Толтойдун айткан
бир кеби:
«Андай болсо, агалар,
Мөңгү тоого баралы,
Мыктап куруп сайранды
Тамашага каналы.
Олжо алган мүлктөрдү
Ташка катып салалы,
Контукчу агам мактады,
Мөңгүгө ылдам баралы,
Ээн жер окшойт болжолу
Кайыпка бүлүк салалы,
Кооз жер окшойт сыягы,
Жер сонунун табалы,
Аз болгондо бирибиз
Эки ичиктик булгундан
Элге алып баралы,
Далайдын ичин күйгүзүп,
Дүң кетирип калалы!»
Бардыгы кыйыл болушту,
Аттарды алып токтошту,
Алдын алып кокусту
Олжону бектеп катышты,
Сапарын жабдып жатышты.
Көбүрөөк камдап азыкты,
Ал күнү уктап жатышты,
Телкинин этин татышты,
Өрүп болуп эртеси
Мөңгүнү көздөй басышты,
Контукчунун тил алып,
«Алдырар күнү шаштырар»
Акылынан азышты.
Киши алдагыч бок дүйнө,
Адамга кызык көрүнгөн
Эң кызымтал от дүйнө,
Кээ кезинде кызталак,
Кызыл жалын чок дүйнө,
Келеринде бок дүйнө,
Көз чагылткан айнектей
Кетеринде шок дүйнө.
Түбү тешик чайнектей
Келеринде дүнүйө
Керилген сулуу кыз болот,
Кетеринде дүнүйө
Күнү бүркөк кыш болот,
Жайкы жааган карга окшош
Кай кеткени билинбей,
Карааны калбай жок болот.
Ар кимдин жеткен түбүнө,
Мана минтип дүйнө бок,
Мөңгүдө кайып көп десе,
Көңүлү эргип оштонот,
Көргүлүктү жаш Толтой
Көрө турган окшонот,
Жашынан көөдөк өскөн эр,
Оюна албай башка ишти
Кызыкты көздөй октонот.
Көбөйгөн сайын көр дүйнө,
Аз көрүнүп көзүнө,

Буралы көңүл бир лакап,
Байыркынын сөзүнө:
«Бир эрде болсо алты ат,
Минерге тулпар табылбайт,
Бир ат болсо бир эрде,
Бараргa жер табылбайт».
Башынан өтпөй мындай иш
Байыркылар жаңылбайт,
Как ошол болду эр Толтой
Дүйнөгө кызып жалындайт.
Сонунга көңүл жалчыбай,
Зер-кенге колун малчудай,
Бүркүтү менен тайганы
Бир күндө алса беш жүз жан -
Ага да көңүл арзыбай,
Сапарын тартып жаш Толтой,
Келе жатат мас Толтой.
Обон соргок көтөрүп,
Куу тайганын ээрчитип,
Эки мерген, Кондукчу,
Эр Толтойду ээрчишип,
Эрикпей жүрүп баратат,
Тездиги киши таңданат,
Эки күнү жол жүрүп,
Уктабастан мол жүрүп,
Күүгүм кире, күн бата,
Көз байланып, эл жата
Мөңгүгө келип жетти эми,
Карачы мунун жалганын
Бир күндүк деген жерине,
Эки күн араң жеткени.
Эки мерген, Контукчу,
Толтой төртөө жатышты,
Өзөндө жаткан бугудан
Бирди атып алышты,
Бугунун этин татышты,
Арып келген жол жүрүп,
Ырахатка батышты.
Эртеси үрүң-барандан
Арам нээти Контукчу,
Оозу-мурдун жаланган:
«Тургула, Толтой береним,
Ээрчигин эки мергеним,
Сергитип көңүл ачуу үчүн
Силерди баштап келгемин,
Керекке эми жарайын,
Каракоо баштап барайын,
Сансыз байлык анда бар
Малмыратып салайын,
Кыргын салсаң айбанга,
Кызыгыңа татайын,
Жүргүлө, бачым жүргүлө,
Кебимди ук боорум чабайын».
Каракүчкө бул доңуз,
Жалынганын көрүңүз,
Иштин жайын угуңуз,
Ошол мөңгү дегенди
Азабы жок ченемде,
Кара коо деген жери бар,
Капчыгай кара терең де
Ага кирип калсаңыз,
Кайнаган кара шор жатат,
Казылган чуңкур ор жатат,
Жайылуу турчу тор жатат.
Жаман жер жок мындай
кылымда,
Кудайдын ар бир жылында,
Үч жүз күн бүтүп жок болот,
Уюлгуп калың муз тоңот,
Ичине кирип калгандын
Үстүнө кырсык иш конот,
Кирген жан гана билинип,
Чатында калган из болот,
Чыккан жандар билинбей
Ат-жөнү өчүп шүк болот,
Ал каракоо Көйкаптын,
Билгендерге даңкы бар,
Барса келбес аты бар,
Пенде жолоп баргысыз
Мана ушундай салты бар,
Кабышкан кара капчыгай —
Түз жолу жок баскыдай,
Өзгөрүп турат келген жол
Илажы жок качкыдай,
Чатына өрдөп киргенде
Ачык турат бирдемке,
Аралап бир аз басканда
Карлар ыскып асманга,
Капчыгай ичи көрүнбөйт
Канчалык көзүң ачсаң да,
Алай-дүлөй борошо,
Аңтара уруп капталга
Көз ачырбай азыраак,
Табалбай жолду катырап,
Канаттуу жандар болсо да
Кутулалбай качулап,

Буга кирген макулуктун,
Өлүгү калып көчкүдө
Ошентип шорун катырат,
Уксаңыз жайын мына ушу,
Артында калат ызы-чуу,
Каракоо аты чыкканда
Укканларда жүрөк шуу,
Мына ушундай шум жерге
Толтойду баштап келди эми,
Контукчудай ашкан куу.
Контукчу доңуз баштатан
Ошол жайды билүүчү,
Аралап нары кирбестен,
Оозунан өтүп жүрүүчү.
«Ээрчитип Толтой келдим, — деп,
Эсебин колго бердим, — деп,
Абыдан таң аткыча
Каракоо баштап кирейин,
Жазасын колго берейин,
Талпагын ташка керейин» —
Деп Контукчу ойлонду,
Таң атканча уктабай,
Айла ойлонуп толгонду.
Эртеменен ошентип,
Эр Толтойду чакырды,
«Болгула, бачым болгун» — деп,
Алдыратып бакырды,
Ала көөдөн Толтоюң
Эчтемени элебей,
Коопту сезбей, кенебей,
Аңчылыктын кызыгын
Эчтемеге тенебей,
Каткырып колун серелей,
Макул деп ээрчип анткорду
Жөнөдү жолду тебелей,
Жаанда мындай эрен аз
Макоолугу ашкан ченебей,
Кандай жерге баратат
Күмөндөнбөйт кенедей.
Келип жетти мына эми,
Капчыгайдын оозуна,
Кара коодой тоосуна,
Жылпыштап колун серелеп,
Жыргачу жерим эле деп
Арам өлгөн Контукчу,
Айтууга жакшы сөз таппай,
Жуукурланып чебелей:
«Көрөсүң, Толтой баатырым,
Кайыптар турат желелеп,
Көп замандан бер жакка
Адам уулу келелек,
Кызыгын абдан таталы,
Олжобуз тоого тенелет,
Корунуп кирбей койбойлу
Биз кай баатырдан кем элек?»
Жаны калбай Контукчу
Жапылдайт сөздү эжелеп,
Алаксытып Толтойду
Алып келди чөгөлөп.
Чатынан өрдөп жөнөштү
Чакылдак музду тебелеп.
Азгырдым деп Толтойду
Арамдын мурду тенейет,
Аралап кыйла барганда
Кара күчкө Контукчу,
Калыптыр өзүн жемелеп:
«Атанын наалат, эр Толтой
Айрылбас иним ак жолтой,
Акылымдан таныпмын,
Кашайып көзүм калыптыр,
Кечинде конгон жеримде,
Камчымды таштап салыпмын,
Энөөлүгүм курусун,
Эми билдим карыпмын,
Капчыгай өйдө тартканы,
Колумдагы камчым жок,
Сарыкер теке баспады,
Байкап өзүн сындачы —
Бул шыйкарымдын качканы.
Башынан агаң акылсыз,
Же мурдунду балта чаппады,
Кайгырып туруу не пайда?
Өзүңдөй мага ээ кайда?
Артыма кайра жанайын,
Түндөкү журтка барайын,
Анда калган камчымды
Алып келе калайын,
Өзүңду көп сактатпай
Арыбаган сары атты,
Башка-көзгө салайын,
Аңгычакты силер да
Токтобой басып тургула,
Алдынан чыкса олжоңор
Арбытып алып тунгула,

Мен деле келем бир демде,
Эки-үч кирпик ирмемде,
Түбөлүк кенчке батыңар, —
Дүйнөгө тоюп жатыңар», —
Деп ошентип шып койду,
Сарыкер аты мулт коюп,
Контукчу артка жөнөдү,
(Кудай урсун төбөйү)
Адамда мындай кара нээт,
Кытмырды кайдан көрөлү.
Капчыгайдан чыкканы,
Кадуулап колот ыктады,
Салпактап бутта үзөнгү
Сарыкер төшүн ныктады,
Убалын жандын укпады.
Атына камчы басынып,
Коопсуз жерге шашылып,
Жетип келип бир жерге
Үңкүргө алды жашынып.

Ал эми Толтой, мергендер
Азаптуу жолго киргендер,
Капарында эч иш жок,
Капчыгай өрдөп жүргөндөр,
Басышты жолдун кыйласын
Аралап татаал жылгасын,
Кимдин нээти ак, ким кара,
Жараткан өзү ылгасын.
Башталды бороон күрүлдөп,
Бирдемде болуп кыямат,
Бүткөн бой кетти дүрүлдөп,
Ачып көздү жумгунча,
Аттын башын бургунча,
Ана-мына дегиче,
Кандай иш болуп кеткенин,
Абдан байкап билгиче,
Карлар учту дирилдей,
Кайсы экени билинбей,
Ызгардуу чилде кыш болду,
Айлана туман, ыш толду.
Кумтунуп үрек болгуча
Капчыгайга муз тонду,
Кара нөшөр куюлуп,
Кайран жанга күч болду,
Алай-дүлөй борошо,
Буюга — турган иш болду,
Шылынып дарак шиш болду,
Аңтарып бирөө салгансып,
Аң-жылгалар түз болду,
Обон соргок талпынып,
Көтөрүлалбай шүк болду,
Келген жолду табалбай
Кыңшылап тайган бук болду,
Эки мерген бүк түштү,
Башкаралбай ат-тонду
Кабы толбой экөөнүн,
Кара жандан жак тойду.
Суркоен жерди чапчыды,
Толтойго дайын ат сыры,
Кооптун сезип оордугун
Койдой ташты аткыды,
Карды күрөп сапырды,
Куу тайганын чакырды,
«Башта жолду, из чал» — деп,
Бек-бек айтып бакырды,
Тил билген тайган танаалап,
Жол чалып кулак жапырды,
«Мергендер кайдасынар» —
деп,
Бакылдап Толтой басылды,
Араң турган мергендер
Сыйпалап таап Толтойдун
Этегине асылды,
Баатыр өскөн эр Толтой,
Бардык элге тең Толтой,
Кыйын иш башка келгенде,
Чыйрак турган шер Толтой
Коркуп мындан калбады,
Кайратын бойго алганы,
Тайгандын ээрчип артынан
Таш жылдырбай барганы,
Жолундагы жолуккан
Үйдөй-үйдөй таштарды
Оодара таштап салганы,
Колдорун карга мылгытты,
Таштарды ыраак ыргытты,
Жол ачып мерген аттарга
Аз-аздан жөнөп жылгызды.
Бир демге токтоп турушуп,
Бүжүрөшүп титиреп
Мергендер келет курушуп,
Эр Толтой менен куу тайган
Кайратын бойго жыйнатып,
Кадимки жоого киргендей
Кар таш менен урушуп,
Көз ачырбай бурганак,

Көрүнгөндү уйпалап,
Адам инсан турмайын
Караган-бута, дарак таш,
Калтырбай кетти сыйпалап,
Кыйын иш болду ааламат,
Көрүнүп көзгө кыямат,
Басылбай улам күчөнүп,
Борошо турду сабалап,
Баратат Толтой бакырып,
Баскыла мен мыналап,
Кыйналыш менен жол жүрдү,
Капчыгайдан башкага
Караңгы болуп түн кирди,
Канчалык жолду басканын
Кептеш кайда, ким билди,
Бир кезде тайган кыңшылып,
Толтойдун жеңин жулгулап,
Оң кол жакка баштады,
Арсылдап үрүп шашканы,
Кептештен чыктык окшойт деп
Керилип Толтой басканы,
Кош болгондон мергендер
Ыйлап ийе жаздады.
Бирок да кыйла жол жүрүп,
Көрүштү кара асканы,
Эңкейиш бүткөн аска экен,
Бийикте эмес паста экен,
Алды үңөт жар экен,
Пааналар жери бар экен.
Толтой көпкө өңүлдү,
Куу тайган алга түйүлдү,
Чыкпаса дагы туюктан
Бардыгы тегиз сүйүндү.
Толтой артка караса,
Эки мерген арыптыр,
Эптеп жаны калыптыр,
Обон соргок чоң бүркүт
Кашына конуп ээрдин,
Бекем мыкчып алыптыр,
Суркоен өтө чыйрыгып
Суутуна каныптыр.
Жетелеп Толтой буларды
Маанага кирип барыптыр,
Мергенчинин эки атын
Унутушуп салыптыр,
Алдыкаткан мергендер.
Аты калды каякта,
Аны да билбей калыптыр.

Ошентип маана табышты,
Жандары аман калышты,
Эс-арамын алышты,
Кандай күнгө калдык деп,
Аң-таң кептен салышты,
Суркоендун канжыга
Азыктан биртке чалышты,
Таң аткыча уктабай,
Олтурушуп көп таалай,
Контукчу канттиң экен деп,
Кайгырышты жык далай.

Чыканактай албады,
Чырым уйку салбады,
Титирешип олтурду
Түшүрбөй ооздон алланы.
Чоң бүркүт турат түктүйүп,
Куу тайган жатат үксүйүп,
Суркоен чапчып туралбай,
Мергендер көп-көп чүчкүрүп,
Толтой баатыр кенебейт,
Эчтемени элебейт.
— Контукчу ага кайда, — деп,
Өзүн-өзү жемелейт,
Анын кылган кастыгын,
Эргиз ойлоп ченебейт.
Ошентип араң таң атты,
Бирок көргөнү болбойт
тарапты,
Кара коодой капчыгай
Калың туман таратты,
Кара коодон башка жер,
Адатынча жарык жер,
Күн чалып чыкты жон-жондон,
Кобурап торгой оң-солдон,
Ааламды каптап жарыктык,
Макулуктун иши ондолгон,
Капчыгай бирок караңгы,
Кала берди түн бойдон.
Оордунан Толтой турганы,
Эки жак көңүл бурганы,
Борошо бастап калса да
Арылбай турат туманы,
Сактаса да канча күн
Арылбастай турабы.
«Бер келгиле мергендер,
Бир арганы кылалы,
Эптеп таап кетпесек

Бул солондон чыгалы,
Менин кебим уксаңар,
Ордубуздан туралы,
Жарым карыш болсо да,
Токтобостон жылалы,
Жолду баштайт куу тайган
Буга моюн суналы.
Кандай дейсиң бул кепке
Көңүлүңөр тынабы?»
«Макул баатыр, макул» — деп,
Мергендер сөзгө ынады,
Анан кантет кургурлар
Арганы башка кылабы?
Андан кийин эр Толтой,
«Жолду башта, таамай» — деп
Тайгандын мойнун сылады,
Атырылып куу тайган
Алдыга кирип чурады.
Кара-аанын көп үзбөстөн,
Кайталап үрүп турады,
Кишиден бетер акылдуу
Эрекче айбан куу тайган,
Эр Толтойдун ынаны,
Бешенеге жаралган,
Билгичтин бири бу дагы
Кыйын кезде жол тапкан,
Көрүнөт көзгө сыягы.
Жолду тайган баштады,
Желип-жортуп жер жыттап,
Жолдон тайган азбады.
Капташса жолдо мандамда,
Алачыктай таштары,
Адатындай шер Толтой
Алып ыраак таштады,
Алпурушуп кар менен
Аз-аздан чыйыр ачканы.
Тил билги тайган жол баштап,
Эр Толтой жүрдү жол саздап,
Эртеден кечке жүрүштү,
Этек-жеңин түрүштү,
Кайратын белге түйүштү,
Табийгат менен сүрүштү.
Жан тигип казат кылышты,
Үшүгөн боюн жылытты,
Кара коонун чатына
Өлдүм-талдым дегенде
Бешимде араң чыгышты,
Тоголонуп ар жерге
Жакаларын сыгышты,
Тозоктон шонтип кутулуп,
Тоболошуп чуу турду,
Таза абаны көргөндө
Гумчуккан көңүл жутунду,
Жакшы жер таап жатсак деп
Конушун издеп күтүндү.

Эптүү жерди табышты,
Эликтен кармап алышты,
Уй мүйүз тартып олтуруп
Отту улуу жагышты,
Ар кими учтап жыгачты
Шиш кебепти салышты.
Бабырашып жатканда,
Күн бүлбүлдөп атканда
Кара нээт Контукчу
Келип калган кези экен,
Башкасы эмес өзү экен.
— Кара коонун кептешин,
Көрүп келе калам деп
Ар качанда аныктыр,
Алар өлдү арам деп
Ошентсе да санаамды,
Бүт тындырып жанам деп,
Контукчу келип калыптыр,
Акмалап чалгын чалыптыр,
От жагып түзгө олтурган
Аларды көрө салыптыр.
Оозун ачып аңкайып,
Акылынан таныптыр,
Айран-таң калып бул ишке
Ат-маты менен бирге эле,
Көпкөчө катып калыптыр,
Кыйлада келип эсине
Айла-амал ойлоп алыптыр,
Атасы азыр өлгөнсүп,
Ортого кирип барыптыр,
Камчылап атын салпактап,
Өкүрүктү салыптыр,
Ыргып түшүп атынан,
Эр Толтойду кучактап,
Өзгөчө жаман наалыптыр.
«Айланайын, Толтойум,
Аман-эсен барсыңбы?
Адашып сенден жүдөдүм,
Ар кайда улуп түнөдүм,
Эки күн издеп табалбай,

Үзүлгөн эле күдөрүм,
Ай жүзүңдү мен көрүп,
Арылды эми күмөнүм
Камчымды таап чуу депмин,
Кептешке келип сүрдөпмүн,
Каран кылган бул күндүн
Мындай жаарын билбепмин,
Ойлонуп чыдап туралбай,
Эгерде сени кыйалбай,
Аралап кирдим туманга,
Аргымагым бураңдай,
Арам өлгөн сарыкер,
Аңды көрсө тыраң дээр,
Камчылансам баспады,
Корумду тепсеп аксады,
Ачуум келип баш-көзгө,
Басып алдым камчыны,
Мурдунан кан тамчыды,
Чыдайалбай бул доңуз,
Чыңырып жерди чапчыды,
Алтоо-жетөөн жаргыла,
Аңга барып жыгылды,
Кулап түшүп жарчадан
Күртөккө башым тыгылды,
Оозума жаным капташып,
Өпкө-боорум сыгылды.
Акылымдан азыпмын,
А дүйнөгө батыпмын,
Кече күнү кечкече
Эсим ооп жатыпмын,
Эртеменен араңдан,
Эсиме аста келипмин,
Боортоктоп желипмин,
Ошентип жүрүп как түштө
Кептешке эптеп жетипмин,
Капчыгайдан мен чыксам,
Ааламдын күнү күлүптүр,
Азаттык өкүм сүрүптүр,
Арам өлгөн сарыкер
Ал жерде оттоп жүрүптүр,
Алдап аны кармадым,
Аябай башка сабадым,
Кечкече жатып эс алып,
Эми мана жанарым.
Эсиме сен түшкөндө
Жана келди карагым,
Эсим жаман чыкса да,
Каран калган бул тоодон,
Издеп сени барамын.
Мына эми табылдың,
Капысынан кабылдың,
Өзүмдүн иним өңдөнүп,
Үйрөнүп сага калыпмын,
Өтө жаман сагындым.
Эми мындай кылбайлы,
Экинчилеп салбайлы,
Сайрандоо үчүн аң уулап,
Жайытты абдан чардайлы,
Кара коодой дозокко
Кайталап барып калбайлы»,—
Деп ошентип Контукчу,
Калп эле ыйлап оолукту,
Кара күчкө жойпоңдоп,
Кыйлада араң соолукту.
Ала качып түйүлүп,
Кенебеген шер немең,
Кылча күмөн санабай,
Кас санайт деп карабай,
Айткандары ырас деп,
Абал сурап абалай,
Ыйлап кетсе ичи ооруп,
Сооротту жап-жаш баладай,
Ак көңүл Толтой жайдандай,
Абалап канча барбаңдап:
«Контукчу аба, кайгырба
Турабыз аман жаныңда,
Кордукту көрө тас калдык,
Көрбөгөн жердин сайында,
Адашып кетүү болот ко,
Аңчыңын кызуу чагында,
Аман-эсен көрүштүк,
Бу дагы бизге табылга.
Эми экинчи мындай
кылбайбыз,
Мындай жерде турбайбыз,
Эрте менен жарыкта
Жер жакшысын кылдайбыз,
Көрүнбөйт мөңгү жаман жер,
Көп жерлери түзөң бел,
Көзүмө бүгүн чалыкты
Керилип жаткан кенен төр,
Эртең ошол жакка баралы,
Бүркүттү таптап салалы,
Тайганды мыктап агытып,
Кызыгына каналы,
Кечеки тарткан кордуктун

Кемтигин бүгүн алалы»,—
Деп барбандан салышты,
Эрте жатып укташып,
Бары-жогун чукташып,
Чалдырып атты суутуп,
Таң азандан турушуп,
Азырак нашта кылышып,
Ат баштык түбүн чулушуп.

Жер сонунун ылгашып,
Салыштырып сындашып,
Кечээки кайгы бүгүн жок,
Кыңгыранып ырдашып,
Өзөндү бойлоп уу кылып,
Эки жакты чуу кылып,
Айтса-айтпаса бу мөңгү
Ар кубулган түр мөңгү
Айтканынча бар экен,
Алаамат бүткөн жай экен,
Адамдын көзү тойгудай
Арасы кымкут жан экен,
Доолбас урду карсылдак,
Мылтык атты тарсылдак,
Танданып кийик чайкылдап,
Бөрүсү киши тааныбай.
Итче камап арсылдап,
Түлкүлөр үрүп кырсылдап,
Каткырып чөөлөр шыңкылдап,
Жапайы мышык кырылдап,
Ок жыландар зырылдап,
Кулак-мээни тундуруп,
Сары аарылар дырылдап,
Күндү бербей күңүртү,
Чиркейлери кыңылдап.
Тоодогу түздө топтошуп,
Кыргоолу токой оттошуп,
Койну-колот боктошуп,
Тоосунда улар чакырып,
Токойдо элик бакырып,
Бүркүттөр учуп далбандап,
Кашкулак илбирс качырып,
Бүркүттү көрө салышып,
Түлкү, коен, кашкулак
Далдага кирип жашынып,
Суу бүркүттү көргөндө
Жыландар жаман шашылып,
Күйгөлөрү чырылдап,
Кескекти көрүп ашыгып,
Жаза кармап чанданы,
Бакадан коркуп аптыгып,
Кыргыек учуп кыпылдап,
Жагалмай учуп зыпылдап,
Кузгундары куркулдап,
Сары арс чуркап шуртулдап,
Каак, каак этип каргалар,
Канаттары салпылдап,
Карлыгачтар шартылдап,
Аңкылдашып аңырлар
Андай жандан канча бар.
Кара кунас тарбагай,
Илек-илек калдагай,
Балта жутар жоруулар,
Тарп аңдыган урган ай.
Кара боор кашкалдак,
Айры куйрук, кулалы
Этектеп учуп салпаңдап,
Булбулдар сайрап шаңданып,
Буруу-буруу токойдон
Укkан адам таң калып.
Турналар сууну бойлошуп,
Кундуздар көлдө ойношуп,
Балырда куулар оттошуп,
Буткулда өрдөк топтошуп,
Миң түрдүү чымчык анда бар,
Ат коюп атап айталбай,
Көргөн адам таң калар,
Адам уулу көрбөгөн.
Ал жерде канча жандар бар.
Бугуга марал аралаш,
Кулжага кулан чаадалаш,
Эчки-теке, боз кийик,
Төшүндө турат салалаш,
Жейрени койдой жайылып,
Кулжасы кырга жайылып,
Толгон экен мөңгүгө,
Кайыптын бары жыйылып.
Токойдо жолборс шери бар,
Толгон жандын кени бар,
Бөксөдө бөрү, кабылан,
Төрүндө аюу, илбирс бар,
Суурдай жүрөт төрт-бештен,
Булгун деген жаныбар,
Тооктон башка айбандын,
Түрлөрүнүн бары бар,
Укканын туурап үн салып,
Чакчыгайы дагы бар,

Тоо чымчык миңдеп табылар,
Эчки маарап безбелдек
Бөдөнө менен таз келдек
Учалбай жүргөн бирөө бар.
Кудай кылды кантем деп,
Адам уулу билбеген
Атын угуп көрбөгөн
Айбандын баары бар экен,
Теректен узун тал экен,
(Жыгачтын чоңу анда экен)
Суусар, бөрү, түлкүдөн,
Жер кайыбы мүлкүнөн,
Кашкулак, карсак, ач күзөн,
Айбандан кылдап ар түрдөн.
Тайган менен бүркүттүн,
Арымы жеткен күртүктүн,
Арасынан олжо алды,
Асылдарын колго алды,
Көп кармады өйзүнөн
Кулжа, теке, чөөсүнөн,
Мылтык менен бугу атып,
Капчыгайды чуулатып,
Аюу, жолборс, шер атып,
Кабылан, илбирс, тең атып,
Тамашага батышты,
Мөңгүнүн ичин сайрандап,
Так отуз күн жатышты,

Ошол отуз күндүн ичинде
Кара нээт Контукчу,
Тим жүрбөдү кичине,
Кастык кылып Толтойду,
Өлтүрүүнүн ичинде
Ар күнү амал ойлоду,
Билгизбей жолун торгоду,
Канча ирет тузак курса да,
Ойлогон иши болбоду,
Ошентсе да бул доңуз
Кастыгын эргиз койбоду.
Мөңгүнүн ичин сайрандап,
Тамаша салып жайнандап,
Кызыкка баткан кезинде,
Отузунчу кезинде,
Кайратка келип бул доңуз,
Жолдошу менен Толтойду
Чапмакчы болду зор доңуз,
Кара нээтке шер барбы,
Артын кудай оңдосун,

Кылычын бүлөө бүлөдү,
Найзасын ташка тиреди,
Кечкече жүрүп Толтойду,
Ашыра мактап сүрөдү.
Кечинде андан кайтышты
Аңгеме сөздөн айтышты,
Артыкча арам Контукчу.
Алптарга теңеп Толтойду.
Ары жок сөздү кайпытты.
Жал-жаяга тоюшуп,
Эртерек уктап жатышты,
Уктабады Контукчу,
Заарын ичте толкутту,
Оордунан аста турганы,
Толтойду көздөй жылганы,
Кылычын алып кынынан
Кежиге беттеп сунганы,
Булкуйган Толтой эр немең,
Моюбаган шер немең,
Борбойуп жумшак жаш бала,
Тамашага маш бала
Чалкасынан жатыптыр,
Чылк уйкуга батыптыр,
Тегирмендин ташындай.
Күркүрөгү баш жарып,
Коңурукту тартыптыр.
Кара нээт Контукчу
Кылычты башка саларда,
Кулачтап туруп чабарда,
Жүрөгү кара бул иттин
Табасы түгөл канарда,
Суркоен тулпар так турду,
Жер чапчылап кошкурду,
Буркулдап топо чаңсынды,
Чочуган бүркүт шаңшыды.
Аны угуп тайган арсылдап,
Оордунан турду карсылдап,
Болгон ишке түшүндү,
Контукчуга жутунду,
Аткан октой атылды,
Арылдап бетке асылды,
Багалчектен борбуйлап,
Балтырга тишин батырды,
Ооруганча чыдабай,
Ойбойлоп чочко бакырды.
Ошондо Толтой толгонду,
Ныксырап араң ойгонду,
Колунда кылыч жөргөлүү

Контукчуну көргөнү,
Оордунан турду секирип
«Эмне кылыч алдың?» — деп,
Контукчуну жекирди,
Контукчу жүрөт кокуйлап,
Балтыр эти тешилип:
«Айланайын, эр Толтой
Арачалап кел, Толтой,
Тегеренем, жаш Толтой,
Телчип бери бас, Толтой,
Тайганыңды кой дечи,
Тиштебегин бол дечи,
Тиши өтүп баратат
Теги астарак чой дечи,
Кылычты алдың не дейсиң,
Кыйкырып бекер тилдейсиң,
Абалтадан мен сага,
Адалдыгым билбейсиң,
Кылсам да канча жакшылык,
Күмөнсүп көөнүң кирдейсиң.
Баятан чочуп ойгонсом,
Бирдеме жүрөт сойлогон,
Дестебимде аны мен
Итиңби деп ойлогом,
Быбылдай түшүп бер жакка,
Жөрмөлөп кетти сен жакка,
Ошондо өтө чочудум,
Жердин бетин коочудум.
Карасам кудай уруптур,
Чоңдугу менин белимдей,
Бир жылан арбап туруптур,
Чагууга сенп умтулуп,
Соймойтуп тилин сунуптур.
Ошондо үрөйүмдүн учканы,
Тас калды жаным чыкканы,
Титирек кирип муунума,
Чапандан чыктым суурула,
Өлтүрүү үчүн жыланды,
Кылычты алдым колума,
Каран калган куу тайган
Каргаша болуп жолума,
Борбуйлап жаман жүдөттү
Балтырдан каным куюла,
Чабайын десем жыланды,
Жетпей калдым чоюла,
Аңгыча жылан октолду,
Заматта кетти жок болуп,
Угайын десең сөз ушул,
Сага чын адал туш ушул,
Тайганыңдан ажырат
Чыгайын деген көз ушул» —
Деп ошентип Контукчу,
Анткорлонуп албырып,
Жойпуланып турганда
Жалооруп моюн сунганда,
Ак көңүл өскөн Толтойдун
Түрүлгөн кабак ачылды,
Түтөгөн ачуу басылды,
Күмөнү тарап заматта,
Каркылдап күлкү чачылды,
«Баятан эле сен ага,
Болбой жүзүң бозала,
Кызарбай көзүң чачыла,
Дебейсиңби иш мындай,
Чын-ырасты сөз мындай,
Айтпасаң кандай билемин,
Кулакка кантип илемин,
Айткандарың чын болсо.
Анда сенсиң тирегим,
Тектир, тектир, тектирдин
Текесин атат дептирмин,
Кондукчу агам кокустан,
Каразгөйлүк кастыгын
Кылганы жатат дептирмин,
Курбу, курбу тектирдин
Кулжасын атат дептирмин,
Шашкандын кирип тилине,
Контукчу ага кастыгын
Кылганы жатат дептирмин,
Мынаке, эми түшүндүм,
Агарып көөнүм сүзүлдүм,
Кой, куу тайган, койбергин!
Контукчуга жол бергин!
Бекерче кылба жарадар,
Канаке сенин сый, илигиң?!»—
Деп эр Толтой күүлөнүп,
Куу тайганга сүйлөнүп,
Контукчудан тайганды
Ажыратмак болду эле,
Энкейип колун сунду эле,
Байлоодо тулпар чапчыды,
Туурда бүркүт шаңшыды,
Куу тайган күчөп каңшыды.
Ого бетер куу тайган,
Кылган иши чуу тайган

Катуу тиштеп ыркырап,
Кое бербей кыркырап,
Балтырга тишин батырды.
Контукчу турат чыркырап,
Багалек ылдый кан кетип
Бут тамыры зыркырап.
Куу тайган өтө арданды,
Күчөнүп тиштеп жанданды,
Кылыгын көрүп тайгандын,
Буга Толтой таң калды.
Айласы кеткен Контукчу,
Аюудан ачуу чыңырып,
Эр Толтойго жалбарды:
«Айланайын, эр Толтой,
Алдымда жүрсөң ак жолтой,
Үйрөлөйүн эр Толтой,
Үйүрлөш жүрсөң ак жолтой,
Алтын тондун жакамсың,
Алчы түшөр сакамсың,
Башыма иш түшкөндө
Сен мага ээ атамсың,
Кое бер дечи тайганды,
Кеп билбеген айбанды,
Тиштери өтүп тамырга.
Бир тиштем араң жан калды,
Айтканымдын бары ырас
Мен айтам кантип жалганды,
Эгерде күмөн санасаң,
Табарсың менин аргамды,
Теги тайганынды кой дечи,
Терини аста чой дечи.
Өзүңө кастык кылбайым,
Айттым иштин ал жайын,
Болгон иштин бар жайын,
Төбөмөн кудай урбайбы,
Сени кантип алдайын.
Жакшылык көрсөм көргөмүн,
Жамандык сенден көрбөдүм,
Жалпы иштин жайы бар
дайын,
Ошондой турса бет уруп,
Өзүңдү кантип алдайын —
Деп буркурап Контукчу,
Башынан өскөн зордукчу.
Чыркырап ыйлап турганы,
Батыра тиштеп куу тайган
Бир карыш андан жылбады,
Акылы кем жаш бала
Ага көңүл бурбады,
Ичи ооруп кетип эр Толтой,
Тайганга колун булгады;
«Кет, кет дедим кеткиниң!
Көрүнбөй көзгө житкиниң!
Арам өлгөн куу тайган,
Ар убак салат чуу тайган,
Агамды бөөдө өлтүрүп,
Койбосун теги бу тайган,
Кут-куу болгон шум тайган,
Ыркырабай оозуңду,
Иле саатта жум тайган,
Болбосо чукуйм көзүңдү,
Укпайсың неге сөзүмдү?!»
Ачуусу менен эр Толтой
Тайганды бүттан булкканы,
Куйруктан кошо жулкканы.
Ыргып түшүп тайганы,
Ыраакка учуп барганы.
Эр Толтойдо күч азбы?
Куушурулуп өпкөсү,
Эки-үч оозун арбады,
Кансыраган Контукчу
Кыйрап жатып калганы,
Көтөрө албайт башын да
Кылча калбай шайманы,
Онтоп жатты түшкөчө,
Оодарыла албады,
Муну көрүп Суркоен,
Чапчыганы барганы,
«Арам өлгүр не дейт»,— деп,
Ачуусу келип эр Толтой,
Камчы менен салганы,
Ыраак качып Суркоен,
Искеп оттон чалбады,
Бир маалда чоң бүркүт
Контукчунун төшүнө
Калдайып конуп алганы,
Буларды көрүп эр Толтой,
Айран-азыр калганы,
Ажыратып бүркүттү
Арандан зорго алганы.
Бүркүт, тайган, тулпардын
Толтойго тийген жардамы,
Бүгүн булар не үчүн,
Кайышып калба салганы?
Буларды ойлоп эр Толтой
Башы катып майдады,

Тегине ойлоп жеталбай,
Тегеле терең таңдады,
Ошентсе да азыркы
Контукчудан күмөнсүп,
Капырай деп калганы.

КАМАНГИЛДИН ЧАТАГЫ

Контукчу менен элдешип,
«Ай капырай сен» дешип,
Таарынып кеткен тайганды
Чакырып бери кел дешип,
Суркоенду шыкшыктап,
Алдап араң кармады,
Чырга тартып бүркүткө
Чын амалды салганы,
Кечкече жүрүп артынан
Эптеп араң кармады,
Туурга бекем байлады,
Бала Толтой ит-кушун,
Ушинтип кыйын алдады.
Тамашага канышып,
Олжону көптөп алышып,
Аягында тас калды
Калба чырга кабышып.
Ал күнү жакшы жатышты,
Олуттуу кептен салышты,
Эки мерген Контукчу,
Жаш балапан баатырды
Ортосуна алышты.
Асты казан мол кылып,
Ажыраш аяк табышып,
Отурушту көпкөчө,
Ыр-чоорлорун чалышып,
Бака-шака параң көп,
Бас айталбай калышып,
— Эртеңки күнү кетсек,— деп.
Элибизге жетсек, — деп,
Кош айтышып турганда,
Кетүүгө көңүл бурганда,
Коштошор ошол күнүндө,
Ажыраш аяк түнүндө,
Келип калды бир топ жан
Намаз шам күүгүмдө.
Көрүнөт бары түз киши,
Санаты так жүз киши.

Дүбүрттөп келе калышып,
Тааныштык кептен салышып,
Жумушун айтып багышып,
Бир азга аттуу турушту,
Саламга колун сунушту,
Коломтодон Контукчу
Керилип кийин турду эле,
Кекейип колун сунду эле,
Контукчуну көргөндө,
Жүз киши болду бир кызык:
Чурулдашып зыргышып,
Жатышты түшүп атынан
Үзөнгү теппей ыргышып.
Контукчу көздөй жүгүрдү,
Колунан өөп жүгүндү,
Каптады журтту бир замат,
Көп адамдын дүбүртү.
Кайталап айтып саламды,
Кээлери өтө сүйүндү,
Ошондо Толтой муну айтат,
Муну айтпай нени айтат:
«Ак сакалдуу агалар,
Өзүм сыяк жаш балдар,
Сапарыңар каяктан,
Мында келип калдыңар?
Жортулчудай түрүнөр,
Жоо бөрүсү барыңар,
Баштап жүргөн бар окшойт
Бир-экиден чалыңар.
Айтыңарчы элиңди,
Жердеп жүргөн жериңди,
Жумушуңар эмне эле,
Жакшылап айтчы тегинди,
Баарын айта салыңар
Баштап жүргөн эриңди».
Карылары мултуйду,
Бир жаш бала култуйду,
Шыйрак-шыйрак кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Кызыл баш биздин элибиз,
Бакырган сай жерибиз,
Жоголуп кетип көп болду,
Контукчудай бегибиз,
Издебеген жер калбай,
Ушул жерге келдик биз,
Калтырбай изин тердик биз.
Кокту колот жылгадан
Ачылды көөн кирибиз,

Төлөндү эми кемибиз,
Жумушубуз бүттү го
Табылды мына бегибиз.
Бака-шака түшүшүп,
Бирин-бири күтүшүп,
Таанышышып жатканда
Журт жакты көздөй басканда,
Ат дүбүртү угулуп,
Аягынан чыкап үн
Ар түрдүү болуп кубулуп,
Келип калды бир киши,
Адамдай эмес жин киши.
Ажыдаардай сүрү бар,
Адамдан башка түрү бар,
Сакалдары сапсайып,
Бир боз үйлүк жүнү бар.
Жеп ийчүүдөй чакчаят,
Жек көрчү мында кими бар?
Жабылып жаштар ат алды,
Чылбырынан бат алды,
Ошондо ал аттан түшпөй
чалкалап,
Көрбөй жаткан кишидей
Көздүн үстүн калкалап,
Чиренип туруп алганы,
Чылбырды силкип кармады.
Коркушуп анын сүрүнөн,
Жанагы келген көп киши,
Ат жөнүн сурай албады.
Салам айтып жаш Толтой,
Жанына жакын барганы:
«Атсалому алейкум,
Аксакалдуу агабыз.
Алдыңызда жүгүнүп,
Салам айтат балаңыз,
Мындай ээн жерлерде.
Келбеттү сиздей кишини,
Кыдырып араң табабыз.
Каарыңыз катуу көрүндү
Кай жерде биздин чалабыз,
Басайтыңыз каарды,
Калтаарышып көпчүлүк,
Коркуп жатат караңыз,
Жумуш болсо сылыкча,
Дароо тынат санааңыз,
Ат жөнүңүз ким болот,
Аны билсек бир болот?
Сапарыңыз каякка
Айтып берсең жөн болот».
Анда айбаты артык киши
айтты,
Адам укпас иш айтты:
— Тиш какпаган жаш бала,
Тамашага мас бала,
Тирсек чыккан немедей.
Тарсылдайсың кашкая.
Аты-жөнүм сурайсың,
Агыны катуу суудайсың,
Аңкылдабай өпкөң бас,
Азыр менден куурайсың.
Ата-тегим билгидей,
Өзүңдүн атың ким болот?
Атаң кайсы бий болот?
Элиң тектүү элсиңби?
Жериң даңктуу жерсиңби?
Элиңде барбы атагың,
Же албуттап учкан желсиңби?
Сурайсың ата тегимди
Жакшылап уккун кебимди,
Сурачу киши сен эмес,
Суратар киши мен эмес,
Чортондогон чунагым,
Чыкылдашың эп эмес.
Жалгыз киши дейсиңби?
Жалпың мага тең эмес,
Манастын атын алганмын,
Мантаңдаган сен эмес.
Кыжырыма тийсеңер,
Кырып салмай барыңды,
Эч канчалык кеп эмес.
Жерим Үрүм жеринен,
Элим Түркмөн элинен,
Ар үч жылда бир мезгил,
Ушул жерге келчү элем,
Кайберенге тынч бербес
Өзү уучу киши элем.
Кырк каракчы дедирген,
Кармаштык бербей элирген,
Кырымдын уулу аталган,
Кылымга даңкым бат алган.
Камангел деген мен болом,
Каланы бузар эл болом,
Токсондон жашым ашкандыр,
Балким, чоң атаң менен
тең болом.
Эңкейип белден ашканым,

Бир күн үйдө жатпадым.
Тийишкен болсо бирөөлөр.
Башымды сактап качпадым,
Тийишпесе маа келип,
Жабылуу турган аягым,
Бирөөнүкүн ачпадым.
Кырк кишим бар ээрчиткен,
Кичинек чактан телчиткен,
Кыргыйдай тийип киргенде,
Кыйлалар мени эрсинткен.
Кубатым белде турганда,
Ким чыгар мени кемсинткен?
Жабыраган жаш бала
Сөзү таттуу тап бала,
Уктуң менин жайымды,
Билгендирсиң алымды.
Эми өзүңдөн сурайын,
Сөзүңө көңүл бурайын,
Жаң сураган сен кимсиң?
Жайыңды айтчы угайын.
Бакылдап сурап калганда,
Балага көңүл бурганда.
Анда Толтой мындай дейт,
Анык сөздү бурбай дейт:
«Атамды айтпай жашырчу,
Атам жаман киши эмес.
Атасын айтпай жашырган,
Эр жигиттин иши эмес,
Жеримди айтпай койгудай,
Жерим жаман жер эмес.
Элимди айтпай жашырып,
Элсиз киши мен эмес.
Алактабай туруңуз,
Абыдан кепти угуңуз,
Жети суу сындуу жерим бар,
Жедигер сындуу элим бар.
Атамдын аты эр Багыш
Бүткөн бою тарамыш,
Баатырдык атак наам алган,
Атамдын атын караңыз.
Өзүм Толтой баламын,
Эр жетип өсүп барамын,
Элим үчүн дегенде
Күйгөн оттой жанамын.
Жанга тиер иш болсо,
Жанымды аяп калбаймын,
Жанчышар киши бар болсо,
Жалтайлап туруп калбаймын.
Сонор болгон күнүндө,
Сайрандап аңга чыккамын,
Далай жердин кайыбын.
Сай ташындай жыккамын.
Жанымдагы Контокчу,
Кай күнү билбейм чыкканын,
Көп күндөр болду бир жүрөт
Бөлөксүп аны кыспадым.
Улуу экен менден көп эле
Урматтап ага ыктадым.
Кеңеш кебин эм алып,
Кебинен деги чыкпадым,
Абалды шунча айтабыз,
Аң уулап болдук кайтабыз».
Толтой мындай дегенде,
Жүйөлү жооп бергенде
Токтоло түшүп Камангел,
Мукутай түшүп жана бир
Контокчудан кеп сурайт,
Кекетип аны бек сурайт.
— Сен кызылбаш элисиң,
Жарабайт мында келишиң,
Кай жумушуң бар эле
Эмнеде бардыр беришиң?!
Мындан мурун мөңгүгө,
Менден коркуп бул жерге,
Жан келүүчү эмес дегеле.
Контокчу жолду госпойсуң,
Көрүнгөн жерди боктойсуң,
Жарганаттай баланы
Баштап келген окшойсуң,
Мындан мурун Контокчу,
Түркмөндөн барып мал алдың,
Төөгө артып зар алдың,
Экинчи тийбес мага деп,
Артыңдан кууп барбадым,
Азапты сага салбадым.
Эл ушактап кеп салды,
Жаманаттап бек салды,
Контукчудан коркот деп,
Көзүм жокто деп калды.
Мал алса мейли деп койдум,
Кегимди албай жөн болсом,
Мөңгүдөгү жандарды
Не үчүн келип ууладың,
Малдан артык көрчү элем,
Угуп койчу курганым.
Жергеси жакын кызыл баш,

Катылбайын дечү элем,
Азганакей мал үчүн
Чакылбайын дечү элем,
Болор болбос ишти деп,
Ыркын бузуп эки элдин,
Асылбайын дечү элем.
Акыры келип тийишип,
Асылдырдың Контокчу,
Какырынса чочуган
Киши эмесмин коркутчу.
Азабынды тарттырып,
Ааламдан айдап ийейин,
Жазаңды колго берейин,
Эми акыркы айтар бар кебим,
Таң аткыча кам жегин,
Келиптир жүз жигитиң
Койгулашып көрөйүн,
Бүгүн жатып кошума
Эртең менен келейин,
Деп ушунтип Камангел,
Акыя карап жана бир,
Атынын башын бурарда,
Айтып калды буга да:
— Атамдын аты Багыш деп,
Айттың бала тек жайың,
Уктум мен да кеп жайын,
Кереги жок армандын,
Сен да жакшы камдангын,
Такыр таштап кеткиниң
Аткан соккон бар малдын,
Контукчуга кошулуп,
Короомо келип кол салдың,
Киши аягы тийбеген
Жайытыма жол салдың.
Контокчу, Толтой сен тургай,
Айкөл Манас, Алманбет,
Чубак, Сыргак, Каракөк,
Кыргылчал баштап кыркынын,
Чыгарып тып-тыйпылын,
Аралап кирип баргамын,
Атын айдап алгамын,
Укпайсыңбы экөөңөр
Саатыма кетип казактар,
Таланга түшүп калганын.
Сага айтып коеюн,
Өзүңчө келсең Толтоюм,
Сен да аман калбайсын,
Элиңе сак барбайсың.

Азгаштырып Контокчу,
Ашкере кылып зордукту,
Алып келсе бул жерге,
Аныңды айта саларсың.
Агаңдын көөнү агарсын,
Мөңгүдөн алган мүлкүңдү
Кайтарып берип жанарсың.
Кызыл башка теңелсең,
Кыяматка барарсың!
Камангел мындай дегенде,
Кобо калды Контукчу:
— Ой, Камангел, сен укчу,
Билет элем Камангел,
Мөңгү сенин экенин.
Өз эркимче бул жерге
Мен Контукчу келбедим,
Кишинин кирип тилине,
Аркасынан эргемин.
Будурмактын адырда,
Учурадым мен буга.
Ит агытып, куш салып,
Жүргөн экен уу-чууда,
Карасам бир жаш бала,
Кабы оюндун мас бала.
«Кары экенсиң ага деп
Жер сурады бир чама,
Айткан айып менде бар,
Баштап мени баргын» деп,
Алып келген бул бала.
Отуз күн болду кетпеди,
Өзүңүздү кектеди,
Мөңгүдөгү айбандын
Түбүнө такыр жеткени.
Бүркүтүм дейт бир неме,
Безилдеп учат бир демде,
Бөрү, түлкү, суусардан,
Жүздөн алат бир күндө.
Ити алат жүз жандан,
Жалаңкыч өңдү жалманган
Суудагы кундуз булгундан,
Ирмеген аман калбаган.
Миңгени күлүк неме экен
Так түйүлүп кыр андан,
Өзү күчтү неме экен.
Өтө шайдоот бек андан
Жанында эки мерген бар,
Алганды койбой жыйнаган,
Деп ошентип Контокчу,

Айтып болуп турду эле,
Камангелди ошондо
Абыдан кудай урду эле:
— Сен болбосоң Контокчу,
Жедигер келбейт бул жерге,
Адам билбес бир жерге.
Эртең менен болгондо.
Соёюун сени дегеле,
Күнүң бүткөн кез окшойт,
Чабайынбы эми эле? —
Ойду-кайкы айтып сөз,
Бир кыйла алып жемеге,
Калдаңдаган Камангел
Бастырып жөнөй берди эле,
Түркмөндүктөн келгени,
Кырк экен саны адамы,
Обочо жерде кош тигип,
Жаткан экен а дагы.
Каарданган Камангел,
Кошуна жетип барганы,
Козготу кептен салганы.
Контокчу баштап жүз киши,
Ал дагы кетип калганы
Кыйпалыш жерде кош тигип,
Козголбой жатып алганы.
Эки мерген, жаш Толтой.
Үчөө калды бул жерден,
Кобурашып мергендер
Кужулдакка кирди эле,
Коркконунан Толтойго,
Кеңеш-кебин берди эле:
— Баатыр, Толтой, кулак сал.
Айткан кепке кире кал,
Мөңгүдөн алган дүйнөңү,
Ушул жерге таштайлы.
Унааларга артпайлы,
Түн ичинде качалы,
Кара кырды ашалы,
Качып кетип калалы.
Үйдөкү бала-чакага,
Аман-эсен баралы.
Бул эки дөө жоолошсо
Бөөдө өлүп калбайлы,
Тура берип бул жерде
Майып болуп албайлы,
Андан көрө бүгүн түн
Ат жаракты камдайлы,
Кишилерге туйгузбай,
Келген жолду жандайлы,
Ошонтип мурун камданып,
Аста кетип калалы,
Олжону тартып алды деп,
Багышка айтып баралы.
Карыган менен эр Багыш,
Катышпай душман батпайбы,
Чанданын көргөн мындайдын
Эбин оңой таппайбы?
Ачууланса эр Багыш,
Кызылбаш менен Түркмөндү
Катары менен чаппайбы?
Деп ушинтип турушту,
Бүткөн бою куруштү.
Анда Толтой мындай дейт,
Акыл кептен бурбай дейт:
— Бирдемени дединер,
Силердин ушул кебиңер —
Эр кишинин кеби эмес,
Киши айтар кептен теги эмес.
Көрбөй туруп бир ишти
Качып берген оңчу эмес,
Ага Толтой болчу эмес,
Ойго коркуп албайлы,
Мындан кетип калбайлы,
Согушса мейли согушсун
Бирөө өлүп, бирөө калбайбы?
Тирүү калган немеси
Кеп кылбаса биздерге,
Катылбаса сиздерге,
Ошондо кетип калалы,
Жолубуз менен баралы.
Эгерде келип тийишсе,
Коркпой туруп салышып,
Коржоңдошуп багалы,
Өлтүрүп эрин сулатып,
Аттарын олжо алалы.
Аң уулаган мүлктөрдү
Артып алып жөнөйлү,
Бешенеге жазганды,
Качпай туруп көрөлү.
Караңгыда калдаңдап,
Качып жүрсөк калдаңдап,
Артынганың жүк болуп,
Арып жүрсөң салдаңдап,
Атага наалат жетпейби,
Абийрибиз кетпейби,
Андай кепти кылбаңыз,

Эчтеме көрбөй жөө качкан
Эр жигитке чоң намыз,
Андай кепти кылбайлы,
Кадыржан жакшы уктайлы,
Эки дөө мейли чабышсын,
Өзүбүз барып жукпайлы,
Эрегишсе эгерде
Күрсүгөн жаш Толтойуң,
Кимисин болсо жыкпайбы?
Арбын олжо ат айдап,
Куршугуңар чыкпайбы?
Бекерче бизге тийишсе
Олжого кызык баталы,
Күрсүлдөшүп салышып,
Көңүлдүн кирин ачалы,
Кур аттарын топтотуп,
Куйуктуруп кубалап
Курсактын черин жазалы.
Турдум эле билалбай,
Терини неге артаарды, —
Деп ушинтип эр Толтой,
Жашынан өскөн шер Толтой
Мергендерге айтканы,
Коркунчусун басканы.
Аркар этин тое жеп,
Ачуу чыктап жая жеп,
Ал күнү алар жатканы.

Таң агарып бир кезде,
Жер жарыган мезгилде,
Камангил менен Контокчу
Кишилерин ээрчитип,
Жаткан жерден телчишип,
Майдан кылчу жерине
Ат чабым түзөң белине
Эки жаат болуп турганы,
Буларды кудай урганы.
Ал аңгыча күн чыкты,
Чымылдагын тартышып,
Чыңылдаган үн чыкты.
Байкуш эки мергенге,
Ааламда жок сүр чыкты.
Камангил менен Контокчу
Карсылдашчу эр чыкты,
Контокчу минген сарыкер,
Камангил минген карагер,
Экөөнүн ана окшош кер,
Мындайдан далай салышкан,
Ар экөө тең кеменгер
Качырышып киргенде.
Калчылдады кара жер,
Алышалбай жүрүштү
Атынан агып кара тер.
Кызылбаштын Контокчу
Алтымыш өлчөм бар экен,
Кырымдын уулу Камангил,
Токсондон ашкан чал экен,
Карылыгы болбосо
Камангил канча зал экен.
Кылдаттыкта ар экөө
Айтканынча бар экен.
Бакырып найза булгашып,
Түпөктөрүн ыргашып,
«Канчалык күчүң бар» дешип,
Бирин-бири сындашып,
Оң-тескери мушташып.
Найзаны канга чыкташып,
Сайышка көнүк аттары
Бирине-бири ыкташып,
Жакалышып тартышып,
Дем чыгарбай кысташып,
Түшө калып күрөшүп,
Багалектеп бутташып,
Бекем кармап кемерден
Белдеринен уучташып.
Беттери терден бышарып,
Бөрүдөй көздөр кызарып,
«Батырак муну жеңсем» деп
Балтырга курлар тушалып,
Жеңише албай бир-бирин
Убакыт кетти узарып.
Күн экиге толгондо,
Күйүгүп экөө болгондо,
Шайы кетип Камангил
(Карыгандыгын анык бил)
Кармалбай колу калдайып,
Каруусу кетип талтайып,
Контукчу найза сайганда,
Кулагы аттан далбайып,
Камындырбай Контукчу
Көөдөнгө минди дардайып,
Кокодон сыгып муунтуп,
Кош болуп турду чардайып.
Токтоно албай эр Толтой,
Сала калды ал барып.
— Кой, кой баатыр, арача,

Кары адамды жаш адам.
Жакшы болбойт сабаса,
Баатырдын даңкы чыгарбы
Өлөрман чалды таласа,
Кой, Контукчу, кой, тийбе,
Камангилди өлтүрбө,
Өлтүрбөсөң деле сен
Өлмөгү мунун аныктыр,
Карылыктын зарпынан
Өзү өлгөнү калыптыр,
Коюп бер баатыр бир жолу
Токсонго жашы барыптыр, —
Деп ушинтип эр Толтой
Арачалап турду эле,
Контукчудай доңузуң
Кортулдап кудай урду эле:
— Жедигер, Түрк дегендер —
Түбү бирге элсиңер
Түйүнүн чечсе жазылгыс
Түп тамырың бирсиңер.
Кылган сөзүң жөн эмес
Кебиңе кирип нетейин,
Кишинин барын теңсинтпейт
Камангил башын кесейин.
Аркасынан Толтойун,
Сенин тонуң чечейин,
Жедигер менен Түркмөндүн,
Түбүнө такыр жетейин.
Манасыңар өлүптүр,
Эми калган түрк уулун
Эгерде аяп нетейин.
Түркмөндү талап алайын,
Жедигер, сени, чабайын,
Атаң Багыш карыгандыр
Башын кесип жанайын,
Алдап алып келгенмин.
Аргаңды эми табайын,
Жолдошуң менен олжоңду,
Бүркүтүн кошо алайын.
Тааныбай мени сөз жырат,
Турганын көрчү былжырап.
Бапылдап буга киришпей,
Тура тур, Толтой, сен ыраак! —
Контокчу ошондой деди эле,
Коркута жооп берди эле,
Жаш балапан Толтойдун
Чын ачуусу келди эле,
Контокчунун курунан
Капшыра кармап имерип,
Аңтара тартып жиберип,
Камангилди тургузуп,
Колу-бутун сунгузуп,
Эси ооп калды, — деп
Муздак суудан жуткузуп,
Кер атына мингизип,
Кемселин ондоп кийгизип:
— Кеткин турбай Камангил,
Кыласың элге жаман дил,
Тойгуча жашап карыпсың,
Күчтөн тайып калыпсың,
Катышып элге бекерче
Акылыңдан танылпсың.
Эми турбай баскының,
Үйүңө тезден кайткының.
Дарманың кетип калыптыр
Талаага чыкпай жаткының!—
Толтой мындай дегенде,
Турбай баса бергенде,
— Элге журтка мактанып,
«Өлүмдөн сени куткарып,
Өзүм Толтой алдым,— деп,
Сообуңа деги калдым» — деп
Милдет кебин көтөрүп,
Жүргөнүм менин кандай кеп?
Мындай кепке калбаймын,
Баланын тилин албаймын,
Жаным чыгып жатса да
Жалынып сага барбаймын,
Эрдемсинген жаш бала,
Эми сени жандаймын.
Токунуп атың чыккының,
Такымга балта кыскының,
Такылдаган сен бала,
Туркунда турат кычкылың.
Кайдакы жүргөн немелең?
Каадалу кайсы эр элең?!
Кыйын болсоң келгиниң,
Кылычка жооп бергиниң.
Бир сайышып багалы,
Бар бекен сенин теңдигиң.
Болбосо, бала, кынк этпей
Багынып мага келгиниң!
Деп ошентип Камангил
Каада билбес сараң деп,
Карагер башын бурганы,
Качырып найза сунганы,

Анда Толтой кенебей,
Кашкая күлүп мындай дейт:
— Күүлөнбөгүн абышка,
Көңүлүм барбайт сайышка.
Башынан жок өчүбүз,
Бекерче мага кагышпа,
Баландай болгон кишимин
Баркы жок калба салышпа,
Найзаңдын учун тарткыныңь.
Жолуңа кирип баскыныңь,
Алышпаймын сен менен,
Айтышар кишиңь мен белем?
Ак сакалсыңь карысыңь,
Ар иш болсун тең менен.
Суркоен башын силккени,
Шарт коюп басып кеткени.
Ала көңүл Камангил,
Аркасынан жеткени.
Кый сүбөөсүн Толтойдун
Жара сайып өткөнү,
Ошондо ачууланып эр Толтой,
Адамдан өткөн шер Толтой,
Кайрылып жакын барды эле,
Качырып найза салды эле,
«Жакшылыкка жамандык,
Кылчу пенде бар беле».
Камангилдин ишине
Арданып жаман калды эле,
Кандим болгон Камангил,
Жана келип бир сайды,
Бир сайганда миңь сайды,
Бирок баарын кур сайды.
Бала баатыр эр Толтой,
Эчтемени кенебей,
Камангилдин сайганын
Бит чакканга теңебей,
Бачымдап найза сунбады,
Баамдап күтүп турганы.
Мындан мурун Толтоюңь
Кулжа сайган талаадан,
Марал сайган аралдан.
Салгылашып качырып,
Сайышпаган адамдан
Кый сүбөөгө найза жеп,
Кабы ичинде ызаа жеп.
«Жакын келип калса,— деп,
Камангил жана сайса» — деп,
Мезгил күтүп турганда,
Камангил атын бурганда,
Камынып туруп эр Толтой
Капталга катуу урганда
Кажырдай болгон Камангил
Камгактай учуп түштү эле,
Багыштын жаш баласы
Мына мундай күчтүү эле.
— «Жакшылык кылсаң —
жамандык,
Адалдык кылсам — арамдык»
Кылган ушул доңузду,
Өлтүрбөсөм бекер,— деп,
Түбүнө көптүн жетер деп,
Байыркы өткөн карылар
Билип айткан экен деп,
«Жоо аяган жаралуу
Катыны калат каралуу»,
Контукчуну тим койбой,
Ажыратып кетем деп,
Балаага кала жаздаган,
Бала Толтой экен тек.
Ойлоп жетип буларды
Каптап бойду каар-кек,
Камангилди качырбай,
Кайталап сайды бекемдеп.
Бала баатыр шайлады,
Бет алган жактан тайбады,
Биринчи ирет найзасын
Жоо майына майлады,
Кырк каракчы баштыгы
Камангилди жайлады,
Кыйынсынган бул доңуз,
Кыямантка барганы.

КОНТОКЧУНУН АКЫБЕТИ

Ошондо Контукчу жаман
шашканы,
Кара күчкө жойпондоп,
Эр Толтойго айтканы:
— Ээ, Багыштын уулу жаш
Толтой,
Баатырдык ишке маш Толтой,
Илебиң оттун жалындай,
Ыраңың күндүн табындай,
Эгерде сага эр келсе
Айтчу кебим мамындай:

— Кырымдын уулу
Камангил —
Кадимтен жүргөн жаман дил,
Кырк каракчы атанып,
Кылымда аты жатталып,
Калктын барын жүдөтүп,
Каракчы кую сакталып,
Ат жетем жерди калтырбай
Аралаган жолучу,
Жакшылыкка жамандык
Чамалаган болучу,
Көргөндөрдү коркутуп,
Күрпөндөгөн болучу.
«Кез келдиң мага неге, — деп
Кишилерди соючу,
Таманы тийген жерлерди
Меники деп коючу,
Эрегишсе бекүчү,
Нээ максатка жетүчү,
Эр сынашып көрүчү,
Ажалы жеткен өлүчү,
Эне-атанын жолу деп,
Эл чогулуп көмүчү.
Өзү сага катылып,
Камангил өлүп басылып,
Эми сөзгө келели,
Эрдиктин болот ченеми,
Эсирген иттин өлүгүн
Эл-журтуна берели,
Түркмөндөр кайтсын жерине,
Тапшырып берсин элине,
Таап алсын булар өз жерин,
Талан кылып нетесиң,
Кадырың өссүн жана деп,
Калыстык айткан бир кебүм.
Айткан сөзгө киресиң,
Атагың чыкчу бир эрсиң.
Контукчудай агандын
Ак дилдигин билерсиң.
Байкасам бала өзүңдү,
Баатырдыгың сезилди,
Көөнүңө теги албагын,
Байатаңкы сөзүмдү.
Сен Камангил сурап келгенде,
Мен тетири жооп бергенде,
Сураганың бир адам,
Ичимде сага ынагам,
Кантет экен бирок деп
Калп эле сени сынагам,
Көөнүңө соңу албагын,
Ыраспы деп калбагын.
Ар иш кылсаң акжолтой,
Акылман иним эр Толтой,
Контукчудай агандын
Кептери шондой топтомпой.
Эми эмине кылабыз,
Өзүңө моюн сунайын,
Контукчу чоң арамза,
Кылган кеби ырбатма,
Оозунда минтип айтса да,
Ичинде ойлойт бир башка.
Ишендирер кеп айтып,
Адамдын көөнүн муңайтып,
Арамдык ойлоп бирок да
Ак жери жок кылайтып,
Кара түтөк кыялы,
Курган мунун болжому:
«Кош деп коюп жөнөйүн,
Алтүндө кайтып келейин
Бүркүтүн алып туурунан,
Жетелеп итин каргыдан
Желип жөнөп берейин,
Сур коёнду кошо алып,
Жарагын бирден терейин,
Кубалап келсе бул Толтой.
Как жүрөккө саяйын,
Өзөгүн тып-тык жарайын,
Будурмакка барганча
Акмалап жүрүп барайын,
Өз жеринде өлтүрүп,
Олжосун түгөл алайын.
Бул мөңгүдө катышып,
Билинип өзүм калбайын,
Багыш жаман дечү эле
Балага башым салбайын,
Өз жеримде кагышып,
Билингис кылып жайлайын,
Жедигердин өлүгүн
Жерине жаздап салайын,
Карга кузгун жеди деп,
Жаманатты табайын,
Толтойду алдын жөнөтүп,
Түркмөндөрдү талайын,
Карегер атты баш кылып,
Кырк каракчы түркмөндүн
Олжосуна канайын,

Андан кийин Толтойго
Жанакыдай кылайын,
Көп олжо менен дүңгүрөп,
Элиме анан жанайын», —
Деп ойлонуп турганда,
Карөзгөй көңүл бурганда,
Анда Толтой муну айтат.
Муну айтканда нени айтат:
— Будурмактын адырда,
Учурадың сен мага.
Күбөлүккө эл мына.
Мына ошондон бер жакка,
Даамдаш болдук тамакта,
«Мөңгүнүн уусу кеңир» — деп
Баштап келдиң бу жакка.
Кебиңден чыкты далай кыр
Чыгардым жалган ыраска.
Камангилди бербедиң,
Арачалап мен барсам,
Олжону алсам мен алсам,
Даярды ээлеп сен калсаң.
Айтканды билбей калбаган,
Акылы бар ар адам.
Айтканга кирбей Камангил
Өлүп кетти ал арам.
Эми эстүү боло калыпсың,
Ырайыңдан жаныпсың,
Кыялында тургандыр
Менин аркамдан аңдып
барышың,
Көрүнүп турат көзүңдөн
Бир залалды табышың.
Өзүңчө эле мага сен
Бекер эмес наалышың.
Ойлогудай кара ниет,
Бар беле менден алышың?
Баштадан жок кегибиз,
Камангил сурап барганда
Бузуку кептен салышың.
Баамдап кепти сүйлөгүн,
Бузукту ичке түйбөгүн,
Мент кылсам деп мени сен
Арамдык ойлоп жүрбөгүн,
Керек болсо олжодон,
Ачык эле сүйлөгүн.
Кырк каракчы түркмөндү
Кыргын кылып ийбегин.
Жөн эле жүргөн мендейге
Жөөлөшүп бекер тийбегин.
Атышкың болсо аныңды айт,
Сайышкың болсо мунуңду айт.
Мурдадан өчүң бар болсо
Тайсалдабай чының айт.
Алышкың болсо Контокчу
Арманы жок камдангын,
Атыңды токуп жакшылап,
Колуңа найза кармангын.
Зор экен деп сенден мен
Кетенчиктеп калбаймын.
Кармашсаң эми чыккының,
Кереги жок жалгандын.
Болбосо түшкүн жолуңа,
Олжодон берем колуңа,
Карандай жерден чыр таппай
Кайтып кеткин комуңа.
Мен дагы түшүп жөнөйүн,
Муруңку келген жолума,
Жеримде тынч жашайын
Кошулуп теңтуш тобума.
Барып салам кылайын,
Багыш атам зорума. —
Контокчу анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Толтойум, Толтой бекенсиң,
Татыкту сөзгө бекерсиң,
Кыялга келбес ишти айткан
Кыяр кексе экенсин.
Чоң арамза окшойсуң
Мени олжо алат деп,
Түркмөндөрдү чабат деп,
Андай десең аларды,
Ээрчитип өзүң ала кет,
Эсиңе муну сала кет.
Таанышканга берейин,
Алдымдагы сарыкер
Жетелеп муну жана кет,
Көрбөсөң ыраак шаарымды
Бакырган сайга бара кет,
Бастырып барып эринбей,
Ат изинди сала кет,
Атайын барып элиме
Абалымды биле кет,
Сый-зыйнатым сен көрүп,
Камка тонум кие кет,
Ынабасаң эгерде
Марттыгына ийе кет,

Жүз кызыл баш келиптир
Кул кылып бердим иле кет.
Куш салып жүрүп Толтоюм,
Кулдарды таап келди деп,
Атаңа болсун чоң өрмөт.
Багышты билем башынан,
Баатыр чыккан жашынан,
Андай баатыр турганда
Бекерче сага катылып
Мен кайда барып жашынам?
Сен карарсаң караргын,
Мен эрип туруп таанышам,
Өмүрлүк болуп калышам,
Өткөндү ойлоп санасам,
Оң бетиңе карасам,
Оор кетиптир чунагым,
Бечеки кылган тамашаң
Канду душман менде бар,
Керегиме жарасаң,
Караан болгун бир түнү
Кадырлап сизге кат жазсам,
Эрлигиңе көз жетип
Ушунча сөздү сизге айтам,
Көөнүм сени сүйбөсө,
Атымы сага не тартам.
Ар кимге эле сарыкер
Тарта берчү мал эмес,
Тулпарын берер тартууга
Контокчу оңой чал эмес.
Чабышсам бар жарагым,
Көрүнсөм бар карааным.
Таанышып сага калсам деп,
Ошо эле менин талабым, —
Деп ошентип Контокчу
Жуукурлу кептен айтканы,
Атынан түшүп бүгүлүп,
Алдына туура тартканы.
Ушундай кылса бирөөгө,
Кол сайып ийиш кыйын кеп,
Ак көңүл өскөн Толтойум,
Анда туруп муну дейт:
— Болуптур, чалым, болуптур,
Дос болушту коюптур,
Айтарга сага сөзүм бар,
Кулагың түрүп угуп тур.
Тулпарың бердим өзүңө,
Жөө калбастан минип тур,
Камкаң калсын өзүңө.
Жоого барсаң кийип тур,
Чыныгы тааныш сен болсоң,
Айтканымды кылып тур.
Кырк каракчы түркмөндү
Кетирип ийгин элиңе,
Ар качан таңуу болормун,
Кысталып калсаң белиңе,
Чакырганга ырахмат,
Баралбаймын жериңе.
Мен сапарга чыкканы,
Алтымыш ашуун күн болду
Кайтайын эми элиме.
Кол алышып коштошуп,
Күлкүлүү кептен козгошуп,
«Көрүшөрбүз жана» — деп
Кыямат доско окшошуп,
«Куру кетип калба деп,
Катылып элге барба» — деп,
Анда уулаган олжодон
Ак көңүл Толтой бериптир,
Контокчудай ач көзгө
Тойгуча сыйлык болуптур.
Кош болгонсуп Контокчу
Ыракматтан айтыптыр,
Ажырашып эки топ,
Жер жерине кайтыптыр.

Бура тартып эр Толтой,
Бастырып кетти сан колдой,
Контукчудан суратып,
Сур коенду чуратып,
Алты мыкты ат алып,
Олжо мүлкүн арттырып,
Аркан менен тарттырып,
Бол жүргүлө болгун деп
Мергендерин шаштырып,
Толтой жөнөп кетиптир,
Контукчу эми нетиптир.
«Алдабай эми неттим деп,
Толтой бала кеттиң деп,
Арганды эми табармын,
Талабыма жеттим» — деп,
Коркутуп жүрүп түркмөндү
Камангилди көмдүрүп,
Тартып алып аттарын
Буйругуна көндүрүп,
Контукчунун каарынан,
Коркуп турду жалпы жан.

Жүз кызыл баш ээрчитип,
Толтойдун жүрдү артынан,
Ант урганды көрөлү,
Айткан сөзгө көнөбү?
Туюп калат кокус деп,
Үч күндөн кийин жөнөдү,
Өжөрлүгү болбосо,
Ит деп бирөө сөгөбү?

Алдында кеткен эр Толтой,
Көңүлү деңиз кең Толтой,
Кабары жок бул иштен
Кетип барат токтобой,
Ажыдардай сүрү бар,
Алты атка арткан жүгү бар,
Арбын алган мүлкү бар,
Илбирс, аюу, түлкү бар,
Үч күнү жүрүп тынбастан
Будурмакка барыптыр,
Жетип орун алыптыр,
Алты ат жүккө чыдабай,
Алсырап бели талыптыр.
Анда айтат мергендер,
Жедигерден келгендер:
«Кетти түгөл айлабыз,
Унааны кайдан табабыз,
Аттар арып баспады
Келалбады чамабыз,
Жүктүн теңин таштайлы,
Кайта келип алрбыз».
Алар мындай дегенде,
Мындай ойго келгенде,
Толтой айтты мындай деп:
«Шаарга барып кайтара
Келип жүрүш кыйын иш,
Оюңа муну албаңар,
Сарсанаага калбаңар.
Унааны көрүп, мол көрдүм,
Ошол ишти жөн көрдүм.
Мен адырга барайын,
Дем алыңар агайын,
Салып чыгып бир демде
Айдап келе калайын».
Мергендер анда жанданды,
Унааны табат кайдан деп,
Бирок да буга таң калды.
Желип чыгып эр Толтой
Он эки айры бугудан,
Арыгы эмес чулудан,
Отуз бешти айдады,
Солоп жарга камады,
Айтканын кылып азамат
Керекке минтип жарады.
Кайыштан аркан тарттырды,
Бардык мүлкүн арттырды,
Алпурушуп бир күнү,
Жоошутуп бугу күн-түнү,
Эртең басмак болгондо,
Жылдызга асман толгондо,
Контукчу кууп жетиптир,
Булар түшкөн коргонго.
Контукчу доңуз желиптир,
Аңдып аста келиптир,
Бугулар менен кармашып
Чарчашканын билиптир,
Алар уктап калганда,
Коңурукту салганда,
Контукчу билип калыптыр,
Аларга жакын барыптыр,
Суркоен тулпар күлүктү,
Обон соргок бүркүттү
Калтырбастан изини,
Куу тайгандай итини,
Такыр алып Контукчу
Бүтүрдү минтип ишини.
Жоо жаракты алганы,
Мылтыкты көрбөй калганы,
Буйдалбай жолго салганы.

Таң агарып атканда,
Мергендер уктап жатканда,
Толтой тура калыптыр,
Туш-тушка көзүн салыптыр,
Болгон ишке таң калып,
Өз-өзүнө наалыптыр.
Бүркүтү жок аты жок,
Алгыр тайган ити жок,
Алган мүлктөн кичи жок,
Бугулар качып санат жок,
Мылтыктан башка жарак жок.
Кыйналып Толтой турду эле,
Кыйлага көңүл бурду эле,
Контукчунун кылганын
Кылт эттирбей билди эле,
Ачуусу келип карарып,
Толтойду кудай урду эле.

Мылтыгын колго кармады,
Этегин кайра салганы,
Аркасынан эр Толтой,
Жөөлөп жөнөп алганы.
Арышы чоң эр неме,
Айбаты артык зор неме,
Арбыта басып калганы
Чыга калса бир белден,
Көрүнө калды карааны.
Баатыр Толтой бакырды,
Контокчу деп чакырды,
Катуу чыккан үнүнөн
Кызыл баштар шашылды.
Күн күркүрөп жаткандай,
Жаңырык алыс чачылды,
Адыр тоолор кабышып,
Аш бышымда басылды.
Толтойдун үнүн укканда,
Контукчу кайра качырды.
Бүркүттү таштап жиберип,
Контукчу келди имерип,
Жөө басып жүргөн Толтойдон,
Калар жер жок ийменип,
Контукчудан корккондон,
Кызыл баштар кыйкырып,
Алар да келет сүйрөлүп.
Оңго тартса ишиңиз,
Курчуй түшөт мизиңиз.
Ишиң оңго өөрүлсө,
Терс айланып оңдолот,
Тетир ишиң оң болот,
Жок жерден сара табылып,
Жөлөнгөн тооң зор болот.
Жакындап жоолор келгени,
Эр Толтой белди ийбеди.
Суркоен туюп кошкуруп,
Сегизин кошо сүйрөдү.
Алы келбей алардын,
Бошондуруп ийгени.
Суркоен качып түйүлүп,
Шамалдай жиреп жүргөнү.
Жүгүргөндө жаныбар,
Эки тизгин бир чылбыр
Учу жерге тийбеди.
Бар жаракты бул атка
Артып алган болучу,
Боосу менен чырганын
Тартып алган болучу.

Суркоен тулпар бат келди,
Бар жарагы бүт келди,
Контокчу жетип келгиче,
Толтойго тулпар ат келди,
Дароо жарак шайланып,
Баатыр Толтой шарт минди,
Такыр кылып туралбай,
Контокчуга тап берди.
Аңгычакты артынан,
Куу тайган келип жеткени,
Жеткен жерден арылдап,
Катуу тийип өткөнү.
Сарыкерди борбуйдан,
Чыңырта тиштеп алыптыр,
Таманы жерге тийбестен,
Саландап тайган калыптыр.
Ага чейин эр Толтой
Качырып найза салыптыр,
Кеткендиктен алдырап,
Найзаны жаза сайыптыр.
Шашканы эмей эткени,
Толтойдун сайган найзасы
Төбөдөн алыс кеткени.
Эми Контукчу найза туштады.
Сарыкер удул учканы,
Мелжеп келген Контукчу
Толтойго найза муштады,
Күрөкөгө тепчилип,
Тартса да найза чыкпады,
Кабылан Толтой ошондо
Төбөгө балта салганы,
Туруштук туулга кылалбай,
Талкаланып калганы,
Жылаңбаш калып Контокчу
Кетип барат шайманы.
Кайрылып Толтой аңгыча,
Как бөйрөккө сайгыча.
Алдындагы Суркоен
Ала качып айт коюп,
Өтө берди шарт коюп.
Күлүктүн оозун тарткынча,
Күүлөнгөн күүсүн жазгыча,
Сарыкер менен аргытып,
Найзасын булгап каргытып,
Дагы жетти Контукчу,
Далбандатып колтукту,
Күркүрөгү камандай
Кудай ургур укмуштуу

Тим адамга кас болгон,
Жоо сайганга маш болгон.
Қак соорго Толтойду
Қатуу найза муштады,
Толмоч келген Толтоюм
Бир сайуудан чыкпады,
Тоголонуп атынан
Тоңкоюп жерди жыттады.
Қонтокчунун Сарыкер,
Саал камчыраак мал эле,
Эти кызып алганда
Алып качмайы бар эле.
Жагалмайдай түгөнгүр,
Илгир өскөн жан эле.
Оозу катуу ат экен,
Жүгүргөнү шаш экен.
Ооздук тиштеп алыптыр,
Башын жерге салыптыр.
Қунан чабым кергүүлдөп
Алып кетип калыптыр.
Тоңкойгон Толтой туруптур,
Найзасын кумдан сууруптур,
Ачуу каптап беденин
Абыдан кудай уруптур,
Намысына чыдабай,
Муруттарын жулуптур.
Қарай калса чамына,
Суркоен турган жанында,
Ителгидей серпилип,
Ыргып минди атына.
Қонтукчуну качырды
Қылчайбастан артына.
Суркоен тулпар зыргыды,
Туягы жерге мылгыды.
Ана-мына дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Сарыкер оозун тарткыча,
Башын ала качкыча,
Оңдоп кармап балтаны,
Ойрон Толтой барганы,
Қонтукчуну чокуга,
Кериле бирди салганы.
Мурун эле жоголгон
Туулга менен калканы,
Балтанын мизи тийгенде
Башынан чыкты далдалы,
Балтаны сууруп алганда
Мээсинин ыргып талканы,
Тоодой болгон Қонтокчу
Атынан кулап жалпайды.
Талаада калды өлүгү
Жайылып ташка талпагы.
Қош болгондон мергендер
Қудайлашып алкады.
Жүз кызыл баш жоокердин,
Жүгүнгөнүн сак койду,
Қачкандарга ат койду,
Қаршы чыкса сулатты,
Қабыргасын кыйратты,
Алдуусунган кээ бирөөн
Чалкасынан кулатты,
Қачырбастан бирөөн да
Қайран Толтой жыйнатты.
Аман-эсен калганы
Аркардай көзү жайнады.
Аттарын олжо алышып,
Өздөрүн жөө айдады.
Насаат кептен айтышты
Эки мерген эр Толтой,
Көп олжо менен кайтышты,
Эл журту менен көрүшүп,
Эркинче булар жатышты.

ТОЛТОЙДУН БААТЫРЛЫКТАРЫ

КОРУНКЫРДАН ОЛЖОНУ КҮТКАРУУ

Контокчуну сулатып,
Кутчуларын чубатып,
Айлына келип тынч жатып,
Элин коргоп чукташып,
Жедигер байып дүркүрөп,
Жыргалга тегиз бүт батып,
Жерине батпай малдары
Жайлап-күздөп кышташып,
Бала баатыр Толтойдун.
Барганча наамы из басып,
Карыса да Багыш кан
Калкына коргон кут басып,
Көз кызарткан жоолору
Келалган жок тушташып.
Арадан күндөр өтүптүр,
Айланып жыл жетиптир,
Аралап Толтой кезиптир,
Жети суунун четинде.
Бир айылга келиптир.
Ал айылда бир жигит.
Отуруптур кеп салып:
«Мен Ошко бардым деп салып,
Ошто кыргыз эл экен,
Көбүн калча дээр экен,
Кашкар жакты башкарган
Карезги деген эр экен.
Өзү калмак элинен,
Өмүрү өтүп кеткиче.
Кыргызга кас неме экен,
Күчүнө толгон кеги экен,
Көргөндү булап жейт экен.
Ошту чаап баратып,
Жетисууда жедигер,
Бир күнү чабам дейт экен.
Жедигерди Карезги.
Качан чабат экен деп,
Ошто ошол кеп экен.
Орою жаман доңуздан,
Эл коркору эп экен,
Жерибизге кокустан.
Карезги келип калабы,
Жыргап жаткан эл элек
Кыргынды бүгүн салабы.
Келип калса Карезги,
Жедигер кетет амалы,
Багыш баатыр карыды,
Жаш кезде болбой чалыды,
Айлабыз кандай болоттур.
Душманга болбос жагынуу».—
Деп ошентип элдерге,
Айылчылап келгенге.
Алиги киши кеп салат,
Алыбыз мүшкүл деп салат.
Аны угуп жаш Толтой,
Ал кепке көңүл бурады.
— Качан чааптыр Ошту деп?
Алдырап андан сурады.
Кеп салган киши бек айтты.
«Ошко келген Карезги.
Келелек азыр деп айтты.
Чааптыр Ошту жакында,
Талаптыр буюм атын да.
Эркегин сабап боздотуп,
Айдаптыр талаа каакыга.
Азапты мыктап салыптыр,
Абышка, бала, катынга.
Атактуу бай Ош шаары
Айланыптыр жакырга.

Шаарда туруп Карезги,
Кылганынын бары эски.
Ар күнү булап мал-мүлктү
Жөнөтөт экен жерине,
Ашепке кордук салыптыр.
Тынч жаткан Оштун элине.
Сабайт экен жүнгө окшош,
Ким кирбесе кебине.
Адам көрбөс кордукту.
Жеткириптир чегине,
Кыргызга баштан өч экен
Байкаса иштин тегине».
Алиги киши кеп айтты.
Оштуктар талан деп айтты
Чыныгы абал шол эле,
Ашырбады, эп айтты.
Кебин айтып бүтүрдү,
Кужулдап элдер олтурду.
Кеп салган тиги жедигер.
Тааныбайт экен Толтойду.
Тааныгандар күдүрөп,
Эстери чыгып бүжүрөп,
Кеп салганды тилдешип,
Түпкө жеттиң сен дешип,
Сакалың жок баласың,
Жок жерден кепти табасың,
Багыштын уулу Толтойго,
Байкабай параң саласың.
Барамын деп калмакка,
Баскын десе аскерге,
Балаага башың каласың,
Сен анда баанаңы кайдан
табасың?
Атыңды башка каттатат,
Бизди да койбой кактатат.
Айдап алып алдына,
Качпайсың деп жоолордон,
Касам берип жаттатат,
Анды-чөлдү аттатат.
Анда кандай кыласың,
Азапты башка шактатат.
Кеп кылбай эле койбойсуң,
Сенин керүүдө малың сак
жатат.
Азаматтын ичине,
Ээр, жүгөндүү ат батат.
Бир катындын кардына,
Бир кара баш сак батат.

Кепти байкап кылбайсың,
Карап тур, өзүң ыйлайсың.
Барамын десе Толтойду
Кой деп айтар кишчи жок,
Айдап алат эрк бербей
Өлүм менен иши жок.
Деп тилешип калышты,
Коркунуч кепти салышты,
Кери болбой аларга,
Кекейте тартып чалышты.
Оюна алды эр Толтой
Карезгиге барышты,
Бура тартып эр неме
Бургутуп жолго салганы,
Бир кишини жүр дебей,
Жалгыз кетип калганы,
Жазганбаган жаш арстан
Жаалына катуу алганы,
Эрикпей жалгыз жол жүрүп,
Ошко жетип барганы.

Эл четине киргенде,
Созултуп чаңды жиргенде,
Көргөндүн баары зыркырап,
Колтукта бала баркырап,
Карезги келген окшойт деп
Каадасынча жол чардап,
Такыр кырып кетет деп,
Калайык ыйлап чал ыйлап,
Айласын таппай тамтырап,
Эсинен тайып алсырап.
Абайлап Толтой байкаса,
Бир жерде бир топ жан турат.
Барып Толтой кеп баштайт,
Коркпогула деп баштайт.
Мени көрүп көпчүлүк
Кебетеңер бузулуп,
Качмакчы болуп кутулуп,
Оң-тескери бастыңар
Тондорунду кумтунуп,
Кишиден коркуп ыйлаган,
Мунуңар кандай чуутурук?
Толтой сурап калганда,
Сылык сөз айта салганда,
Анда бирөө кеп айтты,
Ызаатын кылып ылайык,
Атыңыз ким деп айтты:
«Сурадың жигит атымды,

Билип ал түпкү затымды,
Эр Багыш аты атамын,
Коногу эле саканын.
Өзүмдүн атым жаш Толтой,
Жедигердин жеринен,
Жоо издеп келе жатамын.
Элимде жатсам жайма-жай
(Бет алып душман барбагай)
Кашкардагы Карезги
Жүрүчү жолун тандабай,
Оштогу кыргыз тууганды
Чаап алды деп уктум,
Быркыратып чалмадай.
Эр жигит жөн жатарбы,
Эл үчүн күчүн арнабай.
Калмактын угуп кабарын,
Карезги издеп барамын.
Катылышкан өзүнчө
Карезгидей эменин
Кашайта көзүн чабамын,
Коондой кардын жарамын.
Кор болгон Оштук элимди
Куткарып андан каламын,
Катылган калмак башына
Кара түндү саламын.
Кеткен болсо Карезги,
Кашкарга чейин барамын.
Атым Толтой эр туруп,
Кек албай кантип каламын.
Катылышкан капырдын,
Карезгидей жакырдын,
Айласын өзүм табамын.
Оштогу элди куткаруу
Ошол бир менин талабым!
Карезги чапкан кайсы жер,
Кар болгон элиң кайсы эл.
Атымды менин сураган,
Ай, жигит, тезден айтып бер».
Анда жигит мындай дейт:
«Ошол турган Ош жери,
Жердеген кыргыз биз эли,
Баатыр Манас барында
Бастырып душман келбеди.
Кабылан Манас өлгөнүн,
А дүйнө жүзүн көргөнүн,
Жетим калып баласы
Темиркандын шаарына
Тентип кетип жүргөнүн
Карезги доңуз билгенби,
Кара нээтке келгенби.
Кашкарда туруп өкүмсүп.
Былтыр киши жиберди,
Биздин кыргыз чогултуп,
Арбын малды бир берди.
Узатып калмак элдерин,
Салык сурап келгенин,
Оштун эли кеңешип,
Оюна акыл теңешип,
Таласта жаткан бектерге,
Абыке, Көбөш эрлерге,
Кыргыл чал баштуу теңдерге,
Карыя Жакып канына,
Кат жазып анын барына
Баргын деп мени жумшады.
Оштуктун көөп күрсагы
Жумшаганда мен бардым,
Элдин катын алпардым,
Табалбай издеп хандарды,
Таласта беш күн сандалдым.
Таап бердим катымды,
Такыр айттым арзымды.
Көргөн-билген уккандан
Калтырбадым дартымды.
Абыке, Көбөш кыргылдар,
Кык этишип койгон жок,
Кеп кылган адам болгон жок.
Кебиме көңүл бурбады,
Кайгырып бирөө турбады.
Алалбай жардам ал жерде,
Үмүтсүз кайттым бул жерге.
Ошону калмак угуптур,
Кудай чындап уруптур,
Суур жеген бул доңуз,
Нээтин башка буруптур.
Алты миң адам жыйыптыр,
Аттан ылгап миниптир,
Үстүнө зоот кийиптир,
Отуз күндүн алдында
Ош шаарына кириптир,
Бейкут жаткан бул элдин
Туш-тушунан тийиптир,
Бүлдүрө чаап кыргызды
Жонунан кайыш тилиптир,
Арбын дүйнө, көп малды
Олжо кылып ийиптир.
Аңгычакты бирөөдөн,

Угуп калды бир кепти,
Жеңе төгүнбү, чын кеппи.
Контукчуну адырда
Кыйратты Толтой дегенди,
Камангелди катарлаш
Эсебин колго бергенди,
Талпагын ташка кергенди.
Ошол кепти укканы,
Кете турган Карезги
Кетпес болуп чыкканы.
Толтой сага барганы,
Даярдык кылып калганы,
Камынып жатат бул кезде
Түйшүктү абдан салганы,
Жоготуп сени көзүнөн
Жедигер басып алганы.
Түтүнгө үйдү ыштатты,
Ичибизди сыздатты.
Талап алып мал-пулду
Колубузду кыскартты.
Оштон алган олжону,
Кашкарга кечээ узатты,
Каршылык кылган жан болсо,
Каратып туруп көзгө атты.
Сурасаң дайнын ушул кеп
Ошто турган биз жакты».
Кыл муруту жергелеп,
Жаңы чыккан эр Толтой
Башынан өсүп эркелеп,
Жаңы чыккан шер Толтой:
«Жабыраган жаш жигит,
Жапа кайрат мас жигит,
Турсаң дагы өлөсүң,
Өлбөсөң кордук көрөсүң,
Атың болсо мингиниң,
Тонуң болсо кийгиниң,
Ашапке себеп көрсөтпөй
Артыман менин киргиниң.
Калмактан кабар алалы,
Акмалап жолду чабалы,
Калган элди дүрбөтпөй,
Экөбүз эле баралы.
Жолун тороп жоолордун
Жолтону чындап салалы,
Кашкарга кеткен олжону,
Ажыратып калалы.
Жиберген дүйнө малдарын,
Алдына алып келейин,
Андан кийин чоңунун
Адебин колго берейин,
Минип алып төшүнө
Жөө чычан салып желейин.
Калмак деген элдейби,
Карезги шончо эрдейби.
Таландагы олжоңду,
Толтой алды дегенде
Энтелеп өзү келбейби,
Жетисуу көздөй жүрбөйбү,
Амандын кара шоруна,
Алактап барып кирбейби.
Суусуз чөлдө аларды,
Кармап алып ийлейли,
Жалынтып андан сурайлы
Тиеби жана тийбейби.
Шаар ичинде катылсам,
Баш көтөргөн кыргыздын
Баарын кырып ийбейби?
Жаманатты боломун,
Жакыр атка кономун,
Эл четине чыгарып,
Андан кийин союмун,
Элик алган бүркүттөй
Талпагын көккө чоёмун.
Каңгыраган калмактын,
Катылган бекер акмактын,
Канына мыктап тоёмун.
Айтканымды кылбасам
Кандай адам боломун.
Узап малы кетпесин,
Кошоматчы бар болуп,
Кабар айтып жетпесин.
Капыстан тиер олжонун
Жолуна кумду сеппесин.
Мен кайда болсо урушам,
Кындан кылыч суурушам,
Бир кишиче турушам,
Билектешсе жулушам,
Кийген тонду булушам.
Найзакермин, сайышам,
Өлгөнчөлүк тайышам,
Өлбөй кантип калышам.
Аттуу болсо алышам,
Аянбай балта чабышам,
Чокмор менен салышам,
Чоюшуп жака кармашам,
Мылтыкташсам атышам,

Кыйын болот кыргызга
Шаар ичинде урушсам.
Таштап жигит сен баргын,
Оштон жыйган мал-пулун,
Алып келе калайын.
Ар кимдикин өзүнө
Таратып бере салайын.
Санаасын элдин тындырып,
Салттуу иштен кылайын».
Деп күркүрөп эр Толтой
Толкунданып сүйлөсө,
Буркулдап желди үйлөсө,
Оозунан чыккан түтүнү
Көөрүктүн жарым отундай,
Толтойдун жайы ушундай,

Кеп сураган жаш жигит,
Мындай ишке маш жигит,
Артайылын бекитти.
Аргымагы кас күлүк,
Ал жерде турган көпчүлүк
Аманат жандан шекшинип,
Катылышса калмакка
Кантер экен дешишип,
Толтой менен жаш жигит
Турбады булар кечигип,
Толтойдун аты Суркоен,
Токтобой турат секирип.
Толтойлор жетип келген жер,
Кара шоро деген жер,
Он сегизде Толтойун
Өзү баатыр кеменгер,
Кеменгер эмей неткени,
Алышкан алы жетпеди,
Он жетиде жашында
Кызылбаштын Контукчу,
Кырк каракыч Камангил
Катары менен тепседи.
Жоодон качар неме эмес,
Качар болсо эр эмес,
Атасы баатыр Багыштан
Албууттугу кем эмес.
Желе-жорто бастырып,
Буртулдатып чопону
Төбөдөн арта чачтырып,
Топурагын сапырып,
Узатып нйбей олжону
Жетемин деп шашылып,

Карааның көрсө ыйлаган,
Калкты жаман кыйнаган,
Калмакты ойлоп ачынып,
Катуу жөнөп баратат,
Кара жерди жадатат.
Бара жатса бөксөдө
Он беш киши келатат.
Барысы кийген көрөкө,
Ар бири бар бир дөбө,
Күчү жетер көрүнбөйт.
Жүз киши да бирөөнө,
Жүрөксүз киши жолукса,
Жүрөгү чыгып кабынан
Келгиндей эмес бүдөөгө.
«Ким экенин билгин, — деп,
Көп кечикпей келгин, — деп
Жанындагы жигитти
Жиберди Толтой желгин», —
деп.
Ал дагы мыктуу бала эле,
Ар кандай жоодон ийменбейт.
Кайкы белес, тик анда,
Жаш жигит жетти аларга,
Барып кебин баштады
Оозу келбей саламга.
«Жолоочулар, жол болсун,
Жорусам барың чоңдонсуң,
Кебетеңер башкача,
Кеп уксам кайсы зордонсуң?
Коркутчудай кишини
Кез болуп жолду торгойсуң.
Барасыңар кай жакка
Шашып деги болбойсуң?
Анда бирөө кеп айтат,
Асталабай бек айтат:
«Шапылдаган жаш бала,
Саламың жок аз гана.
Шашып кепти сурайсың,
Капыстан чыгып кеп сурап,
Каадага көңүл бурбайсың,
Сурасаң биздин жайыбыз,
Калмактын күйгөн шамыбыз,
Карезгидей баатырдын,
Болобуз досу баарыбыз.
Кыргыздан алган мал-пулду,
Жөнөтүп ийип келгин деп,
Жиберген эле канчыбыз,
Кең Кашкар болот жеребиз,

Уксаң ушул кебибиз.
Ким болосуң сен өзүң,
Тегиңди айтып бериңиз?»
Коркпос жигит кеп баштайт,
«Кыргыз болом, — деп
баштайт,
Жедигердин Толтою,
Силерге жете барам, — деп,
Олжону алып калам, — деп,
Тигине жетип келгени.
Ыраактан көрүп силерди
Ким экенин билгин деп
Атайын мени жиберди.
Жооптошуп өткөнү,
Жумушкерде өлүм жок,
Кимдигиңди билемби?!» —
Деген сөздө токтолду,
Аты ыргыштап октолду.
Ошондо алар ичинен
Чотмок деген бар экен,
Каарлуу кыйын жан экен,
Кыямына келгенде
Карезгиден зал экен.
Анткен менен Чотмоктун,
Ичи жаман тар экен.
Баатыр Толтой дегенде
Ардыгып калган чагы экен.
«Жумушкер бала, кайтып бар,
Толтоюңа айтып бар,
Бекерче бизге катышпай,
Кетип калсын кайтып шар.
Элине барып Толтоюң,
Жан соогалап каларга
Маа камдасын тартуу мал.
Аткарылсын айтканым,
Мага берсин капканын
Аябасын бар пулун,
Элден жыйнап мал алсын,
Абыке менен Көбөштөй,
Анан жатып жай алсын,
Тизе бүгүп шаң алсын.
Катышса эгер Толтоюң,
Жедигердин кыргызын,
Талаадан тарпын таап алсын.
Тең болом бизге дегиче,
Толтоюң этек жаап алсын.
Толтойго барып айткын», —
деп,
Чотмок айтты кыйла кеп,
Кайта бала бурулуп,
Саргарып өңү кубулуп,
Түрпөтүн көрүп булардын
Заманасы куурулуп,
Кең дүйнөсү тар болуп,
Баланын башы маң болуп,
Кайта келди чаптырып,
Бети-башы чаң болуп.
Атынын оозун жыйбастан,
Азыраак токтоо кылбастан,
Толтойго келип кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Жумшадың, баатыр, мен
бардым.
Айтканыңды кеп салдым,
Такыр калмак эл экен,
Эли эмес, беги экен,
Карезгинин ишеничтүү
Баатырлары теги экен.
Каарына таң калдым,
Какарына кармалдым,
Бирөө мага кеп айтты:
«Атым Чотмок, — деп айтты.
Кабызет кылып Толтоюң
Катышпасын мага дейт,
Баланын иши чала дейт.
Жилигин чагып таштаймын,
Найзага башын аштаймын.
Андан көрө Толтоюң
Элине кайтып барсын дейт,
Алдыма тартуу салсын дейт,
Кандыгы анын бузулбай,
Жедигерде калсын дейт.
Жумушкерим кайткын дейт,
Толтоюңа айткын дейт,
Дагы баатыр менден көп,
Эндиреймин сендеп көп.
Бар жарагы кыл экен,
Бары тегиз тың экен,
Байкабай туруп катылсак
Баштан аяк чыр экен,
Калмактардын балбаны
Кыйындыгы чын экен.
Артын жакшы байкаңыз,
Акылды абдан чайкаңыз,
Калбады эми менде кеп,
Калганы эми сенде кеп».

Баладан угуп бар кепти,
Баштамак болду эр Толтой
Калмактарга дүмөктү.
Доолбасты карс уруп,
Суркоен башын шарт буруп,
Ыргап кармап найзаны,
Ыргыштап учуп барганы,
Калдайып турган калмактан
Качып Толтой калбады.
Алдындагы сур атты
Камчыланып алганы,
Кайран Толтой шаңданып,
Алчыланып алганы,
Катар турган он бешин
Качыра сайып калганы,
Качырса Толтой умтулуп,
Калмактар назар салбады.
(Кыргызды алган коркутуп,
Кыйынбы деп ал дагы)
Кыргыйдай жарып өткөндө
Ошондо чочуп калганы,
Коржоңдошуп найза алып,
Котолошуп жардады.
Чотмок деген эмеси,
Четке чыгып алганы,
Чыкпаганда неткени,
Салгылаша кеткени,
Сапырып ийчү эмедей,
Кутурган калмак жеткени,
Шайдоон баатыр Толтоюң,
Тоодой болгон Чотмокту
Тоңкойто коюуп өткөнү,
Топого башы чөктү эми.
Такандап кайра турганча,
Белиндеги айбалта
Сууруп алып аңгыча
Чыкыйга чаап өттү эми,
Мээсин жерге чачтырды,
Малык дозок пирине (11)
Чоң Чотмокту тапшырды.
Калмактар чочуп шашылды,
Кутурган пейли басылды,
Арасынан да бирөө
Аңыраңдап качырды.
Кайран Толтой канетсин,
Калмакка найза сайдырбай,
Анын да шорун катырды,
Ажалы тарткан ал экөө
Толтойго бекер катылды.
Калган он үч калмагы,
Бири туруп албады,
Жекелешип барбады.
Калбай баары жабылды,
Кармоого көптөп камынды,
Күрмөгө келбей бирак да,
Катарлап башы чабылды.
Баатыр Толтой найзасы,
Бир-бирлеп ичке сайылды,
Жабылып келген калмакка
Жалпы өлүм табылды.
Оштон барган жаш жигит
Ат жыйноого камынды,
Калмактын жыйнап өлүгүн
Аягына от койду,
Майлары агып шыркырап,
Алоолонгон от болду,
Дөбөдөй он беш зор калмак
Күл болуп баары жок болду.
Толтой жигит болобу,
Күлүктөр жолун тороду,
Кармап он беш күлүктү
Бир аскага солоду.
Белги кылып туу койду,
Буйдалбай баатыр эр Толтой,
Калмактардын артынан
Кашкар жакка чу койду.

Таң аткыча жол жүрүп
Токтобостон мол жүрүп,
Жете келди эр неме,
Көк Арт ашуу дегенге.
Бул кор чочко Карезги
Кара малдан аз алган,
Калганынан таза алган.
Алтын, күмүш, буулумдан,
Андай эчен буруудан
Бир миң беш жүз атанга
Сылай артып жүк алган.
Тобурчак чалыш аргымак
Күлүктүн саны алты жүз,
Айдаган жылкы санаты
Араң бир миң эки жүз,
Жолоочуга жол бербей,
Жайнап барат секи-түз.
Чөп саргайып келаткан
Ошол убак кечки күз,

Ат айдаган, төө тарткан
Адамдын санын санасаң
Карк эки миң тогуз жүз,
Караанын көрсө алардын
Кара жанга келер күч.
Баштап жүргөн аларды,
Коңурбайдын иниси,
Коронкир деген кара жүз,
Кол салышкан адамды
Көз ачкыча кылар түз.
Коңур менен жатындаш,
Жатса-турса акылдаш,
Кара нээтке келгенде
Жүрөгү-боору такыр таш,
Балбандыгы жагынан
Акесине чатымдаш,
Анткен менен капырдын
Жел көкүрөк, акыл аз,
Оргадан* келип бул доңуз,
Жер-сууга батпай кутуруп,
Ошто жаткан кыргызга
Карезгини тукуруп,
Кеп үйрөтүп эп келген,
Баштап жүрүп алып келген.
Карезги турган тек жери,
Кашкар да эмес, чет жери.
Кашкардан наркы бир чети,
Агала тоонун бер чети,
Сарыколдун сыртына,
Топоз багып жердечү,
Топосун багып Коңурдун
Маяна алып пул жээчү.
«Кайраттуу» деп Карезги,
Топозго Коңур келбечү,
Ал кезекте Кашкарды,
Кыргыздар сурап бербечү,
Кашкар бекер жердечү.
Ажал айдап ал сапар,
Коронкир келип жөн кетпей,
Тынч жаткан элди селдетпей,
Ошту келип чаптырып,
Алтын, күмүш арттырып,
Аргымак чалыш айдатып,
Келе жаткан жардатып,
Караанын көрүп ыраактан
Кайран Толтой чыйрак жан.
Кармашары жок десе,
Кара боюн чыйраткан,
Көзү көрө салганды
Карап турбай бир аздан,
Кайраты ташып боюна,
Доолбас уруп быяктан,
Жез доолбас кагылды,
Тоо арасы жаңырды,
Жүрөктөрү «болк» этип,
Калмактын кээси чаңырды,
Тууradан чыгып эр Толтой,
«Токтогун!» деп бакырды.
Жүгү оор кээ төөнүн,
Жөөлөргө салды жабырды.
«Жүргүн жигит жүргүн! —
деп,
Ким экен башчы киши,
Жооптошуп келгин» — деп
Жаш жигитти чаптырды,
Тегеле жаман шаштырды.
Он бешти Толтой бир сайган,
Опол тоодой эр сайган,
Он беш атты олжо алган.
Аны көргөн жаш жигит,
Көңүлү өскөн мас жигит.
Жалтанарда эмне иши,
Жан аябай желиши,
Коронкирдин алдына,
Коркпой жетип келиши.
Таазим кылбай калмакка,
Тамтандаган акмакка,
Эл талаган бейбашка,
Коронкирдай тел башка,
Келе калып кеп айтты:
«Жиберди Толтой—деп айтты,
Астараак эмес бек айтты.
Сени узатып жанганда
Чотмогунду баш кылып,
Он бешти сойду, — деп айтты.
Баатыр Толтой келейтат,
Сага буйрук кеп айтат,
Олжо алган бар малды,
Арткан буюм зарларды,
Таштап кетсин деп айтат.
Берерге көзү кыйбаса,
Бетпактыгы сыйбаса,
Ажал кылып жакадан
Алам деп жанын кыйнасын,
Келе калсын мага дейт,
Көрсөтөмүн ага дейт.

Бай жумшаса баргын деп,
Келбесем болбойт мунум эп.
Элчиде экен сөз айтмак,
Жашырбай кепти түз айтмак».
Жаш жигит айтып ийгенде,
Коронкирдин кулакка
Кеби катуу тийгенде,
Эмне дээрин билалбай,
Тили келбей күрмөөгө,
Туруп калып бир демге,
Буруп айтты бул чочко,
Булкунуп бачым жүрдү эле,
Билегин өөдө түрдү эле.
Күрөөкү, зооту кийилүү,
Жоо жарагы боюнда,
Жай-жайына илинүү
Кара бою катуу күч,
Каарына калып кара жүз,
Колундагы күрсүсү
Патман саны тогуз жүз,
Опколжуп урса кара таш
Ушаланып болор түз.
Каралыгы кармады,
Карап туруп албады,
Күркүрөгү баш жарып
Качыра жөнөп калганы,
Солкулдатат жер-жанды
Бул айбандын салмагы.
Кыйла кылат Коронкир,
Кырчын бала Толтойду,
Көмө чаап алганы,
Азыркы күндө Толтойдун
Андан өөдө арбагы,
Толтойду көздөй бет алып,
Токтобой калмак барганы,
Тездигинен атынын
Тегерегин айланды,
Кеп-сөз менен иши жок,
Кесиеттүү бул калмак
Аянып калар жери жок,
Кебетеси дөбөдөй
Чоңдугунун эби жок,
Эр Толтойду качырды
Бир ооз айткан кеби жок.
Эз күчүнө ишенип,
Өлүм жактан шеги жок,
«Кыргыз» десе Коронкир
Жүрөгү жалын, боору чок,
Качырып жакын келгенде
Кайратынын чеги жок.
Көтөрө калды күрсүсүн,
Кыйынын көр күчүнүн,
Бир чапканда Толтойду
Чыгарам деп күкүмүн,
Көргөн киши таң калат.
Оозунан чыккан түтүнүн.
Өжөрлөнүп алганы,
Өктөмсүп калмак барганы,
Карап турган жигиттин
Калбады коркуп жан-маны.
Күркүрөгөн Коронкир,
Күрсү менен Толтойду.
Как чыкыйга салганы.
Шилтеген күрсү тийгиче,
Башын жарып ийгиче,
Шамдагай Толтой канетсин
Найза менен карыга
Астыртан муштап ийди эле,
Күүлү найза Толтойдун
Кар жиликке тийди эле,
Жиликке найза жеткени,
Коронкир капыр неткени,
Колундагы күрсүсү
Жерге түшүп кеткени.
Кара жандан безгени
Турбады жана камынды,
Найзаны колго алууну,
Көрөсөн Толтой эренди
Кыял кылат Коронкир
Көмө сайып салууну,
Жалгыз келген баланы
Камындырбай чалууну.
Ангыча Толтой турабы,
(Алгырдын бири бу дагы)
«Зооту жок жери ушу, — деп
Болжолдуу жерин сынады.
Болсо дагы жука», — деп
Көөрөгө найза урганы
Коронгирди камынтпай,
Капыстан найза кынады.
Көөрөгө найза илинди,
Эрдиги Толтой билинди,
Ошол урган найзасын
Сөөгүнө жетип кийирди.
Чыдай албай Коронкир
Чыңырып ылдый ийилди.

Көсөм Толтой экенин
Жаш жигит көрүп сүйүндү.
Күрөө тамыр кыйылды.
(Калмакка салды кыйынды)
Көөдөнү ылдый салалап,
Көбүк кандар сыргыды.
Көкжал Толтой турбады,
Калмакты канга чыктады,
Тартып алып найзасын
Кулак түпкө муштады.
Коронкир жайы табылды,
Кулактын бези жарылды,
Кулап аттан жыгылды,
Талпагы ташка жайылды,
Калган калмак Толтойго
Жан аябай барысы
Жайылды түгөл жабылды.
Жабылганга болобу,
Барын Толтой сойгону,
Кол салып кирген калмактан,
Тирүү калган болбоду.
Мына шонтип эр Толтой,
Куткарып калды бир өзү
Калмактардан олжону.
Кыргыздын көөнү токтоду,
Олжонун баарын топтоду,
Аргымак ат, атан төө,
Арткан алтын дүйнөнү
Артына кайра козгоду.
Бүлдүргүчө калтырбай,
Бир-бирлеп Толтой жоктоду.
Өлбөй калган калмакка
Төө тарттырып аларды
Кайта айдап бармакка,
Жаш жигитти баш кылып,
Чачылган малды бүт жыйып,
Кайта тартып жүрдү эми
Калың мал жайнап дүрбөдү.

Ошко жакын барганда
Үч күндүк жерге калганда,
Шаарга кирип барбастан,
(Убадасы бар баштан)
Акылдуу туулган эр Толтой
Баштан курган долборду,
«Эл жок жерде кармашсам,
Антпесем атым нетет, — деп,
Эл кырылып кетет» — деп,
Жедигерди бет алып,
Башка жолго бурулду,
Карезгидей канкорго.
Алдоо тузак курулду.
Атты айдатты жол менен,
Төө тарттырды чөл менен,
Кирди төөлөр чөгүнө,
Кара шордун чөлүнө,
Бурулуп Толтой жөнөдү.
Улуу жолдон бөлүнө.
Каз канат болуп жээгинде,
Алтындар төөнүн өөгүндө,
Кууп келсе Карезги
Кадемин анын катырмак,
Баатыр Толтой көөнүндө.
Төө жетелеп, ат айдап,
Коркконунан бат айдап,
Келе жаткан калмакты,
«Калбай баарың кайт, — деди.
Карезгиңе айт, — деди.
Коронкирди баш кылып,
Чотмогунду шаштырып,
Көзүбүздү жаш кылып
Койбой кырып салды де
Олжоңду Толтой алды де
Элимен эми кетем, — деп,
Жедигер көздөй шашты де.
Катуулап айтам сиздерге,
Кулак бургун сөздөргө,
Өлгөн менен эр Манас
Баатыры бар кыргыздын,
Элинин кунун издээрге,
Эси болсо Карезги,
Катылбасын биздерге.
Абирин сактап жөн кетсин,
Өз жерине сак жетсин,
Тынч жаткан элди бүлдүрбөй,
Түндөсү турбай бат кетсин!
Акылы болсо ойлосун,
Салмагы бар бул кептин,
Укпаса эгер насаатты,
(Анын ачкөздүгүн таза артты)
Канчалык эле кыргыз деп,
Кадимки Оштун шаарындай
Саламын десе азапты,
Карезгинин жерине,
Баштаймын өзүм казатты.
Карезги доңуз эмне үчүн,

Тынч жаткан кыргыз элине
Тийишип келип таш атты,
Тийишем десе кармашсын,
Коркуп андан калбасмын,
Элдешем десе аны айтсын.
Артынан кууп барбасмын,
Бекерче элге катылса,
Тынччылык жолдон тайбасмын.
Кетүүчү жолум жашырбайм,
Кара шор аттуу чөл менен
Кетемин жолдо шашылбай», —
Деп ошентип эр Толтой,
Калмактарды кетирди,
Катуулап сүйлөп жекирди.

КАРЕЗГИ МЕНЕН КАРМАШУУ

Калың төөнү жардыртып,
Аттарды катуу айдатып,
Кара шордун чөлүнө,
«Жалгыз булак» дегенге,
Ылдамдатып жеткирди,
Күндүз өтүп, кечкирди.
Кара шордун узуну,
Он беш күндүк келүүчү,
Ага кирген адамдын
Эдебин колго берүүчү.
Он эки күндүк туурасы,
Сербейип өнгөн чөбү жок,
Же чөөт-мөөт көлү жок.
Ортодо жалгыз булактан
Ошондон башка суусу жок,
Карга-кузгун чуусу жок,
Же каркылдап учкан куусу
жок,
Ушундай кыйын жер эле,
Азапты тартыш эп эле.
Кара шордун чөлүнө
Кылайган жалгыз жан келбейт,
Азгашып кирсе ал жерге
Кутуларга шай келбейт.
Киргендер бар, чыккан жок,
Кыямат өзү бир жер дейт.
Чөлдүн мындай экенин,
Багыштан Толтой угуптур,
Айлага көөнү тунуптур,

«Карезгини бул чөлдө
Катырайын шорун» — деп,
Нээтин ага бузуптур,
Ээлеп жалгыз булакты
Жатып Толтой туруптур.

Бошонгон колдон калмактар,
Олжосу жок жайдактар,
Карезгиге барганы,
Барып кебин салганы,
Эр Толтойдун айтканын
Арбы түшүп калбады,
Аны угуп Карезги
Ачуусу келип калганы.
Сапырылтып көп колун,
Артынан кууп алганы,
Коронкир менен Чотмоктун,
Эки топ калмак-кошмоктун,
Толтойдон өлгөн зорлордун,
Андан кала бергенде,
Карапайым колдордун
Баарынын кунун алам, — деп,
Башына күлпөт салам, — деп,
Карезги тирүү бар туруп,
Жаш Толтойдон кегимди
Албай кантип калам, — деп,
Олжо күткөн элиме
Куру кантип жанам, — деп,
Угуучу элем кабарын
Кара шор чөлү жаман, — деп,
Артынан бачым барам, — деп,
Чөлдөн чыгып кеткенче
Толтойдун эбин табам, — деп,
Оштогу кыргыз элдери
Кабар берген аган, — деп,
Толтойдун жолун катырып,
Кайта келип бул жерге
Катуулап азап салам, — деп,
Ак калпак кыргыз дегенди
Кылычтан катар өткөзүп,
Кыя башын чабам, — деп,
Боздотуп туруп эченин
Бооз катынын жарам, — деп,
Түгөтүп чөлдө бул элди
Анан жөдигерге барам, — деп,
Байлоодо турган атты алды,
Карезги капыр аттанды,
Камандай болуп күркүрөп,

Калгандарга даттанды:
«Толтойдон өчүм албасам,
Тороп жолун кармашам,
Жаш балага тең келбей
Дөөлөргө кандай жандашам?
Коронкир, Чотмок айрылып,
Кантип кайра мен басам?
Толтойдун башын байланып,
Конурбайга барбасам
Кызыталак кыргызды
Түбөлүк башын көтөртпөй,
Курут кылып салбасам!»
Карезги жөнөп шаш менен,
Көңүлү кара кос менен,
Кызыл ээк, чакыр көз,
Чумкуй кызыл ат менен,
Каруу-жарак зоот менен,
Кыргызга күчтүү кооп менен,
Беш миң ашуун кол менен,
Толтой кеткен жол менен,
Үзөнгүдөн оргуган
Буртулдаган шор менен
Өзүнө такоол келүүчү
Тардыгы Табык чоң менен,
Жетсе өлтүрүп Толтойду,
Тарттырып ийген олжону
Алып келүү ой менен,
Калкылдатып туу кармап,
Жүрүп берди зор немец,
Кара жолтой чоң чөлгө
Кайрылбай кирди Карезги
Кайраты бойдо бар кески.
Өлүмдү албай оюна,
Өлтүрөм, — дейт ал эски,
«Талдыгы Табык эрим»— дейт,
Өжөрлөнгөн бул айбан,
Өлөмүн деги мен дебейт.
«Кара шорго Толтойду
Батырам» — дейт тебелеп,
Ачуусуна чыдабай
Көзүнөн жашы себелеп,
Энтеңдетип аскерин
«Дардайган кардын жаралы
Бат жүргүн» — деп жемелеп.
Жүрүп барат дардандап,
Желге чачы салпандап,
Алдынан зыркаар жел чыкса,
Эки этеги делбендеп,

Топураган көп колдон
Тополоң учуп, жер чаңдап,
Тим эле жутуп ийчүдөй
Келе жатат барбаңдап,
Ачуудан башы калтаңдап,
Акыйып көзү чакчаңдап,
Кызыл ээк, чакыр көз,
Минген аты алчаңдап.
Толтойду көрбөй шашылып,
Өтө эле жаман ашыгып,
Ызырынып ачынып,
Эстенип оозу ачылып,
Алды-аркасын карабай,
Аскердин алын санабай,
Алты күнү жол жүрдү,
Жан аябай мөл жүрдү.
Шордун келди четине,
Шордон Толтой чыгат деп,
Карезгинин нээтинде,
Карап калмак көп турду,
Көз салып чөлдүн бетине.
Чыкпады Толтой, ал азды
Чымынга өзүн талатты,
Чыкпаган соң жаш Толтой
Чөлгө кирип Карезги,
Сегиз күнү жол жүрдү.
Аскердин көбү бөлүндү,
Мына минтип шор катып,
Төбөсүнөн күн тийип,
Алдынан шордо от күйдү,
Аскери чаңкап суу таппай,
Алачык алып күн жаппай,
Аттары чаңкап басалбай,
Аскери көзүн ачалбай,
Анчалык келип Карезги
Же аркасына качалбай,
Аттанып Оштон чыкканы,
Он төрт күн болу шумурай
Жаман жүрдү күүлөнүп,
Өжөрлөнүп бир тынбай,
Аскерлер жүдөп алсырап
Араң келет кылтыңдай.

Күн он төрткө жеткенде,
Колунун шайы кеткенде,
Шордун жалгыз булагын
Ээлеп жаткан Толтойго
Ошондо эптеп жетти эми.

Толтойго жолдош жаш жигит,
Колду көрүп энтигип,
Андан калган төөчүлөр
Өлүм жактан шекинген,
Далда кылар жери жок
Кум дөбөгө бекинген.
Келе жаткан көп колду,
Карап турат чекийип.
Кыл муруттуу эр Толтой,
Жоодон качпас шер Толтой,
Кыямат таап жоо кырмак,
Кыясы мунун ушундай.
Калмактын колун келтирбей,
Булакка жакын жеткирбей,
Доолбасты карс койду,
Колчагыр мылтык заңк коюп,
Кичинек кызыл байрагын
Бир жыгачка аштады,
Келе жаткан калмактын
Алдына сайып таштады.
Кабылан Толтой эрендей,
Ошондогу айтканы:
«Ой, жаш жигит, төөчүлөр,
Тобунду бузбай бери кел,
Коркпогула кыйратат
Калмакты Толтой эриңер.
Ортодо аккан булак суу,
Силердин турчуу жериңер,
Калмактарга суу бербей,
Кырдаал болуп бериңер.
Колго курал алгыла,
Калмак келсе өзгөрбөй,
Оордуңардан жөткөлбөй,
Келгенин кырып тургула.
Бирин дагы өткөрбөй,
Көп болгон менен калмактар
Ардыгы жеткен алы жок,
Тура бергин көп көрбөй.
Булакты бербей коелу,
Чондорун таап союу,
Жайылдары бар болсо,
Жар кылып көзүн оелу.
Бирөөн тирүү кетирбей
Талпагын улак чоелу,
Кол көтөргөн аскерин
Кол тийгизбей коелу.
Калмактын чоңу Карезги,
Кылган иши баары эски,
Аны издеп табалы,
Алдынан тосуп баралы,
Аяшпай туруп салышып,
Дардайган кардын жаралы.
Андан бар кеги кыргыздын,
Алты санын барчалап
Башын кесип алалы,
Калың кыргыз кош болсун,
Канжыгага чалалы.
Келгиле, бир топ жакыным —
Силерге айтар акылым,
Олжого түшкөн азыкты,
Аябыраак жесеңер,
Уруш көпкө созулса,
Кандай болом десеңер,
Ашепке алып азыкты,
Биз кысталып калбайлы,
Атчы, төөчү барыбыз
Ачкадан өлүп албайлы.
Канаттуу келет булакка,
Айбанат келет бу жакка,
Атып аны кармайлы.
Тузактап деле алалы,
Эптеп жанды багалы,
Калмактын саны беш миңден
Ашык турат карааны,
Уруш тезден бүтпөсө,
Кетирет биздин чараны,
Азык-түлүк коротпой,
Аңтарылган жоо менен
Алпурушуп баралы,
Суусуз чөлдө калмактын
Бир айласын табалы.
Алда кандай заман деп,
Болор бизге жаман деп
Качып барсам калмакка
Кара жаным калар деп
Кыялыңа албаңар,
Кыйноону башка салбаңар,
Калмакты чаап аламын,
Каргыш күндү саламын,
Качып барсаң калмакка
Издеп жүрүп табамын,
Чыркыратып өзүңдү,
Чыңыртып башың чабамын,
Ошондо менден куурулат
Ойлоп койгун заманың,
Жан калкалар жериң жок

Кетип калат амалың.
Күнүңкүсүн ойлобой,
Келиркисин карагын,
Келе жаткан калмактын
Алдынан эми барамын».
Айтып коюп элдерге,
Қайраты бойдо кемдерге,
Суркоен атты чуратып,
Сооруга камчы шыбатып,
Өзүнчө чаңдап жаткан шор,
Артынан чаңын буратып,
Көк түпөң найза колго алып,
Қалкан зоотун жонго алып,
Қачырып барды калмакка
Қызыл кыргын чуу салып,
Қыйкырып Толтой жөнөдү,
Манастан ураан чуу салып.
Манастын аты чыкканда,
Толтойдун үнүн укканда,
Кетип бойдон шайманы,
Қалмактар коркуп калганы,
Ал аңгыча болбоду,
Қалмактын Табик балбаны
Атына минип камданды,
Қолуна найза кармады,
Толтойго жетип барганы,
Қараса Толтой калмакты
Аты сууттан жараган,
Асманга башы караган,
Курсагын тартып кындыйып,
Көрүнөт күлүк чабаган,
Ат жакшысы экен деп,
Эп келтирип бекемдеп,
Азиз жерин изденип,
Ээрдин кесе тиштенип,
Толтой жалгыз, калмак көп,
Қайран жанга күч келип,
Қайратын бойго септеди,
Қара Тоодой Табикке
Қачырып Толтой жеткени,
Эркин жүргөн Толтойдун
Эрдиги эмей неткени,
Менменсинген Табитти
Аргымактын үстүнөн
Аңтара коюп кеткени.
Алактап Табит сумсайды,
Артынан Толтой кылчайды,
Қалмактын бирөө жеткиче,
Айбалтаны колго алды,
Ооз омуртка моюнга,
Оңтойлоп туруп бир салды.
Дөбөдөй болгон чоң Табит
Жер кучактап кыйшайды,
Сойгон түлкү кептенип,
Ачылып оозу ырсайды.
Өлгөнүн көрүп Табиктин
Ичине дарты жык толуп,
Өрттөнүп жүрөк чок болуп,
Қалмактардан тандалып,
Қара үзүктөй калдайып,
Делдек жардай мурду бар,
Таноолору барбайып,
Көпкөк болуп тумшугу,
Өңү суук далдайып,
Талдыгы жөнөп алганы,
Такымга камчы салганы.
Талыкпаган Толтоюң
Алдынан утур барганы,
Ардынганга чыдабай
Акмак калмак дардактап,
Эки таноо барбактап,
Толтойго жакын барганы,
Толоп найза салганы.
Найзанын учу жетерде,
Майып кылып кетерде,
Тийип калса найзасы
Темирди кумдай тешерде,
Бура тартып булт берип,
Жазгырып Толтой кетти эле,
(Жаныбар сур ат эстүү эле)
Жазгырганын көрчү деп,
Эми сайсам өлчү деп,
Өрөпкүгөн жаш Толтой,
Өлүп, жерди өпчү! деп,
Өкүмсүп калмак жөнөдү,
Эми көрсөттү Толтой өнөрдү,
Талдыгыга сайдырбай
Тартып найза өңөрдү.
Оңолуп калмак алгынча,
Балтасын сууруп калгыча,
Башына мыктап бир салып,
Тизесин атты чөгөрдү,
Талдыгыны камынтпай,
Арка-аркадан беш коюп,
Чалкасынан көмөрдү.
(Қыладаттыгы инсандан

Қыйынды мындай көрөрбү)
Көздү ачып-жумгуча,
Талдыгы жерден тургуча,
Тездиги шумдук ченемдүү,
Көрсөттү шонтип өнөрдү.
Қара шор бети оргуган,
Қоборбостон ордунан,
Табит менен Талдыгы,
Толтойдун өлдү колунан,
Қарезги алды калмакта
Эми караан болор чоңунан.
Қарезги карап туралбай,
Қайгы дарт бойго сыйалбай.
Қызыл ээк, чакыр көз,
Қызыл ат менен чуу коюп,
Куюудай болуп дыр коюп,
Қыйкырыгы таш жарып,
Қарезги келет калдайып,
Қаарданып алыптыр
Қолуна найза карманып,
Ааламды ойрон кылчуудай
Ачууланып карарып..
Чоң балтадай тиши бар,
Оозун ачса саналып,
Теги жаман келатат,
Кетүүчүдөй жан алып,
Жутуп ийер кептенип,
Ээрди-мурдун жаланып,
Аркасында чачы бар
Ат жалындай таралып.
Такымында чоюн баш,
Тийген киши соо калбайт,
Башында тулга беш кабат,
Боолору күмүш кур чалат.
Чоң балта белде чалынуу,
Ийнине калкан жабылуу,
Көөдөнүндө чарайна,
Қалдыркан бутта тагылуу,
Қылычы кынга асылуу,
Келтеги курга чатылуу,
Далыда мылтык жаркылдап,
Асаба колдо калкылдап,
Күүлөнүп жаман жөнөдү
Кутурган иттей арсылдап.
Оозунан чыккан ак көбүк,
Буурадан бетер чалпылдап,
Бар жарагын бүт алып,
Бадирек жаман далкылдап.
Күүлөнүп келет чакчайып,
Көзүнөн жалын от жанып,
Өлсөм да ала жатам деп,
Эр Толтойду жазданып.
Муздай темир курчанып,
Мостоюп өңү кумсарып,
Балакет чочко качырды,
Алында минген тулпары
Қош кулагын жапырды,
Мындай дөөнү көргөндө
Баатыр Толтой шашылды,
Жанында жүргөн күлү жок
Жалгыздыкка ачынды.
Ошентсе да кайраттуу,
Жоону сайган батымдуу,
Суркоенду секиртип,
Карезги көздөй атылды.
Эп келтирип оңтойлу,
Қарезги сайды Толтойду,
Бир саюудан чыгарбай,
Өлтүрөм деп ошону,
Найзанын учу жетерде,
Зоотту жиреп кесерде,
Астыртан өйдө найзасын
Қамынып Толтой какты эле,
Қол балта менен чапты эле,
Күчтүү Толтой какканда
Сынып найза жатты эле,
Найзасы жок куру кол
Қарезги жаман шашты эле,
Такымында чоюн баш,
Сууруп алып чапты эле,
Аңгычакты эр Толтой
Қамынып найза имерди,
Қарезгини качырып
Үзөнгүгө чиренди,
Чыканакты удулдап,
Катуулап муштап жиберди.
Қарезги күчү арылды,
Көзүнүн оту чагылды,
Найза тийген оң колдун
Тарамышы жарылды,
Қан шорголоп куюлуп,
Ат жалына жайылды.
Жан ачыган ал доңуз
Қолун найза жиргенде,
Тарамышын аралап,
Сөөгүнө чейин киргенде,

Найза экенин билгенде,
Көтөрүп турган чокморун
Толтойго шилтеп ийгенде,
Карезгинин чокмору
Чокусуна тиерде,
Камбыл Толтой жазганбай,
Найзаны сайып ийди эле,
Оң колтуктун чуңкурга
Удул барып тийди эле,
Кабырга менен далынын
Көбүк этин аралап,
Төш жары найза кирди эле,
Кыр арканын жигине
Найзанын учу барганы,
Карезгинин чокмору
Колунан түшүп калганы.
Кабылан Толтой качырды
Карезгидей капырды,
Сууруп алып найзасын
Кый сүбөөгө батырды,
Түртүп найза матады,
Түпөгүнө такады,
Бирок канча кылса да
Өтпөй найза какады.
Солуп калган Карезги,
Солк этпей туруп алганы,
Күчөнсө да канчалык
Нарылап найза барбады,
Арам өлгөн Карезги
Ал да кылды арганы.
Сол колуна балтасын
Сууруп алып кармады,
Тоодой Толтой баатырды
Чокулата бир салды,
Бир салбады миң салды.
Балтанын сырты чак деди,
От чагылып көзүнө
Эр Толтойго жарк деди.
Жаш Толтойдун найзасы
Колунан түшүп кеткени,
Эси кетип шалдырап,
Эми Толтой неткени,
Такымдын астын сыйпалап,
Балтага колу жеткени,
Баатырлар билбей башканы
Бири-бирин кастады,
Кайрадан келип беттешти,
Коркуп бирөө качпады.

Жаралуу каман Карезги
Жана калды чапканы,
Чабарын Толтой байкады,
Чаңырып башын чайкады.
Алдында Толтой камынып,
Балтасын шилтеп сумсайды
Карезгинин көтөргөн
Сол колуна бир салды,
Зая кетпей кыл сайды.
Сокмоктуу тийди бул балта,
Салмагы оор сом балта,
Ыргып кетти колунан
Карезгинин чоң балта,
Кайран Толтой имерди
Карезгини чокуга
Балта менен жиберди.
Толтойдун жетти балтасы,
Карезгиге тийгени,
Кайраты артык Карезги
Кабызети бар эски,
Балтаны башка тийгизбей,
Сабынан алды эмеспи,
Тартып алып Толтойдун,
Тула бою тенешти.
Тартырып ийип балтасын,
Толтоюң калды куру кол,
Табат доңуз айласын,
Таппаса Толтой туруу жол.
Опсуз баатыр Карезги
Тартып алган балтаны,
Күүлөп-күүлөп алганы,
Толтойду башка салганы,
Тийгизбей Толтой балтаны
Сабынан бу да кармады.
Тарткылашып ал экөө
Бир балтаны талашты,
Бети-колун канатты.
Балтанын сабы сынганы,
Булардын жаны тынбады.
Кылычты сууруп кабынан
Кыйкырышып ыргады.
Карезги мурун шилтеди,
Шилтеген кылыч жеткени,
Кылычтын мизи жетерде
Сырты менен кылычтын
Эр Толтой кагып өткөнү.
Эр Толтойдун кылычы
Сырты калың сом эле,

Карезгинин кылычы
Сынып кетти жөн эле,
Толтойдо айла көп эле.
Кылычын Толтой оңдоду,
Карезгинин мойнуна,
Камындырбай болжоду.
Чапкан кылыч жеткенде,
Жеткенин капыр сезгенде,
Сыныгы колдо кылычы
(Карезгинин кылычы)
Эр Толтойдун кылычын
Астыртан утур кагыптыр,
Кагууда Толтой кылычы
Белинен сынып калыптыр.
Эки чолок кылыччан
Эми чындап салышкан,
Чолтондотуп кылычын
Чокчондошуп чабышкан,*
Кылычтан айла табалбай,
Кетелекти алышкан.
Кабылан Толтой эки кол,
Карезги капыр жалгыз кол,
Жаралуу каман эң жаман,
Жаныңа Толтой азыр бол,
Жаягын тезден, шашыл бол,
Салышкан жери булардын
Сапырылган кара шор.
Үзөнгүдөн буртулдап,
Үймөк-үймөк болот жол,
Кетелек менен чабышып,
Темир союл алышып,
Эки күнү жүргөндө
Калды булар арышып.
Карезги жаман айлакер,
Эр Толтой андан кеменгер,
Бири-бирин бул экөө
Бучкагына теңебей,
Салышты белем элебей.
Кетелек темир ийилди,
Кол бетке тактар чийилди,
Карезги менен Толтойдун,
Эрендиги билинди.
Бирине-бири жабышты,
Жакасынан алышты,
Жуурдук* менен койгулап,
Жаактарын жарышты.
Эргүүл эттер бүлүнүп,
Сөөктөрү көрүнүп,
Колу жетсе жармашып,
Кокосун эзе кармашып,
Көзүн ымдап бирине
Жыландан бетер арбашып,
Буттары менен тебишип,
Жакалышып чоюшуп,
Кулак түпкө коюшуп,
Тамандашып тебишип,
Букадан бетер челишип,
Этегинен алышып,
Үзөнгү боого салышып,
Билектен кармап бекишип,
Ээр кашка жеткизип
Ээрге орой бастырбай,
Колдорун сууруп кетишип,
Бел кемерден кармашып,
Бардык күчүн арнашып,
Кемерди үзүп алышып,
Жайдак төш болуп калышып.
Жарагы жок кол менен
Дагы он күн алышып,
Муштан айла кеткенде,
Камчыларын алышып,
Айдай бетке чабышып,
Так салып эт, бетине,
Каршы-терши жарышып,
Тулпарларын кыйнады,
Буктары ичке сыйбады.
Тизгиндерин жыйышты,
Муруттары кыйышты,
Этегинен кармашып,
Оодарышып тырышты,
Билектердин терисин
Тасма кылып салышты,
Этектешип жарышып,
Адырга чыгып барышты.
Урушка минтип канышты,
Эңкүү тарта бергенде,
Эби сонун келгенде,
Кыйладан бери эңсеген
Кабусу кудай бергенде,
Кабылан Толтой эр неме
Этегин башка чүмкөдү,
Карезгини тоңкойтуп,
Сүйрөтүп алып жөнөдү.
Тоңкойуп калмак жыгылды,
Мурдуна топо тыгылды,
Кантарылып тумшугу

Айгыр боктой жыйылды.
Эки көздүн ортосу,
Эти менен оюлуп,
Үңкүр болуп бырыйды.
Толтой токтоп туралбай,
Токтоого көңүл буралбай,
Түшө калып атынан,
Тээп эки чатынан.
Күчөп туруп тартканда
Далыдан колу сууруллду,
Карезгидей чочконун,
Ачык көзү жумулду.
Кабыргасы кычырап
Кара өпкөсү куурулду.
Өлдүбү деп элейип,
Карап Толтой калыптыр,
Бир убакта Карезги
Бир колу жок чолтоюп,
Ордунан туруп алыптыр.
Жаны ачыган Толтоюң
Кулагынан кармады,
Катуу тартып силкенде
Кулагын жулуп алганы,
Бир колу жок чолоюп,
Кулагы жок молоюп,
Каңтарылып тумшугу
Каңшар сөгү ороюп,
Жыгылганда таш кирип,
Бир көзү жок олоюп.
Тизесинен оң бутун
Туурап Толтой кескени,
Таштап салып кеткени,
Кайра барса эр Толтой
Кыйрабай кошун неткени,
Карезгинин кошуну,
Жол басып келип он төрт күн,
Уруш болуп алты күн,
Кыркка толуп күнү-түн,
Кырылып кетип суусундан,
Беш миң ашуун кошундан,
Жүзчө киши калыпттыр,
Акылынан таныптыр.
Атынын көбү өлүптүр,
Көргүлүктү көрүптүр,
Упурак болуп өзүнчө,
Далай калмак өңүптүр.
Эптеп сактап жандарын,
Жүзчө тирүү калганы

Барып Толтой айдады,
Тамталаңдап калмактар,
Толтойдун тилин алганы.
Эми ичип жырга деп,
Айдап барып булакка
Койчо жайып салганы.
Алкымы кургап тил катып,
Күрмөй албай суй жатып,
Сууга башын малганы,
Кекиртектен суу өтпөй,
Чарчап жатып калганы.
Чарчай берип шай кетип,
Өлө берди ал дагы,
Кыямат болду жалганы,
Тегеле тирүү калган жок,
Адам тургай айбаны,
Беш миң ашуун кошундан
Бири да тирүү калбады,
Жерине сак кайткан жок
Мыдыраган бир жаны.

Калмактан алган кайтарып,
Ар бир күлүк аттарды,
Төөлөрдү чиркеп жүктөгөн,
Толгон дүйнө заттарды
Жаш жигитти баш кылып,
Көңүлдөрүн шат кылып,
Калтырбай Толтой жыйнады,
Дүйнөгө көөнүн бурбады.
Калкы үчүн каржалып,
Кара жанын кыйнады,
Азык-түлүк суу алып,
Олжону артып туу алып,
Ошко Толтой барганы,
Чабарманды чаптырып,
Элге кабар салганы,
Таратып берип ар кимге
Адылдык атак алганы.
Алып келген дүйнөдөн,
Ырымга Толтой албады,
Ат, төөнү берди ээсине,
Ашырып берди кээсине,
Өлү буюм калганды,
Алтын, күмүш андайды
Казынага салдырды,
Моокумун элдин кандырды.
Ат, төө эмес кээсинин
Кайтарды мата чепкенин,

Қалтырбай баарын жандырып,
Қалмакка өтүп кеткенин.
Абалын барып сурады,
Артыкча азап чеккенин,
Тынч жатып турмуш кечир деп,
Шайлап берди бектерин,
Баатыр Толтой ошентип,
Алып берди оштуктун
Қалмакта калган кектерин.
Жети Сууга кетүүгө
Эми Толтой камынды,
Өмүрүң узун болсун деп,
Элдин бары жалынды.

КЕРКИМАТ МЕНЕН САЛГЫЛАШУУ

Ойноп Толтой элинде,
Жети Суудай жеринде
Жыргап жаткан кезинде,
Қымыздан тарткан арактан
Қыйла ичип мас болуп,
Жатып калды кечинде,
Түнүндө жатып түш көрсө:
...Жети Суунун четинде,
Орус жаккы чегинде,
Ойурма деген бар эле,
Опсуз чуңкур жар эле,
Татаал кыйма, тайгак таш,
Ашуусу жаман бел эле.
Ак ошондо Эр Толтой
Бир каманга кезигип,
Қармашты салды чечинип.
Қаруусу жок күчүндө,
(Көрдү ошентип түшүндө)
Қаман менен кармашып,
Жыландан бетер арбашып,
Көпкөчөктү алышып,
Қармабай колу карышып.
Қадимкидей күчү жок,
Қабыландай сүрү жок,
Қанчалык кайрат кылса да,
Қаманды жыгар түрү жок.
Жанында жолдош заты жок,
Суркоен тулпар аты жок.
Бир кезде байкап караса,
Жалгыз каман топ болуп,
Айласы мунун жок болуп,
Беш торопой, бир каман,
Толтойду камап топтолуп,
Этегин үзүп аларда,
Эми кардын жарарда,
Суркоен келип калыптыр,
Толтой минип алыптыр,
Қадимкидей күч менен
Қачырып найза сайыптыр.
Сайган найза курч болуп,
Қаманды сайып алганы,
Беш баласын камандын
Чогултуп Толтой байлады,
Қаман калып талаада,
Қарга, кузгун майланды.
Келе жатса эр Толтой
Жолдон бирөө жолугуп,
Жалынып бутка согулуп,
Торопойдун баарысын
Толтойдон сурап алыптыр,
Жол боюнда калыптыр.
Өтө берип келайтып,
Пайда болгон капкайдан,
Түшүп калган асмандан
Айды таап алганы,
Айкырыкты салганы.
Қойнуна салса батпады,
Қара боорун кактады,
Ороп алса турбады,
Өөдө-ылдый жылганы,
Антип - минтип акыры,
Айды Толтой кармады.
Аны алып келайтса,
Ай жарылып сынганы,
Батырып катуу салганы,
Ойгонуп Толтой калганы...
Оңдонуп курчап белин буун,
Суркоен тулпар токунуп,
Ичинде кыйла чот уруп,
«Ойурмага барайын,
Жол бойлоп чекти чалайын,
Түшүмдө көргөн укмушту,
Бир кабарын табайын,
(Жаман эр коркот түшүнөн,
Жаман катын коркок дейт
Жасай турган ишинен)
Түш көрдүм деп коркконсуп,
Барбай жатып албайын,

Кастап жүргөн жоо болсо,
Капилетте калбайын.
Капыстан чыккан доо барбы?
Жолумду тосор тоо барбы?
Биздин элге кас болуп,
Келе турган жоо барбы?
Кастаган душман бар болсо,
Наштарын сайган жан болсо,
Келбей жатып алар бы?
Кандуу колун салар бы?
Белди барып карайын,
Белиме кылыч чалайын,
Корголоп жатып короодо
Коркоктук кылып өлгүнчө,
Бак-таалайга салайын.
Мен укканда кабарын,
Орус жактын эли эле,
Уругун чүрчүт дечү эле,
Чүрчүттөрдүн баатыры
Керкимат деген неме эле,
Мен жээни дээр эле.
Кызылбаштын Контукчу
Катыны менен бир тууган,
Кайын агасы деди эле,
Каары катуу заары күч,
Керкимат шондой эр эле,
Ыраакы чүрчүт элинен
Таяна турган бели эле. —
Жана Толтой кеп уккан
Кабарын катуу бек уккан, —
Таранды болгон кыргызды
Чабам деп жүрөт, деп уккам,
(Кыргыздын эли байкер-дейт,
Кыргыздын жери жайкер —
дейт).
Кызыгын көрүп келбесем,
Каршы чыккан бар болсо,
Кумардан чыга тердесем,
Жайыты кенен жайлоосун
Жаз, кышы дебей жердесем,
Кырда жүргөн көп малын
Калкыма айдап бербесем.
Калкалаар Манас шери өлдү,
Канчалап катар эри өлдү,
Абыке, Көбөш эки жан,
Өз элин талап байлаган
Адамга жетпейт ал дагы.
Алардын келбейт шайманы,
Анда кимден коркомун,
(Аттанып бир күн жорткомун)
Ушундай суук кеп уккам,
Камынып жүрөт деп уккам,
Ошентип нээт кылганда,
Баана таппай турганда,
Керкиматка жин кирип,
Көңүлүн шайтан бурганды,
Камангил менен Контукчу,
Катар союп салганды,
Көргөн, билген, баргандын,
Керкимат кабар алганбы?
Алардын кунун кубам деп
Камданып чекти чалганбы?
Түшүм жаман бузулду,
Капырай, белге келип
калганбы?
Белдин жолун чалсамбы?
Бар жарагым алсамбы?
Берекелү тынч элге
Бекерче бүлүк салсамбы?
Алдынан тосуп барсамбы?
Ажалым жетип күн бүтсө,
Ошондон өлүп калсамбы?
Ай кармадым талаадан,
Ашып кеттим чамадан.
Жыйырмага жашым жеткинче,
Албадым катын эмгиче,
Айды таап алганым —
Талабыма канамбы?
Бир сулуу таап аламбы?
Барбасам жакшы болбос—деп,
Баатырдык башка конбос—
деп,
Үйүмдө күтүп олтурсам,
Эгерде ишим оңбос» — деп,
Бар жарагын байланды,
Баатыр Толтой шайланды,
Аттанып жолду бойлоду,
Ач арстандай жойлоду,
«Барасың баатыр кайда» —
деп,
Сураган киши болбоду,
Толтойду жалгыз жиберип,
Жедигер эли оңбоду.

Оролмонун белине,
Күн он эки дегенде

Чыгып Толтой келди эле,
Ыраакка көңүл бурду эле,
Асманды карап кекжейген,
Кең соорусу деңкейген,
Алты ат турат жанаша,
Белге чыгып караса,
«Алда кандай адам бул?
Аттарын айдап аламбы?
Же болбосо жолоочу,
Болуп калса анан бу,
Убал кылып бекерче,
Убараны саламбы?
Уктап жаткан кишинин
Уурдап атын алды — деп,
Уят болуп каламбы?
Деп ойлонуп олтуруп,
Оюна акыл толтуруп,
«Кастап келген жоо болсо,
Качырып барып чабайын,
Кайгуулга келген эр болсо,
Кабарлашып багайын,
Кебетесин-кешпирин
Абдан байкап алайын,
Жакын барып жанына
Жакшылап назар салайын,
Кастаганы чын болсо,
Анан тарпылдашып калайын,
Алды менен буларды,
Ойгонуп параң кылайын», —
Деген ойго келди эми
Таскактата бастырып,
Жанына түшүп келгени,
Ал жерде жаткан алты жан,
Байкаса алтоо тең балбан,
Багелеги кең балбан,
Айрыкча бирөө эң жаман,
Такыр уктап калыптыр,
Коңурукту салыптыр,
«Чаап башын алсамбы?
Же канжарлап кардын
жарсамбы?
Же, ойготуп буларды,
Салгылашып калсамбы?
Же болбосо абалы
Кабарын сурап алсамбы?
Кандай кылсам болор» — деп,
Баатыр Толтой турду көп,
Жанына жакын барганы,

Жана ойлонуп калганы:
«Көрчү мунун жолдошун
Көргөн киши оңбосун!
Түшүмдө көргөн баякы,
Каман ушул болбосун,
Келбети башка, кең далы
Каман ушул турбайбы,
Ойгонуп алар бириксе,
Кармашкан киши курбайбы,
Торопою беш эле,
Жанында жаткан бул бешөө
Күчүктөй талап бурдайбы,
Келбети сүрдүү келишкен
Көрбөдүм эле мындайды.
Көөдөндө жаным бар туруп,
Уктаган эрди өлтүрсөм
Мени кудай урбайбы,
Уккандын баары айыңдап,
Уят, шылдың кылбайбы». —
Багыштын уулу эр Толтой,
Ой-кыялга муну алды,
Сары жезден доолбас
Заңк дедире бир салды.
Доолбас үнү заңк этип,
Тоо жаңырып шаңк этип,
Байлап койгон аттары,
Бошунуп алып бат кетип,
Доолбас удаа кагылды,
Кулакка үнү чагылды,
Баш көтөрүп баарысы
Аттарына жабылды.
Аттарын барып кармады,
«Доолбас каккан кимдир» —
деп,
Туш-тушун карап калганы,
Кайкыда турган шаңданып,
Толтойду көрө салганы.
«Уктап биздер калганда,
Коңурукту салганда,
Азапка бизди салбаптыр» —
Деп кужулдап сүйлөшүп,
Ээр-токумун үйлөшүп,
Кол булгап бирөө бакырды,
Толтойду кел деп чакырды.
Жазганбай Толтой барганы,
Ошондо бирөө кебин салганы:
«Кеп салганың жаш жигит,
Кебетеси саз жигит,

Өзүң кимден болосуң?
Элиң кайда, конушуң?
Келгенбиз биз ыраактан,
Эл табалбай быяктан,
Максат, ойдон кечмекбиз,
Тоо аралап безмекбиз,
Уктап алып бул жерде
Чүрчүткө тез кетмекбиз.
Менин атым Керкимат,
Уккандар жүрөт зыркырап,
Чүрчүттөн чыккан бир жалын,
Ааламга сыйбай бир жаным,
Энөөсүздөн катылган
Эчендин башын кыямын.
Кырк каракчы кыйын жоо,
Кармашканды койбос соо,
Кырымдын уулу Камангил
Мага чукул жээн эле,
Кырымды бузар бел эле,
Кызылбаштын Контукчу
Мага кайнага болгон неме эле,
Кайраты артык эр эле.
Мана бул турган беш бала,
Барысы мага эш бала,
Катар турган бул экөө,
Камангилдин баласы,
Контукчунун үч уулу,
Бирме-бирлеп саначы,
Мени менен алтыбыз,
Келип калган наркыбыз,
Өч алсак деп Толтойдон,
Кол салышкан алтыбыз.
Жерди койбой сыдырдык,
Үч айдан бери талаада
Азып-тозуп кыдырдык,
Толтойдун элин табалбай,
Тамтандап жүрдүк көп күндөр,
Же, аркага кайра жаналбай,
Эми аргабыз бүттү, түгөндү,
Аттарга катып жүгөндү,
Аркабызга кайтмакбыз,
Элди көздөй тартмакбыз.
Элге барып камынып,
Аскери жыйнап армансыз,
Жедигердин элине,
Анан кайра жанмакбыз,
Ким болосуз айтыңыз,
Бекерче жанга тийбейбиз
Болбосун сизде тартыныш» —
Деп Керкимат Толтойду,
Айтар кеби жок болду.
Эми Толтой кеп баштап,
Кубулжуп сүрдүү ыргыштап,
Кебин мындай деп баштап:
«Менде болбойт, Керкимат,
Жасап, түзөп кеп айтмак,
Жети Суу жерим сурасаң,
Жедигер — элим тындасаң,
Атамдын аты эр Багыш
Мен азыр ошол жерден
келатам.
Өзүмдүн атым жаш Толтой,
Катылган жоого кас Толтой,
Тийишпесе кишиге,
Тим эле барып тийбеймин,
Тийишип калса ким келип,
Тартынышты билбеймин.
Көп экен деп коркпоймун,
Күдөрүдөй ийлеймин,
Күркүрөгөн шерби деп,
Күжүлдөгөн эрби деп,
Көзүмө такыр илбеймин,
Өлүмдөн коркуп теги эле
Эч кимге башым ийбеймин.
Кырк каракчы Камангил,
Кыйраткан Толтой мен болом,
Кырк жигитин коркутуп,
Ыйлаткан Толтой мен болом,
Кызылбаштын Контукчу
Сойлоткон Толтой мен болом,
Издеп келген жүз колун
Шордоткон Толтой мен болом,
Калмактардын Карезги
Сойгон Толтой мен болом,
Оройтуп көзүн шор чөлдө
Ойгон Толтой мен болом,
Катышкандын катыгын
Берген Толтой мен болом,
Эчен жоонун талпагын
Керген Толтой мен болом,
Жалгыз жүрүп тайманбай,
Беш миң ашуун кишиге
Тийген Толтой мен болом,
Тикесинен курсагын
Тилген Толтой мен болом,
Тип-тик көөмп көрүнө

Сийген Толтой мен болом,
Басташканда баш алган
Баатыр Толтой мен болом,
Элимди жоодон коргогон
Асыл Толтой мен болом,
Чыр-чатагы жагынан
Жакыр Толтой мен болом.
Тилге келип сүйлөшүп,
Тийбей кеткен Керкимат,
Анткени сенде өчүм жок
Тийишпеген жөн эле,
Эгер ага көнбөсөң,
Келе калгын эми эле.
Жалгызмын деп коркууну,
Ойлобоймун тегеле,
Эрдемсип мага кол салсаң,
Эдебиң жейсиң тим эле». —
Толтой мындай деди эле,
Кебин угуп Толтойдун,
Керкимат айткан кеп эле:
«Жер-жааңды кыдырып,
Ат бороюн сыдырып,
Табалбаган айлыңды,
Тайынсыз Толтой сен белең?
Тартынып сенден калуучу,
Керкимат баатыр мен белем?
Сөзгө келип элдешип,
Кетип калчуу эр белем?
Өзүңдү өтө мактайсың
Качан мага тең элең?
Баатыр Толтой сен болсоң,
Мага теңдеш эр болсоң,
Керкимат болбой куруюн,
Эгерде сенден кем болсом!
Кана эми Толтоюм,
Кармашып бакчы эр болсоң!»
Күүлөнүп жаман Керкимат
Күркүрөп бек-бек кыйкырат,
Атына минип шапа-шап,
Айбалта, найза шака-шак.
Беш бөрүсүн ээрчитип,
Катар турду маңдайда,
Бышып кеткен эр Толтой
Бет келген далай андайга,
Толтой жалгыз, ал алты,
Даярдыгын бүтүрүп,
Тогошор болуп калганда,
«Атамдын кунун алам», — деп,
«Мен алдында барам» — деп,
Туулга кийип чекеге,
Камангелдин чоң уулу
Толтойго чыкты жекеге.
Анда Контукчунун чоң уулу
Алдырап ага жеткени,
Тизгиндеп алып бир силкип,
Анын алдына өтүп кеткени,
«Сен шунчалык соксоңдо,
Мен барамын Толтойго
Алдында өзүм чыкпасам,
Эгерде кабым толобу?
Сен өлтүрүп салсаң Толтойду,
Менин ишим оңобу?
Акырет атам Контукчу,
Мага ыраазы болобу?
Алдында өзүм чыгамын,
Толтойду көмө жыгамын,
Өчүн алып атамдын,
Өк деп ичтен тынамын».
Камангилдин чоң уулу,
Мунун кебин угуп тур,
Аны кудай уруптур:
«Контукчунун баласы
Атыңдын башын буруп тур,
Азыраак келди сөз айтыш,
Абыдан байкап угуп тур.
Атаңдын аты Контукчу,
Кылгын дагы Контукчу,
Ар кимге арам ойлогон,
Адам эле Контукчу,
Бекеринен пайда алма
Ыкчыл киши эле деп,
Кулагым шундай кеп укчу.
Мен барайын Толтойго,
Келтирейин оңтойго,
Как жүрөктү ченебей
Кан жүткүлтүп берейин,
Турамын айткан кебиме,
Таңып ал башын белиңе,
Атамдын кунун алдым — деп
Сен мактанып баргын элиңе».
Ушул кепти укканда,
Өпкө-боорун кысканда,
Контукчунун баласы
Тегеле жаман арданды,
Жутуп ийчү немедей,
Жутунуп ага чамынды:

«Элден уккан кебимди
Жашырбастан мен айтам,
Сенин атаң Камангил,
Жети атасын тең айтам,
Атаң качан жоо сайган,
Аң-аңды аңдып жол чалган,
Тузак коюп булакка,
Бел-белге капкан, тор жайган,
Андан башка не кылган,
Уурдап элден мал алган,
Алы жетпей балдарга
Кемпир менен чал сайган,
Ошол атаң эмеспи,
Эси жок сенсиң мактанган,
Жол мени сен билсең,
Жети атам жерге даңкталган.
Алдында өчүм алайын,
Ашпасын эми чыр-калбаң.
Арканча кылса атамдын —
Атагы бар чоң балбан». —
Деп ошентип айтканда
Каарын бетке алды эми,
Камангелдин чоң уулу
Катуу арданып калды эми.
«Сени мурун сойоюн,
Күмбөс кылып коеюн,
Талпагыңды тарип кылып,
Үзөнгүдө чоеюн,
Андан кийин Толтойдун
Эсебин өзүм табайын,
Анан атамдын кунун алайын»,
Деп бакырып жаш бала,
Ачуу сөзгө мас бала,
Найзасын алып тап берди,
Аткан октой шарт келди.
Контокчунун баласы,
Ал дагы туруп албады,
Колуна найза кармады,
Качырып бу да барганы,
Экөөнү тең Керкимат,
Катар тилдеп салганы.
«Эки бала кандайсың,
Сен экөөң тең айбансың,
Экөөңдү тең бардырбайм,
Карап туруп көзүмчө
Эр Толтойго чалдырбайм,
Камангил болсо таекем,
Контокчу турса кайнагам,
Өлтүрсө экөөн бул Толтой,
Экөөңөн кыйын арданам.
Кунун куучу мен бармын,
Толтойдон өчтү мен алам,
Башын кесип кек алам,
Контокчунун үч уулу,
Камангелдин эки уулу,
Угуп койгун сен муну —
Таекем менен кайнагам,
Катар кунун алайын,
Талпайтып ушул талаада.
Толтойдун канын жаяйын,
Өлтүрүп болуп Толтойду,
Анан жедигер элин чабайын.
Тердетпестен бөшөөндү,
Тойгузуп малга салайын,
Олжо таап мал жыйгын,
Ошонунду каалаймын»,
Деп сүйлөнөт Керкимат,
Күүсү менен жер сабап,
Балдарды тилеп бадылдап,
Качырып бачым келатат.
Көөнүн Толтой бөлгөнү,
Керкимат түрүн көргөнү —
Мурун далай эр көрдү,
Мындай сүрдү көрбөдү.
Көргөндө Толтой токтобой,
Чоң найза колдо кологоп,
Суркоенду жүгүртүп,
Куйругун жерге түйүлтүп,
Көкүлүн көккө шүйүлтүп,
Көк түпөктү найзасын
Ондоп Толтой кармады,
Керкиматтын жолунан
Тосуп тура калганы.
Токтоно албай Керкимат,
Толтойго найза салганы,
Сайдырбастан найзаны
Жазгырып Толтой калганы.
Чимирик болуп майданда,
Эки ирээт келип сайганда,
Илинбей Толтой найзага,
Жазгырып улам кайтара,
Жаздырып улам бергенде,
Жаман жини келгенде,
Керкимат жаман немене,
Оң кыйрынан тийди эле,
Анчалыкты эр Толтой

Билбей калчу эр беле,
Найзасына эр Толтой,
Найзаны тосо берди эле.
Найзага найза кагылды,
Күркүрөгөн күчтүүлөр
Ээн талаада кабылды,
Эригип жүргөн буларга,
Эми эрмек табылды,
Эки сапар кагышып,
Найзалардын саптары,
Тип-тигинен жарылды,
Найзадан таппай айланы
Балталар колго алынды,
Кезене тиштеп ээрдин,
Кезгерип балта чабылды.
Баатыр Толтой чапканда,
Керкимат кайта какканда,
Эр Толтойдун чоң балта,
Сабы чыгып колунан
Асманды карай качканда,
Керкимат келди чапканы,
Керилип чапса Керкимат,
Толтойдун эпти тапканы —
Балтаны шилтеп жиберди.
Жетти балта тийгени,
Эми Толтой неткени,
Чоң чокморун колго алып,
Балтаны кагып өттү эми.
Балта чокмор чабылды,
Чокморго тийген балтанын,
Үңгусунан жарылды.
Керкимат чочко камынып,
Чоң чокморун алганы,
Керкимат алып болгончо
Чокуга Толтой салганы.
Керкиматтын башында,
Туулга менен калкандан
Кылайган темир калбады,
Барча темир чачылып,
Такыр жерге жайнады,
Баатыр Толтой камынбай,
Керкиматты качырды,
Толтойго жана чаптырбай,
Кол сунуп, белге асылды.
Эки тулпар туягы,
Буртулдап чымдар казылды,
Оодарышып так чарчап,
Аттан түшүп алышты,
Эр күрөшүн салышты,
Баатырлар бели майышты,
Бирине-бири кайышты,
Чөк түшүрүп тизелеп,
Ийри буттан чалышты,
Балтырларын жулкушуп,
Багалектен алышты.
Чаңдар ызгып асманга,
Булар минтип жатканда,
Контокчунун бир уулу
Жок жерден жорук баштады,
Суркоенду бул капыр,
Минип алып качканы.
Мен алучу олжо атты,
Сен аласың кандай деп,
Аңыраңдап шашканы,
Камангилдин кичи уулу
Чыр-чатакты тапканы.
Контокчунун үч уулу,
Камангилдин эки уулу,
Чечинишип таштады,
Эки жаат болушуп,
Бир-бирин чапканы.
Бырчылдашып аралаш,
Чоң урушту баштады,
Баш-көздөрүн жарышты,
Бар өнөрүн салышты,
Камангелдин чоң уулу,
Контокчунун чоң уулу
Эки бала сайышты.
Карсылдашып сайышып,
Балталашып чабышып,
Алдан-күчтөн тайышты,
Челектей башын жарышып,
Кызыл канга боелуп,
А-алашып калышты,
Бирин-бири жеңалбай,
Эки топ көпкө тайышты.
Булар минтип жатканда,
Кыргынга кызык батканда,
Толтой баатыр аңгыча,
Толорсуктан чалыптыр,
Керкиматты солдойтуп,
Чалкасынан салыптыр,
Кесүүгө башын камынып,
Көөдөнгө минип алыптыр.
Көрө коюп бул ишти,
Колдорун тартып алышып,

Контокчунун эки уулу,
Камангилдин бир уулу,
Аттарын катуу чабышып,
Колуна найза алышып,
Качырышып барышып,
Толтойго найза сайышып,
Камангелдин бир уулу
Найзасын ныктап өтөрдө,
Контокчунун уулунун
Колунда бар көтөрмө,
Чалма салып Толтойго
Чалкалата тартканда,
Кекиртекке эр Толтой
Керкиматты чапканда,
Кызыл өңгөч, кекиртек,
Кесилбей калды аз гана.
Жалгыздык кылып эр Толтой
Ушунда жаман жүдөдү,
Канжардын мизи тилиптир,
Бир жактагы күрөңү,
Чалма түшүп мойнуна
Кесалбай калды бирөөнү.
Дем алганда жел чыгып,
Куркурады Керкимат,
Жардай-жардай жер чапчып,
Жан талашып жулунат,
Шуркурап каны куюлат,
Жон ылдый кетип жуунат,
Боолук түшүп мойнуна
Толтой да жаман муунат.
Жипке колу жеткени,
Кармап катуу силккени,
Боолук салган шум бейит
Чалкасынан кеткени,
Үшкүрүп Толтой эстеди,
Камангел менен Контокчу,
Сайышып жаткан балдары,
Булар да келип жеткени.

ТОЛТОЙДУН ЖАРАЛУУ БОЛУШУ

Жөө калган Толтой бир киши,
Атка минген беш киши,
Жөө атчанга тең келбес,
Болсо да кыйын эч киши,
Колунда бир да жарак жок,
Куру кол Толтой калышы,
Беш бөрү көрүп бул ишти,
Алдын торуп алышты,
Жөө Толтойду бастырбай,
Тегеректеп калышты.
Каршы-терши качырып,
Найза менен сайышты,
Камындырбай чыкыйга
Балта менен чабышты,
Чокмор менен ургулап,
Толтойдун башын жарышты.
Туш-туш жактан сайгылап,
Жаагынан канын агызды,
Жарадар кылып Толтойду,
Жабыркатып салышты,
Эрен Толтой куру кол,
Беш атчан менен алышты,
Ойлоп жүрөт бир жактан,
Атына кандай барышты.
Эп келтирип бир кезде,
Чаап өтө бергенде,
Чоң-чоңдон чамдап арышты,
Суркоен минген балага,
Жетип Толтой жабышты.
Оодара тартып баланы,
Суркоен минип алганы,
Анткен менен Толтойдо,
Алышар дарман калбады,
Жөө күрөшүп бүт бойдон
Жерде калган жарагы,
Каңгыра какшап катуу ооруйт
Толтойдун оор жарасы,
Качпай Толтой амал жок,
Кетти бүтүн чарасы.
Казандай башта беш жара,
Кара бою бүт жара,
Жарадар болбой канетсин,
Жөө кишини беш атчан,
Туш-тушунан таласа,
Кашыкчалык боюнда,
Кан калбады жадаса,
Балта менен бар жайга,
Найза менен дал жайга.
Жеткен жерде сабаса.
Чокмор балта тийиптир,
Найзанын учу кириптир,
Канжардын учу тилиптир.
Кылычтын мизи кесиптир,

Жоо кийминде тамтык жок,
Дал-далы чыгып кетиптир.
Эми Толтой нетиптир,
Уруштан такыр безиптир,
Үстүнкү тоону бет алып,
Секиге чыгып кетиптир.
Суркоенго жеталбай,
Аркадан кууп даай албай
Беш бала андан кечиптир,
Араң качып кутулуп,
Алыска Толтой жетиптир.
Эндиреп Толтой келатып,
Аралап тоону баратып,
Жыгылып аттан сулайып,
Жатыптыр Толтой булайып,
Колу кетип Коконго,
Буту кетип Букарга,
Жыйбай боюн кылайып,
Суркоен тулпар бош калды
Чылбыр-тизгин чубалып.
Аюулар келет саксаңдап,
Арты-артынан дакдаңдап,
Аюуну жакын келтирбей
Суркоен жүрөт чакчаңдап.
Бөрүлөр келет улушуп,
Бири-бирин жулушуп,
Бөрүнү көздөй Суркоен
Кош кулагын куушуруп,
Ааандай оозу ачылып,
Ак көбүк жалга чачылып,
Жөткен жерде бөрүнү
Шилиден тиштеп капшырып,
Үчөө-төртөө өлгөндө
Бөрүлөр качты абдыгып.
Сүрүнөн коркуп тулпардын
Башка жан даап келбеди,
Улуп-улуп жырткычтар,
Үңкүрүнө желгени,
Коргоп ээси Толтойду,
Адамдан бетер козголбой
Суркоен тура бергени.

Күндүз өтүп кеч болду,
Жатканы Толтой көп болду,
Жер кыдырып келатып,
Көккүчүк деген бир киши
Толтойго келип кез болду.
Өзү кыргыз уругу,
Меркитбай эли туругу.
Күйүтүн тартып бир кыздын
Көккүчүк кургур куруду,
Эли-журту, тууганы
Бетпак тоодо болучу,
Куруп калган Көккүчүк,
Бир кыздын күйүтүн тарткан
жолу ушу,
Кеч кирген жерге конучу,
Эртең менен кобучу,
Эртеден кечке кайгысы
Ошол бир эле кызда болучу.
Ал кыздын жайын сурасаң,
Ай шекилдүү буралган,
Ашыктык оту чыдатпайт,
Жаштык чиркин курган жан.
Меркитбайдын бакма кыз,
Кыздын аты Жемишжан,
Кылыгы башка көп кыздан.
Көккүчүк аны сүйүүчү,
Кыз да ага күйүүчү,
Калың малды көп салып,
Меркитбай бербей жүрүүчү.
Кадамы каткан Көккүчүк
Мал издеп жүрүп ар жайдан,
Жарадар жаткан Толтойго
Учурап калды бул жайдан,
Көккүчүк келип караса
Бир киши жатат дардайган.
Айрылбаган кашы жок,
Жарылбаган башы жок,
Күпчелек болуп алжайган,
Бүткөн бою бүт жара,
Ыраңы кетип саргарган.
Көккүчүк көрүп ичи ооруп,
Эр Толтойду багыптыр,
Көптү көргөн неме экен
Жарага дары салыптыр.
Өзү мерген Көккүчүк,
Кийиктен атып алыптыр,
Ээрин алып сур аттын,
Агытып аны салыптыр.
Так отуз күн бакканда,
Айыгып Толтой калыптыр,
Таяк менен чоң Толтой
Коop басышка жараптыр,
Бүткөн бойдо эти жок,
Тегеле жаман жадаптыр.

Эсине келген Толтоюң
Көккүчүк жайын сураптыр,
Көңүлүн ага бураптыр.
Башынан өткөн бар ишти
Толтойго айтып бериптир,
Арманын айтып Көккүчүк
Өпкө-боору кеңиптир.
Толтой аны билиптир,
Таасирленип ийиптир,
Достошуп экөө калыптыр,
Чындап эми багыптыр.

Так токсон күн болгондо,
Тоодой Толтой толуптур,
Керкимат кандай болгондур,
Анын жайын угуп тур.
Пашылышта эр Толтой
Чала мууздап коюптур,
Толтойду балдар кубалап,
Көп убара болуптур,
Карааның көздөн жоготуп,
Кадамы минтип соолуптур.
Качып Толтой кетти деп,
Кайра артына жаныштыр,
Керкиматты алышты,
Чылгоо менен чырмалап,
Кекиртегин таңышты,
Чүрчүттөрдүн элине,
Керкиматты беш бала
Алып барып салышты.

КЕРКИМАТТЫН КОЛ КУРАШЫ, КӨККҮЧҮКТҮН ЧАЛГЫНЫ

Кырк күндө чочко сак болуп,
Кайратына карк толуп,
Элин жыйнап топ болуп,
Эсеп жеткис көп болуп,
Кызылбаштан беш миңди,
Түркмөндөн алып үч миңди,
Чүрчүттөн жыйды эки миң,
Кош аттан алды жети миң.
Он миң аскер кол курап,
Үзүлбөй арты жол чубап,
Алтымыш күнү камданып,
Ажыдардай чамданып,

Жыгылдым деп баладан
Ошого жаман арданып,
Бай болом деп быксыган
Жедигерден мал алып,
Керкимат өтө күркүрөйт,
Жеп ийчүдөй жалманып.
Даярдык күтүп атты алып,
Жети Сууга жол тартып,
Керкимат чыкты аттанып,
Коркутам деп Толтойду
Өзүнө өзү мактанып.
Толтойдун билип абалын,
Керкиматтын кабарын,
Көккүчүк айтты мындай деп:
«Эр Толтой, укчу жырбай кеп,
Чүрчүттүн элин билемин,
Оюңа муну илейин,
Чүрчүттөрдүн Керкимат,
Өжөрүрөөк жан эле,
Өкүм менен башкарган
Өз журтуна кан эле,
Залымдыгы өзкөчө
Кара мүртөз ал эле,
Башкаларды бозектеп,
Баштадан берки мүнөзү
Каракчылык сабы эле,
Ойлогону күткөнү,
Опсуз дүйнө мал эле,
Ошондой жүрчү жан эле.
Кармашкан болсо сиз менен,
Каракчылык из менен
Өзү келип катылып,
Анда жоктур жүз деген,
Желөпкөрөөк жан эле
Жеңмейинче түтпөгөн,
Сакайып өзү албасын,
Кайра келип калбасын,
Оңолуп алып кол жыйнап,
Калбаны чындап салбасын.
Мен чүрчүткө чейин барайын,
Чалгындап жолду чалайын,
Эмне иш кылып жатканын,
Бир күзөтүп багайын.
Камынып жатса эгерде,
Кайра келип мурдараак
Кабарын сизге салайын.
Жөн жаткан болсо көрөйүн,
Жаныңа кайта келейин,

Жакшылап кабар берейин,
Кадыр жан болуп сиз дагы
Кайтсаңыз элге белейин,
Жолума түшүп мен дагы,
Жортулума жөнөйүн»,
Деп ошентип Көккүчүк,
Акылдуу кептен айтканда,
Адалдык кылып жатканда,
Айтканын Толтой эп көрүп,
Ыраазы болуп балага,
Иниден жакшы бек көрүп,
Барсаң баргын деди эле,
Оюна анын көндү эле,
Мылтыгын алып өзүнүн
Көккүчүк жөнөй берди эле,
Жөө жүргөн анын адаты,
Желмаяндай желди эле,
Муну көрүп эр Толтой
Чычырып аны токтотту,
Жакшылыгын, мээримин
Жакынына окшотту.
«Көккүчүк мунун оң эмес,
Сен баруучу узак жол,
Оной-олтоң жол эмес,
Суркоенду мин деди,
Чарайнамды кий деди,
Кандай басыш-турушту
Калганын өзүң бил деди,
Бачымыраак кел деди,
Келип кабар бер» деди.
Көккүчүк ага көнбөдү:
«Сиз турганда тулпарды,
Кандай минем мен деди,
Керек болор сизге да.
Атты өзүңүз минерсиз,
Чарайна мага чоң келет,
Чабыт чыкса киерсиз.
Жөө жүргөн менин адатым,
Эки бут менин канатым,
Минип кетсем атынды
Анда кандай иш болот,
Бир жумуш чыкса кокустан
Бир өзүңө күч болот».
Мына минтип Көккүчүк
Дааналыгын билгизди,
Ага Толтой ынабай,
Өзү токуп тулпарды,
Колтук жөлөп мингизди,
Калканын берип колуна
Чарайнасын кийгизди.
Ыйтылуучу кеп бүтүп,
Азырак турбай Көккүчүк,
Узун жолго күүлөдү,
Чаңызгытып жөнөдү.
Суркоен октой атылып,
Араандай оозу ачылып,
Ак көбүк жалга чачылып,
Беш күндө басчу көп жолду
Бир күндө басып өткөнү,
Үстүндөгү Көккүчүк,
Отуруп ага түтпөдү.
Ошентип кетип баратса,
Алдынан туман көрүнөт,
Туманбы десе түгөнбөй
Ар жерде чаңдар көрүнөт,
Абдан байкап Көккүчүк
Акмалап көпкө үңүлөт.
Жакындап чаңдар келди эми,
Жакшылап анык көрдү эми,
Келе жаткан көп кошун
Жөө экенин билди эми.
Көккүчүк муну көргөндө,
Бүткөн бою дүр деди,
Титиреп кирип ичине,
Коркунчу жүрөк тилгени,
Көбүрөөк карап туралбай,
Көңүлү жаман кирдеди,
Суркоен башын шарт буруп,
Кайра жолго кирди эми,
Коркконунан далбактап,
Коендой болуп жүрдү эми,
Толтойго жетип келди эми,
Жетер-жетпес ыраактан,
Ордунан баатыр тур деди,
Көргөн-билген абалын,
Такыр айтып бергени.
Баатыр Толтой шашпады,
Көккүчүктөй шылуунга
Мына мындай айтканы:
«Чүрчүттөрдүн Керкимат,
Келаткан чын болсо,
Каалаганы чыр болсо,
Кызылбаштан, түркмөндөн
Жыйнаган кулу-кыл болсо,
Мен андан деги коркпоймун,
Алдынан тосуп жоктоймун.

Жоо келсе өзү катылып,
Жоколоң ишке шашылып,
Адебин катуу берейин
Элимди жыйнап мен дагы.
Туш-тушунан качырып,
Менин ишим жөндүү иш,
Керкиматка окшонуп,
Жок жерден калба салбадым,
Чүрчүттөрдүн элине
Кол жыйнап өзүм барбадым,
Көз алайтып жеринен
Чычкак улак албадым,
Зордукчул мындай мытаамдын
Чыгарайын далдалын,
Калкымдын коргоп тынчтыгын,
Кара жаным арнайын.
Өзүнчө келип катылды,
Оорутту менин башымды,
Бузду келип чегимди,
Кетирди менин эбимди,
Кан агызып боюмдан
Калтырды ичте кегимди.
Кокустан келип кол салып,
Жарадар кылды өзүмдү,
Жарашуу үчүн мен айткан.
Укпады жакшы сөзүмдү,
Беш баланы ээрчитип,
Аны дагы кечирип,
Болуптур десе болбоду,
Жолбун иттей жойлоду,
Эркиме деги койбоду,
Элдин ыркын кетирип,
Ошол үчүн, Көккүчүк,
Уккунуң кепти түп түзүк,
Менин дагы элим бар,
Тирек болор белим бар,
Төгөрөккө таанымал
Жедигердей элим бар,
Жети Сууда жерим бар
Мен элиме барайын,
Барып кабар салайын,
Эр тындуулап ат ылгап,
Алып келе калайын.
Ал өндөнүп он миңдеп,
Таппасам да көп колду
Элди аралап багайын,
Ар бири жүзгө татучу
Байкашты кайдан көрөлү.

Сен туруп тур бул жерде,
Көз салып тиги туу белге,
Акмалагын жолдорун,
Абалын билгин жоолордун,
Бачымдап келип Керкимат
Белди ээлеп албасын,
Каптап кетип көп колу
Каран түн башка салбасын,
Бейкут жаткан элимди
Талап кетип калбасын.
Суркоенду минейин,
Шамал өңдү желейин,
Эки күнү туруш бер,
Эки түндө келейин.
Ошогочо көз болгун
Узак тургун дебейин,
Колду жыйнап барынча
Келе калсам белейин,
Колду салып чоң жолго
Өзүм алдын келейин.
Келип калса Керкимат
Кыйкырыкты саларсың,
Андан-мындан коркутуп,
Алдына жакын барарсың,
Айлантып жолдон аздырып,
Айласын өзүң табарсың»,
Деп ошентип эр Толтой,
Суркоёнду минди эми,
Зыргытып жолго кирди эми.

КЕРКИМАТТЫН ЖЕКСЕНДЕЛИШИ

Эр Багыштын жаш Толтой,
Катышкан жоого кас Толтой
Кабарсыз элин эш тартты,
Куюндай жолго тез тартты,
Камыш кулак тулпарын
Камчы менен беш тартты.
Айбандан башка Суркоен,
Атырылып жөнөдү,
Канатын көккө күүлөдү,
Учкан куштай зыркырап,
Көөдөнүн желге бөлөдү,
Басыгыбы, учканбы,
Көргөндөрдүн көз тайып,
Чуркаганы билинбей,

Чуркурап кулак дирилдей,
Абаны жиреп баратса
Абаз чыгып күрүлдөй,
Анда-мында бир тийип,
Арышы көзгө илинбей,
Аткан октой баратат,
Абдан анык көрүнбөй,
Аркада калган чаңдары
Түшчүлүк жерден түрүлбөй,
Алдынан көрсө тулпарды,
Ажыдаардын сүрүндөй,
Алты күнү Көккүчүк
Мингендиги билинбей,
Алып учуп келатат
Аңдардан бели ийилбей,
Асыл туулган Суркоен,
Арзытып жолду басканы,
Аркада калып эчен бел,
Аркайган тоодон аттады,
Он эки күндүк көп жолду
Бир эле күнгө каттады.
Бейкут жаткан элине,
Бешимде жетип ал барды,
Толтойго ээрчип чаң барды,
Толкуну күчтүү шаң барды,
Кыйкырыгын укканда
Коркпой турган жан барбы?
«Козголгун элим, козгол»—деп,
Укkан элдер таң калды.
Доолбасты ургузуп,
Аралап кечке эл-журтун,
Орду-ордунан тургузду,
Тынчтыкта жаткан жедигер,
Түбү менен түрүлөр
Туш-туштан келип жойлоду,
Баатырдын кебин укkандар,
Баспаган элдер болбоду.
Күүгүмгө чейин иш бүтүп,
Кары-жаш жолго бүт түшүп,
Калбай жөнөп калганда,
Каарын бетке алганда,
Толтойго жолу чырмалды,
Бир-бирлеп андан сындалды,
Эр Толтой тандап аларды
Мыктуусунан миңди алды,
(Миң кишиден бирди алды),
Калгандарын кайтарды.
«Барба»—деп мизин кайтарды,

Туруп калды көпчүлүк
Батыналбай тик багып,
Барамын деп айтарды.
Тандап алган миң жигит,
Тулку бою сур жигит,
Жоо жарагын камданып,
Жолборс өңдүү чамданып,
Турбай жолго түшкөнү,
(Даярдыгы бүткөнү)
Жолго баштап аларды
Атага берип кабарды,
Баатыр туулган эр Толтой,
Бааларды карап түрбады,
Суркоен башын бурганы,
Тулпардын оозун кердирип,
Туякка ташты тердирип,
Келгениндей зыркырап,
Тоо келсе чыкты желдирип.
Турбады жолдо кээлигип,
Душманын ойлоп жээлигип,
Таң аткыча жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Эртеси кеч бешимде
Жетип келди туу белге.
Келсе Толтой ал жерге,
Күн кылкылдап кеч экен,
Керкимат да ал ал белге,
Келип калган кези экен,
Айба кылып Көккүчүк,
Жүгүргөнү тез экен,
Керкиматтын көп колун
Тосо албай ар жерден
Чыгып жаткан эси экен.
Эр Толтойду көргөндө
Көккүчүк жаман бакырды,
«Бол баатыр!»—деп чакырды,
Толтойдун атын укканда,
Карааны көзгө жукканда,
Карааң калган көп кошун
Көк жылгадай ийрилип,
Батынып алга басалбай,
Туруп калды дырдыгып.
Ал аңгыча күн батты,
Жоо жүрөгүн сүр басты,
Эңкейиш тигип кошторун
Мыдырабай тим жатты.
Эр Толтой менен Көккүчүк,
Уктабай алар көз бүтүп,

Ортодо кылар сөз бүтүп,
Таң атканча сакташты
Келерин жардам көп күтүп.
Бир азга көзүн илбеди,
Башкага көңүл бербеди.
Бирок да Толтой кошуну,
Эмгиче дагы келбеди.

Күн эртеси болгондо,
Барабаны урулуп,
Кызылбаш, түркмөн,
чүрчүттүн,
Бар аскери чубуруп,
Сапырылып топ болуп,
Мандайга келип топтолуп,
Керкимат колдон бөлүндү,
Жекеге чыга козголуп,
Толтойду карап күүлөнөт,
Жеп ийчүдөй окшонуп,
Өзүнөн өзү жулунуп,
Ажал айдап туралбай,
Жаны тынбай удургуп,
Алдында минген тулпарын
Камчы менен бир уруп,
Тизгинге колун жулдуруп,
Толтойго найза сундуруп,
Чакчандаган Керкимат
«Качан болсо өлөм — деп,
Койбосмун тирүү муну — деп,
Карааны тоодой Толтойду,
Көмө коюп өтөм, — деп,
Камындырбай бат эле
Көз ачканча жетем, — деп,
Көргүлүгүн көрсөтүп,
Күкүм кылып кетем, — деп,
Тулпары туйлап элендеп,
Найзасы колдо серендеп,
Таноосу көөп алыптыр.
Таначардай тепендеп.
«Толтойду союп заматта,
Талпагын ташка керем, — деп,
Күлдү кыргыз тукумун
Жер бетинен терем, — деп,
Жазганбай чочко качырды
Жаш бала Толтой баатырды.
Коркуп андан калган жок,
Толтой да удул бастырды,
Ачууланып айкырды,
Айбаты көптү жапырды.
Бетме-бет келип эки дөө,
Саюуга мурун шашылды.
Эки тулпар туягы
Тийген жерлер ор болуп,
Топосу тоодой казылды,
Керкимат келип күркүрөп
Найзасын төптөп саярда,
Бир балааны табарда,
Кылдат туулган Толтоюң
Кагып ийди найзасын,
Калгандар кантип байкасын.
Керкиматты качырып,
Көөдөндү туштап бир сайды,
Күчөнүп өтө сумсайды.
Кандим болгон Керкимат
Каптал жакка кыйшайды,
Найзасы тийбей калганы,
Кайрылып Толтой барганы,
Балтасын алып колуна
Башынан ары салганы,
Шашып калган Керкимат
Өзүн ондоп алганы,
Күрсүсүн колго кармады,
Балтаны жакын келтирбей,
Катуу кагып салганы.
Ондонуп келип баатырлар
Уруштун артын жалгады,
Саялбай бир-бирин
Ичинде жүрөт арманы.
Найзага найза кагышты,
Балтанын мизин чагышты,
Катуу күчөп чапканда
Кабыргалар кайышты.
Балтасын белге кыстарып,
Кылычын колго алышты.
Качпай туруп беттешип,
Кангычакты чабышты,
Күркүрөшүп жолборстой
Күүлөнүшүп барышты,
Жарагын таштап салышты,
Бир-бирине жабышты,
Токмок кылып колдорун
Топ жакадан алышты,
Жулкулдашып көпкөчө
Кой бербей колдор карышты.
Ажырашып кайтадан,
Аттарына жанышты,

Жарагын колго алышты.
Тулпарлар кызып туралбай,
Арбыта салып арышты,
Бири-бирин жөөлөшүп,
Букадан бетер кагышты.
Аянбай найза сайышып,
Кармашка минтип канышты.
Келгин деп кезек беришип,
Канча мертем чабышты.
Бети-башы кан болуп,
Таанылгыс болуп калышты,
Жарды челген букадай
Беттерге топо жабышты,
Бири-бирин жеңалбай,
Бешимге чейин алышты,
Өлтүрбөй сени койбойм деп,
Өжөрлөнүп кайтышты,
Таң саардан бешимге
Качпай туруп салышты.
Көпчүлүк карап турушту,
Көрбөгөн мындай урушту,
Коркконунан кээ бирөө
Кара жанын унутту.
Кылыч, найза. балтасын
Канча миңдеп сунушту,
Кап сени деп кесенип,
Муруттарын жулушту,
Бири-бирин жеңалбай,
Айбат салып турушту.
Ошол кезде бел жактан
Катуу сүрөөн чыкканы,
Жаңырып кулак укканы.
Баатыр Толтой көп чүрчүт,
Бел жакка көзүн салыптыр,
Жедигердин миң жигит
Эми келип калыптыр,
Байкап жакшы карашса,
Баарысы баатыр алыптыр,
Келе жаткан сүрүнөн
Көргөндүн көзү талыптыр,
Кужулдакты салыптыр.
Кымылдаган көп душман
Өзүнүн элин көргөндө,
Оңой жолун бергенде,
Баатыр Толтой күлгөнү,
Белине кайрат түйгөнү,
Карышып калган колуна
Кайрадан кубат киргени,

Өнө бою күч толуп,
Керкиматты качырды,
Манастан урааны чакырды.
Ач арстандай күркүрөп,
Алды жакка атылды
Жеткен жерде Толтоюң
Элебей турган душмандын
Желегин жерге жапырды,
Сайганы шайдоот билинбей
Сооруга найза батырды,
Керкиматтай чочконун
Шорун минтип катырды,
Бир сайгандан чыгарбай,
Жер таянтып жаткырды.
Найзаны таштап жиберип,
Балтаны кармап имерип,
Толтойдун аты Суркоен,
Ооздук тиштеп нидерип,
Эшик эндүү айбалта,
Өңкөй болот ал балта,
Кайра айланып эр Толтой
Көздү жумуп-ачкынча,
Керкимат кооп качкынча,
Колтугун кере ачканда
Чокулата чапканда,
Чүрчүттөрдүн Керкимат
Башынын сөөгү жарылды,
Балтага мээси жабылды,
Сыңган узун теректей
Сулап чочко жыгылды,
Тойбос көзү түбөлүк
Топого башы тыгылды.
Керкимат өлдү, жан сынды,
Өчөшкөн жоосу ал тынды.
Эми Толтой неткени,
Балтасын сууруп алганы,
Аарчып белге чалганы,
Кыя-чие майданга
Көз чаптырып калганы.

Камангелдин эки уулу,
Контокчунун үч уулу
Катыраң салып үн чууну,
Кайратын бойго алганы,
Каптап келип калганы,
Толтойду алып ортого
Тополоңду салганы.
Анткен менен эр Толтой,

Ажылдышкан шумдарды,
Бучкагына албады.
Ал аңгыча чүрчүттүн,
Кызылбаш менен түркмөндүн
Аскери он миң чаңырды,
Бир Толтойго жабылды.
Жедигердин миң жигит,
(Миңге төтө бир жигит)
Аны көрүп туралбай,
Жапырды жоону кырандай,
Бир четтен кыра баштады
Бир чапкандан чыгарбай,
Аралашты эки топ
Бузулган уя жыландай.
Кайтарылды жоо мизи
Калгандай чалгы чыңалбай,
Кандары акты сай ылдый
Каптаган сел кыяндай,
Качып чыкты эчен жоо
Калтарып найза суналбай.
Элүү башы ороктоп,
Он башчысы сороктоп,
Аскерин тосуп тыялбай.
Жедигердин миң жигит
Эркинче жойлоп куландай,
Кез келгенин кылычтап,
Кыйратат колдон чыгарбай,
Душмандын башы дыбырап,
Үзүлүп күзгү чыландай,
Аралап жүргөн эр Толтой
Оюна бир иш алганы,
Контокчунун үч уулу
Койбой тирүү жалмады,
Кайнаган көптүн ичинде
Капташып булар калганы,
Кыраан туулган эр Толтой
Кылмак болду арганы.
Азоо кармап жылкыдан,
Боолук салып аркандан,
Шилтегенде чалмасы
Жаза кетип калбаган,
Багыштын бала Толтою,
Машы чыккан кыйын жан.
Жибек аркан чалманы,
Түрүп-түрүп кармады,
Контокчунун үч уулу,
Катар турган жеринде
Чалманы Толтой салганы.

Баатыр Толтой турабы,
Суркоенду камчылап,
Катуулап жөнөп калганы,
Сүйрөтүп жүрүп үчөөнү
Өлтүрүп барын жайлады,
Жоо башын шондой жоюлтуп,
Баатыр Толтой шайлады.
Качкан калган кызылбаш
Камангилдин эки уулу
Качырбай тосуп алганы,
Камангилдин чоң уулу
Атынан түшүп муну айтат.
Адамдын ичин муңайтат:
«Баатыр Толтой сен болдуң,
Башында душман мен болдум,
Бүгүн акыл ойлондум,
Эрдигиңе кол койдум.
Тартуу кылып башымды,
Кандай кылсаң кылгын деп,
Өзүңүзгө жол койдум.
Ырайым кылсаң инине
Өлтүрбөй мени жөн койгун,
Акылы жок атамдын
Ал иштерин ойлондум,
Арамзада Контокчу,
Азгырып сага барганда,
Өлтүрүп Толтой сен койдуң.
Алдыңа келсе атаңдын,
Кунунан кечтим деген сөз,
Кадимден берки белен сөз,
Кол байлап турган иниңдин
Көөнүнө Толтой жеткиниң,
Кармашына да тойдум,
Калганын ага саа койдум.
Кызылбаштын олжосун,
Кыраан Толтой маа койгун.
Өзүң агам тоодоюм,
Мен сизге ини болоюн,
Сиз кылганды кылайын,
Кылба десең коеюн,
Ээрчип жүрүп артыңан
Бууданды бирге чоеюн,
Кас душманың бар болсо,
Жардамдашып соеюн,
Жолобо десең бир ишке,
Жоколоң тапкан бир ишке,
Кантип эми жолоюн.
Мен кичүүмүн бөбөгүң,

Арканда болчу жөлөгүң,
Агам Толтой экен деп,
Урматыңды көрөйүн,
Илгертен бери Қамангил
Қишиге барып тийбеген,
Қайберенден башканы
Қармаганды билбеген.
Қылган иши ал экен,
Қонтокчу тилин алам деп,
Өлүшүү ага чала экен.
Өтүнчүм алик алгының,
Агартып көөнүм салгының, —
Деп ошентип турганда,
Мойнун мага сунганда,
Алсаң балам алгын деп,
Айтканыңды орундап,
Ини болуп калгын деп,
Бастырып кетти эр Толтой,
Ичи карды кең Толтой.
Қызылбаштын элине
Ошентип бала ээ болду,
Қылганы эми не болду:
«Айтканым угуп алыңар,
Қонтокчудай каныңар,
Азгырып жүрүп атамды,
Өлтүртүп салды чалыңар,
Арамдыктын, зордуктун,
Адамдарда саны бар,
Ал мезгили келгенде,
Эсеп алар чагы бар,
Қамангил уулу биздердин,
Қак силерге каары бар!
Атамдын кунун кууймун деп,
Қырк адамдык чаңы бар,
Кунун берип кеткиле,
Қыңкылдабай барыңар!
Болбосо тирүү кетирбей,
Қылуучу ишим дагы бар,
Деп ошентип күпүлдөп,
Камчыга бөлөп дүпүлдөп,
Қысмакка катуу алганы,
Қалбаны катуу салганы.
Қызылбаштын элинин
Жаздады чыга жан-маны.
Акылдуусу баш кошуп,
Күңкүлдөшө калганы,
Қамангелдин уулуна
Тизе бүгүп барганы,
Чымын жанын тилешип,
Сакалдарын тергени,
Қонтокчунун бир кызын
Қолукту кылып бергени.
Баланын көөнү утулду,
Қызылбаштан келгендер
Мына ошентип кутулду.
Қамангелдин эки уулу,
Қаадасын кылып олутту
Элүү миң кызыл алтынды
Эр Толтойго коюшту,
Түркмөндүн элин ээрчитип,
Кетмекчи булар болушту.
Түркмөн менен кызылбаш,
Жай-жайына тарады,
Жедигердин элине
Жакшылыкты самады.
Ага-ини болгон эки эрен,
Узунга арнап санааны,
Багыштын уулу Эр Толтой,
Элдештирип үч элди
Ишке минтип жарады.
Чүрчүттүн эли калганы,
Кетүүгө таппай арганы,
Көккүчүктү эр Толтой.
Меркитбайга жиберди,
Жеткизмек болду максатка
Жардамы өткөн бул эрди.
Ак кагазга кат жазып,
Учун бүктөп имерди,
Анык жазды катында
Жаштарга бакыт тилерди,
Алган соң катты турбастан,
Жанына жетип келерди.
Көк күчүк айтып барганда,
Катты бере салганда,
Элине кабар бергени,
Ээрчитип алып бир тобун
Мертикбай дароо келгени,
Толтой ишти эптеди,
Эп келип кеңеш кептери,
Чүрчүттүн элин өткөзүп,
Бийлигин ага бектеди.
Көккүчүк күйөөң болсун деп,
Кудалаша келгени.
Арманда жүргөн эки ашык,
Себеби менен Толтойдун
Максатына жеткени.

Булар элге кайтарда,
Болгон тою таркаарда,
Меркитбай эми неткени,
Берген энчим ушу деп
Чүрчүттү берип кеткени;
Хан болуп чүрчүт элине
Көккүчүк жыргап өткөнү.
Чогулган мында көпчүлүк,
Тынчтыкка көңүл жүгүртүп,
Тарап барып элине
Көргөнүн айтты көптүрүп.
Келген соң алар тарашып,
Чүрчүттүн чоңу Көккүчүк,
Жубайы менен убара,
Жүрө алган жок эл күтүп,
Тамаша таңга киришип,
Жылдан жылдар өткөн соң
Журттар өзүн илишип,
Өзбек, түркмөн, кыргызга
Чүрчүттүк кетти сиңишип.

БАЙТОРУ МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ

Эми Толтой нетиптир
Жедигерге жетиптир.
Катыны жок жалгыз баш,
Жыйырмадан ашып кетти
жаш,
Жедигерден кыз жакпай,
Же издеп-сурап кыз таппай,
Согушта өттү нечен жыл
Эл кеги деп тынч жатпай.
Бир күнү жатып эр Толтой,
Келгендерден сөз угат,
Каңгайдан сулуу кыз угат,
Катуулап даңкы тараган
Кылымдан ашкан узду угат.
Кызыл Кыя жери дейт,
Ургу кытай эли дейт,
Карт Батай деген кары бар
Ошонун сулуу кыз дейт.
Кабарын укkан жигиттин
Жүрөккө саяр тызы бар,
Кишиге өзүн теңебес
Кең көкүрөк өзү бар,
Ордон чыккан чырактай,
Өрт жалынду көзү бар,
Ким келип коркпой беттешсе,
Кызымды ага берем деп,
Батай хандын айткан сөзү бар.
Баатыр эмес Батай хан
Кызы баатыр Батайдын.
Кылдаттыгы башкача,
Кармашкандар жалтайган.
Кабарын угуп сулуунун,
Кытайдан тили буруунун,
Туралбады чамдады,
Күйүтүнө сандалды,
Барайын деп ошого
Баатыр Толтой камданды.
Жоо жарагын бүт алды,
Эки миң беш жүз киши алды,
Азык-түлүк мол алды,
Узакка сапар жол алды.
Кызыл Кыя ашам деп,
Батайханды басам деп,
Кылыгын көрүп сулуунун
Кумарымды жазам деп,
Токтолбой жүрүп олтуруп
Кызыл Кыя бел ашты,
Кырчактабай таш басты.
Аркыраган суу кечти,
Аралап адыр өткөнү,
Алтымыш күндө жеткени,
Арага киши жиберип,
Тил алыша кеткени.
Жиберген Толтой ал киши,
Акылы арбын бар киши,
Атасынын вазири
Байтеке аттуу шай киши.
Барып көнгөн Байтеке
Андай эчен жерлерге,
Байланыш жасап элдешип,
Кызматы артык билгенге,
Даңкы кеткен элдерге,
Айлынан бери бир кыйла,
Жакындап жакын барганда,
Батайкандын жесекчи
Байтекени кекетти:
Коркпой келген сен белең,
Ким экен бул десекчи,
Кайдан келдиң сен киши,
Эми жакшылап бергин эсепти.
Байтеке анда кеп айтат:

Бас өпкөңдү деп айтат,
Байкап уккун жесекчим,
Мен алыскы жерден келемин,
Батайкандын өзүнө
Айтар кабар бир кебим
Айлыңа жолду тартып кел,
Келсин десе барамын,
Көп кечикпей кайтып кел.
Каның кепти андасын,
Кайдан келген киши деп,
Кабарсыз болуп калбасын.
Жеримдин аты Жетисуу
Жезден бүткөн жар ташым,
Өзүмдүн атым Байтеке,
Жетимиште бар жашым,
Багышханга вазирмин,
Сен ушуну айтып бар бачым.
Жесекчи угуп алыптыр,
Батайханга барыптыр,
Уккан көргөн билгенин
Баарын айтып салыптыр.
Батайхан анда бек айтты:
Жесекчим, баргын деп айтты,
Чуркагын көпкө турба деп,
Жедигердин элчисин
Баштап келгин мында деп.
Жесекчини буйратты,
Аз ойлонуп сыр тапты,
Бат келсин деп жаныма
Кызына киши чуркатты.
Кызынын аты Байтору,
Байтору эмес Айтору,
Башынан баатыр өскөн кыз,
Баатыр эмей эткен кыз,
Алачыктай Конурбай
Алты сапар беттешип,
Алы келбей кеткен кыз.
Жашы быйыл Байтору,
Жыйырма бирге жеткен кыз,
Байторуга хан Батай,
Баштады сөзүн мамындай:
Бала кезден бер жакка,
Ырайым кылбай эр жакка,
Келатасың жыгылбай,
Беттешип бирөө жеңалбай,
Жакындап саа келалбай,
Же эр болуп сени алалбай.
Кабар келди маа бүгүн,
Кеңешейин саа бүгүн,
Жедигердин эр Багыш
Жашынан далай эрди алып,
Бек кыйын чыккан жан эле,
Бет алган жакка чуу салып,
Ошол эр Багыштын баласы
Баатыр Толтой келиптир,
Кас чыккан жоонун неченин,
Кылычтап башын териптир.
Эми вазирин бизге жиберип,
Кудалашсак дешиптир.
Байтеке чечен келген кеп,
Башынан ишти көргөн көп,
Келип калса бул жерге,
Жообун берем эмне деп.
Батайхан мындай дегенде,
Кызына кеңеш бергенде,
Байтору туруп муну айтты:
Багыш кары, Толтой жаш,
Хандык таажың кийип айт.
Айланайын, атаке,
Элчиге сөздү билип айт.
Баатырга башым ийбеймин,
Сайышпай туруп тийбеймин,
Азырынча Толтойго
Тиймек түгүл сийбеймин.
Баатыр экен ушул деп,
Конурбайдан качпадым,
Алтынчы жолу келгенде
Аңтара сайып таштадым.
Элчиге сөзүң алдырба,
Балбан деп андан кайгырба,
Бир ишке дыкат кыларсың
Бир айтар кебим мен сага.
Өзү шибе элинен,
Байчакайга бул кептен,
Кулагын аргиз чалдырба,
Байчакай жолу катыптыр,
Баардык малын сатыптыр.
Шибеден камдап аскерди
Байторуну алам деп,
Келгени мында жатыптыр.
Беттешпедим көргөмүн,
Бетинен коркуп жүдөдүм,
Байчакайды бир көрүп,
Сайышпай туруп сүрдөдүм.
Угуп алып ал келип,

Ортосунда эки алптын
Атаке, талоонго кетип
жүрбөгүн.
Деп сүйлөшүп алышты,
Болор кептен салышты,
Аңгычакты короого
Элчилер келип калышты,
Жигиттер атын алышты,
Байтекени башташып,
Батайхандын үйүнө
Жигиттер кирип барышты.
Батайхан менен Байтеке
Саламга алик алышты,
Кол беришип көрүштү,
Кучакташып өбүштү,
Байтекени күткүздү,
Төр жагына өткөздү.
Батайхан жолун саздады,
Байтеке кебин баштады,
Жашырбай айтып мактады,
Баарысын ачып таштады:
Алдыңа келдим Батайхан,
Багыш экөөң катар хан.
Сенде сулуу кызың бар,
Менде тентек уулум бар,
Айта турган мунум бар,
Кызда баатыр сенде бар,
Уулда баатыр менде бар.
Кызыл жарактуу жериң бар,
Куп келүүчү эриң бар,
Атайын Толтой жиберди
Айтуучу сага кебим бар.
Кабарын кулак чалыптыр,
Эр Толтой билип алыптыр,
Сенин кызың Байтору
Атайын келүүчү
Беттешип киши алалбай
Картайганы калыптыр,
Уул-кыздар үйлөнүш
Эл ичинде аныктыр.
Жедигердин Багыш хан
Ал дагы сендей карыптыр,
Карыган кезим болсо да
Арага мени салыптыр.
Ызаатташып сөз менен,
Көөн уулашып боз менен,
Күч сынашпай өч менен,
Тууралыкка кандайсың,
Кулжундашып урушкан
Жудалыкка кандайсың?
Ачык айттым бар кептен,
Кайсынысын тандайсың?
Деп Байтеке айтканда,
Батайхан муну айтты анда:
Айтканың дурус Байтеке,
Келипсиң өзүң жарк эте,
Бирок да кызым анты бар,
Бузулбай турган кеп эле.
Күйөөгө тийбейт билиниз,
Байтору чыкпай жекеге,
Эки бала беттешсин
Бөлүнүп элден жекеге.
Эриңе кайтып барыңыз,
Ушул кепти салыңыз,
Эки күн өөрүн алгыла,
Үч күндө келе калгыла.
Сайдырып салса оңбодуң,
Сайып алсаң кыз алдың,
Кылымдан чыккан уз алдың,
Чыдабасаң сайышка
Аста кетип калгының.
Элге кайтып баргының,
Келип кетип калды деп,
Мен көөнүмө албаймын,
Алмак түгүл көөнүмө
Назарымды салбаймын.
Сизге окшош бул жерге.
Көп киши келет элчиге.
Келген менен кээ бирөө,
Байторуга баталбай,
Тик багып кебин айталбай,
Кетип калат жөн эле.
Кызарып кызыл шалбардай,
Сиз деле көп кыйналбай,
Ошолорго окшошуп
Кеткениңиз жөн кандай?
Батайхан кебин укканы,
Байтеке жолго чыкканы,
Баатырына келгени,
Батайхандын бар кебин
Толтойго айтып бергени:
Байторуну көрбөдүм,
Сарамжалын көргөнүм,
Сакчылары сактаган,
Устасы кылыч таптаган,
Чаркчысы балта чарктаган,

Баарысы ханын барктаган,
Баатыры найза эгеген,
Бар тарабы келишкен,
Байкашымча Байтору
Эң шумдукту эме экен,
Баатырдык кылып ар кимге
Тийишери эп экен,
Коңурбайды бир сапар,
Аңтара сайган кеп экен.
Кызыл Кыя деген жер,
Кытайдын берки чеги экен,
Аныктап тегин сурасам,
Ал дагы кытай эли экен.
Бул сапар сайып кыз алсам,
Акыры бир күн кытайлар,
Тийиштиң мага дээр бекен,
Калганын өзүң бил, Толтой,
Вазириң айтар кеп экен,
Көзүм менен көрдүм көп,
Кулагым менен уктум кеп,
Күн болжоду Батайхан
Үч күндөн кийин келгин деп,
Урушпас болсоң жөн эле
Үйүңдү көздөй желгин деп.
Угуп, көрүп келгеним
Ушунчалык экен деп,
Байтеке айтып токтоду
Ойлонуп баксаң бекемдеп.
Муну угуп эр Толтой.
Өз көөнүндө сүйүнүп,
Үч күн өтпөй узарып,
Олтурбай Толтой күйүгүп,
Таң атып күн кеч кирбей
Талаада жүрдү жүгүрүп.

Антип-минтип айткан күн,
Эр Толтой өтө шашкан күн,
Мөөнөтүнө барыптыр,
Бүгүн толуп калыптыр.
Байторунун аскери
Беш миң экен санаты,
Сайышка чыкса Байтору
Ээрчите жүрчү адаты.
Желпилдетип желегин,
Согуштун кылып дерегин,
Желмогуздай Байтору
Оңой жоодон дебегин.
Келип турду ойношуп,
Кызыл Кыя дегенге,
Курчалма тоонун сеңирге,
Толтой да туруп албады,
Эки миң беш жүз кишисин
Ээрчитип ал да барганы.
Көз жиберип Байтору
Эр Толтойду карады,
Коңурбайдан толкундуу,
Көрүндү анын карааны,
Оңой эмес окшойт деп,
Байтору ичте самады.
Баатыр кыз аты Байтору,
Минген аты чумтору,
Далай чуу көргөн балбан кыз
Байкап турат оңтойду.
Оюнда ойлойт Байтору,
Оодара сайып Толтойду,
Кетирейин оорагын,
Келтирейин кыямын,
Сайдырып ийсем кокустан
Болсун менин жубайым,
Деп ойлонуп калганы,
Найзасын колго алганы,
Күн нурунда жаркылдайт
Башында зоот калканы,
Чумторуну камчылап,
Бачым жөнөп барганы.
Кыз келсе утур алдына
Толтой туруп албады,
Бара жатып эр Толтой,
Байторуну байкады,
Балбандардай мүчөсү.
Бар экен чын атагы.
Нур чагылып бетинен,
Гүл буркурап этинен,
Оймок ооз, калем каш,
Опсуз узун кара чач,
Көзү күндөй балбылдап,
Караганда жалжылдап,
Жүлүндөн өтүп отту көз,
Урган таштай өкүм сөз.
Жарашып бойго жарагы,
Жылдыздай көздүн чанагы,
Анда-мында көрүнөт
Сүттөн аппак тамагы.
Бир азга Толтой мас болуп,
Талыкшып кайра тарады,
Намысты ойлоп иш артын

Кайратка бөлөп санааны,
Кабагын түйүп каарданып,
Кесирдүү кызды карады.
Баатырдыгын билгизип,
Балынтып боюн ийгизип,
Балбансынган канчыктын
Башын жерге киргизип,
Болжоюнчу күчүн мен
Балтанын учун тийгизип,
Эсинен кечкис кылайын,
Этегин башка кийгизип.
Деп ойлонуп камынып,
Качырып кирди эр Толтой,
Кирген нардай чамынып,
Ала-Тоодой эр неме,
Намыстанып калганы.
Суркоенго камчы уруп,
Сурданып жетип барганы,
Бетме-бет келип ал экөө,
Найзаларын алганы,
Толтойдон мурун камынып,
Байтору найза салганы,
Байторунун найзасын
Баатыр Толтой какканы,
Какканда найза жарк этип,
Учкундар жерди каптады,
Кактырып ийип найзасын
Байтору жаман арданды.
Ээктерин жалмады,
Кылымдын барын кыйраткан,
Коркутуп жүрөк туйлаткан.
Кара кыргыз манжунун,
Катын кызын ыйлаткан.
Канчалаган балбанды
Катары менен сулаткан,
Кара чокту Коңурбай
Найзамды менин кагалбай,
Жаман шашып калды эле.
Эч айласын табалбай,
Найзамды катуу какты деп,
Намыс кылып туралбай.
Найзасын чыңдап кармады,
Калтырбай күчүн жыйнады.
Кара боюн чыйратып,
Кайрадан найза ыргады.
Калдайган баатыр Толтойду,
Жазы кара капталга
Жандай түшүп ургапы.

Ээрден оор чоң Толтой,
Кыйшайып барып турганы.
Буга Толтой арданды,
Бузулуп өңү саргарды.
Камындырбай Байтору,
Катарлап эки сайганы.
Кызылбаш, түркмөн,
чүрчүттү,
Аралап келдим бул элди,
Сайып алдым алардан,
Мен-менсинген көп элди.
Калмак, кытай, манжунун,
Кармашып алы келбеди.
Так кайратым келгенде,
Такоолдук мага бербеди.
Балакет экен Байтору,
Камындырбай өзүмдү,
Эки ирэт сайып жиберди,
Деген ойго келгени.
Кайраттанып чиренди
Байторунун төшүнө,
Бачымдап найза имерди.
Толтойго найза сайдырбай,
Моокумун мунун кандырбай,
Ал дагы кагып жиберди.
Айгайлап салып сүрөндү,
Кайра тартып эр Толтой
Найзасын болжоп учтады.
Өтө берип ал кыздын,
Бөйрөгүнө туштады.
Катуу тийип ал найза,
Каржилиги сыздады.
Кайраты толук Байтору,
Какайып көзүн кыспады.
Кайрадан беттей барышты,
Качпай туруп салышты.
Капталдарга коюушуп,
Каңкылдап найза кагышты.
Кабы келбей ичинде,
Каршы-терши сайышты.
Калды найза керексиз
Кандуу балта алышты,
Карсылдашып чабышты.
Чапканга темир чыдабай
Балтанын мизин жарышты.
Балтадан пайда таппады,
Чокмор менен бир-бирин
Чокулата чапканы.

Чокмор менен коюушту,
Колтуктарын чоюушту.
Толтой менен Байтору
Башкача шумдук урушту,
Зооторун жулушту
Сонун баштап жумушту.
Чоюн баштар калганы
Кетелекпи алганы,
Кел бери деп бакырып
Бир-бирине барганы.
Көз айрышпай тиктешип,
Болгун аттан түш дешип
Теминишип киришип,
Темирден союп кетелек.
Төбөсүнө тийишип,
Алаканга түкүрүп,
Аттар туйлап жүгүрүп.
Чаап алган немеси,
Жарадым деп сүйүнүп.
Карап турат аларды
Калкы жардап үңүлүп.
Кара кытай жедигер,
Карахандан түңүлүп.
Ала качып аттары,
Аркан бою жар келсе,
Аттай-буттай түйүлүп.
Табына келген тулпарлар,
Ач күзөндөй бүгүлүп.
Жандары ачып кайышып,
Жаны тынбай салышып.
Кайран асыл бир жанды,
Кордук көрбөс кур жанды,
Кылга байлап салышты.
Жаман уруш баштады,
Кетелек жерге келбейт деп,
Найзаларын аштады.
Кезек менен кери жок,
Кезенишкен экөөнүн
Эрдигинин эби жок.
Жарактын үнү карсылдап,
Ат табышы тарсылдап.
Чарайнага найзанын
Учу тийип такылдап.
Ызырынып тап коюп,
Азуулары шакылдап.
Үзөнгү менен тебишип,
Карс-курс этип чакылдап.
Салышканы аларга
Күн алтыга жакындап.
Кумарлары канганда,
Кайталап найза алганда,
Көгөрүп алган Байтору,
Толтойго найза салганда.
Жазганбай Толтой карады,
Келе жаткан найзанын
Учунан шап кармады,
Байторунун колунан,
Найзаны жулуп алганы.
Жулуп алган найзасын
Ыргытып Толтой жиберип,
Өз найзасын тез ырган
Кирди Толтой имерип.
Кабуусуна келгенде
Каары катуу кан чыкты.
Капталга муштап нидерип,
Толтойдон найза жеткени
Чумторудан балбан кыз
Калпактай ыргып кеткени.
Жандай түшүп эр Толтой
Чумторуну кармады.
Сулап жаткан сулууну
Зыргытып барып жандады.
Айткан сөзүн танбаса
Анташкан жарым болор деп,
Атты тарта салганы.
Тура калып Байтору
Айткан кеби бул болду:
Жеңилдим Толтой сенден мен,
Менин башыма арман муң
болду.
Утулдум сага нетейин,
Эми элиме турбай кетейин.
Аркамдан Толтой келерсиң,
Убадамды билерсиң.
Түбөлүк бирге өтөрмүн,
Кадырыңа жетермин.
Той жабдыгы өзүмдөн,
Сени ээрчип кетермин.
Деп ошентип Байтору
Минген аты чумтору,
Бастырып жөнөп калыптыр,
Элине жетип барыптыр.
Баатыр Толтой эренди
Баштап үйгө баргын деп
Бирөөнө айта салыптыр,
Колдор тарап бөлүндү,

Толтой турат көңүлдү.
Байтеке вазир баштаган
Эки миң беш жүз барган жан,
Батайхандын элине
Барып түшүп калган жан.
Үй-үйгө бөлүп салышты,
Үчтөн конок алышты.
Толтой мыкты экен деп,
Элдер мактап калышты.
Бир канча күн той болуп,
Бээ семизин жарышты.
Магдырап жыргап жеп-ичип,
Қолдорун майга малышты.
Байтору Толтой бир үйдө
Тамашага канышты.
Адам барбай ал үйгө
Эркелешип күйөө-кыз,
Сүйүүдөн озур табышты.
Тенине-тени чапташты,
Убада сөзүн акташтыы.
Қызыкты бирге көрүшүп,
Эли да жыргап жатпасбы.
Ошондой жаткан бир күндө,
Бир каргаша капташты.
Муну мындай коюп тур,
Бурулган сөздү угуп тур.

БАЙ ЧАҚАЙДЫН ЧАБУУЛУ ЖАНА ТОЛТОЙДУН ТУТҚУНДАЛЫШЫ

Байтору айткан баягы,
Чочулап жүргөн жанагы.
Шибедеки бай Чакай,
Мунун дүмөгү бар бир далай.
Қонурбай келип кытайдан,
Байтору салып алалбай
Кетти деп кайта уялбай.
Байторуну алам деп,
Бай Чакай калган туралбай.
Байлыгы артык көп элден,
Угулуп даңкы көп жерден.
Байлыгына жараша
Өзү балбан топ эрден
Өкүсүнгөн неме экен
Байторуга камынып,
Жолго чыккан кеп экен.

Үч миң үч жүз аскерди
Ары шибе элдери,
Түгөл андес мылтыкка
Көзгө атар чендеги.
Бай Чакайдын элинде
Балбаны бар, баатыр бар.
Адамга кара санаган
Арамзада акыл бар.
Так ошого ишенип,
Келип калды бай Чакай.
Багынтып кызды алам деп,
Барабаландап бат шашар,
Жолду тендеп узады,
Өкүмдүк көнүн курчады.
Батай ханга баргын деп,
Элчиге киши жумшады.
Жумшаган киши басканы,
Бир белестен ашканы.
Келе жатса жол менен
Алдынан бирөө кез келди,
Өтө шашып тез келди.
Бай Чакайдын элчиси
Кезиккенден кеп сурайт:
Келесиң кайдан деп сурайт.
Кезиккен киши кеп айтты,
Қызыл-Қыя коргондон,
Келе жатам деп айтты.
Хан Батайдын элимин,
Ордо жактан келемин.
Он беш күн болду үйүмдөн
Ажырадым белейим.
Хан чыгарган жардыкка,
Моюн сунуп бардыкка.
Толтойго чыктык кол курап,
Эр калтырбай мол курап.
Жедигердин Толтою
Келген экен кыз сурап.
Байтору менен эр Толтой
Жети күнү сайышты,
Күч сынашып майышты.
Жан аяшып качпады,
Жаман уруш баштады.
Баатыр экен ал Толтой,
Байторудай балбанды
Ыргыта сайып таштады.
Күйөөлөп Толтой калганы
Ошондон келе жатамын,
Үйүмө жете барганы.
Элчи муну укканы,

Айтуучу кебин чуктады.
Мен шибеден келемин,
Уктуң бекен кабарын
Бай Чакай баатыр дегенин.
Байтору менен алышып,
Мен да қыздын кылып дарегин.
Бар өнөрүн салышып,
Басынтып кызды алам деп,
Келе жатат кайышып.
Жер жайнаган көп кошун
Жерге батпай майышып.
Угайын деп абалды
Келдим эле тоорулуп.
Милдетим мына бүттү эми
Қытайым сага жолугуп.
Қабарды барып айтайын
Баатырлар өзү чогулуп.
Муну укса бай Чакай
Қалбаны чындап салат ко
Қаарданып оолугуп.
Деп ошентип ал шибе
Бай чакайга барам деп,
Укқан кептен салам деп.
Бура тартып кетиптир.
Шибенин кебин укканда,
Ушул киши нетиптир.
Қайта жөнөп артына
Батай ханга жетиптир.
Энтиккен киши кеп айтат,
Батайхан уккун деп айтат.
Байторуну алам деп,
Үч миң кошун ээрчитип,
Бай Чакай шибе келайтат.
Жиберген анын элчиси
Жолдо мага кез болду.
Келиши менен кетиши
Көз жумганча тез болду.
Аны менен сүйлөштүм,
Болор-болбос тилдештим.
Қалганын эми өзүң бил,
Қантериңди билбесмин.
Ушул кепти укканда,
Ал киши ойдон чыкканда,
Бул ишке көңүл бурганда,
Батайхандын жанында
Кеңешчи болуп тургандар:
Көп эле киши кыз багат,
Чоңойгондо эр табат.
Қарыгыча турду олтуруп,
Қалбайт теги жер карап.
Сага окшош кыз баккан
Бар бекендир хан-манап?
Қызымды баатыр кылам деп,
Эмгиче келдиң саал карап.
Қызым билсин деп жүрүп,
Қыйноочу бир топ чыр барат.
Аламын деп ар кайдан
Көпкөндөр келип ушинтип,
Эл-журтуңа чыр табат.
Қыз-күйөөңө айткының
Эми кандай айла бир табат!
Деп чуркурап Жабалак
Батайханды табалап.
Акылчылар, вазирлар
Кетишти тарап талаалап.
Қайсы баскан хан Батай
Тынч алып үйдө жаталбай,
Күйөө менен кызына,
Өзү барып айталбай.
Қыжалат болуп бир далай
Баргының деп жумшады
Байторуга бир малай.
Малай барды барбаңдап,
Этек-жеңи салбаңдап.
Таманынан чаң чыгып,
Тартмасы андан далбаңдап.
Күйөө-кыздын үстүнө
Кирип барды чардаңдап.
Энтеңдеп малай бек барды
Уккандын барын кеп салды.
Толтой менен Байтору
Кулактарын түрүштү.
Малайдын кебин угушту
Телчишип кооп ныксырап,
Төмөктөн араң турушту.
Кумары дагы кана элек,
Жагдайга моюн сунушту.
Байтору анда муну айтат,
Толтой билбес сырды айтат.
Бай Чакайды бир көрдүм,
Көргөнүмдө сүрдөдүм.
Қатышат деп бир күнү,
Қам кылып андан жүргөмүн.
Жайчы болот шибелер,
Жазганбай келет тебелей.
Хан жарым Толтой угуп тур,
Сөзүмө көңүл буруп тур.

Этек жагым ачышып,
Мени кудай уруптур.
Магдыраймын алсырап,
Басалбай турам кансырап.
Бай Чакайдын алдына
Баатырлыкка сен баргын.
Башкача болсо шибелер,
Баш бербечү мен бармын.
Жайласам жайды билемин,
Катырам жоонун тилегин.
Эрким менен ар кимди
Кырк сүрөткө киремин.
Арманым калды азыраак
Чумторуга минбедим.
Карагай найза карманып,
Сенден мурун эр Толтой,
Аралап жоого кирбедим.
Чогоол айбан Чакайды,
Найза учуна илбедим.
Сайдырып ийсем шибеге
Башымды келбейт иймегим.
Балапан кезде өлдүм деп,
Арман кылбайм, ый дедим.
Жарадар болуп өзүмчө
Эми кантеримди билбедим?!
Минтип көпкө наалышым,
Өч болуп ага калышым.
Күйөө Толтой эреним,
Сага айтып берейин;
Коңурбай келип бул жерге,
Кара кытай бул элге,
Мени менен кагышып,
Алы жетпей жанышып.
Кайра кетти дегенде,
Айткан экен бай Чакай.
Барган келген элдерге
Байтору түлкү, мен шермин,
Башкасын кайдан билемин.
Бачыкдей Байтору,
Май төшүнө минемин.
Байтору канчык — мен эрмин,
Анын аялдыгын билермин.
Эркектер менен көп жүрөт,
Ачылып калса абийри,
Канжарлап кардын тилермин,
Деп ошентип элдерге,
Айтат көргөн билгенге.
Дагы уксам дагы бар,
Ойлосом ичим ачышар.
Айрыкча өтө арданам,
Айбандын айткан бир кеби:
Кичинек келип эркектер,
Байтору тийбей жүрөбү.
Опол тоодой жолукса,
Ошондо анан тийеби?
Көрдүнбү заар кептерин,
Көп болду аны кектедим.
Келгенде өзү алдыма,
Капилет басып кокустан
Коколоп ага жетпедим.
Үч күнгөчө байкасам,
Кубат жок атка минерге.
Бүткөн боюм шалдырап,
Каруум жок найза илерге.
Арманда калдым кантейин,
Өөдө-төмөн жөөлөгүн,
оозуна анын сийерге!
Капыстан жилик чактырдым,
Кантесиң Толтой жубайым.
Калганын сага тапшырдым.
Арманын айтып Байтору,
Аяк жагы кан тору.
Эр сагынган эрке кыз,
Элөөсүздөн бир майып
Болгонуна арданып.
Толтойго айтып турганда,
Төрөгө моюн сунганда,
Токтолуп баатыр турчубу,
Илептей мизи курчуду.
Аттардын барын алдырып,
Аскердин бары жабылып,
Адамдан коркпос эр Толтой
Ач арстандай чамынып
Жоо жарагын тагынып.
Жолго чыкты камынып.
Камынып турсун ал Толтой
Карааның көрсөң сан колдой,
Муну коё туралы.
Шибеден келген бай Чакай,
Ошондон кабар угалы.

Элчиге келген ал шибе,
Эленип кайра жөнөгөн.
Жолдон уккан кебине,
Суу кошуп ташка бүлөгөн.
Барып айтты түгөнгүр,

Бай Чакайдан эрине,
Билгичтерге шерине,
Укканда Чакай бакырып,
Баары аскерин чакырып,
Аттын баарын токунуп.
Апсумдөрүн окутуп,
Түн ичинде дүрбөлөң,
Шибенин эли дүрбөгөн.
Бай Чакай жүрдү жол менен
Арбын аскер кол менен,
Батайханды бат эле,
Талап алыш ой менен:
Байторунун Толтойдон
Көрүнө тартып алайын.
Көсөл Толтой дегенин
Көмө чаап салайын.
Манасы өлүп уулу жаш,
Абыке Көбөш ал экөө
Манас тапкан дүйнөгө,
Болуп жатат деңге мас.
Ырааксынып жүрчү элем,
Кутуруптур кыргыздар
Өпкөсү көөп жедигер,
Бузулуптур кыргыздар.
Эдебин берип келтире,
Көндүрөйүн эркиме,
Мас болгонун көрөйүн,
Каадаланган селкиге.
Жедигер менен кытайды
Кантип коем эркине.
Кожураса хан Чакай,
Кошуп сүйлөп тургуйда.
Супа салып таң ата
Жер бетине күн чала,
Кирип барды бай Чакай
Батайхандын айлына.
Байрак сайды желпинтип,
Айылдын туура жагына,
Кызыл кыя коргонго.
Кара кытай кылтылдап,
Кыргыздар туусу былкылдап,
Калк чогулуп толгондо,
Карама-каршы болгондо,
Желкөтөн деген бар эле,
Шибелерде ошондо.
Жекеге чыгып келерге,
Эдебин жалгыз берерге,
Бай Чакай кылды уруксат.
Калгандар карап турушат.

Желип чыкты Желкөтөн,
Шыпшырылып бир бөтөн.
Желкөтөн аты болсо да,
Өзү күчтүү неме экен,
Ойротту бузар эр экен,
Көзү кызыл, бети чаар,
Ороюу суук сүрү заар,
Минген атын секиртип,
Көчүгүнөн кекиртип.
Өзүн топко урганы,
Көрүп Толтой турбады.
Желкөтөн жолун утурлап,
Суркоен оозун бурганы.
Келе калып Желкөтөн,
Толтойго кепти баштады.
Алаксытып Толтойду,
Найзанын учун учтады,
Алдап туруп эбин таап,
Табарсыктап муштады,
Зооттон өтпөй такалып,
Найзасы кайра качканы.
Жаланғычтай чоң Толтой,
Жел Көтөндү көтөнгө,
Найза менен какканы.
Эки кабат темир тон,
Ыдыратып чакканы.
Камындырбай эр Толтой,
Көмө сайып таштады.
Желкөтөндү коборбой,
Башын кесип басканы.
Байкап турган ошону,
Ичинде кайнап арманы.
Оргубай деген агасы
Мандайлаша барганда
Ыргыта сайып салганы.
Соксокой мырза деген бар
Шамалдай жүрсө жолу шар,
Баргын деди бай Чакай,
Соксокой мырза келатыр,
Аркасында чаң жатыр,
Солкулдатып найзасын,
Тосуп Толтой баратыр.
Сүрдүү баатыр Соксокой,
Эр Толтойду качырды.
Түрү укмуштай найзасын,
Элү кулач ашырды.
Учу жагы өткүр миз,
Чапканын сак кетиргис,

Башкача эле найзасы.
Қайра тартса идирмек,
Илгенди жерге житирмек,
Төрт эли кирип найзасы,
Багыштын уулу Толтойдун
Олпогуна илинет.
Аңтара сайып кетүүгө,
Алы келбей жийрилет.
Қайра тартса найзасы
Идирмеги илинип,
Айласы мунун билинип,
Темир тору бар белинде,
Түрүп түрүп алганы.
Эр Толтойдун моюнга,
Эптеп туруп салганы.
Бурун эшкен темири,
Жакындап келип калганы.
Қылычты сууруп кынынан,
Туурадан Толтой чалганы.
Торго кылыч тийгени,
Темир торду барчалап,
Тийген жерин кескени.
Қылыч кесип кеткени,
Жандырбады кылычын,
Толтойдун көрчү кылмышын.
Соксокойду мандайлап,
Қалканынан капшыра,
Қапактай башын түз жара,
Баатыр Толтой чапканы.
Дөңгөчтөй жара бөлүнүп,
Соксокой сулап жатканы.
Баатырсынган бай Чакай,
Қалкалап башын каталбай,
Сыйкырчысын, аярын,
Сыр билген нечен адамын,
Жадүкөй дуба билерин.
Апсун окуп ийерин,
Чакырып алып жанына:
Мен барайын тетиги,
Толтой иттин алдына,
Өөдөрөк андан мен келсем,
Өз жаныма жөн койгун.
Төмөнүрөк көрүнсөм,
Барың даяр тең болгун.
Жайчың күндү жайласын,
Агызып кыян айдасын.
Бака болсун балчактап,
Жарканат болсун салпактап,
Жылан болсун ийрендеп,
Бөжөк болсун сербендеп.
Бокор болсун жербендеп,
Тоок болсун кукулдап,
Қекилик болсун чыртылдап,
Қуурай болсун кырсылдап,
Суудай аксын кызыл кан,
Жуурулуп ылай былчылдап.
Қак ошондой мезгилде,
Қантип чыдап турушмак,
Қара кытай кыргызды,
Қырып келгин кылычтап,
Деп тапшырып бай Чакай,
Бастырып чыкты жекеге,
Мурун эле майданда,
Турган Толтой чекеде.
Жолу каткан бай Чакай,
Ушундай өкүм ит эле.
Нарбаш деген аты бар
Чуркачу эле чалыкпай.
Өткүр эле алп эле
Өзү дагы бай Чакай,
Миң кишини кыруучу
Қызыганда талыкпай,
Бай Чакай жайы ушундай,
Баатырлык кылып жоо алган
Баштап жүрүп шибени.
Далай жерге чуу салган,
Темирден зоот кийбеген
Тешилбей араң ийилген.
Найза тешпес ок өтпөс,
Жибектен кийим кийинген.
Нарбаш тулпар мингени,
Жебеси бар куу найза,
Қарысына илгени,
Белинде кылыч жаркылдап,
Далыда калкан калкылдап.
Жутуп ийчү немедей,
Көзү оттой жалтылдап.
Доолбасы кытайча,
Чымын тийсе шаңкылдап,
Боз кайыштан чоң кисе,
Оң жанында шалпылдап.
Өзү семиз, карды чоң,
Бооз катындай чалкылдап,
Чакчаңдаган бай Чакай,
Чакчырылып шалкылдап.
Чакчелекей будуң чаң,

Жүргөн жолун чаң басат.
Тосуп Толтой баратат.
Эрдик шартын кылышпай,
Аты жөнүн сурашпай,
Күүлү найза алышып,
Эр күчүнө салышып,
Болжолу жок аламан.
Үстөкө-бостоқ сайышып,
Найзалары бүктөлүп,
Куру кол калып үксүйүп.
Күркүрөгөн бай Чакай
Көк балтасын алганы,
Балбай Толтой чунакты
Чокудан ары салганы.
Калкан менен тулгадан,
Толтойдон неме калбады,
Артык кылып Эр Толтой,
Арыстан сындуу шер Толтой,
Балтасын шилтеп калды эле.
Бай Чакайга кош колдой
Балта тийди Чакайга.
Аз жерден калды бай Чакай,
Акырет кете жаздарга.
Туулгасы, калканы,
Чыгып кетти талканы.
Бай Чакайдан шай кетип,
Бары күчү таркады.
Амал айла кылбаса,
Бекерге өлүп кетерин
Баамдап Чакай байкады.
Атынын башын бурады,
Таттуу сөздөн курады.
Үч күндүк сүрүк сурады:
Урушсак да дем алып,
Кыргыздан чыккан сен бир шер,
Шибеден чыккан мен бир эр,
Жылаңач жүрүп согушсак,
Шылдың кылып күлөр эл.
Кийим кийип башкадан,
Кармашалы кайта кел.
Баатырлыктын белгиси,
Келишимге келишер.
Эр азамат март келет.
Эби келсе жол берет.
Бул кеңешти укканда,
Майдандан Чакай чыкканда.
Энөө туулган жаш Толтой,
Өз күчүнө мас Толтой,

Бул сөзгө макул болгону,
Алы кеткен чочкону,
Кетирип жөн койгону,
Качан да болсо бир күнү
Жеңемин деп ойлоду.

Ушундай кептен салышты,
Тобуна кетип калышты.
Үч күндөн кийин кайтадан,
Урушмак болуп жатышты.
Жай-жайына кеткени,
Толтойду кытай күткөнү.
Эл жатар мезгил болгондо
Бургуйлап кардын түшкөнү,
Анда Байтору кыз муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
Шибелерди карачы,
Жаман турат санаасы,
Кар бастырып жүдөтүп,
Алмак бизди чамасы.
Табайын мунун эбин деп,
Толтурайын кемин деп,
Келтирейин кыжырын,
Көйкап тоонун желиндеп.
Көзүн жумду Байтору,
Эрди-мурду кыбырап,
Апсунубу эмнеси,
Ичинде айтып шыбырап
Окугандай болду эле,
Аңгыча шамал аркырап,
Мындай шумду ким көргөн
Опсуз бороон алкынат,
Капкайдан карды чогултуп,
Шибелерге алпарат.
Борошолоп кар учуп,
Басып калар болгондо,
Шибелер жандан тойгондо,
Бир немеси шибенин,
Караңгы түндү күн кылып,
Ысыгын өткө тең кылып,
Агызды кыян сел кылып,
Капчыгай толо суу келди,
Элди каптап дуу келди,
Муну көргөн Байтору,
Апсун окуп «сү» деди.
Келаткан суулар муз болду,
Акпай селдер токтолду.
Ай-ааламдын барысы,

Тоңуп калар окшонду.
Аңгычакты бир шибе,
Қолунда бир ууч топурак,
Топуракты дубалап,
Асманга карай чачты эле,
Ал топого аралаш
Агарып таң атты эле.
Қара кытай жедигер,
Көңүлдөрү кир болду,
Кекилик болду, чил болду.
Бөжөк болду эрбеңдеп,
Кулактары сербеңдеп,
Бай Чакайдын аскери,
Болду эмне угалы.
Айры куйрук кулалы,
Алда канча немеси,
Айланып учкан ителги,
Суу бүркүт болду бир теңи
Кекилик, чил, бөжөктү,
Бирден терип киргени.
Аңгычакты Байтору,
Апсун окуп ийгени.
Шибелердин баарысы,
Тоок болуп кукулдап,
Жерди чокуп кирди эми.
Қара кытай жедигер,
Лаачын болду, куш болду.
Шибеген мүшкүл иш болду.
Тоок менен кептерди,
Қойбой турган окшонду.
Шашылды шибе аяры
Сыйкырды көптөп табары,
Бака кылып балчайтып,
Жылан кылып алчайтып,
Қара кытай жедигер,
Элди минтип салганы.
Ким көргөн мындай жалганды.
Қара кунас суу бүркүт.
Қаптап кирип барганы,
Жылан менен баканы
Жутуп чайнап арбады.
Байкап турган Байтору,
Апсунун дагы жалгады.
Шибелердин барысы,
Тарууболуп калганы,
Қара кытай жедигер,
Таранчы болуп калганы.
Талаша келип тарууну

Бир башынан жалмады,
Аяры капыр шибенин,
Чыдап тура албады.
Абалкыдай аскерин,
Адам кыла салганы.
Шибелер кылса андайды,
Байтору туруп калбады.
Қара кытай жедигер,
Қалыбына барганы.
Ошондой болуп отуруп,
Эки күн өтүп калганы,

Эки-үч күн жатып эс алып,
Орундалып талабы.
Жекеге чыкты калдайып,
Бай Чакай балбан жанагы.
Баатыр туулга эр Толтой,
Барбай ага калабы?
Барамын деп чамынып,
Сур коен минип камданды.
Келген жоолор мен үчүн,
Жакшы эле кылдың
жардамды,
Сен туруптур, мен барам,
Байтору айтып андайды,
Жөнөп кетти шарт коюп.
Қалтырып Толтой балбанды,
Байтору менен бай Чакай,
Салгылашып батакай,
Жаракатан айла табалбай,
Бирин-бири алалбай,
Алпурушуп жүргөндө,
Азапты башка үйгөндө,
Шибелердин элинен,
Атала баш аяры,
Эсепсиз айла табары,
Жедигер менен кытайды,
Жерге тал кылып таштады.
Жалпы шибе бата алып,
Сабын чындап аштады.
Қыркалай туруп талдарды,
Қыркып кире баштады.
Мундай шумдук болгонун,
Байтору көрө алганы,
Апсун окуп ичинде,
Оозун ачып жыланча,
Тилин сунуп арбады,
Шибелер турган жеринде,

Таш болуп катып калганы.
Атала баш кайтара,
Адам кылып алганы,
Бузбай-чачпай эл журтун,
Кайтарып кошко барганы.
Башкасын коюп Толтойду,
Кармоого ойлоп айланы,
Апсун окуп башкача
Ишти минтип жайлады.
Бейкут турган Толтойду
Туюндурбай кармады,
Камындырбай бир демде.
Колу-бутун байлады.
Бийиктиги жүз кулач,
Орго таштап салганы.
Урушта жүрүп Байтору,
Элебей муну калганы.
Жедигер кара кытайда,
Байтору жалгыз сыйкырдан,
Шибеде жети сыйкыр бар,
Атала баш кыйындан,
Жети түрдү апсунду,
Жетөө тең окуп арбаптыр.
Көрсөтпөй жерди асманды,
Сыйкырга көзүн байлаптыр.
Кыямат болуп бир демде,
Жедигер менен кытайдан,
Кыймылдар бирөө калбаптыр.
Байторуну жалгыздап,
Өөдө-төмөн айдаптыр,
Апсун окуп ар кылдан,
Акылынан алдаптыр.
Байтору калып мат болуп,
Башы айланып мандаптыр.
Ошентип жүрүп көп аяр,
Акыры аны кармаптыр,
Колу бутун байлаптыр.
Кызыл кыя коргондон,
Батайханды айдаптыр.
Алдына салып аларды,
Өз жерине алпарды.
Өрүштө турган жылкы алды,
Илинүү турган калтарды,
Короодогу койлорун,
Койбой барып жалпы алды.
Алтын, күмүш малды алды,
Айры өркөч нарды алды,
Кытайдын журтун шыпырып,
Кутуруп шибе талады.
Арбын олжо малды айдап,
Котологон жанды айдап,
Айлына Чакай барганы
Арманы анын калбады.
Камынып жатты бай Чакай,
Эми Байторуну алганы.
Кара кытай элиңер,
Байтеке баштап жедигер,
Кой окшош болуп шибелер,
Кул кылып алып жедигер,
Кошоктоп байлап айдатты.
Булактай көзүн жайнатты.
Ондон-бештен бир кылып,
Үй-үйгө бөлүп таратты.
Батайхан менен Толтойдун,
Баатырларын, көп колун
Өз колуна каратты.

ЖЭЭЛИККЕН БАЙ ЧАКАЙДЫН ЖЕГ КАБУУСУ

Зынданда жатып ар Толтой,
Эки көзү жайнады.
Кандай колго түшкөнүн
Ойлоп таба албады.
Урушпай туруп ошентип,
Ажырап эрден калганын
Эстеп ичи кайнады.
Бир кезде жатып ойлонду,
Оң жагына толгонду.
Өрт болгон ичи басылды,
Ондонуп өөдө шашылды.
Манас, Манас, Манас деп,
Бар үнүнчө бакырды.
Бакырыгын баскынча,
Ордун оозу ачылды.
Кол бутуна салган тор,
Барча-барча чачылды.
Аңгычакты алдына,
Атала баш барганы.
Манас деген сенби деп,
Эңкейип сурап калганы.
Оба менмин деп Толтой,
Ошондо айта салганы.
Анда атала баш мындай дейт:

Манас деген сен болсоң,
Сени уурдаган мен болсом,
Алтайга келип Алманбет,
Айдарханда жүргөндө,
Анда доорон сүргөндө.
Алманбет менен бир жүрдүм,
Андан сыйкыр мен билдим.
Алманбет кетип казактан.
Куру жала азаптан,
Ал Манаска барганда,
Анда туруп калганы.
Анжиян барып келатып,
Манастын бардым айлына,
Манасты көрүп айланды.
Алманбетти сурадым,
Айкөлгө көңүл бурадым.
Алманбет атын укканда,
Башка элден чыксам да,
Накылайдын үйүнө,
Мени алып барып айкөл шер,
Ачык жарык мындай дээр:
«Алманбет жок үйүндө,
Ал зарыл иш көйүндө,
Алманбетти тааныса,
Окшош көргүн мени, — деп,
Алманбетти сыйласа,
Мен сыйлайын сени» — деп,
Тай семизин сойдурган,
Бир канча күн кондурган,
Айкөл аты бар туруп.
Мендейге көңүл жуудуруп,
Алманбетке тааныш деп,
Мага колун куушуруп,
Ошондой кылган кызматты,
Кылган кыйла ызатты.
Андан кийин көрбөдүм,
Уктум Манас өлгөнүн,
Катынымды булгатпай,
Тартып алып Чакайдан,
Турбай Толтой жөнөгүн,
Мен атала баш сыйкырчы,
Сени Толтой көрбөдүм.
Кутулган соң сен Толтой,
Мени да сен көрбөдүм.
Жеңесиңби Чакайды,
Же жеңдирип Чакайга,
Көрөсүңбү өнөрүн.
Кандай кылсаң өзүң бил,
Карап турбай жолго кир.
Деп ошентип ал аяр.
Суркоенду мингизип,
Жарагын колго илгизип,
Толтойдун ишин оңдурду,
Өзү дароо жоголду.
Арыстан Манас арбагы,
Ал Толтойду колдоду.
Кутулдум эми мындан деп,
Толтойдун көөнү толгону.
Кадимкидей күч менен,
Каары жанган түс менен.
Баатыр Толтой чу койду.
Көзгө илешпей дыр койду.
Суркоен менен койдуруп,
Кош тизгинди чойдуруп.
Туягы тийген жерлерди
Кемегедей ойдуруп.
Желигип Толтой ашыгып,
Эсинен чыкпай Байтору,
Эң эле жаман шашылып.
Бай Чакайдын айлына,
Сагынышкан зайбына,
Күүгүм кире калдастап,
Салып кирип барды эле,
Байкастап көзүн салды эле.
Ошол күнү бай Чакай,
Көңүлү калбай дагы эле.
Байторуну алам деп,
Той кылып жаткан чагы эле

Байлоодогу Байтору
Чакайга кантип тием деп,
Алган эрим Толтойдун,
Тузуна кантип сием деп;
Кеп кылбай туруп алайын,
Чакайды эптеп алдайын.
Колумду чечип кош болуп,
Бутумду чечип бош болуп,
Алпарар мени анан деп,
Бошонгондо кол бутум,
Бир чатакты табам деп,
Байтору атым бар туруп
Жөн туруп кантип калам деп
Ойлонуп жаткан кезинде,
Оолжуй басып чалкайып,
Семирген суурдай талпайып,
Аюудай буту талтайып,

Мурдуна окшоп чочконун
Үстүңкү эрди түйрүлүп,
Байторунун алдына
Бай Чакай келди үйрүлүп.
Бай Чакай мындай кеп айтат;
Ой Байтору деп айтат,
Ламын деп мен сени,
Ыргыта сайып келгени.
Атайын барсам бул жерден,
Толтойго тийип алыпсың.
Капкайдагы эрди таап,
Катын болуп калыпсың.
Коржондогон Толтойуң
Коркконунан туралбай
Элине качып кеткенби,
Эси жок жаман уялбай
Эр болобу саа Толтой,
Эми мага тийгиниң,
Элимди сулуу билгиниң,
Эрмегиме киргиниң,
Эр кадырын билгиниң.
Болбой койсоң сен сулуу,
Эсебиңди табамын,
Чатыңдан эки жарамын.
Каралтаймын журтуңду,
Калтырбай барын талаймын,
Кылычтын мизин жалаймын,
Кылгылыкты кыламын,
Кырып болуп тынамын.
Эсиң барда Байтору
Эс-акылың жыйып ал,
Баштакыдай кадырман,
Болосуң сен билип кал.
Кара кытай өз элиң,
Шибени кошо билесиң.
Күндөй жаркып кош болуп,
Күндө ойноп күлөсүң.
Мен турганда Байтору
Коркунчаак ал Толтойго
Уялбай кантип тиесиң.
Ачык айтчы кебиңди
Кайсыныма көнөсүң,
Деген кепти салганда,
Чакай кыстап калганда,
Байтору кынк-мынк дебеди,
Унчукпас ойго келгени,
Андай мындай сөз айтып,
Ачык жообун бербеди.

Анда Чакай неткени,
Күтүп туруп бир далай,
Көөнү менде экен деп,
Үйүнө чыгып кеткени.
Көз байланган күүгүмдө
Келип эми чечинди,
Кызды алып келгин деп,
Айтканы турган кезинде,
Алактаган эр Толтой,
Айылга кирип келди эле
Айбаттуу доош берди эле.
Бай Чакай деп чакырат,
Асанды жара бакырат.
Чык бери Чакай эр болсоң,
Мени арбак урган го,
Айбатым менен кем болсом,
Айла менен жоо алган
Акмак Чакай сен болсоң
Коркосоң коппой жаткының,
Коркпосоң бери баскының,
Жоо бөрүсү эр болсоң,
Жообунду ылдам айткының
Бир кармашып баккының.
Толтойдун үнүн укканда,
Доошу сүрдүү чыкканда,
Аңтарылып жер асман
Астын-үстүн болгондой,
Айыл чууга толгондой.
Бай Чакай башы айланып,
Сүйлөбөй тили байланып,
Жоо жарагын бүт алып,
Кара күчкө чыйралып.
Атала баш сыйкырчы,
Анын өттү зардабы.
Өлтүргөндүр аны деп,
Элөөсүз карап жүрүпмүн,
Деп ойлонуп алганы.
Ай тийген түндө күркүрөп,
Аттанып жөнөп калганы.
Бара турсун бай Чакай,
Байторуга жаналы.

Толтойдун доошу чыкканда,
Кыйкырыгын укканда.
Кайраты ашып Байтору,
Буту колун чиренди.
Байлаган аркан жиптерди,
Бырчалап үзүп жиберди.

Қолу-бутун бошотуп
,Эшикке чыкты шашылуу.
Ошол үйдүн жанында,
Бар жарагы артылуу,
Аркан менен тартылуу,
Чумторуну көргөнү,
Күрөөкү зор чарайна,
Жоо киймин кийди эми,
Бар жарагын асынып,
Чумторуну минди эми.
Бара жаткан Чакайды,
Ыргыта сайып алмакка,
Артынан кууп кирди эми.
Туурадан чыгып эр Толтой,
Кыз баатырга кеп айтат:
Аташканым Байтору,
Абайлап уккун деп айтат.
Жакшы катын эр багат,
Жакшы эркек эрди алат.
Байтеке абам баштаган
Кайда кетти жедигер,
Кел бул жерге бүт жыйнап,
Эр чогултуп сен келгин.
Мунун адебин өзүм берейин,
Терисин тетир соеюун,
Көзүн оюп коеюун.
Жүрөк каны, бөйрөк май,
Суусунга ичип коеюун,
Айтканымды кылбасам.
Кантип адам болоюн,
Толтой атым которуп,
Башка бир атка коноюн.
Деп баркылдап эр Толтой,
Алышкан жоодо акжолтой.
Бай Чакайды беттеди,
Бат эле ага жеткени.
Колуна найза кармады,
Качырып Толтой сайганы,
Тийгизбей бойго бай Чакай,
Кагып ийип найзаны,
Оңоло Толтой бергинче,
Чакай сайды кайра аны.
Бай Чакайдын найзасын,
Толтой кагып салганы,
Кайран жалгыз бир жанды,
Кылга байлап таштады.
Баш аламан карчашты,
Алыша берди жулкушуп,
Аябай жаман чарчашты.
Булар минтип жүргөндө,
Байтору туруш кылбады,
Айылдын барын кыдырып,
Талпаса элин тынбады,
Кара кытай жедигер,
Калтырбай барын жыйнады.
Байтеке вазир баш болуп,
Жедигер келип турганы.
Кара кытай Батайхан,
Карап бекер турбады.
Таң агарды аңгыча,
Элдер байкап караса,
Каарду Толтой, Бай Чакай,
Барсылдакка алышып,
Башы көзүн жарышып,
Дем албастан чабышып,
Жаактары карышып.
Бетинин каны куюлуп,
Жакасы ылдый чубуруп,
Минген тулпар аттары,
Кара терге жуурулуп.
Катуу жаңжал баштады.
Талашканы Байтору,
Жандан тоюп таштады.
Карчалышып турганда,
Байторунун айтканы:
Байтеке аба байкап ук,
Хан Батай ата сен да ук.
Шибеден киши качпасын,
Малы-пулун чачпасын.
Мен Толтойго барайын,
Толтойго элди кошултуп,
Чакайга уруш салайын.
Деп айтканда Байтору,
Байтеке байкап туруптур.
Чалды кудай уруптур,
Атынын башын буруптур.
Артынан чаңын бургутуп,
Желип кетти чулгутуп.
Элден чыга бергенде,
Эр Толтойду зыргытып:
Адам болбой көргө кир,
Азамат болбой жерге кир,
Багыштан туулбай калсаңчы.
Сени Багыштын уул деп ойлоп
Аркандан ээрчип жүргөнчө,
Мурун өлүп калсамчы.

Адам болбой калгыр деп,
Ойлойсуң меңи кары деп,
Мен өзүм кирем сайышка,
Тура-турчу ары деп.
Минген аты Байтеке,
Камчыланып калганы.
Ат үстүндө кайран чал,
Алчыланып алганы.
Арсаңдап күлүп эр Толтой;
Андай эмес аба деп,
Көцүлүң бурчу мага деп,
Арканда балаң бар туруп,
Жарабас бекен абаке.
Сайышка кирсең сага деп,
Бай Чакайдын тулпарын,
Бир дем туруп ала кет.
Байтеке кары айткан сөз,
Балталай мээсин чаккан сөз.
Томого тарткан бүркүттөй,
Жайнап чыкты эки көз.
Намызга катуу тийди эле,
Боконо сөөгүн ийди эле.
Сөөктөн өтүп чучукка,
Шибеге болуп кирди эле.
Каарын бетке алганы,
Катуу арданып калганы.
Балакет Толтой бакырып,
Ач кыйкырык салганы.
Бай Чакайдын белинен,
Батыра Толтой кармады.
Тоодой болгон немеге,
Толук күчүн арнады.
Бай Чакайды калдайтып,
Ээрден жулуп алганы,
Сүйрөтүп барып кыйлага,
Сулатып жыгып таштады.
Жер таянып тургунча,
Айбалта менен чапканы.
Чакайдын башы жарылып,
Чубалып мээси акканы.
Мына ошентип эр Толтой,
Шибенин кыйын баатырын.
Кара жерге жаздады.

Чоң жениш колго тийди эми,
Шибелер башын ийгени.
Баатырдыгын Толтойдун,
Бардык журт көрүп билди эми,
Толтойдон буйрук ошондой,
Бейчеки турган шибеден.
Бир кишиге тийбеди,
Кара кытай, жедигер
Калыкын талап кирбеди.
Кол куушуруп шибелер,
Кыймылдабай турду эми.
Дааналыгын Толтойдун,
Жүрөгүнө түйдү эми.
Ачылсын деп ак жолуң,
Этегин келип сүйдү эми.
Шибелик элге тийбестен,
Мурунку жолго кирбестен,
Бай Чакайдын мал-пулун
Барын алып келтирип,
Элге бөлүп бердирип,
Казынасын таптырып,
Капкагын кенен ачтырып,
Алтынын алып жүктөтүп,
Торко тонун бүктөтүп,
Топ төөнү катар чиркетип,
Аны жолго бир салды,
Чакайдын журту тим калды.
Элдин малын жыйнатпай,
Түнөп-конуп бир жатпай,
Жетим-жесир кедейди,
Бекерчеден ыйлатпай,
Капкайдагы кектикти
Калгандарга ырбатпай.
Ыркты бузар бузукка,
Ынтымакты ыргатбай.
Достугун көздөп эки элдин,
Күнөөсүз элге үн катпай.
Толтой кандай кылар деп,
Аңдып жүргөн кара нээт,
Бузуктарга сындатпай,
Адылдык менен эр Толтой,
Иштин артын жыйды эми.
Калгандарга нуска үчүн,
Айабай марттык кылды эми.
Араң турган кээ бирөөн
Талоондук иштен тыйды эми.
Бул урушпу же тойбу,
Шибенин эли билбеди.
Чакайдан бөлөк бир дагы
Кишисине тийбеди.
Кет деген соң үйүнө,
Кош-коштоп жолго киргени,

Қара кытай, жедигер,
Қызартып көзүн ийбеди,
Қыздарын көзгө илбеди.
Мал-пулга карап баспады,
Бир үйгө башын катпады.
Өз алдына тим коюп,
Шибенин элин таштады.
Чакайдан алган олжону,
Как ортодон жарганы.
Қара кытай элине,
Жетелете салганы.
Алтын торко чапанды,
Батайханга арнады.
Күмүш жака чоң тонду,
Байтекедей вазирге,
Жаап Толтой калганы.
Өзү менен Байтору,
Эчтекени албады.
Батайханы баш болгон,
Бардык кара кытайды,
Ызаттап жолго салганы.
Урушка келген көпчүлүк,
Ыраазы болуп калганы.
Арыстан Толтой нетти эми,
Арманына жеткени.
Байторуну ээрчитип,
Алдында жөнөп кетти эми.

Жетүүгө журтту ойлоду,
Жети суу жерин болжоду,
Жартысын бөлүп жаңкы алга
Бай Чакайдын олжону,
Байтекени баш кылып,
Элине таштап койгону.
Баргыла деп аркамдан,
Қолуна айта салыптыр,
Байтору менен эр Толтой,
Ылдамдап жөнөп алыптыр.
Беш күндүк жолду бир күнд
Басары бизге аныктыр.
Ат үстүнөн түшпөстөн,
Нашталыгын чалыптыр.
Токтоп өрүн кылбаган,
Тулпарлар өтө арыптыр,
Бирок дагы жаш жарлар,
Оролушуп чымчышып,
Оюнга таза каныптыр.
Күн-түнүн да байкашпай,
Жол үстүндө барыптыр.
Таластан кыйгач тууралап,
Өтөргө аз калыптыр.
Эми окурман туруптур,
Көңүлүндү буруп тур,
Қандай иштин болгонун,
Жомокчудан угуп тур.

ЧЫНКОЖОНУН ТОЛТОЙДУ АЗГЫРА БАШТАШЫ

ТОЛТОЙ МЕНЕН ЧЫНКОЖОНУН ДОСТУГУ

Муруңку өткөн зор Манас
Жердеген жери кең Талас,
Атасы ага аталаш,
Ажырабас айылдаш.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Башынан туулган чыркожо,
Элге - журтка сын кожо.
Тоо аралап аң уулап,
Аркар карап адырдан,
Бөксө тоону кадуулап,
Эриккенде Чынкожо,
Эсин алгач олтуруп,
Дөбөнү көзгө толтуруп,
Келе жаткан көп төөнү
Көзү көрүп калыптыр.
Ким экенин билем деп,
Салдырып жетип барыптыр.
Жеткен жерде төөчүдөн,
«Кимдин малы болот?» — деп,
Жайын сурай салыптыр.
Төөчүлөрдөн бир киши,
Жооп бере калыптыр:
«Биздин жайды сурасаң,
Жөө кыдырып салышкан,
Башкы кептен уксаңыз
Жедигердин Багышкан,
Жер жүзүндө болбогон
Беттешип ага кагышкан.
Жалгыз уулу эр Толтой,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Кызыл кыя бел ашты,
Кыйла ыраак жер ашты,
Кара кытай Батайхан,
Балбан кызы Байтору,
Аны менен кармашты.
Жеңип алып сулууну,
Махабатын арнашты,
Шибенин эри бай Чакай,
Толтойдон кызды талашты.
Бай Чакайды өлтүрүп,
Башы-көзүн канатты.
Ээрчитип барган колдору,
Шибелердин малына
Тийим салды талашты.
Жалгыз гана Чакайдын,
Казына, малын таратты.
Мана ошондон келебиз,
Тийген малды жүктөнүп,
Кошун калды ырааkта,
Аны сактап күтпөдүк.
Байторуну ээрчитип,
Толтой кеткен күнчөлүк».
Муну угуп Чынкожо,
Ойлогон иши чыркожо,
«Салгылашып бул жерде,
Мал талашып жүргөнчө,
Азкана экен дүйнөсү,
Билегим түрүп жүргүнчө.
Мында урушуп нетейин,
Мен Толтойго жетейин.
Байкап көрүп кешпирин,
Анан сырды чечейин.
Балбан мүчө шер болсо,
Бараны бар эр болсо,
Достошо ага кетейин.
Анча-мынча жан болсо,

Ээрчиткен кызын олжолоп,
Малын да талап кетейин».
Деген ойго келгени,
Атына камчы берди эми.
Толтойду куун аркадан.
Куюндай болуп желгени.
Бир жерге барып караса,
Ат чалдырып, азык жеп,
Байтору, Толтой жанаша
Олтуруптур каткырып,
Наз айтышып тамаша.
Кубулжуган Чынкожо
Чаап жетип барыптыр.
Чынкожону көргөндө,
Толтой тура калыптыр.
Сакалдуу киши экен деп,
Салам айта салыптыр.
Түшө калып Чынкожо
Саламга алик алыптыр.
Түпкү жайын сурашып,
Таанышты алар абыдан.
Көргөн, билген, укканды,
Кеп салышты барыдан.
Карап көрсө Чынкожо
Баатырдыгын Толтойдун,
Көргөндө эле тааныган.
Чынкожо айтты акыры
«Туугандыгым билгизип,
Биздин үйгө бара кет.
Достошом тулпар мингизип,
Колуктуңа жаңы алган,
Торко тонум кийгизип,
Урматтап конок кылайын,
Ак өргөөмө киргизип.
Узатайын мен сени,
Актык көөнүм билгизип.
Жедигер, кыргыз бир тууган,
Түптү сүрсөк ыраакы.
Казан-аяк катташып,
Алгы-берги кылалы.
Жаманчылык, жакшылык,
Андайда бирге туралы» —
Деп Чынкожо айтканда
Толтой айтты шашканда:
«Айтканың дурус нээтиң ак,
Көрүнөсүң Чынкожо.
Адамкердик достукка,
Болүнөсүң Чынкожо.
Бирок дагы жол буруу,
Баралбаймын бул жолдо.
Менден соога алып кал,
Достошоруң чын болсо.
Арткан бир аз зарым бар,
Айдаган аз малым бар.
Аябаймын мен сенден,
Алышыңча алып кал.
Агаң Манас барында,
Ошол жыргалдуу заман
шарында
Атам Багыш, эр Манас,
Аралашып жүрүптүр,
Доороанды бирге сүрүптүр.
Атаның жолун жолдойлу,
Көңүлдө эки болбойлу.
Айткан сөзүң чын болсо,
Түбөлүктү болжойлу».
Толтой айтып ийгенде,
Арамзада Чынкожо
Ырас деп башын ийгени.
Ала көөдөн Толтойдун,
Айтканынан жанбасын
Азыр эле билгени.
Чынкожо анда мындай дейт
Аз токтолуп турбай дейт:
«Болду баатыр эр Толтой,
Биз жүрөлү ошондой.
Келатыпсың жол салып,
Эр сайышып кыз алып.
Баатыр сайып мал алып,
Кара жолтой кылбайын,
Соога сурап шаң алып.
Алышарбыз мал-пулду,
Болсо болду амандык.
Маа келеби, сагабы,
Келип калса жамандык.
Унутушпай эске алып,
Кылышалы адамдык».
Деген сөздү жаңыртты,
...көп сүйлөшүп алышты.
Бал чайкаган кымызга,
«Бура тартсак кимибиз,
Аппак кымыз урсун!» — деп
Ант кылыша салышты.
«Кайыр коштон» айтышып,
Ажырап кетип калышты.
Ар кайсысы үйүнө,

Жол сапарын алышты.
Чынкожо артка жаныптыр,
Элине Толтой барыптыр.

Кызыл кыя бел ашып,
Кыйла ушун жол тартып,
Толтой ага кеткенде,
Кыска колун серпкенде.
Карыган Багыш эригип,
Сур кийик минип желигип.
Жер четинен жол чалып,
Тоо аралап бел чалып,
Жалгыз көз чаап келаткан,
Семетейге таң калып.
Сүйүнгөндөн өзүнчө
Жүрөгү туйлап шаңданып.
Кайра үйүнө келгенде,
Өпкөсүнө жел чалып,
Ооруп калды ал барып.
Күрк-күрк этип жөтөлүп,
Оңолбоду оорудан,
Жатты Багыш көп күндөр,
Үмүт үзду кобуудан.
«Багыш баатыр кантээр» —
деп,
Жедигер эли чогулган.
Чакыртып алды эр Багыш
Байтеке менен Толтойду.
Көп жыйналган чогуудан
Бары укчу эмес деп,
Толтойго айтат керээз кеп:
«Баш көтөртпөй бул оору
Мени алат бейм, — деп.
Балам Толтой угуп тур,
Бардык ишти элестеп.
Жаңы баатыр атанып,
Сен жүрөсүң деректеп.
Сен алыска кеткенде
Мен жүрдүм качан келет —
деп.
Аман-эсен келипсиң,
Айчылык жолго желипсиң.
Катылышкан Чакайдын,
Катыгын колго берипсиң.
Кара кытай уруудан,
Тили башка буруудан,
Катын алып келипсиң.
Жаман иш кылып койдун —
деп,
Бул кепти сага айтпаймын,
Ынтымак болсо болду го,
Кереги жок башканын.
Насаат кеп айтам бир канча,
Көңүлүндө сактагын.
Азыраак айтам алым жок,
Биринчи айтар бул кебим,
Башка акылга кирбегин.
Ар кандай иш болсо да,
Арстан Манас айкөлдүн
Тукумуна тийбегин,
Айкөл Манас барында,
Көп тийгизген керегин.
Пенденин барын айдаган,
Бектерди баштык шайлаган,
Бек айбаттуу Бежинге,
Барбаган киши калбаган,
Баргандын барын Коңурбай,
Белдүү калча жалмаган.
Как ошондой бир кезде,
Хан Манас мени аяган.
Айкөл Манас өлгөндө,
Кайгырып ага кан жуттум.
Уулунун уулун тентитип,
Оңбой калган бай Жакып,
Ордосун алган деп уктум.
Семетей сыртта чоңоюп,
Кайтып келген кеп уктум.
Абыке, Көбөш, Жакыптын,
Эдебин берди деп уктум,
Жалгыз көзгө кетти — деп,
Үйдө жатып мен уктум.
Сынайынчы аны деп,
Тим жаталбай оолуктум.
Ташкыянын белинде
Семетейге жолуктум.
Байкап көрсөм аны мен,
Атасынан зал экен,
Баралына келгенде,
Падыша болчу бала экен,
Баалап баксам ырысы,
Бала тоочу бар экен.
Арамдык кылса ким ага,
Акыры түбү кар экен.
Кебими менин кулак сал,
Керээзди угар туяк бар,

Хан Манастын тукумга,
Катышпагын билип ал.
Ар качандан бир качан,
Карып калды дебестен,
Байтекенин тилин ал.
Экинчи айтар бул жайым,
Байтеке кебин бурбагын,
Балалык кылып кокустан,
Калтырып көөнүн курбагын.
Баатырсың бирок көөдөксүн,
Байкап жүргүн чунагым,
Үчүнчү кебим чырагым,
Арт жагын өзүң ылгагын.
Көзүм жумуп мен өлсөм,
Аш берем деп атама,
Дарбан-дүрбөң кылбагын.
Качырып келип ар кайдан,
Калбаны таап албагын,
Аңдыган душман көп жүрөт,
Сыр алдырып салбагын.
Айрыкча калмак эң жаман,
Тамырың кармап албасын,
Жедигер элин тап-такыр,
Талап кетип калбасын.
Коңурбайдын колу көп,
Айласы көп зору көп,
Арбын сага салбасын.
Шылтоо кылып, калба таап,
Мойнуңа салып чалмасын,
Кыргыздан алчу кектерин
Жедигерден албасын.
Болбой элиң тык турса,
(Аш берсек) — деп бек турса.
Ак калпак кыргыз алашка,
Ага-ини казакка,
Алдында ага кеңеш сал,
Кошойдун уулу билерман,
Жалгызэкти колуңа ал.
Эсиңден теги чыгарбай,
Семетейге кабар сал.
Дагы сөзүм айтарым,
Болуп барам көл-суу-шал...» —
Деп ошентип эр Багыш,
Ирмебей көзүн аңтарып,
Кетип калды бир демде,
Сапарына аттанып.
Байтеке, Толтой баш болуп,
Жедигер эли чуулашты,
Көздөрүнө жаш толуп,
Чакырсак киши ыраактан,
Көп күн өтүп кетээр деп.
Жайдын күнү ысыкта,
Сасып кетер бекен деп,
Кеңешти көпкө бекемдеп,
Качырсак кийин нетер деп,
Жатчу жайын кең казып,
Ак сарай менен тең казып,
Багышты булар узатты,
Жатып калды жуушашып.

Багышты өлдү деп угуп,
Баргандардан кеп угуп,
Чынкожо барды аттанып,
Чыңырып атка чапталып,
Аза бата кылам деп,
Алты тогуз торко алып,
Оозунда көп-көп колко алып
Ошондо чындап сүйлөшүп,
Тилдерин сунуп күрмөшүп,
Толтой менен Чынкожо,
Убадасын чыңдашты.
Тузду сууга чылашып,
Ачуурканбай уурташтты.
Ак боз бээни мууздашты,
Канга колун чыкташты.
Мылтыктын огун тиштешип,
«Өзгөрбөйбүз биз» дешип,
«Как ошондой болсун» — деп,
«Кайра тарткан соолсун» —
деп,
Жаш чырпыкты кыркышты,
Ак бозду айрып жыртышты.
Күкүктөй болуп сайрашты,
Көкүрөгүн кайрашты.
Жакшылык менен жамандык,
Жан аяшпай турушкан,
Бекитип белин байлашты.
Убаданы бек кылып,
Анан Толтой кеп кылды:
«Байтеке аба, Чынкожо,
Ата оордуна карманган.
Агам менин Байтеке,
Табылбас сиздей ар кайдан,
Ок тиштешип антташкан,
Чырпык кыркып шартташкан
Досум болдуң Чынкожо,

Убада сөзгө Чынкожо,
Атам Багыш дүйнөдөн,
Өтүп кетти көрдүңбү,
Ашын кандай кылабыз?
Ылайык кеңеш бериңиз,
Өзү кеңеш кеп айтты,
(Аш бербе мага) — деп айтты.
Тукумуна Манастын
Катылбасты көп айтты.
Айтканын кылып атамдын,
Аш бербесем ал кандай?
Атам даңктуу киши эле,
Аш берсем ага бул кандай?
Аш бербесем атама,
Ага кетчү чыгымдан
Боломбу коркуп качкандай?
Ай-ааламда кишилер
Бул жөнүндө эмне дейт?
Абам, досум экөөңөр
Кеңеш кебиң бериңер».
Толтой мындай дегенде,
Байтеке анда кеп айтты,
Барыга тең дик деп айтты:
«Ак калпак кыргыз туугандаш,
Алардан киши чакырсак,
Семетей менен Жалгызек,
Алдына бирөөн чаптырсак,
Карыя акылмандардан,
Канчасын кеңеш айттырсак.
Кыргыздын билгичтеринен,
Калтырбай нечөөн алдырсак,
Аш берүү иши жөнүндө,
Анан кеңеш биз кылсак.
Беребизби, бербейбизби
Кеңеш арты не болот?
Шол боюнча иш кылсак».
Байтеке шунтип токтолду,
Чынкожо туруп октолду:
«Байтеке ага, Толтой дос,
Эки жабдал* тартпайлы,
Семетей Жалгызектерге,
Кеңеш кепти айтпайлы,
Жедигер эли жети суу,
Толтойдун арбын эл-журту.
Аш бербесек чоң намыз,
Биз эле кеңеш кылабыз!
Келер жылы жайында,
Аш берели баатырга.
Арбагы уруп кетбейби,
Малдан киши тартынса.
Семетей жаман эң шашма,
Мен билем деп бул ашты,
Чогоол-чогоол кеп айтса,
Кептен улам кеп чыгып,
Семетей, Толтой тартышса,
Болбос кептен айтышса,
Элге шылдың болбойлу.
Аш берүүчү чоң ишти,
Арага таштап койбойлу.
Ал көрөкчү менимче,
Семетейге кеп-кеңеш,
Салбаган акыл оңтойлу.
Жедигердин бар үйүн,
Жергелей тартып тигели,
Ондон конок кийрели,
Ар убакта бир койдон,
Мал киргизип берели.
Чыгымга орток даярбыз,
Миң атка байге саябыз.
Беш жүз аттын байгесин,
Мен берүүгө жарайбиз.
Калган аттын байгесин,
Элден-журттан карайбыз,
Ишти ошондой чактайлы,
Каңгайга кабар айтпайлы,
Андан калган элдерден,
Чакырбай таштап атпайлы.
Кеңеш бүтүп келер жай,
Баатырдын ашын баштайлы.
Теке айында бул жерге
Мен айлымды кондурсам,
Жети төрдүн башына
Сен да элиңди кондурсаң.
Барыбыздын абабыз,
Байтеке кары агабыз.
Чакырчулар ким болот?
Дагы калган иш болсо,
Өзүңүз айта салыңыз».
Чынкожо айтып бүткөндө,
Байтеке кебин күткөндө,
Ал турду кебин айталбай,
«Болбойт» деп кепти
кайтарбай.
Алыстан келген Чынкожо,
Коноктун шагын майтарбай.

«Минтип жатса Чынкожо,
Чыгымдан коркту дейби» —
деп,
Ойлоду ичте жалтандай.
«Аш бербегин мага» — деп,
Багышхан айткан кеп эле.
Силер туура көрсөңөр,
Бергени да эп эле.
Чынкожо Толтой досу экен,
Коноктун айткан сөзү экен,
Берели деп жатсаңар,
Бербеске кимдин күчү экен?!
Берсек ашты берели,
Болсун бирок ченелүү.
Коросон, Ооган, испанга,
Кат жазып буларга,
Чайчүң Букар, Шаңкайга*
Кабар салсак аларга,
Ортодон айта өтөрбүз,
Өзүбек, кыргыз казакка.
Багыштын сөзүн эске алып,
Биз айтпайлы каңгайга.
Кан Коңурбай калдайга,
Кайнатаң хан Батайга».
Аргасыздан Байтеке,
Ушинтип кептен чолутту,
Келер жылы жай менен,
Аш бермекчи болушту,
Чакырчу жердин барына,
Кабар айтып коюшту.
Кабарчылар тарапка,
Тизгиндерин чоюшту.

БАГЫШКА АШ БЕРҮҮ, БАЙТОРУНУН ӨЛҮМҮ

Элге кабар тараптыр,
Аш берчүлөр камынып,
Күн мезгилин санаптыр,
Кийинки жылы күз убак,
Кыдырып келип калыптыр,
Ашка келчү элдер да
Алды-алдынан чубаптыр.
Кара кытай элинен,
Хан Батай мурун барыптыр,
Семетей менен Жалгызек,

«Атайын кеңеш салбайт» —
дег
Таарынчыка алыптыр,
Кабарын уккан Коңурбай.
Ичинен кекти салыптыр,
Ылгап туруп Каңгайдан,
Алты миң кошун алганы,
А дагы жөнөп калганы,
Мурадил-ушак андабы,
Атаксыз эчен балбан бар.
«Жедигерлер ат берсе,
Такыр барса калгандар,
Атактуу Каңгай, Маңгулдар.
Аралаш өскөн манчулар,
Катардан чыгып калыппы?
Калк катары саналбай»,—
Деп арданып Коңурбай,
Ашка өзүнчө барыптыр,
Келген элди жедигер,
Ызаттап конок алыптыр.
Ар үйгө бөлүп он-ондон
Он беш күн жакшы багыптыр
Байкап көрсө Коңурбай,
Жалгызек менен Семетей,
Ашка келбей калыптыр.
Бул ишти Коңур байкаптыр,
Мурадил ушаң кеңешип,
Чапкан атка чубатып,
Күлүктөрүн салбаптыр.
Чабуучу аттын барысын,
Ыраакы жерге айдаптыр.
Аттар узап кеткенде,
Анда Коңур нетти эле.
Толтойго киши жиберип,
Мына мундай айтты эле:
«Багышка Толтой аш берди,
Аш бергенде саз берди.
Ашыма келип берсин, — дег
Көп жерлерге кат берди.
Мага кабар бербеди.
Чабуучу атың барбы, — деп
Мында да киши келбеди.
Байкап баксам Толтойдун,
Алың канча дегени.
Өзүбүз келип Толтойго,
Он беш күнчө конуппуз,
Катардан калды Каңгай — деп
Калганга жомок болуппуз.

Таарынчым көптүр Толтойго,
Жолукпай койбойм ошого.
Чебердеп ичсе болбойбу,
Мас болгонбу бозого.
Деген сөздү айттырып,
Атайын киши жиберди.
Коңурбайдын каарынан,
Чынкожо жана ийменди.
Анда Толтой түктөйүп,
Ачуусу келип үксөйүп,
«Чыкырбасам ашыма
Өзү келип кашыма,
Кадырын билбей зыйнатты,
Кыжырымды ырбатты.
Карап көрсөм бул Коңур,
Кадимкидей зордугун,
Мага дагы кылмакпы?
Теңдешчү жерде теңдешсин,
Абийирин сактап жөн кетсин!
Болбосо чыксын майданга,
Көрсөтөм кордук айбанга» —
Деп күжүлдөп турганы,
Чынкожо кудай урганы.
Бөйпөндөп келип жанына,
Толтойду чаап далыга:
«Ай, ай баатыр, ай баатыр,
Ачуунду басып тура тур.
Берилген аш биздики,
Бул ирет сабыр кыла тур.
Коңурбай оной жоо эмес,
Биз кылчу доо эмес.
Аш үстүндө бекерче,
Чыр чыгарсак эп болбойт.
Коңурдун билдим нээтин,
Алары бизден көп болбойт.
Андан көрө биз анын,
Алдына басып баралы.
Анча-мынча мал берип,
Алдап жолго салалы» —
Деп ошентип Чынкожо,
Кылганы элге сын кожо
Коңурга жетип барганы,
Кош колдоп колдон алганы.
«Ачуунуздан безиниз,
Каталык өттү кечиниз.
Коногум өзүң таарынсаң,
Коркот экен эсибиз.
Бул ишке айып төлөйбүз,
Бир ирет өтсүн сөзүбүз,
Чынкожо туруп бүжүлдөп,
Кошомат кылып күлүндөп,
«Кечириң» деп бүгүлүп,
Кол куушуруп жүгүнүп.
Айылды көздөй желгени,
Айыбын алып келгени.
Тогуз жамбы, жүз торко,
Алты күлүк, миң алтын,
Тартуу кылып бергени.
Муну алып Коңурбай.
Калп эле басып сукулдап,
«Кайталы, деп, биз эми»
Камынды жалган кеткели.
Анда Чикең неткени,
Далбаландап жүгүрүп,
Чылбырына жеткени.
«Тамашага туруңуз
Болбой калат мунуңуз» —
Деп жалына кеткени.
Макул көрүп Коңурбай,
Чындап жатып калганы.
Эр сайышы-жамбы атыш,
Ат байгеден башкасын,
Каңулдун эли алганы.

Элдер тарап кетиптир,
Коңурбай эми нетиптир.
Элдин бары кеткенче,
Коңурбай жатып алганы,
Үч күн кийин калганы,
Үч күндөн кийин атты алды.
Айылдан чыгып аттанды,
Айылдан ары беш күндүк,
Жайылган малга барганы.
Жедигердин көп малын,
Түп көтөрө айдады.
Мал баккандын барысын,
Жашы менен карысын,
Өз журтуна алганы.
Кызыл уук кылып үй алды,
Калтырбай малды бүт алды,
Баш аягын Коңурбай,
Чоң-кичүү болуп санаты
Беш жүз кырк миң мал алды.
Алты миң аскер ылганган,
Мылтык атып тарсылдак,
Доолбас уруп карсылдак,

Чакчелекей будуң чаң,
Топтоғуп малды айдады.
Өрүшүнөн жылдырып,
Өрттөнгүр кетип қалганы,
Оорукта жаткан эр Толтой,
«Қоңурбай малың алды, — деп,
Короонуз куру калды» — деп,
Қабарды угуп алганы.
Даяр турган жедигер,
Бирден аты байлануу,
Аш берүүгө камынган,
Жоо жарагы шайлануу!
Түп көтөрө аттанды,
Чынкожо кошо басканы,
Жети суунун каракум,
Жолу татаал сала кум,
Ошол жерге барганда,
Элди эсептеп санады.
Жүз он беш миң киши деп,
Бүт эсебин алганы.
Түн уйкусун бөлгөнү,
Түн катып Толтой жөнөдү.
Күн тынымын таштады,
Күндөп-түндөп басканы.
Эки күнү бир түндө,
Таң агарып кетти эми.
Токтолбой баскан эр Толтой,
Қоңурбайга жетти эми.
Сабыр кылып туралбай,
Қол салыша кетти эми.
Қоңурбай, Толтой сайышты,
Аянбастан алышты.
Мурадил менен Чынкожо,
Салгылашып калышты.
Толтойдун жары Байтору,
Қалмактардын ушаңын,
Аңтара сайып салышты.
Қытмыр туулган Чынкожо,
Қылган иши чыркожо,
Аты күлүк болсо да,
Куубай туруп алышы.
Ошону менен Мурадил,
Кутулуп кетип калышы.
Жандан коркуп Чынкожо,
Мал аралап жоголду.
Толтой менен Қоңурбай,
Эки баатыр не болду?
Қарсылдашып чабышып,
Найзалашып сайышып,
Жан аяшпай салышып,
Байторудан жыгылып,
Ушайдын кетти намысы.
Тегеректеп калмактар,
Ажыратып алышты.
Баатыр кыз деп атанган,
Мурадилге Байтору,
Салып жетип барышы.
Байторуну көргөндө,
Мурадил коркуп калышы,
Қачып кетти токтобой,
Күлүк экен чалышы,
Байторунун чумтору,
Чабууда жүрүп арышы,
Баатыр Толтой бир сайып,
Қоңурбай коркуп ырсайып,
Жону ылдый шуркурап
Бурчак-бурчак кан агып,
Алар минтип турганда,
Байтору жетти майданга.
Байторуну көргөндө,
Қоңурбай жаман бат шашар
Аламын деп бир жылы,
Сайдырып ийген бир сапар.
Шашып Қоңур калганы,
Оюна өлүм алганы:
«Балбан эле Байтору,
Баатыр экен бул Толтой.
Тең келбесмин бул жолу,
Экөөлөп сайып алабы?
Өзөктөн каным жаябы?
Қантеримди билбеймин,
Кетирип барат айламды.
Қачып кетсем канетет,
Қайдан табам жарымды».
Байторунун атына,
Байкап көзүн салыптыр,
Байгеге чапкан чумтору,
Арыгансып калыптыр,
Удаа минип куугунга,
Чаалыккансып калыптыр.
Толтойдун аты Суркоен,
Чыгып келип байге алып,
Чаалыккансып калыптыр.
Аттардын жайын көргөндө.
Қачып жолго салыптыр,
Чаалыгып калган аттары,

Жеткирбей кетти алгара.
Байтору куып көшөрүп,
Артынан кирди карара.
Толтой да келет токтобой
Камчылап атын жана да,
Кылчактап карап Коңурбай,
Коркуп келет бек өтө.
«Куткарчудай көрүнбөйт,
Жетип калса бул экөө.
Белге чыгып Байтору,
Салкындаса чумтору,
Ат демалтып алабы?» —
Деп ойлонуп Коңурбай
Айла издеп калкыган,
Кире бериш кайкыдан,
Алгарадан түшкөнү,
Ыңдып аны күткөнү.
Очогор октоп Коңурбай,
Байторуну тиктеди.
Очогордон от жетти,
Опсур сулуу солк этти.
Жакындап келген Байтору,
Ат үстүнөн шалк кетти.
Муну көрүп эр Толтой,
Каарданып алыптыр,
Ач кыйкырык күркүрөк,
Коңурга жакын барыптыр.
Бугуп турган Мурадил,
Коңурбайга жеткирбей,
Алдын тосо калыптыр.
Ачуусу менен эр Толтой,
Ага найза салыптыр,
Жеткен жерде куткарбай,
Далыга найза малыптыр,
Жарадар болуп Мурадил,
Качып жолго салыптыр.
Алгара жеткен Коңурбай,
Ал дагы кетип калыптыр.
Байторуга каралап,
Кууп Толтой барбады,
Айдаган жоолор калбады.
Ажыратып малды алды,
Артына Толтой жанганы.
Аш берем деп ушинтип,
Байтору сулуу өлгөнү,
Жедигерге алпарып,
Жерлигине көмгөнү,
Кайран Толтой кайгырды,
Акылынан тайгылды.
Байтору сулуу өлгөнү,
Жедигерге алпарып,
Жерлигине көмгөнү,
Кайран Толтой кайгырды,
Акылынан тайгылды.
Сың-сыйнатын кылганы,
Жаш-кары калбай ыйлады.
Кыргызга өтө батты эми
Коңурдун кылган чырлары,
Барысын тапкан бул иштин,
Чынкожо бузук шумдайы.

ЧЫНКОЖОНУН ЭЛГЕ БҮЛҮК САЛЫШЫ, АК КОЕНДУ ТОЛТОЙГО БЕРИШИ

Толтой менен коштошуп,
Чынкожо кетип калыптыр.
Таласка жетип барыптыр,
Семетейге жолугуп,
Четтебирек жүрчү экен,
Жаман көрөт мени деп,
Семетейден көрчү экен.
Өзүнөн өзү күмөнсүп,
Арамдык кыял сүрчү экен.
Ал анткени Чынкожо,
Жүргөнү дайым чыркожо,
Абыке, Көбөш арамга,
Арачы болгон аларга.
Чыйырды менен Каныкей
Чыңырып ыйлап каларда,
Манаска Жакып жоо чыгып,
Ордосун талап аларда,
Чынкожо кой деп койбогон,
Аларды тоюн тойлогон.
Жарамат кылып жылпыштап,
Жыландан бетер сойлогон.
Эми Семең келгенде,
Өч көрүп мени калды деп,
Оюнда шундай ойлогон.
Семетей тентип кеткенде,
Сегиз кылча күйбөгөн.
Карагандан кайрылып,
Келгени да сүйбөгөн.
Ал бир иштин үстүндө,
Таарыныч улап түпкүрө,

«Жигитке болчу жаран» деп,
«Элдерден кантип калам» деп,
Үмөтөйдөн талашып,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Жүрчү экен алам деп.
Ал иши туура келбеди,
Караган кызын бербеди.
Мына эми Семетей,
Алганы жүргөн катынын,
Колукту кылып келгени.
Ичи күйүп, көк сактап,
Арманы батпай жүргөндө,
Семетей дооран сүргөндө.
Көрүлбаган Чынкожо,
Кызарып көзү күйгөндө.
Аз келгенсип анысы,
Дагы бир иш конуптур.
Чынкожого карындаш,
Аккоен кыз болуптур.
Ага күйүп Күлчоро
Аламын деп тооруптур.
Күлчорого берсин деп,
Семетей киши жиберсе,
Чынкожо бербей коюуптур.
Күлчоро туруп албады,
Ал кызга өзүн арнады,
Аккоенду бир күнү,
Ала качып алганы.
Төрүнөн сууруп кыз алып,
Уят кылып салганы.
Баана кылып бул ишти
Чынкожо чырды табууга.
Эл бүлдүрүп эбин таап,
Бөлүнүп кетип калууга.
Туугандардан жүз үйрүп,
Жедигерге барууга,
Нээт кылып алганы.
Семетейге барганы.
Кыдырлап анан берүүгө,
Карындашын үйүнө,
Алып келип алганы.
«Жайлоого көчтүм» деп көчүп,
Элинен безип тентиптир,
Көчкөн бойдон Чынкожо,
Эр Толтойго келиптир.
Катыны жок Толтойдун,
Колтугуна кириптир.
«Атайын сага берем» деп,
«Алыстан көчүп келем» деп,
Аккоенду бериптир.
Ошондон баштап Чынкожо,
Жедигерде жүрүптүр.
Өтүптүр жылдар арадан,
Ойноптур дооран сүрүптүр.

Эки-үч жыл өтүп кетсе да,
Чынкожо минтип безсе да,
Семетей жоон бербептир,
Күлчоро кууп келбептир.
Жоо кылам деп ойлогон
Чынкожо ката чендептир,
Максатына жеталбай
Маң болуп башы тердептир.
Ойлонуп жатып бир күнү
Өзүнчө эле жиндептир.
Тийишип калба табууга
Тынч жатпастан дүрбөптүр.
Акылдашып Толтойго,
Досуна келди жол сурап.
«Кармашам жоом чыкты» — деп
Он эки түмөн кол сурап,
«Акундун кызы Айчүрөк
Арстан Манас барында,
Белкуда болгон башынан,
Биз Үргөнчкө баралы,
Семетейдин катыны
Чүрөктү тартып алалы.
Семетейдин дарты өттү,
Сен алгының Чүрөктү.
Алган намыс мени ки,
Баатырдык сени ки»
Деп бапылдап Чынкожо,
Толтойго кебин салыптыр.
Чынкожонун бул кебин
Толтой угуп алыптыр,
Токтолуп көчкө калыптыр.
«Чынкожо досум, — деп айтат,
Мына мындай кеп айтат:
«Атам Багыш өлөрдө
Айткан сөзүн укпадым.
Эл чакырып аш берип,
Ааламдын барын чуктадым.
Талатып ийип элимди,
Тас калды кан кусмагым.
Байторудан айрылып,

Башымды канча муштадым.
Эми атамдын жолун
тандаймын,
Айткан сөзүн аңдаймын.
Арстандын уулу Семендин,
Ала турган катынын
Мен алам деп барбаймын.
Тийишсем шердин уулуна,
Түбүндө тирүү калбаймын.
Тилимди алгын Чынкожо,
Акун ханга барбаймын,
Аларга калба салбаймын.
Семетейге тийишип,
Душман кылып албаймын!.
Толтой айтып токтоду,
Чынкожо анда октолду:
«Барбайлы деп жан досум
Бул айтканың кандай кеп?!
Коркоктукка алмай кеп!
Өлүп калган Манастын
Арбагынан коркосуң.
Ок тиштешип антташкан,
Менин антымдан кандай
коркпойсуң?
Барбайлы деп Үргөнчкө,
Семетейден коркосуң.
Карыдан канга малышкан,
Менин шартымдан кандай
коркпойсуң?
Семетей жайын менден ук,
Зээнинде салып чейлеп ук.
Жетим өсүп Семетей,
Кирпил бала болуптур,
Семетейди жүгөндөп,
Шаа Темир кызы Чачыкей
Эрке атка конуптур.
Жадаса сыртка чыгарбай,
Кайтарып катуу коруптур.
Күнү катын алууну
Үйдөгү катын каалайбы?
Келем десе Семетей,
Чачыкей эрке саабайбы?
Бакай менен Каныкей
Медер кылган жалгыздын,
Ушундай уксаң кабарды.
Өлүм жакка баалайбы?
Манастан калган жаманы,
Атасынын бир көрү
Айчүрөк тартып алалы.
Айчүрөк дайынын көп угам,
Адам эмес ал теги
Перизаттан деп угам.
Андай катын турганда
Албаймын деп шылкыйсаң,
Ар кандайга мен бармын,
Белиме таңуу сен турсаң.
Тилимди алгын эр Толтой
Билеги жоон эр жыйсаң,
Аз жыйбасаң мол жыйсаң,
Он эки түмөн кол жыйсаң.
Чоюшуп жака тартуучу,
Чокуга балта чабуучу,
Белсенип найза сайуучу,
Беттешкенин алуучу,
Бетке мылтык атуучу,
Атканын кайсаң жетүүчү,
Кетелек темир чабуучу,
Кетирбей жоону алуучу,
Эр жигиттен жыйнасаң.
Эркектик сүрдү ойнотуп,
Элди баштап сен барсаң.
Асмандан учуп калкылдап,
Кырк канаттуу каралат,
Аны минип мен барсам.
Менде бар кыйла өтөрүм,
Эп келди эми көрөрүң.
Алты атарды алты атам,
Жети атарды жети атам,
Мөндүрдөй кылып ок атам,
Жамгырдай кылып жаа
тартам.
Жазайыл мылтык дагы атам,
Көрүнбөймүн көктөн да,
Булуттун жүрөм үстүндө.
Туруп эле бер жанымда,
Урушам деп жүткүнбө,
Жалгыз эле татыймын,
Ар кандай жоого, күч менде.
Жети суу Толтой жедигер,
Элиндин барын жыя сал.
Кепке келчү адамды,
Көрүп туруп жаратам.
Сынчылык сырым жана бар,
Азыр сага баалатам.
Жалганда далай эр көрдүм,
Толтой сени жаратам,

Жан досум деп санаттым.
Жаратпасам сени мен,
Карындашым Аккоен
Алып келип нээ тартым» —
Деп Токтоду Чынкожо,
Кылыгы элге сын кожо.
Анда Толтой муну айтты,
Оюна келген муңду айтты.
«Айнытпасам кепти козгойсуң,
Абалтан бери сен досум.
Айчүрөктү алсам — деп,
Семетейге Толтойду
Алып барып салсам» — деп,
Жылдап жүргөн окшойсуң.
Бир керекке жарайт — деп,
Алдап жүргөн окшойсуң.
Кармаша турган жериңди,
Камдап жүргөн окшойсуң.
Досум Толтой деп коюп,
Өлө турган жеримди,
Жайлап жүргөн окшойсуң.
Чыгарбай мени тузактап,
Кармап жүргөн окшойсуң.
Жакындатып өзүңө,
Арбап жүргөн окшойсуң.

Кой Чынкожо кебиңди,
Эми теги укпаймын,
Үргөнүчкө чыкпаймын.
Кебинди угуп жин болдум,
Тытылып ичим жүн болдум,
Жакпайт мындай кылыгың
Жаагыңды басып тим
болгун»
Деп ошентип эр Толтой,
Актык ишке тең Толтой,
Чынкожо кебин каалабай,
Басып кетти карабай.

Чынкожо калды кулжуңдап,
Кобурап ичтен мулжуңдап.
Сакалы жок көсөө эле,
Алдыңкы ээги мулжуңдап.
Көмөчү күйгөн катындай,
Оң карабай тултуңдап.
Кыртышы сүйбөй Толтойду,
Үйүнө кетти култуңдап.
«Кап сени» деп кекенип,
Артынан сөгүп шуңшуңдап.
Кызыталак Чынкожо,
Кыйлага жүрдү мултуңдап.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

ТОЛТОЙДУН АДАШУУСУ

АКУНХАНГА ЧАБУУЛ ЖАСОО

Көп күндөр өттү арадан
Чынкожо тетир караган.
Ак көңүл Толтой бул иште
Чыдайалбай жадаган.
Акыры бир күн эр Толтой
Чынкожону чакыртты.
«Үйүмө келип кетсин» деп,
Чабарманын жапыртты.
Чакыруунун себеби,
Ойлоду чуңкур берени:
«Мунун келип көрүшүп,
Достошуп алып бир кетти.
Экинчи келип бата окуп,
Коштошуп алып бир кетти.
Атамдын келип ашына,
Арбындап тартты мээнетти.
Конуп алып туугандай,
Чын достугун билдирди,
Чыгымдан коркпой тил билди.
Семетейден таарынып,
Айлы менен да келди.
Алманбеттин Күлчоро
Ала турган катынын
Алып келип маа берди.
Келген экен пааналап
Досум деп мени каралап.
Семетейден оорунчун,
Айтты мага далайлап.
Кагып койсом мен аны,
Таарынып жүрөт табалап.
Чакырып аны алайын,
Чоң кеңешти салайын,
Түбү тууган эмеспи
Семетей менен ал экөөн,
Эпке тартып багайын».
Дегенди ойго алыптыр,
Жиберген киши Толтойдон,
Чынкожого барыптыр.
«Келип кетсин» — деди деп,
Айтып кабар салыптыр.
Аны угуп Чынкожо,
Барсамбы деп бир ойлоп,
Барбасамбы деп жолоп,
Баспай туруп манчыркап,
Бараса болду акыры,
Түр салсам деп чыңырак,
Достук антын чанды:
Бир томолок ок алды,
Бир атымча дары алды,
Жаш чырпыкты дагы алды.
Ошондой кылып Чынкожо
Толтойдун барды алдына,
Толтой басып чыгыптыр,
Чынкожонун алдына.
Толтой ылдам басты эле,
Тосуп салам айтты эле,
Алик албай Чынкожо,
Атын бура тартты эле:
«Чакырыпсың мен келдим,
Антындан коркуп келгенмин.
Ойлодум эле мен бая.
Барбай койсом белем деп,
Ала келдим барысын.
Анты—шертиң белендеп,
«Карма Толтой бул окту,
Дарысы менен алып кал,
Жаш чырпыкты кыркасал.
Антындын барын өзүң ал,

Аксак сары антыңды,
Тапшырып болуп өзүңө,
Айта турган сөзүм бар.
Сени менен бирдикте
Жыртышып койгон бөзүм бар.
Айтышкан сенде антым бар,
Семетейде дартым бар.
Антташкан досум эле деп,
Айтып келдим тартынбай.
Капа болгон көөнүм бар,
Кылышкан сенде өөнүм бар.
Алып келип саа бердим,
Аккоендой сөөгүм бар.
Эми менин бара турган жерим бар,
Жедигерде өзүң бар.
Түшпөймүн да, кирбеймин,
Үйүң менен куруп кал» —
Деп Чынкожо кайнады.
Атайын барып эр Толтой,
Чылбырынан кармады:
«Болду баатыр кайнага,
Бекерче өзүң кайнаба.
Мен милдеткер болоюн,
Таарынчыңа, аргаңа,
Үйгө түшчү кирели,
Бир сүйлөшүп ийели.
Сиздин кепти угалы,
Биз да кептен салалы,
Анан кандай кылууну
Акылдаша калалы», —
Деп жалооруп турганда,
Түшө калып атынан,
Баса түшүп токтолуп,
Чикеңди кудай урганы:
«Койгун Толтой кетейин,
Тузуңду ичип нетейин,
Сен кечкенсиң досуңдан,
Ак көңүл киши курусун.
Акылым качып арыпмын,
Түш десең түшө калыпмын» —
Деп кайышты Чынкожо,
Жуукуру көп чыркожо.
«Жүрүгүн үйгө, жүрүгүн,
Таарынчыңды көтөрчү,
Досуң Толтой тирүүмүн.
Сөз байлашкан тегимсиң,
Баш алышкан сөөгүмсүң.
Жаш баладай тырышпай.
Үйгө кирип алалы,
Оорунчуң болсо канчалык,
Олтуруп кептен салалы.
Кул качат деп укчумун,
Кул беле сенин түпкүрүң.
Жаман катын ар убак
Эри менен урушат.
Кичине ишке таарынып,
Ээрди-мурду бырышат.
Экинчи келбейм сага деп,
Эшикти көздөй тырышат.
Ошол өңдүү Чынкожо,
Эшикте туруп урушпай,
Үйгө киргин тырмышпай» —
Деп Толтой катуу айтты эле.
Жигиттер эшик ачты эле.
«Болбостур досум, болбостур
Деген болуп Чынкожо,
Үйдү карай басты эле,
Баяндоостун үстүнө,
Балпайып барып жатты эле.
«Төргө чыгың» деп жатып,
Төргө Чикең олтурду,
Ашпоздору аңгыча
Дасторконду толтурду.
Нанга кошуп бал ичип,
Кантка кошуп чай ичип,
Саптуу аякка куюшуп,
Кымыздан баса дагы ичип,
Куурдак менен май жешип,
Жаяга кошуп жал жешип.
«Болгула бачым тур» дешип,
«Келе арактан куй» дешип,
Арактан ичип алышты,
Алакүү болуп калышты.
Ойур - дүйүр сүйлөшүп,
Акмактык кептен салышты.
Чынкожо турду сөз баштап,
Сөз аягын бек таштап:
«Дасторконду жыйгыла,
Барың тыңшап тургула.
Үйдө олтурган бий, бектер,
Кебиме көңүл бургула.
Толтой күйөөм жакын кел!
Толтойду билген такыр кел!
Тиштешкен огуң манакей,
Кыркышкан чырпык анакей.

Антыңды өзүң алып кал!
Убада шерттен танып кал!
Айтышкан кепке чыдадым,
Көөнүмдү сенден бурбадым.
Антташып коюп башынан,
Айтканыңа турбадың.
Эми мен үйгө жанайын,
Калмактардын кан Коңур,
Кайраты толук оңбогур,
Как ошого барайын.
Тартуу кылып башымды,
Жүз миң аскер сурайын.
Антыңдан Толтой кутулуп,
Ташыңды талкан кылайын.
«Эрдемсип Толтой кетти» деп,
Арзымды айтып турайын.
Келбесе Коңур бул жерге,
Семетейге барайын,
Ага сени жамандап,
Айтып кебим салайын.
Бүттү деймин таарынчым,
Тууган деген эменин,
Тумшук учу таарынат.
Боору кайдан таарынсын,
Мени бузуп Эр Толтой,
Көчүрүп кетип калды — деп,
Күлчоро алчу Аккоен,
Алдап жүрүп алды — деп.
Аз келгенсип анысы,
Айчүрөктү алам деп,
Камынып Толтой калды, — деп
Атаңдын сыйлап арбагын,
Качып келдим кайгы жеп,
Ошондой айтып барайын.
Семетейди табайын,
Кытай менен кыргызды,
Баштап келип үстүңө,
Кумурскадай жабайын.
Ким экеним билдирип,
Бир таанылып калайын.
Аны дагы аз көрсөм,
Андан ары чабайын.
Жедигер душман чыкты, —
деп,
Жалгызек менен казактын
Калың колун алайын.
Ишим бүтсө алты айда,
Ашып кетсе бир жылда,
Каптап келип калайын,
Калайманды салайын!» —
Деп Чынкожо күпүлдөп,
Кетмек болду дүпүлдөп.
Анда Толтой муну айтты:
Ар нускалуу кеп айтты:
«Андай эмес Чынкожо,
Антымды сенден жандырып,
Албадым сени чакыртып.
Убада сөздү, достукту,
Ким экен менден тандырчу.
Ок тиштешкен аңтымды
Мен бекем кайра жандырчу.
Оолукма киши окшойсуң,
Өөдө - төмөн бабырчу.
Коңурбай менен Семетей,
Сен чакырсаң келеби?
Ээрчип басып береби?
Ээрчип калсаң эгерде,
Түбүңө сооп тийеби?
Акмак болбой Чынкожо,
Ачууңду бир аз тыйып тур,
Айтучу сөзүм угуп тур.
Угушумча карыдан,
Көргөн элдин барынан,
Кыргызга калмак кас болгон.
Биз кыргызга калганда,
Калмактын боору таш болгон.
Бооз катынын жардырган,
Канатын кайрып талдырган.
«Тим жүрбөгөн бурут» — деп,
«Буруттун элин курут» — деп,
Ошондой кыйын мезгилде,
Кыйналган кыргыз кезинде,
Туулган экен кабылан,
Атагы элге таанылган.
Ат жалын тартып мингени,
Душмандар какшап наалыган.
Артында жолдош кырк арстан,
Кайда барса бир барган,
Семетей калса агандан,
Чынкожо сенде не арман.
Абыке, Көбөш, Жакыпты
Куп эле ырас кылыптыр.
Өзүн жаттай талаган,
Аккоенду Семетей,
Күлчорого каалаган.
Теңсинбедим дегенин.

Чынкожо мунун эң жаман.
Чачыкейди Семетей
Алган болсо ардактыр,
Ага кектик кылгыдай,
Чачыкейди ал сенден,
Зордук кылып албаптыр.
Сен Чачыкей алгыдай,
Же куда болуп барбапсың.
Куйка кой этин түшүрүп,
Бата өткөзүп жатпапсың.
Сен жүрүпсүң алам деп,
Көкчөнүн уулу Үмүтөй,
Ал жүрүптүр барам деп,
Чынкожо менен Үмүтөй
Алышыңар жаман кеп.
Куйка кой алып барбапсың,
Же кулакка иймек салбапсың.
Качан калар Чынкожо,
Сенин жок жерден тапмай
каргашаң.
Алар болсоң сулуу кыз,
Башка жерден таңдайлы.
Айчүрөккө барбайлы,
Жер бетинде киши көп,
Жылмандаган кызы көп,
Сага жагар узу көп,
«Айкөл Манас баатырдын
Тукумуна тийбе» — деп.
Атам Багыш айткан кеп.
Атамдын тилин албадым,
Кайгырып эми калганым.
Айчүрөккө барсак деп,
Эмне үчүн мынча бабырдың.
Барбайлы десем жүйө айтып
Мынчалык неге таарындың?
Тилимди алып Чынкожо,
Биз Чүрөккө барбайлы.
Тууган-урук ичинде,
Калбашып калбайлы» —
Деп ошентип эр Толтой,
Көп сөздү айтып соолукту.
Чынкожо дагы оолукту:
«Айттымго Толтой сага мен,
Айчүрөккө барбасаң,
Семетейден кегимди,
Болушун барып албасаң,
Антыңды мына алып кал!
Үйүңдө жатып канып кал!

Мен бир ишти ойлоймун,
Ойлогонду артына,
Чыгарбастан койбоймун.
Жүөүндү көрүп нетемин,
Мен үйүмө кетемин.
Антыңдан сенин кутулуп,
Максатыма жетемин!
Олтурган элдер күбөлүү,
Чынкожонун чын кеби!
Биз тиштешкен ок урсун,
Достугубуз түгөндү!» —
Деп ачуулуу айтканда,
Эшикти көздөй басканда,
Тура калып эр Толтой
Чынкожону кармады.
Чыгарбастан үйүнөн,
Чың кысып колдон алганы
«Ачууланбай сен досум,
Өзүңдү басып олтургун.
Ар иш болсо кеп менен,
Башында өзүң кол сундун.
Кылышкан антты бузбаймын
Колуңду бекем уучтаймын,
Тиштешкен окту албаймын,
Чырпыкты кыркып салбаймын
Толтой шартты бузган — деп
Эл оозунда түбөлүк,
Жаман атка калбаймын.
Барбайлы десем болбойсун
Бастырбай жолум торгойсун
Кантеримди билалбай,
Кыжалат болдум, тордомун.
Кайыр досум нээ дейин,
Коопту жолго келейин
Достук үчүн ант үчүн,
Бир барышып берейин!
Бирок досум Чынкожо,
Мен чүрөктү албаймын!
Айкөлдөн калган тукумга
Азарчылык салбаймын!
Алар болсоң сен алгын.
Аралашпаймын андайга,
Барар болсоң Үргөнчкө,
Чынкожо эми камдангын!» -
Деп эр Толтой айтканда,
Камынууга басканда.
«Андай болбос досум» деп,
Анткорлонуп кырданып,

Далыга чаап Толтойду,
Сүйүнүп ичтен жылмайды.
«Алдадым, — деп, — көөдөктү.
Алар болдум Чүрөктү.
Манастын уулу жетимге,
Салар болдум дүмөктү» —
Деп Чынкожо калганы,
Тымызын болуп алганы.

Ал аңгыча болбоду,
Турду айтышкан кептерге.
Буйрук кылды эр Толтой,
Дарбазачы бекреге.
Керней-сурнай тартчуга,
Доолбас уруп какчууга,
Атка жеңил тайга чак,
Чапкылап кабар айтчуга.
«Чынкожо көөнүн ачам, — деп
Таарынчысын жазам», — деп.
Бийик мунар башына
Чыкты Толтой ашыга.
Доолбасты какгырды,
Керней-сурнай тарттырды,
«Тарс» этип мылтык аттырды.
Чабарманды чаптырды,
Жедигердин көп элин,
Келгиле деп чакырды:
«Калк башкарган хан келсин,
Калбай бардык жан келсин,
Эл бийлеген бий келсин,
Эли менен бир келсин.
Кийе келсин торкосун,
Мине келсин жоргосун.
Асына келсин мылтыгын,
Байлана келсин азыгын.
Бөктөрө келсин тондорун,
Көтөрө келсин чокморун.
Ала келсин найзасын,
Кармай келсин балтасын.
Туулгасы кийилсин,
Тулпар аты минилсин.
Зооту менен калканын,
Камдай келсин калганын.
Үч күндөн калбай келишсин!
Алдымда салам беришсин!»
Толтойдон өкүм угушту,
Чабармандар жөнөштү.
Аттарга камчы салыптыр,
Айтып элге барыптыр.
Элдин бары дүбүрөп,
Ордого келип калыптыр.
«Эл жыйылып болду» — деп
Толтойго кабар бергенде,
Чынкожону чакыртты.
Бары ордого келгенде:
«Айтамын сага мен, — деди,
Ордого баргын сен» — деди,
Үргөнчкө барчу тың уулду
Өзүң ылга, бөл, — деди.
Бийлик — билги баарыны
Бердим сага бил», — деди.
Арамзада Чынкожо,
Араң жүргөн олжого,
Өтө кыйын сүйүндү.
Арыштап басып жүгүрүп,
Коргонго элди каматып,
Койдой бирден чубатып,
«Сен жарайсың баргын» деп,
Кээ бирлерин тезирээк —
Үйүңө кетип калгын» деп,
Ошондой кылып ойулгур,
Арам өлгөн союлгур,
Он эки түмөн кол алды,
Тандап такыр мол алды.
Жедигердин элинен,
Эркек киши аз калды.
Аялдарды алууга,
Ал Чынкожо тас калды.
Эки ай уруш үйрөтүп,
Аскердин барын күйрөттү.
Качырып найза сайышты,
Качпай балта чабышты.
Чокуга чокмор салышты,
Чоюушуп жака тартышты,
Доолбасты кагышты,
Дүрмөттөп мылтык атышты.
Кеч жатып эрте туруштү,
Кылды эчен жумуштү.
Жигиттен-жигит ылгашып,
Аттардын барын тындашып,
Азаматтын далайын,
«Алдакандай заман» деп,
Кейиште өңүн муң басып,
Бештин айы дегенде,
Үргөнчтү көздөй жол басты.
Аскерди айдап чубатып,

Адамдын барын жубатып.
Он эки түмөн калың кол,
Жүргөн жери ыраак жол.
Үргөнчкө жетип барышты,
Ылайыктуу бир жерди
Жатып орун алышты.
Акунханга айтууга,
Арага киши салышты.
Калыбек деген кишини,
«Элчи болуп кел» деди.
Калыбекке Чынкожо,
Атайын айткан бул кеби:
«Калыбек сага мен айттым,
Калтырбай барын сен айткын.
Үргөнүчкө барып Акунга.
Аттуу кирип жакында.
Өкүм-өкүм кеп кылгын,
«Элчиге келдим» — деп тургун.
«Жедигерден келдим, — де.
Жергелүү Толтой шерим де.
Чымырканган Чынкожо
Чыныгы баатыр бегим де.
Чынкожо, Толтой жиберди
Ошол үчүн келдим — де.
Айдай кызың Чүрөктү
Чынкожого бергин, — де.
Баатырлары белдүү, — де
Чыкпас ага тендүү, — де.
Кудалашсаң сыйлашып,
Коёр, дегин, — жыргатып,
Бербес болсоң Чүрөктү
Эли журтуң чуулатып,
Түшүрөт де, — тагынды.
Тирүүлөй сени кууратат,
Он эки түмөн колу, — де,
Ойротту бузар тобу, — де.
Албай кетпейт Чүрөктү
Ушул келген жолу де.
Жакшылашсаң сыйлашып,
Жаркылдап күнүң толот, — де.
Жамандашсаң ынабай
Таштalкан кылып коет, — де.
Сайышка чыксаң эрдемсип,
Эр Толтой койбой соёт, — де.
Качсаң чубап бир жакка,
Кыр канаттуу каралат,
Чынкожо оозун чоёт, — де.
Кыдырып учуп асманда,
Кырып түгөл болот, — де.
Берер болсоң кызынды
Так жообунду бергин, — де.
Бербес болсоң эгерде,
Урушар жерге келгин, — де.
Чогоол — чогоол кепти сал,
Чокчондосо Акунхан
Чокулата бирди сал.
Өлтүрсө сени Калыбек,
Өч алуучу өзүм бар».
Күүлөнүп сүйлөп Чынкожо,
Үкүстөн айтып дагы да,
Калыбекти узатты.
Акунхандын шаарына,
Калыбек жетип барыптыр.
Дарбазанын алдында
Элчиге барган Калыбек.
Сакчылардан алып көп,
Өкүмсүп андан кеп сурайт —
«Акунханың кайда?» — деп.
«Эшикти ачкын кирем» — дей
«Калганын өзүм билем»—дей
Сакчылар ага болбоду,
Киргизбей тосуп койгону.
Тизгинден алып сакчылар,
«Кайдан келген дайнын»—дей
Калыбек анда айтканы:
«Менин атым Калыбек,
Түк айтпаймын жалган кеп.
Акунханга айтууга,
Толуп жатат сандан көп.
Чынкожо, Толтой жиберди
Элчиликке келгенмин.
Ханыңарга бирөөнөр
Барып кабар бергинин».
Калыбек кебин угушуп,
Сакчыдан бирөөн буйрушуп.
Жиберген сакчы келатат,
Этек, жеңди жел чайпап.
Акунхандын алдына,
Алдырап кирип кеп айтат:
Эшигинди кайтарган
Калк башкарган залыбыз.
«Касиеттүү ханыбыз,
Биз өмүрлүк жаныңыз.
Эшикке келди бир киши,
Өкүмсүп бизге тийишти.
Сакчыларды көзгө илбей,

Ойлоду ичке кириштн.
Киргизбедик калаага,
Тургузуп койдук талаага.
Келген киши кеп айтат,
«Калыбек атым, — деп айтат.
— Чынкожо, Толтой жиберди.
Элчиликке келдим, — дейт.
Киргин десе кирем, — дейт.
Кирбе десе кетем», — дейт.
Сакчынын кебин угуптур,
Акунхан ойлоп туруптур.
«Атайын келсе элчиге,
Алдыма алып келгиле.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Аларга кабар бергиле»,
Деген кепти айтты эле,
Сакчы артына кайтты эле.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Аларга салам берди эле.
«Хан чакырат» деп коюп,
Дарбазага келди эле.
«Киргиз деди биздерди.
Кирсин деди сизди эми»,
Деп киргизип ийди эле.
Аты менен Калыбек,
Калаа ичине кирди эле.
Түшө калып атынан,
Чуркап кирип кеткени.
Салам айтып тизелеп,
Акунханга жеткени.
Айтып кирди бир баштан,
Чынкожо айткан кептерди.
Калтырбай айтты баарысын,
Берсе кантип калышын,
Бербей койсо чабышып,
Даярдыгын... анысын.
Он эки түмөн кол менен,
Опсуз жаңжал салышын...
Акунхан такыр укту эми,
Нээттерин билди эми.
Ажыбай менен Түмөнбай
Унчукпай тиктеп турду эми.
Ачуусу менен Акунхан,
Алдыга колун сунду эми.
Карып калган Акунхан
«Карс» дегисе жөтөлүп,
Кара ичигин көтөрүп:
«Айдай болгон баламды
Аларга кармап бергендей,
Акундун кызын алам деп
Шаарымды камап келгендей,
Жедигердин элине
Эр өлтүрүп салбасам.
Катылышып аларга,
Күнкор болуп калбасам.
Нар өлтүрүп же бир мен,
Пулкор болуп калбасам.
Аласын ала качпасам,
Абийирин теги ачпасам.
Буудайын чийге орбосом,
Бузуп ишин койбосом.
Эгинин уйга жедирип,
Эси жоктук кылбасам.
Же арыгын тетир бурбасам,
Айгырын кармап минбесем.
Айлына барып тийбесем,
Айдай чүрөк кызымды
Аларга неге мен берем?!
Өлбөгөндө калбасам,
Өрдөктөй кардын жарбасам,
Бири калбай кырылып
Тукум курут болгуча,
Түгөнгүчө кармашам.
Ак теңге пулун албасам,
Ак куржунун жарбасам,
Чынкожо менен Толтойго
Ат бастырып барбасам,
Айдай болгон баламды
Аларга кантип карматам?!
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Илгертен бери Чыркожо.
Кылган иши шумдуктуу,
Кылымда наамы сын кожо.
Теңелбесин аа Толтой,
Көтүн кыссын Чынкожо.
Менин кызым Чүрөктүн
Жаргак кайыш боосу бар,
Артынан келчү доосу бар.
Кудам бар эбак кармаган.
Кудайым кошо жалгаган,
Шаарыма келип шер Манас,
Кудага мени тандаган.
Азызкандын Алманбет,
Сарала аттын башына,
Аяктай кебез байлаган.
Баласы жокто шер Манас,

Бел куда болуп жандаган,
Жетим калган Семетей,
Темиркандын шаарынан,
Келди деп уктум кайрадан.
Аялым кана деп келсе,
Кандай жоп мен кылам?
Арстан Бакай кеменгер,
Мени менен бир жүргөн.
Кичинекей чагынан
Көкүл чачын имерген,
Жүгү менен бир төөнү
Иймеги деп бир берген,
Жүктөп кара чай берген.
Дүйнөдө жокту маа берген,
Сыргак, Чубак эр келген.
Ажыбай, Кыргыл баштаган
Кырк чоросу тең келген.
Кырк куржунга толтуруп,
Кызыл алтын пул берген.
Торко берген, тон берген,
Чепкен берген, бөз берген.
Адам уулу тапкыссыз
Ченемсиз дүйнө көп берген.
Сөйкө эле салдым дебестен,
Калтырбай ырым-жырымын,
Калындын барын бүт берген.
Арстандын турса арбагы,
Бузулбаса чарбагы.
Аман турса баласы
Чынкожо кулган не берем?!
Ошого кантип тенелем!
Хандын кызы Каныкей,
Кудагыйым ал турса,
Чоң кудагый Чыйырды
Салт-санаа билген жан турса,
Өз колу менен иш кылган
Олуя заада эр Бакай
Өлбөй аман бар турса,
Чынкожо чырга не берем?!
Бералбаймын Чүрөктү,
Көзүм ачык турганда
Тийип кетсе Айчүрөк
Амалым жок мен анда»
—Деп Акунхан баркылдап,
Башын силкип каркылдап,
Тыңшап турган Айчүрөк,
Туурдук түрүп шыкаалап,
Андан мурун Айчүрөк
Кайын жүртун укпаган,
Кабары жок нускадан,
Кайнын бар деп коюучу,
Ким экенин билбеген,
Манастын атын укканда
Көп ойду санап иргеген:
«Башынан эле атакем
Жакшы жерге дайындап,
Койгон экен кайындап.
Кайнатам Манас шер турса,
Арбагы бизге бел турса,
Кайнэнем турса Каныкей,
Күйөөм болсо Семетей,
Акырет кеткен арстан шер
Берген тура атама
Калың малды ченебей,
Жооптошпой аларга
Мен кылбаймын мындайды,
Тийип кетсем башкага
Арбактар мени урбайбы?
Өзү сүйүп жараткан
Кудайым карап турбайбы!
Олуя заада Бакайдын
Батасы урса турамбы?
Айкөлдүн угуп кабарын
Башкага көңүл бурамбы?
Кыя карап кеткенде
Кырчын тал бүрдөп өнөмбү?
Кырк шердин урса арбагы,
Жарык күндү көрөмбү?
Бербеймин деди атакем,
Бегирек тыңшап турайын,
Чынкожо Толтой тим болсо
Унчукпай жатып калайын.
Акыбетин карайын,
Ал жетпесе аларга
Анан айла кылайын.
Тиемин деп жалгандан,
Уруксат сурап алайын,
Намысты коюп мен өзүм,
Семетейге барайын.
Көөнүмө Толтой эр болсо,
Талаасы мыкты жер болсо,
Баштап келип баатырды
Булардан кегим алайын.
Ата данкы бар болуп,
Өзү начар жан болуп,
Андай болсо жанайын,

Канымкей менен Бакайдан,
Талак кат талап кылайын.
Айкөлдүн уулу болгон соң
Жаман болбос ылайым,
Жаркыратып багымды
Жасагандыр кудайым».
Келечегин көп ойлоп,
Чынкожо менен Толтойго
Ичинде Чүрөк кек ойлоп,
Тыңшап турду эрикпей,
Кылышкан кептен зерикпей.
Келбээрсип Чүрөк турганда,
Каркылдады Акунхан
Кеп түйүнүн кылганда:
«Калыбегим кайтып бар,
Менден уккан кебиңди
Төкпөй-чачпай айтып бар.
Чынкожо кетсин бок жебей,
Эр Толтой кетсин ок жебей,
Бералбаймын Чүрөктү,
Үмүтүн үзсүн дегдебей!».
Аттанып кетти Калыбек
Акунхандан запкы жеп.

Минген атын жүгүртүп,
Камчыга бөлөп түйүлтүп.
Энтеңдеген Калыбек
Элине жетип барды эми,
Чынкожо, Толтой бегине
Уккан кебин салды эми.
Кээ бир жерин көптүрүп,
Көктүгүнө чалды эми.
Толтой угуп томсоруп,
Кебин айтты болкоюп:
«Ой, Чынкожо жан досум,
Келечекти ойлойлу.
Арты кандай иш болот,
Түпкүлүгүн болжойлу.
Салгылашып эр өлүп,
Сарсанаа кылып элдерди,
Залымдык кылып койбойлу.
Сайдырып ийип Акунга
Укканга шылдың болбойлу?
Чың окшойт бели Акундун,
Кеп кылбаптыр айтпастан,
Кармашат окшойт жан үрөп,
Коркуп артка тартпастан».
Чынкожо анда мултуюп,
Чапанын оңдоп кумтунуп,
Кыйгач кармап балтасын,
Кынынан сууруп найзасын,
«Кыйыктанса Акунхан,
Карап тур менин кайсашым.
Келип алып сен Толтой,
Болбос кепти айтасың!
Ээрчип келип мени сен,
Эми кайда кайтасың!
Өпкөгө найза малайын,
Урушту чындап салайын,
Акунхандын бар жинин,
Чай кайнамда кагайын.
Сураса бербес Чүрөгүн
Сууруп тартып алайын,
Тизе бүгүп жалынтып,
Бир демде эбин табайын.
Ал максатка жетпесем,
Чынкожо болбой калайын!» —
Деп күүлөнүп алганы,
Айкырыгын салганы.
Добулбасын урдуруп,
Аскердин барын жыйнады,
Айдап жөнөп калганы.
Үргөнчтү көздөй чубуртуп,
Үйүлгөн кардай куюлтуп,
Карала ат минип Чынкожо
Караанын эчен кубултуп,
Жер жайнаган жедигер
Түрүлгөн кара топ болуп,
Эми эле барып Үргөнчтү
Сапырчудай окшонуп,
Келе жатты кыймылдап,
Керней-сурнай чыйылдап.
Келе берсин жедигер,
Акунханга келинер,
Ажыбай менен Түмөнбай
Кеңеш кылып алышты,
Аскерин жыйнай салышты,
Боз талаа деген жерине
Байрагын сайып алышты.
Эки аскер келди алжайган,
Өйүз-бүйүз маңдайга.
Акунхандын элинен
Термечик чыкты майданга.
Жедигердин элинен
Элчиге келген баягы
Калыбек чыгып алыптыр.

Термечик менен Калыбек
Карсылдашып калыптыр.
Топуракты сапырып,
Бирин-бири чакырып,
Антара сайды Термечик,
Калыбек шорун кайнатып.
Жедигердин элинде
Эр Толтойго бел эле.
Жез кемпирдин жети уулу,
Жетөө тең бирдей эр эле.
Аксакалы жети уулдун
Атырылып келди эле.
Акунхандын Термечик
Андан коркчу эр беле?
Сан миңдеген кол болсо
Шашылбаган эме эле.
Сайыша кетти ал экөө
Зыркырашып бел, төбө,
Жез кемпирдин чоң уулун
Антара сайды Термечик,
Аттан кулап бел көчүк,
Башын кесип алгыча,
Жана бирөө барыптыр,
Аны дагы Термечик
Антара сайып салыптыр,
Антип-минтип Термечик
Жедигердин ал күнү
Жетини сайып салыптыр.
Арданып Чикең калыптыр,
Кыбыладан күн батып,
Эл аркага жаныптыр,
Эртең менен майданга
Эл чогулуп барыптыр,
Жез кемпирдин кичи уулу
Жетип келип калыптыр.
Термечик менен сайышып,
Алы келбей наалыптыр.
Жедигердин бул иши
Барыдан өткөн айыптыр.
Бир киши үчүн сайышка
Жети киши жумшады,
Термекчи курчады.
Аны көрүп Акунхан,
Алты киши жиберди.
Аралашып топ киши,
Кан майданды имерди.
Акунхан жак зор чыгып,
Алдыратты тигилерди.

Муну көргөн Чыңкожо,
Чыдабай жекеге
Жедигерге буйруптур —
Кылды каптап кетүүгө.
Жедигер эли жабылып,
Ат оозун коюп чурады,
Акундун эли турабы?
Алардан калбай чубады,
Асман жарган чуу толду.
Аралашып эки топ
Кара жер канга боёлду.
Көптүк кылып жедигер,
Койбой турган окшоду.
Байкап турган Айчүрөк
Эми кайдан токтолду,
Алты миң нар, миң тайга,
Ага кошуп миң зарга
Атакеси Акунхан,
Алып берген атайлап,
Ак тинтени колго алды.
Ак куу кебин жонго алды,
Жалгыз жанга билинбей,
Аралап кирип барганы,
Аябай кыргын салганы.
Ошол күнү Айчүрөк
Беш жүз киши жалмады.
Акунхандын аз эли,
Жедигердин көп эли
Айбалта колго алышып,
Аябай катуу салышып,
Союлдары сынышып,
Турбай уруш кылышып,
Челектей башты жарышып,
Кечке чейин кабышып,
Мылтык алып жаа тартып,
Милтенин учун кызартып,
Салмоорго таштy салышып,
Жакындан жакын барышып,
Зыркыратып урушуп,
Мурундарын жулушуп,
Ач билектен алышып,
Ээрге орой басышып.
Камчылашып коюшуп,
Кармап жака чоюшуп,
Кызыл чеке болушуп,
«Аа-лашып» солушуп,
Жаагын жара чабышып,
Куйкаларын жарышып,

Жалгыз жарым эмесин,
Тегеректеп калышып.
Жалгыз калдым мен дешип,
Мага жардам бер дешип,
Кайда кеттин темтеңдеп,
Ажырабай жүр дешип.
Аркандан боолук сал дешип,
Ацтара тартып ал дешип,
Кол-бутун байлай кал дешип,
Чаң аралаш тердешип.
Чулуңдаган манабу
Эң эле жаман неме экен
Калганды коюп, кел дешип,
Чабышып жатып чарчашып,
Сакадан бетер калчашып,
Багелчегин үзүшүп
Букадай болуп сүзүшүп,
Бул уруш болгон кезинде,
Кээлери билбей кээсин же,
Даңкы чыкты далайга,
Сакталды көптүн эсинде.
Жедигер менен Үргөнчтүк
Ажырашты кечинде.

Жомокчу айткан кеп экен,
Толтойдун эли көп экен,
Алакандай Үргөнчтү,
Кемсинтээри эп экен.
Ошондон кийин аралаш —
Кандуу уруш болбоду,
Үргөнчтүктөр сепилди,
Темир тор менен тордоду.
Жедигер курчап калааны,
Кызды бер деп зордоду,
Каршылык кылып, бек туруп,
Акунхан жолун ондоду.
Сепилдин бүтөп кетикти,
Дарбазасын бекитти.
Калктын барын тургузуп,
Доолбасын ургузуп,
Чыгарып кээде аскерин
Чынкожо менен урушуп,
Бекем коргоп калааны,
Бир карыш жерин бербеди.
Жапырт туруп коргошун,
Мекенин сүйгөн элдери,
Сабыры кетип Чынкожо,
Сайгактай туйлап желдеди.

Кантсе дагы Үргөнчтү,
Алууга алы келбеди.
Кетти анын арманы,
Же жетип кала албады.
Бекемдеп курчап Үргөнчтү,
Коркутам деп самады.
Үргөнчтүктөр, жедигер
Бул уруштан жадады,
Көп убакка созулду,
Чынкожонун амалы.
Жедигер курчап жатканы,
Үргөнчкө басым батканы.
Жазында урук салдырбай,
Күздүгүн эгин алдырбай,
Мөөрөтүп торпок эмизбей,
Же куйруктуу коюн жегизбей,
Жайылтып коюн айдатпай,
Желеге кулун байлатпай,
Так үч жылы камады.
Арыкчылык, жокчулук,
Каптап кетти араны.
Азаптуу кыйын күн болду,
Арганы кандай табалы.
Чынкожо, Толтой кеңешип,
Айласыз башын ийет деп,
Кааласа бербес Чүрөгүн,
Тартууга алып келет деп,
Кекээрге толуп курсагы,
Дагы элчи жумшады.
«Аалыбек кана сен» деди.
«Акухандын алдына,
Элчи болуп кел», — деди.
«Берсе кызын Акунхан,
Болду деп кетип каламын.
Бербесе кызын Акунхан,
Шаарын талап аламын.
Эрке кызы Айчүрөк,
Күн катын кылып саламын.
Эсине келип калар деп,
Ойлонуп артын карар деп,
Үч жылдан бери чыдадым,
Билбесе өзүн Акунхан
Эми сабыр кылбаймын» —
Деп ошентип Чынкожо
Аалыбекти жиберди,
Катуу-катуу кеп айтып,
Кекиртегин недерди,
Келип жетти Аалыбек

Акухандын шаарына,
Басып кирди жазганбай
Ордолуу алтын тагына,
Олтурду кирип кыйгачтап,
Көз кыйырын салып жанына:
«Хан Акунхан барсынбы?»
Сурап келдим арзынды,
Айтып мага туруп кал,
Ичиндеги дартынды.
Тоодой Толтой эр айтат,
Эр Чынкожо бек айтат,
Элчилешип Акунхан
Кызын берсин деп айтат,
Куда болуп сыйлашчу,
Келечегин көп айтат.
Үч жылдан бери жаттым дейт,
Асырап аны бактым дейт.
Эми чыдамым кетип бүттүм дейт,
Жакшы эле аяп күттүм дейт,
Чырлашпай кызын берсин дейт,
Чырлашып жана бербесе,
Чабышар жерге келсин дейт,
Аяк жактан кап толбой,
Сакалын бирден терсин дейт.
Арбагын сыйлайт Акунхан,
Өлүп калган Манастын.
Тирүү мени сыйлабайт,
Ошого ичим канаттым,
Өлүп калган Манастын,
Арбагынан корккону,
Менден неге коркподу.
Кебин угуп келгин деп,
Тезден жообун бергин деп,
Сөзүң барбы айтамын,
Болгун ылдам кайтамын».
Аалыбек кыстап турганда,
Опсуз үкүс кылганда,
Даарат кылып келем деп,
Акунхан чыкса эшикке,
Турган экен кемпири,
Жолугам деп кезиксе.
Айчүрөк бар жанында,
Келген кеңеш камында,
Акунхандын кемпири,
Шыбырап айтты бул кепти;
«Чынкожо деген оңбогур,
Абышкам сени жүдөттү.
Көп ойлонуп сабылып,
Жүрөк айтат бир кепти.
«Эртең жооп берем» деп,
Кетирсин дейт элчини,
Жебесин кайгы атакем,
Толот дейт иштин кемтиги,
Чынкожо менен Толтойго,
Өзүм жооп берем дейт.
Кандай болор бул иш деп,
Бекер кайгы жебең дейт.
Ажыбай ага Түмөнбай,
Ал баштаган бектерге,
Бул кепти аргиз дебең дейт.
Акмактарды алдоочу,
Акыл менде кенен дейт».
Айтып кемпир кеткени,
Аалыбекке Акунхан,
Элчим кайра кет-деди.
Эртеңден калбай силерге
Жообун берем мен деди.
Чынкожо менен эр Толтой
Көп болду бизге кегени,
Кандай айтам жоопту
Ошондо анан бил» деди.
Муну угуп Аалыбек
Оюна келди далай кеп.
«Сөөдүрөгөн абышка
Жетелеп далай жоргосун,
Артынып камка торгосун,
Багынып өзү барат бейм,
Айдай болгон Чүрөктү
Чынкожо баатыр алат бейм,
Коркконунан мына эми
Кудалык кептен салат бейм
Конок кылып аларды,
Кечирим сурап багат бейм.
Ченебеген сулууну
Чынкожого тарттырып,
Толтой куру калат бейм»,
Деп ойлонуп алганы
Кошуна кетип калганы.
Муну кое туруңар,
Айчүрөк берет кандай жооп
Андан кабар угуңар.

АЙЧҮРӨКТҮН ЧЫНКОЖОГО КАТ ЖИБЕРИШИ, СЕМЕТЕЙДИН АК ШУМКАРДЫ ИЗДЕП ҮРГӨНЧКӨ КЕЛИШИ

Ой ойлогон Айчүрөк
Айла иштетип калганы,
Ишенимдүү бир чалды
Чакырып келип алганы.
Чалдын аты Жаркынбай,
Эскөн жан эле тартынбай,
Жаратып аны Айчүрөк,
Жумшады көпкө чарпылбай,
Ишенимдүү чал эле,
Сүйлөсө үнү чартылдай.
Койкондотуп калемин,
Кат жазды Чүрөк шартылдай,
Эки-үч барак кагазга
Калтырбай кебин бүт жазып,
Чынкожо менен Толтойго
Таарынчылуу кеп жазып,
«Мен Айчүрөк» деп жазып,
Аялчу кептен көп жазып:
«Мен сиздерге таарынып,
Жүрөмүн мында эч тынбай,
Тиесиңби Чүрөк деп,
Мурун мага кеп кылбай,
Баатырдын кылар иши эмес,
Жигит-кызды бет кылбай.
Кошуун курап, кол чайкап,
Келипсиңер бул жерге,
Зордук менен алам деп,
Желипсиңер бул элге,
Кандуу уруш салдынар,
Өлүп кетти көп пенде,
Сокуру жок көзүндө,
Пучугу жок мурдунда,
Уялдыңбы келгенге?
Чынкожо, Толтой экөөңөр,
Кемсинтчү элдер эр белең?
Кадырлап келсең бул жерге
Каадасыз Чүрөк мен белем?
Күйөө болчу Чынкожо
Уялгансып келбесин.
Жээним Толтой болгон соң,
Не үчүн өзүң келбейсиң?
Өткөн иш өттү мейли го,
Иш арты жакшы дейли го.
Арданбай акыл чолтого,
Баатырдык атак колкондо.
Тийбейт деген нээтте
Камынып калдым мен тойго,
Бул сырым эч ким уккан жок,
Кан атам Акун туйган жок,
Карган чалда не жазык,
Пендеси кетер кээ жазып,
Көөнүнөргө албанар,
Кайышты ал деп калбанар,
Токсон күн жаткын былк этпей,
Ар нени санап кылк этпей.
Күн санааты бүткөндө,
Силер сактап күткөндө,
Жиберемин бир киши,
Келерсиңер кеч күндө.
Акунхан малын чачамын,
Казына оозун ачамын,
Дандулуу болсун тоюбуз,
Даярданып жатамын.
Чынкожо Толтой эки шер,
Силер да карап турбастан,
Тойдун камын кылгыла.
Кем-керчисин бир баштан,
Кудалар кантип тынч жаткан,
Кийит, жууркан биз жактан,
Аргымак ат, атан төө,
Алтын, күмүш сиз жактан,
Кел деген күнү куру келбей,
Кыз жакка кайгы жедирбей,
Куурап калган бул Чүрөк,
Бекерге тийди дедирбей,
Кыларсыңар даярдык.
Дүйнөгө наамың жаярдык,
Атамдын көөнүн агартсаң,
Адеп менен жай айтсаң,
Андан бир арман нээ кылам,
Силерди күтүп мен турам!
Мындай далай кеп жазып,
Чынкожо менен Толтойду
Уят кыла бек жазып,
Туруп калды Айчүрөк
Жаркынбайды атказып.

Айчүрөк жолго салыптыр,
Чынкожо менен Толтойго,
Жаркынбай жетип барыптыр,

Чүрөктүн катын бериптир,
Кеңешке булар кириптир:
«Ишибиз болбой калыптыр,
Акылга шайтан чалыптыр,
Акундун кызы Айчүрөк
Бизди уят кылып салыптыр,
Айдама кошун кол жыйбай,
Келбедик неге чоңсунбай?
Арага киши нээ салдык?
Арбын колду нээ алдык?
Өзүбүз неге барбадык?
Байкап жообун албадык?
Зордукту неге баштадык?
Уятты кайда таштадык?
Чүрөктөн жоопту түз албай,
Жалындуу сылык сөз албай,
Эми акылсыз азыптыр,
Айчүрөк сырды ачыптыр.
Ошого эле чыртыйып,
Акунхан бекем жатыптыр.
Чынын Чүрөк айтыптыр,
Камыналы биз жатпай,
Камаарабай тынч жатпай.
Капалыктан кайтыптыр.
Жедигерге жиберип,
Алтын, күмүш алалы.
Токсон күнгө үлгүртүп,
Даяр кылып салалы.
Аргымак аттар мында көп,
Атан төөбүз андан көп.
Акунханга бергидей,
Ар түрдүү мал санда көп.
Колго түштү кыз эми,
Камыналы биз эми» —
Деп айтышып бажылдап,
«Кап, кап» дешип кажылдап.
Кужулдашып жатты эми,
Кызык ойго батты эми,
Алдап бизди Айчүрөк
Алда кандай кылат деп,
Оюна албайт тегеле.
Ошол катты ырас деп,
Макулга-макул келишип,
Убада сөзүн беришип,
Уят кылды кыз дешип,
Осол болдук биз дешип.
Токсон күнгө кошулуп,
Айчүрөккө кат жазды.

Кош болгондон сүйүнүп,
Колу тийбей бат жазды.
Тандап сөздүн жакшысын,
Жалынышын так жазды.
Көңүлүнө албаска,
Күнөөлөрүн нак жазды.
Кат алпарган Жаркынбай,
Конок болуп салтындай.
Жообун алып алардын,
Кайтып кетти Жаркынбай.

Жаркынбай кайтып келди эле
Чынкожо, Толтой жазган кат
Айчүрөккө берди эле.
Кат колуна тийгенде,
Чынкожо менен Толтойдун,
Акмактыгын билгенде
Аккуу болуп Айчүрөк,
Кеп тонун алып кийди эле.
Айланып жүрүп ааламды,
Сынады көп-көп адамды.
Алпты көрдү, эр көрдү,
Канчаны сынап айланды.
Эч кими жакпай көөнүнө,
Семетей гана жарады.
Кең Таластан ордодон,
Семетейди тапканы.
Айла кылып Айчүрөк,
Ак шумкар ала качканы.
Кушун издеп эр Семен,
Камынды эми басканы.
Чачыкейден кеп угуп,
Акундун кызы Айчүрөк
Алып кетти деп угуп,
Семетей тынчып жатпады.
Эки чоро ээрчитип,
Суутта аттар тапталуу,
Үргөнүчкө келди жол жүрүп,
Ак шумкарды тапканы.
Чоң Үргөнчтүн боюнан,
Алмалуунун оюнан,
Тосуп чыгып Айчүрөк
Семенди алып келгени,
Сарайына киргизип,
Сый-зыйнатын бергени.
Семетейдин келгенин,
Эч кандай жан билбеди.
Тамаша, кызык оюнга,

Тартынбай жаштар киргени.
Толтой менен Чынкожо
Качан болжол келет деп,
Айчүрөк киши жиберип,
Той кабарын берет деп,
Зарыгып күтүп жатканы.
Сагынычка батканы.
Күндөн-күнгө күн өтүп,
Токсон күн өтүп, түн өтүп,
Болжошкон ошол күнүнөн
Он күн өтүп кетиптир,
Чыдамы кетип ашыгып,
Чынкожо анда нетиптир.
Ачуусу келип кумсарып,
«Барып келгин» деп жана
Аалыбекти жумшады.
Аалыбек келет тепеңдеп,
Ээгинде сакал сепеңдеп,
Акунхандын шаарына
Кирип келди жепеңдеп.
Шашылган бойдон кеп айтат,
Сурданып туруп бек айтат:
«Элчи болуп көп келдим,
Бул сапарда күч келдим.
Бүгүн, эртең дебестен
Акунхан ачык жооп бергин,
Берер болсоң аныңды айт,
Бербес болсоң чыныңды айт.
Жаш баладай жашынбай,
Аныk ички сырыңды айт.
Ийне-жипче калтырбай
Айтар кебиң түгөл айт.
Чынкожо менен эр Толтой
Эми сабыр кылалбайт.
Так жообуңду бергин», — деп,
Аалыбек турду энтелеп.
Айтарына кеп таппай
Акунхан калды темселеп.
Ойлонуп туруп акыры
«Эми кандай кылдым» деп:
«Ажыбай менен Түмөнбай,
Экөөң жооп кылгын» деп.
Түмөнбай анда муну айтты,
Аалыбекке жооп айтты:
«Сен Аалыбек кайтып бар,
Чынкожо, Толтой бегиңе,
Түмөнбай кебин айтып бар.
Айчүрөк менен абыдан
Бир сүйлөшүп багалы,
Тиемин десе Айчүрөк
Чикеңди кантип чаналы.
Ажыбай менен экөөбүз,
Аныk жообун алалы.
Боз бучуктун сеңирге,
Эртең жетип баралы.
Чынкожо, Толтой, Аалыбек,
Беш-алтооң эле болуңар,
Биз берчү жоопту
Ошондо анан угуңар».
Аны угуп Аалыбек
Жөнөп кетип калганы,
«Сактагыла эртең» деп
Түмөнбай жолго салганы.
Чынкожо, Толтой эрлерге,
Укканын айтып барганы.
Катынынан Түмөнбай
Кабарды угуп алыптыр.
Семетейди келди деп,
Кулагы кепти чалыптыр,
Атакеси Акунхан
Ажыбайдай агадан,
Жашырып аны салыптыр.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эртеңки күнү неткени.
Жолуга албай Чүрөккө,
Ичинде калды кептери,
Күн чыкпастан аттанып,
Боз сеңирге жеткени.
Чынкожо, Толтой, Аалыбек
Мурун келип турушкан,
Кезигише кеткени,
Аалыбекти Чынкожо,
«Көрпөчөңдү ал-ал» деп,
Алып келип салды ал:
«Мына, мына даяр» деп,
Ажыбай менен Түмөнбай
Кайнага болуп калар деп.
Көрпөчөгө өткөзүп,
Олтурушту беттешип:
Чынкожо анда кеп айтат,
Чыдай албай көп айтат:
«Кана Ажыбай, Түмөнбай,
Кебиңерди салгыла.
Таарынчыңар бар болсо
Ачык айта калгыла.
Кем-керчиңер бар болсо,

Аябай менден алгыла.
Кек-кектешип жүрбөйлү,
Кайгыны башка үйбөйлү,
Кулдук уруп баш байлап,
Кудалаша калалы.
Дос болушуп бир четтен,
Кучакташып алалы.
Таң калтырып ааламды
Тойду өткөрүп багалы.
Күйөө болуп мен өзүм,
Түмөнбай иним кулак сал,
Досуң болсун саа Толтой,
Ажыбай ага угуп кал.
Кайнагалык жолуң бар,
Карала атты минип кал,
Хан Акундун жанында
Вазир болуп туруп кал.
Келдиңерби сүйлөшүп,
Кебиңерди бол, айта сал».
Чынкожо кыстап деген кеп,
Ажыбай айтты элендеп;
«Кабар кылбай кенедей,
Эрлик менен элебей,
Аскер айдап, кол курап,
Келдиңер мында ченебей.
Карган Акун күрпүлдөп,
Кан майданда салыштык,
Артын сйлоп турбастан,
Аяшпадык, алыштык.
Силер көп, биз аз болуп,
Кыйладан бери унчукпай,
Айчүрөк менен өзүнөр,
Сүйлөштү деп бир уктук.
Эмне кептир билбедик,
Ачык сурап ийбедик,
Айкөл Манас барында
Аздыр-көптүр малын жеп,
Кудалашып Акунхан
Койгон окшойт калың жеп.
Доолап келсе Таластык
Кайсы малды берем деп,
Жүргөн окшойт камын жеп,
Мен турамын көөнүмдө,
Чүрөктү сизге берсем деп,
Күйөө кылып өзүндү
Медер кылып жүрсөм деп,
Бүтүн Үргөнч калаасын
Жеке өзүм билсем деп.

Карала ат берсең минейин,
Хан кылсаң таажы кийейин.
Чынкожо күйөөм паанаңда
Чыныгы дооран сүрөйүн.
Акун менен сүйлөшүп,
Максатын анын ченейин,
Бүрсүгүнү бул жерге
Чүрөктү алып келейин.
Бербеймин десе Акунхан
Ордосунан зордуктап,
Кармап келип берейин.
Кайгыдан элди куткарып,
Калыстык нурум себейин».
Деп ошентип Ажыбай
Сөзүн айтты шамдагай ,
Түмөнбай анда кеп айтат:
«Токтой тур ага» — деп айтат
Чынкожо, Толтой, Аалыбек,
Турасынар алы деп,
Атам Акунхан айткан,
«Айдай кызым Чүрөктүн
Артында бар зары» — деп.
Кызымдын доолу дайны бар,
Кудалап койгон кайны бар,
Айкөлдөн калган Семетей,
Эми эле келип калбайбы.
Кайны бар кызды аткарып,
Мен кылбаймын андайды.
Кыйын болсо Чынкожо
Семетейге барбайбы.
Ини-агалык жолду таап,
Андан кийин албайбы.
Алар дагы түшүнсүн,
Ажистик кылар бар жайы,
Арстан Манас арбагы
Куткарбайт мени ылайым.
Кыжелет болуп жатамын,
Кыйналган жери мына бу.
Кетенчиктеп бул бир иш
Чындалган жери мына бу.
Эрке бактык Чүрөктү
Чырга башын катпайбыз.
Тиемин десе кимге эле
Тийбегин деп айтпайбыз.
Тийбесмин десе бирөөгө
Тийгин деп айта албайбыз.
Чыңыртып бекер бирөөгө
Зордуктап аны сатбайбыз.

Беремин деп Чүрөктү
Бел байлады Ажыбай,
Жалган сөз кылчу адамдар
Дүйнөдөн өтөт жарыбай.
Жалганды айтты аңкарыбай,
Силердин сөздү кайтарбай.
Айчүрөккө барганда
Апкаарып турат айталбай.
Көөнү бизден ооруса
Учуп кетет кубулуп,
Анда Ажыбай кантет
салпайбай,
Кой кебинди Ажыбай!
Кыз берем деп алжыба,
Сөз чынынан бузулбайт,
Атабыз Акун кошулбайт.
Өзү билсин Айчүрөк.
Ошол кезде сөзүңдү айт.
Жүргүн турбай кетели,
Ордобузга жетели.
Жакшы болбойт мунуңар,
Бизден жооп болгуча
Такыр кылып турунар».
Түмөнбай мындай дегенде,
Чын ачуусу келгенде.
Чыңырып сүйлөп берди эле,
Тебетей менен жер сабап,
Чырлыгына кирди эле:
«Акун менен Түмөнбай
Акылга неге чолтосуң,
Өлүп болгон Манастын
Өлүгүнөн коркосуң.
Өзүм тирүү бар турсам,
Менден кандай коркпойсуң?!
Эртең менен барайын,
Эрдигиме салайын,
Түп көтөрө элинди
Түгөл койдой чабайын,
Кызгын көз атаң Акундун
Курсагын койдой жарайын.
Шүртулдаган сени да
Эми эле чап салайын!» —
Деп бакырып Чынкожо
Кылычын суурду кынынан.
Чынкожону Ажыбай
Кармай калды колунан:
«Оолукпагын Чынкожо,
Өкүмүн күчтүү тың кожо,
Бул бок жебей ким жептир,
Бул Түмөнбай бок жептир,
Алып берем Чүрөктү,
Бербеймин деп ким дептир?
Бердим сага убада,
Ким ойлойсуң бизди, — деп,
Бүрсүгүнү бул жерде,
Тосуп алгын кызды» — деп,
Кызыл күрөң атына,
Ажыбай бутун артканы.
Тизгинин кайра тартканда,
Чынкожо калды мындай деп:
Ажыбай сенде айып жок,
Айтканында жазык жок.
Акыры сени хан кылам,
Айтканымда ашык жок.
Акунхандай мунук жок,
Сенден башка улук жок,
Акунуңду сойлотом!
Ашын бирге тойлотом!
Угуп койгун Түмөнбай,
Качып кетсе Айчүрөк
Кыламын сени сар түлөк!
Таппай сенин айлаң жок,
Кылча мага пайдаң жок.
Айчүрөк качса ырастан
Саа таптырбай турбасмын,
Айтты-койду дебегин,
Чынкожодо туруу жок,
Айтканымда буру жок!»

Алдырап келип Түмөнбай
Укkан-көргөн кептерин,
Ажыбай берип убада
Кол кармаша кеткенин
Акунханга айтканы,
Ачууланып жатканы.
Угуп аны Акунхан
Иреңинен качпады.
Алтын тактын жанында
Ары-бери басканы.
Уртунан жылмайып,
Ушул кепти баштады.
Ал аңгыча Ажыбай
Ал дагы кирип турду эле,
Акунга көңүл бурду эле.
Чыгып кетти Түмөнбай,
«Айчүрөккө барам, — деп,

Уккан кепти салам» деп.
Акунхан анда кеп айтат,
Какшык менен бек айтат:
«Ээ акылың жок Ажыбай
Карамендер баскандай,
«Айчүрөк кармап берем» деп
Кантип айттың жазганбай.
Алтын так минсең, минерсиң,
Айдай болгон Чүрөктү
Кантип кармап бересиң?!
Күмүш так минсең, минерсиң,
Күндөй болгон чүрөктү
Кантип кармап берерсиң?!
Бералбаймын Чүрөктү,
Бөздотпоймун Чүрөктү.
Чынкожо калып быякта
Сенин пейлиң жаман жүдөттү.
Чынкожо, Толтой, Ажыбай
Тойгуча бокту жепсиңер,
Адам эмес итсиңер,
Артыкча сага таң калдым
Ичимде өтө арманым,
Былжырабай тим жүргүн!
Кызымдан оолак сый жүргүн!»
Акунхан мындай дегенде,
Эдебин колго бергенде,
Минген атын Ажыбай
Камчыланып алганы.
Хан болом го дегенсип,
Алчыланып алганы.
Чаап ийчү эмедей
Чарчыланып алганы:
«Алжып калган какбаш чал
Атышып алың келбесе,
Жер майышкан жедигер
Күндө алман бер десе.
Куруп калган биздин эл
Куйруктуу коюн жебесе,
Күн көралбайт ушул эл.
Сенин кызың Айчүрөк
Теги эрге тийбесе.
Сураганга кызың бер».
Сургаганга кызың бер».
Сурап келди Чынкожо
Айчүрөктөй узду бер!
Атагың Акун хан болуп,
Абалкыдай жата бер.
Карып калдың биздерге —
Бийлигиң бер, бата бер!
Қыйын болсоң бербей көр,
Мени арстан — шердей көр!
Сен бербесең мен берем!
Эмне иш болсо тең көрөм!
Олурайып Ажыбай
Акунханга сүйлөнүп,
Ого бетер күүлөнүп,
Айчүрөктү бет алып
Бастырып жөнөй берди эле.
Айчүрөк менен Түмөнбай
Сүйлөшүп сыртта турганда
Ажыбай жетип келди эле.
Айчүрөк күлүп кашкайып,
Алмадай бети тастайып:
«Кел Ажыбай хан келгин,
Хан болучу жан келгин.
Қайда болсо күйөрүм,
Хан атамдын ордуна
Алтын такка минерим,
Ачык айтчы Ажыбай
Менден коркуп кажыбай,
Чынкожого тендиңби?
Жойпоңдоп желдиңби?
Мени сатып бай болуп,
Алтын-күмүш тердиңби?
Қошамат кылып бузукка,
Мени кармап бердиңби?
Же желди кармап бердиңби?
Же эми кармап кеткени
Эшигиме келдиңби?»—
Деп Айчүрөк айтканда
Ажыбай жаман шашканда,
Арсылдап күлүп жайпандап,
Айтып калды мамындай:
«Карындашым Айчүрөк
Болсун сенин көөнүң жай
Ал жерде андай дебесем
Сойгону турду Чынкожо
Экөөбүздү куткарбай.
Чымындай болгон бир жанды
Сактоо үчүн гана айттым,
Бул акмакты карачы,
Ушул кепти неге айттың»,
Жылпыштанып Ажыбай
Түмөнбайды карады.
Айчүрөктөн айбыгып,
Алда нечен санады.

Аңгычакты Айчүрөк.
Жиптей бели бурандай:
«Жол басып жүрүп келдиңби
Жүргүлө үйгө кириңер,
Кымыздан тарткан арактан
Бир аздан ичип алыңар,
Анан кетип калыңар.
Ырас келдиң экөөңөр,
Айтчу кебим дагы бар» —
Деп ошентип Айчүрөк,
Дарбазаны ачты эле,
Ажыбай баштап басты эле,
Кирип барса коргонго,
Кыздар жатчу ордого,
Он төрт күлүк ат турат,
Түспөлдөрү жат турат.
Сүмбөдөй болгон буурул ат,
Мамыда турбай сурулат.
Көрө салып Ажыбай
Ойлоду ичте мамындай:
«Ырыстуу эрдин малы, экен,
Мингени кандай жан экен?
Алты айга минсе арыбас
Ашкере тулпар ал экен.
Аттарды карап таң калып,
Көпкөчө туруп калышы,
«Киргилечи үйгө» — деп,
Айчүрөк эске салышы.
Алдында кирди чоң чамдай
Ажыбайдын арышы,
Босогонун оозунда,
Эшиктен удул тушунда,
Олтурган экен жанаша
Эки уул, эки кыз,
Аларды көрө салганда
Боло түштү жүрөк тыз.
Ушул эки баланын
Ажыдаардай сүрү бар,
Арстандай түрү бар.
Ал экөөнү бир карап,
Алсырап калды Ажыбай
Аяк серпип басалбай,
Аңгычакты Айчүрөк,
Ар айлага бай Чүрөк:
«Акунхандын ордуна
Хан болчу ажым бул — деди.
«Алып келгиле арактан
Аябастан куй!» — деди.
«Хан болчу кайсы киши?» —
деп,
Семетей айтып жиберди.
Ошогочо көрбөптүр,
Төрдө олтурган Семетейди.
Семетей үнүн укканда
«Селт этип кетти Ажыбай.
Жукара түштү далыдай,
Үйдүн төрүн караса,
Ай кулагы калкандай,
Алакар көзү чолпондой,
Тик багып киши көз салса
Туралбайт өңү томсорбой.
Карчытынан кан тамган,
Караса көздөн от жанган,
Кыл муруну керилген,
Келбети артык сырттандан.
Үч имерип чыйратып,
Кулагына кыстарган,
Тамылжып өңү нурланган,
Таңдагы гүлдөй бүр алган,
Буудай жүздүү керме каш,
Кабагы бийик өңү саз,
Кең көкүрөк сом далы,
Көргөндүн чыгар далдалы.
Көркөмү сонун келишкен
Ажыбай көрдү баланы.
Абайлап байкап караса
Жыйырмадан ашкан чамалы.
Жүрөгү келип оозуна,
Титирек кирип боюна.
Алактап көзү жай албай,
Ар кыял түшүп оюна.
Терлери акты чубуруп,
Төшүнөн ылдый койнуна.
Бул түгөнгөн Ажыбай,
Төрүнө басып өталбай.
Же эшикке чыгып кеталбай,
Айласын таппай калганда,
Айбыгуу мээсин алганда.
Алманбет уулу Күлстөн
Айта салды шар анда:
«Хан болсоң эрте көрөбүз,
Амирине көнөбүз.
Жоо болсоң дагы көрөбүз,
Эшикти тоспой бүкчүйүп,
Болбосо ишиң жөнөңүз!»
Кыя карап жаш бала

Кыйык кепти айтканда.
Чыкпаган тенде жан калып,
Бут шилтебей сандалып,
Коркконунан Ажыбай
Бузулуп өңү саргайып,
Кайра чыгып баратып,
Ат жакты карай калыптыр.
Каары катуу Канчоро
Катуу сүйлөп салыптыр:
«Караба атка көз тиет,
Ылдый башың ийип кет!
Шалпылдатып кепичти,
Жер чандатпай чыгып кет!»
Аны угуп Ажыбай
Үңкүйө басып кажыдай,
Үмүтүн үзүп барыдан,
Аманат кара жанынан:
«Жаңылыпмын оозумдан,
Ушул бүгүн абыдан».
Эптеп чыгып кетти эми,
Эс-акылы нетти эми,
Билгич эле Ажыбай,
Бир көргөндү таанымай:
«Төрдө олтурган заңкайган
Ал Семетей болосун.
Чоросу белем берки экөө,
Кудай жолум оңдосун:
Он төрт буудан ат турат,
Түрлөрү башка жат турат.
Кошуунун кайда койду экен?
Кандай иштер болду экен?
Айбаты артык жан экен,
Манаска тете хан экен.
Семетей болсо Үргөнчтү,
Арзан жумуш болбостой,
Беттешип калса жооларын
Бирин аман койбостой.
Келбети башка, заары күч,
Ач арстан жолборстой.
Баатыр таап, кол жыйнап,
Жаткан экен Айчүрөк.
Ошол үчүн болжошуп,
Бул Семетей болгондо
Ар кандайга сеп экен,
Айчүрөк жатып коргончу
Бузулбас бекем чеп экен.
Акунхандын башынан
Бербеймин деп Чүрөктү,
Айтары ырас кеп экен.
Чылгый кеп салып чыркырап,
Тырышары эп экен.
Байкабай бүгүн барганда,
Эсимди кудай алганда,
Чынкожо менен Толтойго,
Эми жок кепти салыпмын.
Эсил жан кантер экенсиң
Балаага бүтүн калыпмын,
Ажыбай эстен кеткенсип,
Күбүр-шыбыр эткенсип,
Өзүнчө сүйлөп күбүрөп,
Жол жүрө албай бүжүрөп.
Жүз сексен миң акылдын
Бирин койбой жойлосо,
Бара жатып ойлонсо,
Бирөө да туура келбеди,
Токтоп акыл бербеди.
«Чынкожо менен Толтойго,
Качып барсам, кандай» — деп,
«Элден чыккан бузуку
Сасык наамым калар кеп.
Акунхан зара (23) киши эле,
Дагы ушуга баркым жетер» — деп,
«Коркуп кетип айтыптыр,
Кой деп коёр бекен» — деп.
«Айчүрөк тунук эме эле,
Ичи талаа кең эле,
Мен кантем деп карындаш,
Жая салып жай айтсам.
«Оо болуптур» дээр беле?
Мен күйүгөм не мынча?
Башкага барып пааналап,
Кара жаным калкалап,
Антип күндү көргөнчө,
Көңүлүмдү бөлгөнчө,
Өлсө Ажыбай өлбөйбү?!
Тели-теңтуш кишилер,
Чогулушуп көмбөйбү?!
Кирип-чыгып мурунку
Кызматымды кылбайбы?
Акунхандын алдында
Элпек-желпек турайын», —
Деп ойлонуп Ажыбай
Үйүнө жетип барганы,
Сергип көңүл калганы.
Ал аңгыча Түмөнбай

Акунханга барыптыр,
Баштан-аяк көргөндү,
Айчүрөктө болгонду
Барын айта салыптыр,
Ажыбайдын абалы,
Аны да сүйлөп калыптыр:
«Азыраак насаат кылыңыз
Акылынан таныптыр,
Кызматы артык неме эле
Кыжылдыгы аныктыр».
Карс-карс күлүп жапыртты,
Ажыбай чакыртты.
Ажыбайды бир киши.
«Хан чакырат» дегенде
Коркуп ошол жерде эле,
Колкосу менен жүрөгү
Как оозуна келди эле.
Кайра качар айла жок,
Акун хандын үстүнө
Ажыбай басып кирди эле:
«Кел Ажыбай иним, кел
Түмөнбай айтат бир кепти,
Киши укпаган сыр кепти.
Чоочун киши калаада
Пайда болуп калды, — дейт,
Сени да көрүп жанды, — дейт.
Бул айтканы жалгандыр,
Бул айтканы чын болсо
Семетей келип калганбы?
Эки бала жанында
Ээрчигени бар болсо,
Көргөндүгүң дал болсо,
Мен уккамын көп мурун,
Кулагым мындай чалды кеп:
«Алманбет менен Чубактан
Эки тукум калды — деп.
Эр Семетей балдарды
Чоро кылып алгандыр,
Ошолор келип калгандыр,
Ичиш менен жешинен
Кемитпегин Ажыбай,
«Таанышамын кирип» — деп,
Демикпегин Ажыбай,
Манастын уулу сыр бербейт,
Желикпегин Ажыбай,
Күйөө болсо Семетей
Эми болсун көөнүң жай.
Кыска санаа тар жолду,
Бойлобогун Ажыбай.
Желге карап иш кылып,
Сойлобогун Ажыбай.
Мага айткан сөзүң эске алып,
«Арты кандай болор» — деп,
Ойлобогун Ажыбай,
Акунхан аман турганда
Жамандык саа жок кандай
да», —
Деп ошентип Акунхан
Ажыбайдын санаасын
Абыдан басып салыптыр,
Булар жатып калыптыр.
Муну мындай коюп тур,
Эми сөздүн баянын
Семетейден угуптур.

КҮЛЧОРО МЕНЕН ТОЛТОЙДУН ЧАЛГЫНДА БЕТТЕШҮҮСҮ

Чыкчырылып Чынкожо,
Сын кысмака алганы,
Ажыбай менен Түмөнбай
Ал жактарга барганы,
Түмөнбайга Чынкожо
Чыр-калбаны салганы,
Эртең жообун бербесең
Чабамын деп калганын,
Эр Семетей ошону
Айчүрөктөн угуптур,
Эки бала жолборсо
Айтып кебин куруптур:
«Аттанып чыксам ак жолтой,
Аркамда турсаң сан колдой,
Эки баатыр караным,
Уккула кебим саламын.
Тай буурулду бирөөнөр
Азыр токуп миниңер,
Ак олпок тонун кийиңер,
Аттанып жолго кириңер,
Чынкожо, Толтой акмактын
Келе турган жолуна,
Чалгынга барып келиңер.
Бүгүн барып кабар ал,
Эртең менен келе кал,
Жакшы, жаман иш болсо

Мага келип кабар сал.
Чалгынга барбай калганың,
Жоого минер тулпарың —
Он төрт атты ардактап,
Жакшы откозуп багып ал».
Семетей айта салганда
Канчоро баатыр камынды,
Аттарды багып барганга
Күлчоро баатыр камынды.
Буурулду токуп чалгынга,
Жарагын камдап белендеп,
Олпокту кийип серендеп,
Алмамбет уулу жаш арстан,
Аябай толук камданды,
Семетейдин алдына,
Чуркап кирип барганы:
«Камынып болдум абаке,
Мен баручу жер кайда?
Биз жок жерде данк алган
Чынкожо, Толтой эр кайда?
Чалгынга азыр барайын,
Алар кантип жатты экен
Билип келе калайын.
Таалайым келсе онунан,
Тамаша кылып сонунан,
Чынкожобу, Толтойбу
Каптаса бирөө жолумдан,
Буурул ат болду мингеним
Соо чыкпастыр колумдан.
Деп ошентип Күлчоро
Алдырап кирип барганда,
Айтчу кебин салганда,
Айчүрөктөн көз албай
Аңсанып алган Семетей,
Суусуну канбай сулуудан
Тамшанып алган Семетей,
Айдай кыз менен айкашып,
Карчалып алган Семетей,
Күлчоро кебин укканда
Сүйүнүп кетти ченебей.
Ыраазы болду чорого
Эч кимине теңебей.
Ал аткени, чоролор
Жаштык кылса ырсактап,
Калтарыса кылчактап,
Семетей өзү бармакчы,
Чалгынды өзү чалмакчы.
Мен барам деп келгенде
Кош болуп Семең калганы,
Күлчорого кол жайып,
Батасын бере салганы:
«Арбагы артык Манастын,
Атагы бар Таластын,
Ак калпак кыргыз алаштын
Арбагы сени колдосун!
Атам Манас кол берген
Кожо Асан болсун жолдошун,
Жоого сүрдүү жолборссун,
Баргын эми жолборсум!
Батасын Семең бергени,
Колдоочусу Манастын
Калбай түгөл келди эле,
Кабыл болуп батасы,
Эч болунбай катасы,
Алдындагы чородон,
Ак тастайган короодон
Капысынан чаң чыгып,
Карагандан кан чыгып,
Аркасынан чоронун
Айдай кара жал чыгып,
Кармаганда жан чыгып,
Караса көздөн заар чыгып,
Мурдагыдан миң эсе
Сүр байланды Күлчоро,
Айбаты артык башкача
Түр байланды Күлчоро.
Атка минип шаңданып,
Бастырып жөнөй бергенде,
Эки жолдош жанаша
Желип чыкты талаша,
Жылаңач кызыл дубана.
Чылбырдан алып жөөсүндө,
Эки түгөй сур бөжөк
Үзөнгүнү көзүндө,
Каркыралуу кызыл кыз,
Өзү жандан узун кыз,
Учкаша минип алыптыр.
Күлчоронун өзүнө
Бура тарта берерде,
Буурул октой желерде,
Айчүрөк туруп кеп айтты,
«Кайним Күлүш» — деп айтты,
Чыкпай жолдон чет алып,
Чыгыш жактан бет алып,
Түздөп жолго салгының
Турбай жүрүп баргының,

Үстү тумшук салынган
Боз сеңир деген жер ошо,
Үргөнүчтүн ыкмалуу
Чалгынчы барчу жолу ошо.
Алды буткул саз болот,
Кымылдаган каз болот.
Тармал саз деген саз ошо,
Лга кирген мас болот.
Қара жолдун боюнда
Бузулган жалгыз тегирмен,
Көөлүсү калып өзү жок,
Тамдарын шамал жемирген,
Сен туруучу жер ошол,
Қайгулчуга эп ошол,
Ошол жерден барылап,
Алыстап көп барбаңар
Уктап кайним калбаңар,
Аржактан келген баатырлар
Арамзаада — бакылдар
Қапташып сага барбасын,
Қызартып көзүн салбасын,
Сайдыртын ийип душманга,
Ат, тонундан ажырап,
Күлкүгө өзүң калбагын».
Айчүрөк сүйлөп көп акыл
Қайталап айтып бектеди,
Угуп алып эр Күлүс,
Бастырып жөнөп кеткени.
Боз сеңирдин жегине,
Тармал саздын жээгине,
Тегирмендин көөлүгү
Күлчоро барып жетти эми,
Қанбай калган уйкусун
Қалыйман менен жуурулуп,
Мөгөдүктөп жаш бала
Уйкудан көзү жумулуп.
Бардап ачып көздөрүн,
Эсине алып Күлчоро
Айчүрөктүн сөздөрүн,
Ар канча кылса арганы
Туруштук бере албады,
Ат үстүндө жаш бала
Қатуу уктап калганы.

Чынкожо менен Толтойдун
Қандай экен абалы.
Басташып келген кыйын жок,
Ошондон кабар алалы,
Ажыбай менен Түмөнбай
Аттанып алар кеткенде,
Чынкожо, Толтой, Аалыбек
Қошунуна жеткенде,
Чынкожо туруп кеп айтат:
«Ээ досум Толтой, — деп
айтат,
Балбандык күчтө чыңалдың,
Баатырдык даңкың чыгардың,
Өзүм менен дос болуп,
Өткүрлүктө сыналдың.
Белиме тирек сен болуп,
Антташкан сөздө чыгалдың.
Айбатың салып тургандан,
Ар кандай ишти кылалдым.
Ажыбай коркутуп,
Жүрөгүн каптап чыгардым.
Бирок дагы сөзүндө,
Чындыгы турат булардын,
Оюма келет бир акыл
Ойлоп көргүн сен баатыр
Қылбай иштен чаланы,
Абыдан байкап багалы,
Қандай болуп жаткандыр
Айчүрөктүн абалы.
Эр Толтой сен эп көрсөң,
Бүгүн чалгын чалалы,
Абдан байкап абалын
Анан кайра жаналы.
Чалгын чалар эрим жок,
Барайын десем белим жок,
Өзүң барсаң канетет,
Баатыр сенин теңиң жок,
Сенден башка маа күйчү
Бел болгудай жөлөк жок,
Сендей досту күтүнүп,
Өлүп кетсем керек жок.
Айбатың толкуп турганда
Сага келер дүмөк жок», —
Деп Чынкожо айтканда
Эрдемсип Толтой калды эле,
Мактагандан бою эрип,
Көтөрүлүп көңүлү
Көөдөгүнө чалды эле,
Ошол күнү кечинде
Жанына киши албастан
Чалгынга Толтой барды эле.
Сур коен минип компоюп,

Буурулду кийип болкоюп,
Найзасы колдо коркоюп,
Ай нуру текши тийгенде,
Күлчоро турган жерине
Толтой келип калыптыр,
Айлантып көзүн салыптыр,
Абдан байкап караса
Тармал саздын жээгинде,
Айтылуу боз сеңирде
Бир караан турат калдайып,
Өткөсө чоң дардайып,
Буга Толтой таң калып,
Ким экенин билем деп,
Толтой келет чебердеп,
Найза учуна илем деп,
Бута атымча барганда,
Айбанда эстүү жаныбар
Арстандай аты тайбуурул
Кошкуругун салганда,
Үстүндөгү Күлүстөн
Ойгонбоду жаш бала,
Эрте жатып кеч турган
Ала деңгил мас бала.
Чалгында жүрүп ушундай
Киши уктайбы андайда,
Антип-минтип эр Толтой
Чукулдап келди мандайга.
Абыдан байкап караса
Кызыл буурул мал экен,
Шамдай жанат кулагы,
Чондугу пилче бар экен,
Үстүндөгү мингени
Он эки — он үч жаштарга
Келип калган бала экен.
Ак-таң болуп чоң Толтой
«Кандай сонун малдыр, — деп,
Акунхандын элинде
Жок эле мындай малы, — деп,
Капыстан тап берип,
Кармайынчы аны» — деп
Найзасын ондоп кармады,
Каршылык кылса карматпай
Как жүрөккө сайганы,
Аптуу-таптуу бутача
Толтой кирип барганы.
Чыдай албай тайбуурул
Жерди чапчып калганы,
Чочуп кетип Күлчоро

Көзүн ача салганы,
Уйкулуу көзгө тарбайган,
Чоңдугу тоодой дардайган
Көрүндү адам карааны.
Не кыларын билалбай
«Манас!» деп ураан салганы,
Атадан калган сыр найза
Кош колдоп кармап алганы,
Манастын атын укканда
Саймак тургай эр Толтой,
Муунунда калбай жан-маны.
Коркконунан далбактап
Бура тартып калганы.
«Семетей келген экен» — деп
Оюна муну алганы,
Артынан чыкан дүбүртү
Алтымыш аттын дарбаны.
Ангычакты Күлчоро
Жетип найза салганы,
Топчулугун чыгарып,
Желбегей келген Толтойго,
Удул келип оңтойго,
Оң кадырга капталга,
Найзанын учу аралап,
Кыр арканын бир четин
Тепчип кетти жаралап,
Оор келип сыр найза
Ондой албай жаш бала
Жандай сайып таштады.
Кабырга «тыз» эткенде
Катуулап Толтой качканы.
Ошентсе да капталга
Сыр найза тийген оңобу?
Кан куюлса салаалап
Арзан жара болобу?
Кайран Толтой канетсин,
Качып барат калдандап,
Желбегей олпок кийген тон,
Эки этеги далбандап,
Жайдак атка мингенсип,
Эки буту салпандап,
Эси чыгып калыптыр,
Эки таноо барбандап,
Атырылып тайбуурул
Арбыта чуркап алчандап,
Найзасын тартып алалбай,
Же ондоп найза саялбай
Кетип барат Күлчоро,

Жашсың дагы бил чоро,
Ошондой бара жатканда
Түшүп кетип жалынан,
Эки тизгин, бир чылбыр
Тайбуурул тулпар чалынган,
Суурулуп найза аңгыча,
Ондонуп бала алгыча,
Узап кетти эр Толтой
Онду-солду камчы уруп,
Кууп кирди Күлчоро
Тайбуурулду жапырып,
Уктаганга өкүнүп,
«Манас»тап бекем бакырып,
Жаралуу болгон Толтойуң
Жаны ооруп ачынып,
Манастын атын укканда
Ого бетер шашылып,
Жарасынан кан агып,
Барган сайын шар агып.
Шайы кетип арыптыр,
Таалайына жараша
Колуна жетип барыптыр.
Качкан бойдон ал Толтой
Эл аралай салыптыр,
Ошол кезде дык берип,
Таң агарып калыптыр.
Толтой качып кеткенде
Эми Чоро неткени.
Топтон чыгып бир киши
Алдын тосуп нектеди.
Күүлү барган Күлчоро
Камындырбай жеткени.
Жеткен жерде куурайдай
Башын кесип кетти эми!
Башты жанга байлады,
Бура тартып калганы,
Буластатып буурулду,
Булактатып куйрукту
Катуу жөнөп алганы.
Күндүн мурду чачырай,
Ак эшиктүү ордого
Салып кирип барганы.
Байкап турган Калыйман
Чөйчөктө суу кармады.
Айлантып чачып Күлүскө
Анан атын алганы,
«Уялып калат сиңдим», — деп,
«Ички сырын билдим», — деп,
Эстүү жеңең Айчүрөк
Эшикке чыкпай туруптур,
Буларга көңүл буруптур.
Салам айтып эшиктен
Кирип келди Күлүстөн,
Төрдө олтурган Семетейге
Айтып калды эми эле:
«Кайгуулга чороң мен барсам,
Боз сеңир учун көп чалсам
Жолугуп калды бир киши,
Асман менен тең киши,
Эркечтей сур аты бар,
Адамдан бөлөк заты бар,
Мунарадай бою бар,
Чынардай узун колу бар,
Жамынган олпок тону бар.
Мен үргүлөп кеткенде,
Жаныма жакын жеткенде,
Айланайын Тайбуурул
Жерди чапчып кишенеп,
Үстүндө мени силккенде
Ойгонуп кетип калганым,
Көзүмдү бардап алганым,
Көрүп аны жандадым.
«Манастап» ураан салганым,
Качып берди түрүмөн,
«Манастаган» үнүмөн,
Сыр найзаны баптадым,
Качырдым аны каптадым,
Таамай сайып алалбай
Капталдай сайып таштадым.
Оор экен сыр найза,
Абалымды чактадым,
Ондоп жана сайууга,
Опкоолжуй түшүп ыргыдым,
Тушалып аттын буттары,
Түштү тизгин чылбырым,
Найзам кетти суурулуп,
Өзүм калдым буулугуп,
Аттын колун чыгардым,
Артынан куып мен бардым,
Жедигерби башкабы
Жер жайнаган эл экен?
Тигилүү чатыр көп экен,
Жарадар болгон ал эме,
Аралап кетти көп элге.
Аткарганда женекем
«Абайла бала» — деди эле,
Ал кеп түшүп эсиме

Аркага тарттым эми эле.
Утур чыкты алдыман
Ажалы жеткен бир эме,
Балта менен бир салдым,
Башын кесип байландым,
Ушундай болду абалым.
Кыскартып эми алайын,
Алып келген бул башка, —
Абаке, туунду кандай
саяйын» —
Деп ошентип тургунча,
Айтып кепти бургунча,
Баамдап жүргөн Ажыбай
Бүжүлдөгөн жарык ай,
Кунан уйду алдырып,
Бата кылып салдырып,
Баасыз ишти кылды эми,
Садагага чалдырып,
Сан-сандап этти чанатты,
Көчөдөгү көп элге
Кескилетип таратты.
Муну кое салыңар,
Качып кеткен Толтойдун
Кабарын бир аз алыңар.

ЧЫНКОЖОНУН ТУКУРУУСУ

«Өлдүм эле өлдүм, — деп,
Өлбөй тирүү бар туруп,
Өнөрдү сындап көрдүм»— деп,
Жерди-сууну сапырып,
Үнү укканды жапырып,
Кирип келди эр Толтой,
Өкүрө улуп бакырып,
Аны-муну ойлонуп,
Ары-бери толгонуп,
Уктабай жаткан Чынкожо,
Айла-амалдуу Чынкожо,
Толтойдун үнүн укканда
Жүгүрүп эшикке чыкканы,
Абалын көрө салганы
Аң-таң болуп калганы,
Төрө Толтой баатырдын
Чылбырынан кармады.
Түшүрүштү Толтойду,
Жаранын оозун жуудуруп,
Жарага дары койдурду.
Жай алдырып жаткырып,
Жараны дары катырды.
Өкүргөн үнү басылды,
Сары бешимде Толтойун
Баш көтөрүп эс алды.
Баштан-аяк көргөнүн,
Башкаларга кеп салды.
Өмүрүндө бир сапар
Бек коркконун көп салды.
Багыштан калган баягы
Көпкө жеткен даң, аты,
Карган вазир Байтеке
Байтеке туруп кеп айтат,
«Уккула сөзүм, — деп айтат:
Көрбөгөнмүн уккамын
Болгон ишке суктандым,
Манастын уулу чунактын,
Аркада жалгыз туяктын,
Минген аты буурулду,
Кебетеси ал болот,
Кере баскан жерлери
Кемегедей аң болот,
Күүлү чапкан жерлери
Кереге бою жан болот.
Ошол болуп жүрбөсүн,
Анда кандай жан болот?
Келген болсо Семетей
Бир белгиси бар болот,
Ат изин барып көрөлү,
Андан кийин билели.
Байкашымча Толтойду
Ээн жерде кабылтса,
Жараган тулпар ат минип,
Чоң олпокту жамынса,
Ал Семетей эместир,
Кийгени чоң келбестир.
Ыражол жашы Семетей
Жыйырма эки—жыйырма бир,
Алп мүчөсү жетиккен
Атасындай эрдендир.
Ал киши болсо Семетей,
Анчалык сага жеткенде
Тирүү койбойт мындан бил,
Алманбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро
Экөөнүн бирөө келгендир,
Жаза сайып жаш балдар,
Кабыргаңа тийгендир.
Абалы биз көрөлү,

Аттын жайың билели,
Андан кийин кеңешке
Ичкерилеп кирели»
Карт вазир кебин айтканы,
Башкалар макулдашканы.
Аттарга токум салышты,
Алдырап жөнөп калышты.
Чынкожо менен эр Толтой,
Байтеке менен Аалыбек
«Барып көрөлү аны» — деп,
Төртөөндө бар төрт жигит,
Сегиз киши биригип,
Бозучуктун сеңирге
Салып кирип келишти.
Сайдырган жерин Толтойдун,
Сабылып келип көрүштү.
Казамбактай кара чым
Аңтарылып калыптыр.
Кетмендеп казган немедей
Қаңтарылып калыптыр.
Чымдуу жерлер чытырап,
Жер бетине чыпылдап
Суу жайылып агыптыр.
Кере баскан жерлери
Кереге тартып алыптыр.
Аттын изин көргөндө
Эр Толтой кебин салыптыр:
«Анттуу досум Чынкожо,
Ар кыл айлаң бар кожо,
Абам айткан чын болсо
Көргөнүбүз шол болсо,
Кечиндеги зор тулпар
Тайбуурул өзү болбосун?
Андай болсо биздерди
Жараткан алла колдосун.
Абайлабай катышып,
Азапка калып жүрбөйлү,
Арстандын уулу чунактан
Арманда кетип өлбөйлү,
Арага киши салалы
Акунхан колго алалы.
Семетей менен жарашып,
Серпишпей кетип калалы.
Серпишкен менен теңелип
Байкуш жан байсал табабы?
Эң зарылы кыргыздар
Ыраактатпай араны,
Намыс кылбай алдына
Ат жетелеп баралы.

Андан кектеп калгыча
Ачуусун сурап алалы.
Тууган болуп достошуп,
Элге бирге жаналы.
Ушул сапар сөзүмдү ук,
Чынкожо досум өзүмдү ук,
Беттешкендей карчалып
Семетейде кегим жок.
Абалтан бери «кан» дешкен
Агарбай өткөн тегим жок.
Жеримди тартып алат деп,
Же кыпынчалк шегим жок.
Талаш-тартыш кылгыдай,
Же улуту башка элим жок.
Барыбыз бир тууганбыз,
Бир эки айрык сууданбыз,
Менден дагы өзүңүз
Семеңе жакын туугансыз,
Кичинекей иш үчүн
Калбага белди буугансыз,
«Тулпар сөөгүн оорлобойт,
Тууган түбүн кордобойт»,
Иним деп барсаң алдына
Анча-мынча иштерди
Семетей деле ойлобойт,
Таарынган менен бир мезгил
Туугандын түбү бир болот.
Жакшы тууган белгиси
Жамандык жолдо бойлобойт.
Жарашып калгын Чынкожо
Ага-ини бирин чондобойт.
Барбаймын десең Таласка
Жедигерде туруп кал.
Семетей сени зордобойт,
Кыла берсек ушундай
Эл деле бизди колдобойт.
Шыгай менен Жакып хан
Бир эмчекти талашкан,
Айкөл Манас шер чыгып,
Кыргызга теңдик жараткан.
Сага да бийлик жетишет
Кеңири кең кол Таластан,
Эч жамандык көрбөдүң
Атасы баатыр Манастан.
Бул кылыгың жарабайт
Болор-болбос иш үчүн
Тууганың менен талашсаң,
Өчөшкүдөй ага сен

Ыраакы жат киши эмес.
Экөөңөрдүн ортоңдо
Кайчылык деле эч эмес.
Жакшылашып калалы
Жарашсак али кеч эмес.
Менин ушул айтканым
Мындайча айткан кеп эмес.
Кыргыздар өз ичинде
Кыргындашсак эп эмес.
Жакшы санаа жакындык,
Же ашуусу бийик бел эмес.
Ынтымак, ырыс-береке,
Акунхан да кош болот
Жеке эле кыргыз эли эмес.
Айтар ошол кеңешим
Жакшылап ойлоп баккының.
Убакыт өтөт кечиксе
Жолунду эми тапкының».
Эр Толтой минтип айтканда,
Эрегиштен кайтканда
Чынкожо айтат сурданып,
Чымын түшпөй куйланып:
«Атаңдын көрү эр Толтой,
Акылың элден кем Толтой.
Жарым жолдо жалтайлап,
Жапылдайсың сен Толтой.
Айткан кепте туралбай
Айылдайсың уялбай.
Ишти башка жеткизбей
Ийректейсиң жыландай.
Бир балага сайдырып,
Буту сынган аюуча
Муңканасың буранда й.
Кайратың жок, намыс жок
Кокуй эме окшойсуң,
Карыш жер көрүп чочуган
Сокур эме окшойсуң,
Коен жүрөк ,бүк түшмө
Коркок эме окшойсуң.
Кыска санаа, кылт этме
Чоркок эме окшойсуң,
Баатырдыгың бир демде
Боркок эме окшойсуң,
Асый өгүз көп сүзгөн
Торпок эме окшойсуң,
Оозумда кеп бар дегендей
Өөдүк-сөөдүк оттойсуң,
Карааның көрбөй эмитен
Сен кайда барып токтойсуң?

Семетейден сен корксоң
Анттан кандай коркпойсуң?!
Кара нээт Манас мактайсың,
Семетейин актайсың.
Тентип жүргөн жетимди
Сырдап бордоп баттайсың.
Атагым андан кем беле?
Абалкы болгон иштерге
Мени неге катпайсың?
Келесоо, зөөкүр ал эмең
Иши эмне эл менен,
Иш билбеген ал акмак
Айлансын туулган жер менен,
Жолум өөдө турганда
Жоолашабы мен менен,
Карашыңча сен Толтой
Капкайдан келген бир жаман
Кайнагаңа тең белем?
Карап турган Толтойум
Кармашайын ал менен,
Коркуп андан калбаймын
Коен жүрөк эр белем?
Каары катуу Чынкожо
Семетейден кем белем?
Корксоң кеткин, эй Толтой,
Кармарым жалгыз сен белең.
Сен болбосоң урушту
Кыла албай калгыдай
Ошончо кыйын эр белең?!» —
Деп ошентип Чынкожо
Чымырканып алганы,
Аны угуп эр Толтой
Ачуусу келип калганы,
Обдулуп туруп ордунан
Мана бу кепти салганы:
«Чукчуңдаган Чынкожо
Чубаганың чыркожо,
Жолдуу кепти мен айтсам
Шилекейиң чачасың.
Капкайдагы жөнү жок
Кокуй сөздү айтасың.
Көрбөй жүргөн эмедей
Көкүрөгүң ургулап
Көп мактанып жатасың.
Кече Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Атам Багыш барында
Эркечтей сур ат мингизип,
Ээрчитип жүргөн жанында

Эрке бала мен элем,
Жыгачтан учтап шиш алып,
Кемегеде эт сайып,
Кемирдик кылып тил угуп
Жүргөн киши сен элең,
Кой Чынкожо мактанба
Көрбөгөн киши мен белем?
Көкжалдын уулу чунакка
Качанда ага тең элең?
Тилимди алгын оолукпай
Тууганыңа жолукпай,
Тайны жок кепти көп кылып,
Менин көөнүм оорутпай,
Кол алышкан шертти деп,
Келгемин мындай оорукка,
Кетсем кетип каламын
Калба-чырдан чаламын.
Араздашпай эл менен
Тынч уйкумду аламын.
«Достук, достук» деп айткан
Таарынчыңа карадым,
Болбосо келбейт элем мен,
Семетейде өчүм жок
Карызым бардыр саламым.
Болсо сен да ойлонуп
Алды-артыңа карагын.
Тизгининди тартпасаң
Таарыйсың чоңун баланын.
Күпүлдөбөй калп эле
Кол алышып, элдешип
Тынчылык менен тарагын».
Толтой мындай дегенде
Чынкожо капыр муну айтат,
Түгөнгүс кара чырды айтат:
«Айтканың чындыр Толтойум,
Көргөнүң сырдыр Толтойум,
Май болот деп кийимим
Майлык тартып койгомун.
Ошончолук чоң ашта
Жасоол башчы болгомун,
Уксаң Толтой бул ошо,
Пайгамбар чапкан жол ошо.
Семетей турмак
Атасы Манас дегенге
Теңдеше жүргөн кол ошо,
Мунусун неге айтасың?
Ал кездеги ишимди
Сага окшогон балдар кантип
байкасын,
Теңдиги жок сөз айткан
Сени теңирим кантип алкасын.
Кор болгун деп атайын
Жарым жолдо сага окшош
Коркуп башын чайкасын,
Жигит кайтпайт сөзүнөн
Житире чаап балтасын.
Ишенбесең карап тур
Үргөнштү кандай чайкашым!»
Деп Чынкожо турганда,
Өжөрлүгүн кылганда,
Кары вазир кеп айтат
Каадалу кептен көп айтат:
«Толтой айтты жөндүү кеп,
Айткандары жолдуу кеп,
Артык айттың Чынкожо
Ээн талаада күжүлдөп,
Семетей келсе эми эле
Биз калабыз бүжүлдөп,
Үч каркыра көк дөбө
Жер жүзүндө жок дөбө.
Эл чогулуп, аш берген,
Калбай киши көп келген,
Балбан чыгып күрөшкө
Көкүрөгүн тирешкен,
Балбанга Кошой чыкканда
Шым табалбай кыстанда,
Кыраан туулган Каныкей
Кыйындыгын билгизген,
Дыкаттап тиккен камдагай
Чоң Кошойго кийгизип,
Көрүп турган мен элем,
Анда кичик сен элең,
Сүйүнүп Кошой ошондо
Колун жайып ийгенде,
Капыр менен мусулман
Катар бата бергенде,
Көпчүлүктүн батасы
Катасы жок тийгенде,
Батадан бүткөн Семетей
Беттешпейт пенде деди эле.
Бейжай туруп тийишип,
Мерт болбойлу жөн эле...»
Байтеке кебин бүтүрбөй
Чыдай албай Чынкожо
Ортодон чолуп бөлдү эле:
«Ханың менен вазириң,
Жакын окшойт жасының (24)

Куруп кетсин сөзүңдөн
Жоголгула көзүмдөн!
Алышканда кол урсун!
Антташканда ой урсун!
Кыркылгыла чырпыктай!
Ажал жетсин тың чыкпай!
Өзүм жеке алышам,
Өлбөгөндө калышам,
Семетей менен Акунга
Сексен жылча салышам.
Өрт жандырып Үргөнчкө
Өзүмдү элге таанытам,
Өлбөй калсам Семетей
Таласка кууп айдатам.
Карала ат менен тепсетип,
Кескилеп этин сандайын,
Кыз-катынын улутуп
Камчымдын учун майлайын,
Түптүз кылып ордосун
Топуракка чаңдайын,
Элден мурун боксакал
Сени мурун жайлайын» —
Деп ошентип Чынкожо
Байтекени качырды,
Карап турган эр Толтой
Каны бетке чачылды,
Кармап колго найза алып,
«Тарт колуңду! — деп
бакырды:
«Өткөн акмак Чынкожо
Байтекеге катылсаң
Азыр менден өлөсүң!
А дүйнө көзүн көрөсүң!
Таланасың саныңан,
Айрыласың жаныңан,
Вазирим чаап алгыдай
Кунуң барбы мойнумда?
Кутулгус сага карыз болгон
Же пулуң барбы мойнумда?
Кебиңе бирөө көнбөсө
Коркутуп айдап алгыдай
Же, кулуң барбы колуңда?
Өзүңдүн алың чактабай
Обуң менен жойпунда!
Алсаң менден антыңды ал,
Семетейге өзүң бар,
Дос болгон киши күнөөбү?
Долусу дооран сүрөбү?

Дөкүлсүнүп сендей да
Досуна жеңин түрөбү,
Алдында турган эр Толтой
Сага бозек болчу бирөөбү?!»—
Деп ошентип эр Толтой
Каарына катуу алганы,
Карала аттын үстүндө
Чынкожону саярда
Калгандар турбай жабышты.
Тизгинге колдор карышып,
Байтекеге Чынкожо,
Чынкожого Толтойун
Жеткизбей кармап алышты.
«Ай, ай баатыр токто» — деп,
Ажыратып салышты.
«Ачуунду мага бер» — дешип,
Аптыга сүйлөп жарышты.
Боз сеңирдин тумшукта
Чынкожо менен эр Толтой
Мына шунтип калышты.
Сурданышып кеп кылбай
Кошуна кайра жанышты.

Чырдан бүткөн Чынкожо
Чатырда жатып ойлонду.
Ар ишке кыйла жүгүртүп,
Айласын таппай толгонду.
Айчүрөктү дегенде
Олтуралбай комдонду.
Семетейди дегенде
Серпилген кашы чом болуп:
«Айрылып калсам Толтойдон
Анда ишим кантип оң болот.
Кайтып кетсем кармашпай
Кайран башым кор болот.
Сээрлеп дагы басмырлап,
Семетей мындан зор болот.
Андан көрө эми мен
Ачуумду ичте тынайын,
Бүгүнкү болгон иштерди
Болду кылып турайын,
Эби келсе кийинче
Эсебин анан кылайын.
Жаңылдым деп жаздым деп,
Ал Толтойго барайын
Антташкан жагын көп айтып,
Апу сурап алайын,
Кызыл тилди ойнотуп,

Ар түрдүү кептен салайын,
Ала көөдөн неме эле
Асмандата көтөрүп,
Алдаштырып багайын,
Жазылып кетсе ачуусу
Жагымдуу кептен табайын,
Кайраштырып ачытып,
Курчутма сөздү салайын,
Семетейди жамандап,
Серт көрсөтүп багайын,
Андан кийин алпарып,
Ага каршы салайын». —
Деп ойлонуп Чынкожо
Жигиттерин чакырып,
Сандыкчасын жапырып,
Күмүш капкак сандыгын
Кычырата ачтырып,
Алтын жака торко тон,
Торко тонду таптырып,
Жакут саптуу ак кылыч
Жаркенттик уста таптаган,
Эмгичекти иштетпей
Сандыгында сактаган,
Алып колго кармады.
Калың үчүн алдырган
Калта-калта алтындан
Калтырбай барын алганы.
Карала атты жетелеп
Мойнуна чылбыр салганы,
Жакындарын ээрчитип,
Эр Толтойдун алдына
Чынкожо кирип барганы.
«Ассалому алейкум!
Айдай болгон жан досум,
Арстан Толтой барсыңбы?
Дүпүйөсүң чынардай
Же көрккө бүткөн талсыңбы?
Ачууңду тыйып, кобо көр
Көңүлүң билем арзыңды.
Жаман досуң Чынкожо
Жапырайып келайтат
Же көргө кетип калсыңбы?
Бала чактан дос элек,
Алышкан эки козу элек,
Антташкан он чырпыктар
Алар дагы тозо элек,
Шайтан кирип аларга
Шаштырды мени талаада,
Уят болуп жер тиктеп,
Өзүңө калдым табага.
Жаңылбаган жаак жок,
Мүдүрүлбөгөн туяк жок.
Сенин кебиң укпаган
Мен мулукта кулак жок.
Ээрчитип келип атайын
Бекерче көөнүң ооруткан
Чынкожо менде уят жок.
Ачууңду мага бер досум,
Элдешели кел досум,
Кылдат уста таптаган,
Кырк жылдан бери чаппаган,
Кырына дат жугузбай
Кымбаттуу деп сактаган,
Жакут саптуу ак кылыч,
Курч болоттуу сап кылыч
Өзүңө тартуу кылайын,
Кечирип койгун ынагым
Чылбырым турат мойнумда,
Чыдатпай өкүнч койнумда.
Асманда минсең жаркырап,
Абаны жиреп каркырап,
Кырк канаттуу кара ат
Кылымдан кимдер табалат?
Атымды тарттым өзүңө,
Карап кой менин көзүмө,
Көп эле мендей бакырда
Алып келгем жакында.
Көз кырыңды салып кой
Алдыңда турган алтынга,
Азыраак экен деп калбай
Алып кой досум таарынбай.
Көп дүйнөмдү аябайм,
Кудайлашкан жакынга,
Атамдан артык көрчүмүн,
Абалтан бери билчүмүн.
Акылман абам Байтеке
Этегин көзгө сүрчүмүн,
Тилим тийип ага да,
Акылым тайкы чала да,
Кечире көргүн абаке
Кудай бардыр мага да,
Алтын жака торко тон,
Атамдан калган колко тон,
Муну кийип коюңуз,
Мындан кийин жана да
Кең ачылсын жолуңуз.

Өзүмдөн кеткен айбымды,
Достуктун зарыл дайнын да,
Элдешүү үчүн мен келип,
Чөгөлөп турам алдыңда.
Эмне кылсаң өзүң бил,
Соогаларым кабыл кыл.
Кыяйын десең баш мына,
Көрөйүн десең жаш мына» —
Деп ошентип Чынкожо,
Бардап көзүн имерди.
Жаш баладай солкулдап,
Буркурап ыйлап жиберди.
Тизелеп жүрүп жүкжүндөп,
Соогаларын алганы,
Эр Толтойдун алдына
Бир-бирлеп кое калганы.
Байтекеге торко тон
Баамдап жаба салганы.
Муну көрүп эр Толтой,
Ак көңүл өскөн шер Толтой,
Боору ооруп, «тыз» этип,
Ичиндеги муз кетип,
Жазылып кетип калыптыр,
Жүгүрүп кооп барыптыр.
Чынкожону тургузуп,
«Муңайтпаган мени» — деп,
Чың кучактап алыптыр,
Ого бетер Чынкожо
Өксүп-өксүп наалыптыр.
Жуукулугун көрсөтүп,
Жоболонду салыптыр.
Чынкожонун бул иши
Толтойдун сөөгүн таарыптыр.
Ичи ага жылыптыр,
Ар кыл сөздү кылыптыр.
«Менден да өттү чекилик,
Адамга өтүп кетилет»
Деп жүрүп араң тыйыптыр.

Бир демде капа жазылып,
Отко казан асылып,
Жал менен жая, казылар
Табак-табак ташылып.
Коюн-колтук алышып,
Колколу кептен салышып,
Пар мамыктан жаздашып,
Тогуз коргоол атышып,
«Жарайсың» деп бир-бирден,
Далысына тапташып,
Арактан арбын куюшуп,
Ызат менен сунушуп,
Кызымтал болуп алды эми,
Кызыктуу кептен салды эми.
Малдан-мал тандап союшуп,
Ныксырап бары чоюлуп,
Той катар үй-үйдө
Аскерлер абдан туйтунду.
Унутулуп буктар жатты эми,
Бар кызыкка батты эми.
Ошондой болуп турганда,
Келтирип мезгил кыямат
Чынкожо сүйлөп кыялап,
Эр Толтойго кеп айтат,
Учурма кептен көп айтат:
«Эр Толтой досум көңүл бур,
Түшүнгүн иштин жөнүн бул.
Атактуу баатыр эрденсиң,
Айбаты сүрдүү шерденсиң,
Ант үчүн мага болушуп
Айчүрөк үчүн келгенсиң,
Армандуу болгон досуңа
Арка болор белденсиң.
Семетейден чочуйсуң,
Шол тентип жүргөн куу
тумшук
Өзүңө кантип тең келсин.
Жетим өсүп жетилген,
Мизи мокок кетилген.
Атасынын даңкынан
Асманды тиктеп чекийген,
Арамдан туулган ал акмак
Аты бар кургак өзү жок,
Асылынде чийки-бетирден,
Кемсинттиң көөнүм муңайтып,
Келди деп аны көп айтып,
Баатырдык, эрдик жагынан
Турасың андан көп артык,
Кабылан сындуу сен туруп,
Карала ат менен мен туруп,
Коркуубуз андан уят иш
Кыргызда эки эр туруп,
Айтайын иштин быягын
Абайлап жакшы сынагын.
Иш кылалы кеңешип,
Ойлошуп пайда-зыянын.
Урушпай кетсек бул ирээт.

Өткөзүп ийип жүрбөйлү
Олуттуу иштин кыямын?!
Урушпай кетсек эгерде
Каларбыз күлкү, жемеге.
Намыстуу эки иш келет,
Кара башка күч келет.
Кадырыбыз баркыбыз
Түбөлүк жерде тепселет.
Биринчисин айдагын,
Болжоп көргүн салмагын,
Урушпасак бул ирет
Элдешсек барып чөгөлөп,
Ийилген белдер сынбайбы?
Элдер шылдың кылбайбы?
Эликтеп эрдин түйүрбөйбү?
Айрөктөп мурдун чүйүрбөйбү?
Уккан-көргөн, билгендер
Аралап айың дүрбөйбү.
Даңкыбыз кетип далайга
Жаман ат дооран сүрбөйбү?
«Алдары турса шунчалык
Толтой менен Чынкожо
Куйругун кыпчып жүрбөйбү?»
Деген шылдың кеп айтып,
Беттерин чымчып күлбөйбү?
Көңүлдөр азар жебейби?
Семетейди көргөндө
Коркуп кетти дебейби?
Муруңку атак даңкыбыз,
Кайда калат баркыбыз?
Экинчисин тыңдагын
Эки кыял кылбагын.
Элдешсек да эгерде
Ал Семетей кек сактайт,
Артыкча Толтой бир сени
Көңүлүнө бек сактайт.
Ал анткени байкагын,
Ачык кепти айтамын
Өзүм качып барганда,
Көп кадырлап каршы алып
Көңүлүмдү жайкадың.
Калкаладын, коргодуң
Конуш бердиң тойлодуң
Семетей муну билбейби?
Санаага кое кирбейби?
Канатына алды деп,
Муну сенден көрбөйбү?
Жаманына келгенде,
Элдешип элге мен кайтсам
«Мени бузган ушу» — деп,
Семетейге сени айтсам,
Жаман деп муну ойлобой
Ак көрпө жайыл болбойбу?
Эртеден өзүң айткандай,
«Тууган түбүн кордойбу?»
Көөнүндө кирди жойбойбу?
«Ырас ушул бузук» — деп
Абалы сени сойбойбу?
Семетей коё туралы
Андан ары угалы.
Элдешип барсаң баркыңа
Жетсин дейли Семетей,
Сага болгон өч-кектен
Кечсин дейли Семетей,
Сендей бууган чың белин
Чечсин дейли Семетей,
Бирок намыс кегинен
Кантип кечсин Күлчоро?
Элдешсең да агасы
Кантип тоссун Күлчоро?
Алалбай калган арданып
Ак коендой сулуудан
Кантип безсин Күлчоро?
Алманбеттин күлгүнү,
Абалтан өжөр сийдиги,
Семетейге эң жакын,
Бир четин билет билгини
Ал эгер кыйкым кетирбейт,
Кечирсең да Семетей
Ал сени эргиз кечирбейт.
Ар кимдин болот акылы,
Ачык айтат жакыны,
Айткандарым ойлонгун,
Ажалың сенин эр Толтой
Калбасын сыртта асылуу,
Ошондон болот акыры,
Ошон үчүн эр Толтой,
Салмагың тоого тең Толтой,
Акылым ушул билип ал,
Кыйла сүрбөй тилим ал.
Баштагыбыз кеп болсун,
Бел бошотпой бул ирет
Урушуубуз эп болсун.
Колдорго тууну алалы,
Кайратты бойго жаялы,
Үргөнчтү курчап жылчыксыз
Кандуу уруш салалы.
Семетей менен Акунга

Бир серпишип багалы,
Күчүбүздү көрсөтүп,
Айчүрөк тартып алалы.
Үргөнч шаарын түз кылып,
Үшкүрүп анан тыналы.
Туубузду кадайлы,
Талас, Букар... быягын
Күрүлдөгөн шер турсак
Күүнө аалам сыябы?!
Баатырдыгың башкача,
Басташып адам чыгалбай?!
Аркырап аккан сел турсаң,
Атагы бийик эр турсаң,
Алдында баштап сен турсаң,
Карала менен калкылдап,
Асманда учуп мен турсам,
Сүрүбүздү көргөндө
Таманда калып тепселип,
Сүрдөбөй кимдер кез келди?
Эр Толтой турсаң жанымда
Коюла түшүп каным да,
Ар өнөрдү козгоймун,
Алсолоп күйгөн чоктоймун.
«Аа, оолошуп» сен берсең
Семетей турмак
Акунханын жалынтып,
Манас келсе коркпоймун
Уксаң Толтой кеп ушул,
Бар айтканым эп ушул,
Барбасаң Толтой антынды ал,
Он эки түмөн калкыңды ал.
Жалгыз өзүм барамын,
Семетей менен Акунга
Калайманды саламын.
Жеңсем жеңип аламын,
Жеңбесем өлүп каламын.
Антташкан досум кайда деп,
Оюма сени аламын.
Кошулган болсо жан досум,
Кайратың кудай оңдосун.
Кандай болор арты деп,
Кыялың эки болбосун,
Семетей кандай тосо алсын
Жети суунун жолборсун!
Аттангын Толтой тилимди ал,
Алдында Үргөнч ак мейкин,
Ойротту бузар эр турсаң
Өнөрүң кимден аз дейсиң?
Жеке ээлеп бүтүн ааламды
Урпагыңа бак берсин!
Абалдан жакшы ойлоп көр,
Албасаң менин тилимди
Акыры бир күн кап дейсиң».
Деп Чынкожо токтолду,
Алып учма мактоолук,
Арты-артынан октолуп,
Арбын сүйлөп калганда,
Антты оозуна алганда
Толтой турду ойлонуп,
Буура төөдөй комдонуп,
Көпкө ойлонуп ар кыйла
Көңүлү кепке жашыды,
«Болуптур досум Чынкожо,
Барайын деди акыры,
Урушар болсоң камынгын,
Доолбасың кагынгын,
Дос оозанып башынан
Торуна сенин чалындым,
Ойлонсом сени деп жүрүп,
Кутулгус чырга малындым,
Качып кайда барамын,
Белсенип жардам кылайын,
Бардыгынча алымдын».
Толтой мындай дегенде,
Чынкожо карап турчубу
«Кайран досум жарайт» —деп
Кучактап ыйлап-уңшуду.
Буйрук кылып тезинен,
Камчынын учун имерди.
«Согушар жерге келсин» —деп
Семетей менен Акунга,
Чабарманын жиберди.

Эртең менен болгондо
Ээликкен арам Чынкожо,
Бары аскерди айдады,
Акунхандын шаарына
Дүңгүрөп жөнөп калганы,
Тепсетип кирип жөн эле
Айчүрөк кармап алганы,
Чабармандан кеп угуп,
«Согушсун деди» — деп угуп,
Айкөлдүн уулу Семетей
Эч нерсени кенебей,
Алды-артына көз салып,
Акунханга сөз салып,
Уруштун болор кабарын
Катуу айтпай бош салып.

Эки чоро жанга алып,
Асаба желек колго алып,
Боз учуктун сеңирге
Жетип барды жол алып,
Чыга калса сеңирден
Тармал сары кенен жер экен,
Ар жактан келген жедигер
Өтө эле арбын эл экен.
Тулкулары башкача
Түрдөнүптүр жедигер,
Азар түмөн кол болуп,
Сүрдөнүптүр жедигер.
Найзакери бир бөлөк,
Найзанын учу көгөлөп,
Балталуусу бир бөлөк
Балтасын айбат көтөрөт.
Кылычтуусу бир бөлөк
Кыңгыранып дүркүрөп,
Чокморлусу бир бөлөк
Чуулдашып күркүрөп.
Саадак аскан мындан көп,
Жаа тартканы андан көп,
Ар өнөргө машыккан,
Андай аскер сандан көп,
Агала желек көк байрак
Жедигер келет жер жайнап,
Семетейден башка жан
Турар эмес бел байлап.
Байыркынын наркы экен
Токтотмокко туу саймак.
Чубактын уулу Канчоро
Чыга калып туу кадап,
Келе жаткан жедигер
Токтоп калды бир карап,
Кезеги келген бул кезде
Эрегишип эр саймак,
Жедигердин элинен
Аалыбек чыкты бел байлап,
Ал аңгыча арт тарап
Ала чууга дүрбөдү.
Түмөнбайы баш болуп,
Ажыбайы желденүү
Акунхандын аскери
Алар да жетип келгени,
Чубактын уулу Канчоро
Он жаштарда ал чоро
Мен барам деп сайышка,
Уруксат алып заматта
Сур телки оозун созгону.

Аалыбек алдын тоскону
Качырышып барышты
Карсылдашып салышты.
Канчоро менен Аалыбек
Караганды таң кылып,
Качпай туруп алышты.
Жаш чорого бир кезде
Эми келип калганы,
Аалыбек шорун катырып,
Чалкасынан салганы,
Жедигерлер жалтанып,
Карап туруп албады.
Арт-артынан эчени
Жекеге чыгып барганы,
Ошо күнү Канчоро
Элүүнү катар жалмады.
Күрсүп калган балбандар
Катуу салды жаңжалды.
Казылып топо буруксуп,
Жердин жүзү чандады.
Кумары канып эчендин
Кулагы тунуп сандады.
Эки тарап ал күнү
Аянбастан салышты.
Күн кечкирди жанышты,
Жай-жайына барышты.
Эртеңки болор урушка,
Даярдыгын алышты.

КАНДУУ КАРМАШУУЛАР, ЧЫНКОЖОНУН АКЫБЕТИ

Эртеси күнү таң менен
Эки жак келип маңдайга,
«Чыга элек менин бугум деп,
Канчоро чыкты майданга.
Карап калды жедигер
«Кап деп ичи арманда»,
Бөлүнүп чыгып чекеге
Эр саймакка жекеге
Канчоро айбат салды эле,
Жедигердин көп колу
Былк эте албай калды эле.
Бели катуу жаш чоро,
«Эр Толтойлоп» чакырып,
«Качкы байтал кайдасың?
Чынкожо чык?» — деп
бакырып,

Бастырып турду Канчоро
Кайраты көптү жапырып.
Чынкожо анда кеп айтат,
«Баатыр Толтой» — деп айтат,
Айла-амалдуу чырды айтат.
Кылалы уруш эптүүсүн,
Семетей түпкө жетпесин,
Акунхандын аскери
Аралап бизге жетпесин,
Мен карала ат минейин,
Асмандагы булуттун
Арасына кирейин,
Акунхандын аскерин
Койдой кырып ийейин.
Хан шаарына барайын.
Арка чебин карайын,
Жардамга койгон кол болсо
Тындым кылып салайын,
Семетейдин оттоку —
Аттарын такыр кырайын,
Жандап минер аты жок
Жалгыз атчан кылайын,
Буурул тулпар арыса
Былк этпей турсун ылайым.
Майданга баатыр өзүң бар,
Башкасын коюп төрө сай!
Күлчоро менен Канчоро
Катар экөөн көмө сай!
Семетей жалгыз калганда
Салабыз башын жаңжалга,
Асманда жүрүп мен атып,
Жерде жүрүп сен атып,
Семетей кыйын болсо да
Алабыз аны кулатып,
Акунханын баш кылып,
Анан элин чуулдатып,
Артык Чүрөк сулууну,
Адамзаттан нурлууну,
Олжого кармап алабыз,
Башына жоолук салабыз.
Андан кийин Таласка
Сен экөөбүз барабыз.
Кыйратып канкор ордосун,
Кыргыздын элин табабыз.
Кандай иш болсо бирдикте
Кеңеш менен кылабыз».
Чынкожо минтип Толтойго
Карала ат минип болкоё,
Ак булутту аралап,
Учуп кетти калкылдап.
Куржун-куржун огу бар,
Мылтык жондо жаркылдап,
Мылтыкка андес Чынкожо
Илешпей атат шартылдап,
Жекеге чыкты эр Толтой
Багелеги балкылдап,
Алдында минген сур коен
Албууттанып алкылдап,
Боруму тоодой чоң Толтой
Боз кисе жанда шалпылдап,
Канчоро турган майданда,
Каарданып бакырып
Качырып кирип барганда,
Найзанын учу жеткенде,
«Чак» этип тийип кеткенде,
Бала баатыр чорону
Балакеттүү чоң Толтой,
Катуу койуп өттү эле,
Калпактай болуп Канчоро
Атынан ыргып кетти эле.
Ангычакты Күлчоро,
Айгай салып бакырып,
«Манастап» ураан чакырып,
Толтойду келди качырып,
Кайрыла калып чоң Толтой
Катуу найза муштады.
Күүсү менен найзанын
Күлчоро аттан учканы.
Муну көрүп Семетей
Бургутуп чаңын артынан,
Сыр найза алып колуна
Сымбаты элден артылган,
Ак олпок тонду жамынган,
Аккелте мылтык асынган,
Айбатынан жан чыккан,
Көөрүктөн чыккан жалындай
Көзүнөн кызыл кан чыккан,
Кетелек белде дыңгырап,
Кылычы кында шыңгырап,
Айбалта белде зыңгырап,
Кытайча кызыл доолбас
Чымын тийсе кыңгырап,
Башында темир туулга,
Көөдөндө зоот чарайна,
Калдыркан темир кисепче, —
Жоо жарагы бүт анда,
Салып жетип барганда,
Тоодой болгон Толтойду

Қачырып келип калганда.
Айбатын көрүп Семендин,
Ач арстандай көрүндү,
Санаасы санга бөлүндү.
Чоң найзасын колго алып,
Қачырып кирди өмүлүп,
Баатыр төрөң Семетей
Қебелип койбойт кенедей,
Ошол өңдүү Толтойду
Бучкагына теңебей.
Ал экөө тең жеткени,
Салгылаша кеткени,
Найзалары кагышып,
Дембелешип сайышып,
Қечкиргенче алышып,
Қечинде кайра жанышып,
Ал түнү кечти өткөрөт.
Эки шердин кызыгын,
Элдер тандап көз көрөт.

Учуп жүрүп Чынкожо
Мөндүрдөй окту жаадырып,
Акунхандын аскерин
Акылынан тандырат.
Қырып кирди бир четтен,
Соо калбады кылт эткен,
Шаардын үстүн айланды,
Далайы андан жайланды.
Сепил багар күзөтчү
Сербейип бирөө калган жок,
Қаш кайтарып атышчу,
Адис мерген андан жок,
Қорголошуп үйүнө,
Эшикке чыккан адам жок,
Үргөнч шаарын Чынкожо,
Өз билгендей жойлоду,
Қурал жарак асканын
Қулатып, бирөөн койбоду.
Айласы көп бул капыр
Салабы деп тып, тыйпыл
Акунхан муну ойлоду.
Ар жерге коюп мергенчи
Түшүрбөй жерге торгоду.
Асманда жүрүп Чынкожо
Аттарды эстей калганы.
Шаардын батыш жагына
Қайкып учуп барганы,
Оттоп жүргөн он төрт ат
Тарсылдакка алганы.

Он эки атты заматта
Тоголотуп салганы,
Далдада калган эки ат
Өлбөй тирүү калганы.
Қечинде келип Толтойго
Көргөндөрүн кеп салды.
Қылгандарын кеп салды.
Толтой анда мындай дейт:
«Чынкожо досум тыңда!», — дейт,
Қыйын көрдүм кырааңды
Менин тамтыгымды чыгарды,
Билалбай турам Чынкожо
Эртең кандай кыларды,
Аттанып эртең жекеде
Эрлигимди салайын,
Арстандын уулу чунакты
Эбине келсе алайын,
Алым келбей баратса
Аскердин барын жабайын,
Қачып жөнөп калайын,
Алактаган Семетей
Мени кууп алганда,
Анын эки чоросу
Эл ичинде калганда,
Жашырынып бир жерге,
Жакындап чукул келгенде
Алдынан тосуп мен атсам,
Асманда жүрүп сен атсаң,
Ошондой айла кылбасак,
Экөөбүз бирге турбасак
Қыйын турат түрү, — деп,
Қысталактын сүрү» — деп,
Акылын Толтой айтканда,
Чынкожо таптап капталга
Айтканына кошулду.
«Мен дагы шунда ойлогом,
Ырасы кылдың досунду» —
Деп кеңешип алышты,
Уйкуну катуу салышты.

Эртеси сүрүп таң атты,
Эки жак чубап келатты.
Жедигердин көп колун
Жыйнап Толтой муну айтты:
«Арка болгон туугандар
Толтойдун кебин угуңар,
Бүгүн болчу урушта
Бейгам карап турушпа,

Эр сайышка мен чыгам,
Семетейге тең чыгам,
Эгер ал мени жадатса,
Алым келбей баратса,
Қамчымды булгап жиберсем,
Үч айлантып имерсем,
Барың каптап киргиле,
Семетейдин колуна
Селдей каптап тийгиле». —
Деп чоң Толтой тапшырды,
Майданга барды бастырып,
Толтойду көрүп туралбай
Семетей келди аттыгып,
Қачырып кирип барышты,
«Қарс» дедире сайышты,
Найзалары кагышты,
Қалкандары кабышты.
Қабуусуна келтирип
Қанкоруң сайды мелтиреп,
Таамай найза жеткенде,
Тоңкоюп Толтой кеткенде,
Ээрден көчүк кыйшайды,
Үзөнгүдөн бут тайды,
Жедигер анда жатпады,
Он эки түмөн калың кол
Аламан коюп каптады.
Жезкемпирдин кичи уулу
Толтойду жетип аткарды,
Көптүк кылып жедигер
Булардын колу шашканы.
Аралап жүрүп көп элди
Ошондо Күлчоронун айтканы:
«Айланайын абаке!
Алышкан Толтой канаке?
Қанчоро менен Күлчоро
Биз татыйбыз бул элге
Толтой качып кетпесин,
Асман менен Чынкожо
Акунханга жетпесин,
Ала качып Чүрөктү
Алыс жака безбесин.
Толтойду колдон чыгарбай
Багындырсаң болбойбу?
Бул жердеги аскерин
Экөөбүз эле ондойбуз» —
Деп Күлүстөн айтканда,
Анын айтканын туура
тапканда,
Қылычты кынга салыптыр,
Сыр найзаны колго алып,
Эл ичинен Толтойду
Издеп көпкө калыптыр,
Акунхан жаккы четинен
Атынын изин чалыптыр.
Аркасынан кубалап,
Ашыгып жөнөп барыптыр.
Семетей келе жатканын
Чынкожо көрүп калыптыр,
Асмандан жерге басандап,
Толтойго кабар салганы:
«Жолун тосуп жатканың
Так чекеге атканың!
Далдага өзүң качыргын,
Қанкордун сүрүн катыргын!»
Толтой уга калыптыр,
Белеске түшүп алыптыр,
Бекинип алып чоң ташка
Бекемдеп көзүн салыптыр,
Семетей жакын келгенде,
Барсылдака алыптыр,
Чынкожо жүрүп асманда.
Жазайыл мылтык жаа тартып,
Қошатар мылтык кошо атып,
Алты атар мылтык алты атып,
Мөндүрдөй окту жаадырып,
Угуп турган кишинин
Кулак-мээси жарылып,
Жерден Толтой октоду,
Чынкожо көктөн тоскону,
Башы айланып маң болуп,
Басалбай көк жал токтоду.
Бир кезде башка ок тийди,
Қойнуна агып кан кирди,
Денесин канча ок ирмеди
Бир ок олпоктон өтүп кирбеди,
Кирбеген менен олпоктон
Коргошун оор туш келди,
Чыдатпай төрө көкжалды
Чымындай жанга күч келди.
Жалгыз арпа чаар ташта,
Қара байдын кара үңкүр
Қадимтен бери бар үңкүр,
Үңкүргө көкжал киргени
Үшкүрүп көзүн ирмеди.
Қолумсага (25) кол салса
Жалгыз огу калыптыр,
Ошондо Семең көкжалың,
Оюна муну алыптыр:

«Мылтык атар огум жок,
Жалгыз окту аяйын.
Чынкожо менен Толтойду
Катар атып калайын,
Эч болбосо кай бирөөн,
Жастана кошо жатайын».
Сактап жатты ошентип
Жалгыз окту атайын
Жерден Толтой ок атып,
Чынкожо көктөн төп атып,
Чыгарбай ушул үңкүрдөн,
Көкжал шерди жадатып,
Кармайбыз деп ойлоду
Амалсыз кылып кууратып,
Чукулдашып барышты
Кармарына калышты.

Күлчоро менен Канчоро
Камбыл туулган бар чоро,
Он эки түмөн көп колду
Бөрү койго тийгендей
Аралап кирди ошондо,
Эки бала түгөй шер,
Бирөөнөн кыйын бирөө эр,
Жедигерди жапырып,
Сыймыгын баштан качырып,
Сыдырып кирип бир четтен
«Манастап» ураан чакырып,
Топ-топ кылып коштоду,
Бир-бирине кошоду
Кыр-кыр ылдый айдады.
Качкан койдой кырганы
Жон-жон ылдый айдады,
Жоюлган койдой кылганы.
Айдап жүрүп түрүлтүп,
Асманга чаңын сүрүлтүп,
Эми эки күн урушса
Койгону турат түгөтүп.
Арадан эки күн өттү,
Аа кошулуп түнү өттү.
Күн үчүнө артарда
Эр Күлүстөн баатырга
Абасы түштү оюна,
Аюу каптап боюна
Канчорого кеп салды:
«Айланайын Канчоро
Айбатың артык зал чоро,
Абакем дайнын билбедиң
Бирибиз аны издейлик,
Ат изинен чалып табалык,
Артынан издеп баралык,
Тура бербей бул жерге
Төрөдөн кабар алалык» —
Деп Күлчоро муңаят.
Канчоро анда муну айтат:
«Айтасың ырас эр Күлүс,
Абакем менен бел Күлүс,
Мен өзүм мында калайын
Керекке жалгыз жарайын,
Кыраакы элең сен өзүң,
Кыргый куштай мүнөзүң,
Аттын изин табасың
Абамдан кабар аласың.
Айчүрөктүн жанында
Жаткандыр дейм абакем,
Кана элек кызыкка
Баткандыр дейм абакем,
Анда келе каларсың
Менден кабар аларсың,
Анда Күлүс кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
«Жок кепти айтпай Канчоро
Жакшы кептен сал чоро,
Айчүрөктүн жанында
Азыр жатпайт абакем,
Бизди таштап ал жерге —
Башын катпайт абакем,
Жоболондуу баласың
Ушинтип эле кээ-кезде
Кууланып өзүң каласың,
Асмандан атып Чынкожо
Жерден атып эр Толтой,
Ортосуна алгандыр,
Камалып абам калгандыр,
Экөөлөп жүрүп башына
Кыйын күндү салгандыр.
Же болбосо ал Толтой
Коркуп качып алган бейм,
Артынан кууп абакем
Алыска кетип калган бейм,
Мен азыр издеп барайын
Ар жакка көзүм салайын,
Абалы кандай болду экен
Абакемди табайын.
Айтканга көңүл бурасын,
Алаксытып душманды
Алдын кайрып турарсың.
Деп ошентип эр Күлүс,

Абасына бел Күлүс,
Актелкини түйүлтүп,
Абасын ойлоп күйүгүп,
Шуулдап жолу кысқарып,
Мелжемдүү жерден из чалып,
Сур коен менен буурулдун
Катар изин таап алып,
Жалгыз арча өндүргөн
Күлүстөн жетип барганы,
Мылтыктын үнү ызы-чуу
Айран-азыр калганы.
Жылганы өрдөп караса,
Бир үңкүргө жанаша —
Тайбуурул турат талаада,
Баскыдай эмес сабаса,
Аткан мылтык үнү жок,
Семетейдин жиги жок.
Аттын көрүп караанын
Ал Күлчоро баланын
Ичи жалын, боору чок.
Камчысын колго алганы,
Чаап чыгып барганы.
Үңкүргө кирсе Күлүстөн
Ар бөлүнүп санаасы,
Ак келтени кучактап
Жаткан экен абасы,
Семетейди көргөндө
Амандыгын билгенде:
«Он аткандан бир атпай
Ооруң барбы Семетей?!
Камап душман ок атса
Кандай турдуң кебелбей?
Энөөлүгүң курусун
Опсуз артык ченебей!» —
Деп Күлчоро айтканда,
Ачууланып шашканда,
Анда Семең муну айтат
Адамдын көөнүн муңайтып:
«Айланайын арстаным,
Артымда жөлөк жаш жаным
Алдырабай кебимди ук,
Абалды билбей шашпагын.
Көрдүң беле сен мурда
Абаңдын мындай жатканын?
Жара каптап боюмду
Жабыркап жаман даттадым,
Асманда жүрүп Чынкожо
Тегеле жаман октоду,
Жерде жатып эр Толтой
Жүлүндүн барын чоктоду,
Ишенбесең карап көр
Кандай экен соккону,
Ак олпоктун бүгүшкө
Алда канча аткан ок
Ширелип келип токтоду,
Чынкожо менен эр Толтой
Бекерче мага кас болду,
Атышып жатып абакең
Ак келте ичи дат болду,
Колумсакка салган ок
Түгөнүп бары жок болду.
Карап бакчы Күлүсүм
Жалгыз огум калганын,
Жакындап келсе тигилер
Жаздана бирөөн жатсам деп
Ошого сактап алгамын,
Эмне болду көп кошун?
Ошолордон салчы кеп,
Кайда калды Канчоро
Эсен-аман барбы?» — деп.
Деп ошентип айтканы
Үшкүрүп, онтоп жатканы,
Ошондо Күлүс шашканы
Абасын көздөй басканы.
Башынан жөлөп кучактап,
Бооруна бекем чаптады.
Казандай башта бир жара,
Кара бойдо миң жара.
Тулгадай башта бир жара,
Тулку бойдо миң жара.
Аны көрүп Күлүстөн
Көзүнүн жашы он талаа.
Ачуусу менен турганы.
Ак келте колго алып
Сүмбө уруп, үч тартып,
Сүр куйрук менен күч тартып,
Ачышып жүрөк ысыды,
Мылтыктын ичин жышыды.
Куржок башы дарыны
«Кур» дедире бир куйду.
Кой башындай коргошун,
Калдыратып чың койду.
Кулачтап туруп күчөнүп,
Кол сүмбө менен бир урду.
«Ак олпок бергин аба» — деп,
Желбегей олпок жамынып,
Күлчоро эми дыр койду.

Чаар арчанын белинен
Жүгүрүп жөнөп калганы,
Өтө сезгир Чынкожо
Аны көрө салганы,
Басаңдатып булутту,
Тарсылдакка алганы.
Огу түгөп Толтойдун,
Мылтык куру калганы.
«Кутказбайт аны Чынкожо»
Дегенди ойго жалгады.
Чалкадан түшүп эс алып,
Камсыз жатып калганы.
Ок тийгизбей Күлчоро
Белге чыгып барыптыр,
Айкарасынан олпокту
Тайбуурулга жабыптыр,
Ак келтени кучактап
Алдында жатып алыптыр,
Тайбуурулдун жанына
Арта салып абыдан,
Шилекей менен баткакты
Жыдыманга чапканы.
Ошондо Күлчоронун айтканы:
«Атамдан калган ак келте,
Атса колго чак келте,
Булуттан чыкса Чынкожо
Аталбасам маа жазык,
Тийбей калса саа жазык,
Антын акта Айкөлдүн», —
Деп ошентип Күлүстөн.
Тиштери-тишке тийишкен,
Асманды тиктеп чалкадан
Ат алдында тим жаткан,
Алты атарды алты атып,
Жети атарды жети атып,
Кош атарды кош атып,
Жазайыл мылтык жана атып,
Жамгырдай кылып жаа
тартып,
Мөндүрдөй огун жаадырып,
Жакындап келип караса
Жыгылып Чоро калыптыр,
Асманда жүрүп Чынкожо
Оюна муну алыптыр:
«Шай колдогон чоросу
Шайы кетип талыптыр,
Семетейди бул сапар
Соёрум менин аныктыр.

Булуттун бурчун сөгөйүн,
Жакындап барып көрөйүн,
Өлгөн болсо чоросу
Жетелеп атын алайын
Семетейге барайын,
Өлө элек болсо чоросу
Абыдан аны жайлайын.
Мылтыктын оозун кандайын,
Адамсынган Семетей
Анан ага барайын.
Тизелетип алдыма,
Тилип кардын жарайын» —
Деп ойлонуп Чынкожо,
Боору кара Чынкожо,
Одурандап козголду
Мылтыктын баары октолду,
Айдап алып булутту
Үстүнө келип токтоду.
Тизгин тартып чиренди
Булутту сөгүп жиберди,
Бурамасын мылтыктын
Ондой-солдой имерди.
Далай окту жаадырды,
Чыгардым деп жанынды
Бура тартып калыптыр,
Булутту көздөй аралап
Чынкожо жөнөп алыптыр,
Булутка кире бергенче,
Аял-үйөл дегиче
Ак милтеден чок жетти,
Кырк канаттуу кара ат
Бара жатып «солк» этти.
Ак келте огу жетиптир,
Бир капталын талкалап
Үзгөн бойдон кетиптир.
Ат учалбай чыркырап,
Айланып келип ылдыйлап,
Айласы кеткен Чынкожо
Үстүндө келет куркурап.
Жан чыгып аттан «шылк»
деди,
Жерге түшүп «күп» деди.
Кара үнкүрдүн оозуна
Жакын келип түшкөнү.
Жарадар болгон Чынкожо
Жөрмөлөп жерден жылтырап,
Семетейдин алдында
Ыйлап турду буркурап:

«Жаңырыктуу кыядан,
Жалгыз элек уядан,
Жаңылдым иним Семетей
Жанымды сенден суранам,
Элик баспас кыядан,
Элкин элек уядан,
Эси жоктук кылыпмын
Бир тамчы каным суранам.
Жаңылдым, жаздым
жалгызым,
Жарабайт сага дарбышым.
Атанын наамын кетирдим,
Уятсыз аган эсирдим,
Башкы атабыз бир эле
Багындым иним кечиргин».
Жалбырактай жалынып,
Мойнуна курун салынып,
Зыркырап турду Чынкожо
Чөк түшүп ага багынып.
Ала көөдөн эр Семең
Ачык жолу шар эмең,
Арамдык менен иши жок,
Кектик кылмай жери жок.
Эли-журтум дегенде
Эрдигинен эби жок,
Жер жүзүндө кишиде
Мындай кенен теги жок.
Чынкожонун жалынчын
Укканда бою тердеди.
«Чын өкүндү, — деп ойлоп,
Каныңдан кечтим кел, — деди.
Кошулсаң болду керек жок,
Жанымда тура бер» — деди.
Арам ойлу Чынкожо,
Агарбас көөнү сыркожо,
Кыялга кастык катканы,
Үңкүрдү көздөй басканы.
Эндегей турган Семенди,
Эр көкүрөк эренди.
Жана көрчү нээтин,
Жакшылык кылса ченемдүү —
Жакындап жакын бармакчы
Койнуна балта алмакчы,
Капыстан шилтеп шилиге
Башын кесип салмакчы.
Баатырдын канын ичмекчи,
Түбүнө такыр жетмекчи.
Ылдамдай жөнөп шыпылдап,
Чынкожо калды жакындап,
Эч нерсени элебей
Семетей турат кенебей,
Ал аңгыча Күлчоро
Ашыгып кирип барганы.
Артынан карап Чынкожо
Ага назар салганы.
Төр жагына үңкүрдүн
Барып тура калганы.
Кечиргенин Семендин
Күлүстөн билип алганы.
Арсандап күлүп калп эле.
Жанына жетти бат эле:
«Айланайын абаке
Акылың терең бар аке,
Өзү келген Чынкожо
Өзгө мени дебеспиз?
Ага болсо ал сага
Маа кайнага эмеспи!?
Көрбөгөнү көп болду
Учурашып алайын,
Кумарга бир канайын» —
Деп ошентип жаркылдап,
Кара күчкө каркылдап,
Ичин каптап ачуу кеп,
Бүткөн бою калтылдап,
Барып жетти тез аттап,
Токмок салды оюндай
Мойнуна арта кучактап.
Сол колун ага артканда,
Ийнеден бетер тартканда,
Билалбай калпты ырасты
Чынкожо ойлоп жатканды.
Күлчоро жанга кынтайды
Этегин учун аңтарды,
Сабы алтын мизи курч
Сууруп алды шамшарды.
Чынкожонун кардына
Шамшарды тыгып жиберди.
Толгоп-толгоп күч менен
Ыкшап алды индерип,
«Семетей» деп айталбай
Селейе катып жыгылды.
Селебелүү чунагың
Эми кылды ырымды.
Жүрөк канын жарганы
Саптуу аякка куйганы.
Кымыз ичкен эмедей,

Шып дедире урганы,
Жымыйып карап турганы.

Калың кошун жедигер
Канчорого ыктады.
Койбой барын ал чоро
Жоготмокко чуктады.
Багынса да болбостон
Канчасын катар жыкканы.
Аралап жүрүп бир кезде,
Ак келте үнүн укканы.
«Алда эмне кабар» — деп,
«Абамдан дайын алам» — деп,
Сабырдап Чоро турбады
Сур телки оозун бурганы,
Чынкожону өлтүрүп,
Күлчоро минтип турганда
Жетип келип турганы,
Катуу мүнөз Канчоро
Кардык боюн чулгады.
Чынкожо көздөй басканы,
Бир бутун тепсеп тартканы.
Айра тартып чатынан,
Ыргытып ыраак таштады.
Ыраазы болбой ал ишке
Семетей өңү качканы.
Ошондо кыраан Күлчоро
Канчорого айтканы:
«Каары катуу Канчоро
Ачуунду басып ал Чоро
Өлгөн жанды кыйнаган
Өжөрдүк кайда бар Чоро?
Эми мындай кылалы,
Бул жерде турбай жылалы,
Мен Актелкиге минейин.
Абакемди шаарга
Алпарып коюп келейин.
Сен Суртелкинди мингиниң,
Ылдамыраак жүргүнүң.
Жедигер качып кетпесин
Жетип ага тийгиниң,
Мен барамын артыңдан
Ошонумду билгиниң.
Күлчоро сөзү акыл деп,
Канчоро кетти макул деп,
Семетейди ээрчитип,
Тайбуурулга мингизип,
Жарадар болгон абасын
Айчүрөккө билгизип,
Ордого башын катпады,
Актелкини таштады.
Тайбуурул сындуу ат минип,
Турбай кайта басканы.

Артып кетти адамдан
Канчоронун эмгеги,
Кара үңкүрдөн ал Чоро
Кайта айланып келгени,
Калың кара жедигер
Каптап жөнөп алыптыр,
Жети сууну бет алып
Качып жөнөп калыптыр,
Ал Канчоро бакырды,
«Токтогун!» деп айкырды.
Доошун угуп жедигер
Токтолуп калды акыры,
Жүрөгү түшүп алган эл
Кимиси буга катылды?
Жалгыз барып Канчоро
Жапырып баштан качырды,
Койдой кырып бул элди
Кокуйлашын ашырды.
Чынкожонун кара атын
Ак келте огу тешкенде,
Алачыктай чоң Толтой
Айланып тоону кетти эле,
Эки этеги делбектеп
Элге араң жетти эле,
Каары катуу Чорону
Капталынан чекти эле.
Канчорону камгактай
Аңтара коюп өттү эле.
Аңгычакты Күлчоро
Качырган бойдон келди эле.
Тайбуурулду көргөндө
Толтой көөнүн бөлдү эле.
«Семетей келген экен» — деп
Сескенип жүрөк жылды эле.
Абыдан байкап караса
Эки жолборс кабышып
Алдында келет алышып,
Эки түгөй сур бөжөк
Үзөнгүгө жабышып,
Жылаңач кызыл дубана
Чылбырына асылып,
Коркуу түшүп жүрөккө

Көрүп Толтой шашылып,
Отуздан кулжа алтымыш
Жандай чуркап казылып.
Бозала чаар боз жылан
Кур боосуна чалыптыр,
Үч оролуп белине
Түйүнчөк болуп калыптыр.
Каркыралуу кызыл кыз,
Өзү жандан узун кыз,
Учкаша минип алыптыр.
Семетейби, Күлүсбү
Тааныбай Толтой калыптыр.
Кайрат кылып туралбай,
Качырып найза уралбай
Качып жолго салыптыр.
Күлчоро куун артынан
Күүлөнүп жөнөп алыптыр,
Аңгычакты Канчоро
Атына минип алыптыр.
Чынкожонун өлгөнүн
Аныk билип жедигер,
Толтойдун эми өлөрүн
Каныk билип жедигер,
Аскер башы, бектери
Атынан түшүп жетелеп,
Канчоронун алдына
Багынып келди тизелеп,
Ошондо да Канчоро
Ашөпкө салды калбыны,
Алдын тосуп эченин
Как жүрөккө салганы,
Бар жедигер чөк түшүп
Мойнуна чылбыр салганы,
Элди эсептеп караса
Он эки түмөн жедигер
Беш түмөнчө калганы.
Артып кетти ал сапар
Канчоронун кылганы.
Башчы кылып бир бекти
Топтоштуруп алганы.
Токтой тур деп бул жерге
Шаарды карай жанганы.
Жүрүп отуруп Канчоро
Абасына барганы.
Семетей менен көрүшүп,
Бегимжан менен өбүшүп
Ойноп жатып калганы.

ТОЛТОЙДУН ӨЛҮМҮ

Ошол кезде Айчүрөк
Асмандан учуп калыптыр,
Күлчоро менен Толтойдон
Күнүгө кабар алыптыр,
Элөөрүп Толтой бек качып,
Эси чыгып көп шашып,
Кууган киши аркамдан
Эр Семетей деп качып.
Бейжинге кетчү беш жолду
Бет алып качты бир далай,
Күлчородон бирок да
Кутулуп качып кеталбай,
Анжиян барчу алты жол
Ага качты бир далай,
Андан да кайра тартканы
Анжиян кирип кеталбай,
Эч айласын табалбай,
Бир жерде токтоп туралбай,
«Акунхан жакшы киши эле
Арачалап коер» деп,
Үргөнчкө качты уялбай.
Көрүп муну Айчүрөк
Көктөн түштү буландай,
Көп кызга барып кашка бет
Мына мундай айтат кеп:
«Камынгыла барыңар,
Там-тамга чыга калыңар,
Качып Толтой келатат,
Көбүрөөк шылдың кылыңар»
Катындын баары кайкалап,
Кең көйнөкчөн чалкалап,
Кызыл көйнөк буландап,
Качып Толтой келгенде
Катын-кыздар муну айтат:
«Жеңелериң биз мында,
Балдыздарың кыз мында,
Чынкожоңбу өзүңбү
Алуучу Чүрөк уз мында.
Күйөө болсоң коркпостон
Калдактабай түш мында.
Колдош болсоң кожого
Карсылдап тамды сүз мына,
Тебелеп кирип алуучу
Абалкы кайрат күч кана!?
Кичинекей баладай
Күйөө Толтой шашпай кал.

Жеңдей кичик баладай
Катын-кыздан кеп угуп,
Кетти Толтой чочунуп,
Арка жагын караса
Семетей эмес, жаш бала,
Асталай түшүп сандалып,
Эр Толтой калды арданып:
«Байкап жакшы карабай
Баланы ката тааныпмын,
Буурулду минсе булкунтуп,
Семетей деп калыпмын.
Тоодой Толтой не болду,
Элге шылдың мен болдум,
Кичинекей баладан
Качып кайда тең болдум,
Кайрылып ага барбайын
Кулата чаап салайын» —
Деп ойлоно калганы,
Колуна найза алганы,
Бардашы бар чоң Толтой
Күлүскө найза салганы.
Жалтанып Күлүс калабы?
Жоолордон анча чалабы?
Өзү бала болсо да
Тоодой бар мунун талабы!
Ал дагы найза кармады.
Толтойдон мурун карманып
Төштөп найза салганы,
Балага найза сайдырбай,
Кандим болгон ал Толтой
Найзасын кагып салганы.
Жандай түшүп Күлүстү
Толтой катуу муштады,
Күлчоро калып жыгылбай
Моокуму мунун чыкпады.
Кагылган найза колдо жок,
Эрдиги Чоро ченде жок.
Кайрылып келип качпастан,
Какыс кылып турду шүк.
Мага теңтуш болот деп,
Толтойдун теги ойдо жок.
Кайта имерип эр Толтой
Күлүстү калды сайганы.
Шамдагай өтө Күлчоро
Жазгандырып салганы.
Ылаачындай ыргыштап,
Найзасын эңип алганы.
Алган бойдон качырып,
Толтойго найза салганы,
Балакеттүү Эр Толтой
Найзанын учун кармады.
Катуу булкуп Күлүстөн
Сууруп алды найзасын,
Сууртуп ийип найзасын
Күлчоро туруп албады.
Тоодой Толтой эренди
Жакасынан алганы,
Ат үстүндө эки ирет
Тарткылашып калганы.
Оодарышып көпкөчө,
Опсуз кармаш салганы,
Алышалбай бир-бирден
Абдан кетип алдары,
Аттан түшүп калышты
Жөө күрөштү салышты.
Орой-торой чалышып,
Багелектен алышып,
Ошондо Толтой Күлүстү
Так көтөрүп имерди.
Аргамжы бою алыска
Ыргытып аны жиберди.
Таасын болгон эр Күлүс
Тулку бою ийилбей,
Аягы менен тик түштү.
Так мышыктай илинбей
Кое бербей жандашып,
Кокусунан жармашып,
Алачыктай эр менен,
Алмадай бала кармашып,
Айыгышып калганда,
Айныбай кармаш салганда.
«Алы кандай келер» — деп
Эми Толтой женер деп,
Толо элек баланы
Ташка чаап ийер деп,
Оюна Чүрөк алыптыр.
Ооруп жаткан Семеңе
Шашыла жетип барыптыр:
«Семетей баатыр не болдуң,
Сен жок анда кем болдуң,
Эр Күлүстөн жумушун
Элебей арстан сен койдуң.
Толтой качып, ал артта,
Топосу жердин буралат.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлантты кубалап.

Кутулар жерин табалбай
Толтой мында келиптир.
Качып келе жатканын
Катын-кыздар көрүптүр.
Там башына жыйналып,
Кыйла шылдың бериптир.
Элебей акыл шашкан бейм,
Сен окшойт деп баладан
Энөө Толтой качкан бейм,
Катын-кыздан кеп угуп,
Кайрылып артын карады.
Кыйладан бери кармашып,
Казып салды талааны.
Балтыр эти толо элек,
Бастырар чагы боло элек,
Бала жолборс жадады.
Бадирек Толтой баланы
Малакайдай имерет,
Так көтөрүп башынан
Ыргытып алыс жиберет.
Шамдагай экен Күлүстөн
Кол ийиктей эбелек,
Аягы менен тик түшөт,
Кайра келип беттешет.
Кандим Толтой Чороңду
Камтый кармап албасын.
Кара ташка бирди чаап,
Майып кылып салбасын», —
Деп Айчүрөк айтканда,
Актелки минип алганы,
Ак ордодон Семетей
Ашыгып жөнөп калганы.
Көтөрө албай Актелки
Бели ийилип баспады.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Семетей жаман шашканы.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Суртелкисин зыргытып,
Канчоро да басканы.
Ал ылдамдап жетиптир,
Баспай аты бараткан
Семетейден өтүп кетиптир,
Ыраактан көрүп эки эрди
Арыстан Семең тааныптыр,
Ошол кезде чоң Толтой
Так көтөрүп баланы
Төбөсүнө алыптыр.
Андан-мындан таш издеп,
Чабарына калыптыр.
Ашыкканда Семетей
Алыстан айгай салыптыр:
«Катүгүн Чором не болдуң,
Кайратың кайда жоготтуң?
Атабыз Манас колдосун
Айбаттанып оңолгун», —
Семетей үнү чыкканда,
Селт этип алар укканда,
Ырп этер дарман калбастан
Шалдырады эр Толтой,
Маңдайында эки көз,
Жалдырады эки көз.
Тыгылып жүрөк оозуна
Калтырады эр Толтой,
Коркуп катуу сүрүнөн
Заркырады эр Толтой,
Канкордун уулу эл эле
Катуу колурак эмеле,
Качырып келип саярбы,
Каным суудай агарбы,
Жаш өлүм мага кез болуп,
Жалпыйып шорум кайнарбы.
Деген ойго келгени
Бүткөн бойго тер келди.
Акылы качып алдырап,
Мууну бошоп шалдырап,
Колу ажырап кеткени.
Алманбет уулу Күлчоро
Буту жерге жеткени.
Тизеден алып көтөрүп,
Чалкасынан салганы.
Шамшарын суроо кабынан
Төшүнө минип алганы,
Семетей келет оюнда.
Калганы тирүү эл эле.
Байкашымча Толтойдо
Жамандык жок эр эле.
Бузукунун тилине
Булганып калган кеп эле.
Өлтүртпөй баатыр Толтойду
Ажыратып алайын,
Элдешип алып эп болуп,
Белиме таңуу кылайын,
Дегенди ойго алыптыр,
Айкырыгын салыптыр:
«Ой, ой Күлүө тура тур,
Азыраак сабыр кыла тур».

Күлчоро да ойлонуп,
Қыялбай аны толгонуп,
Ушул Толтой эр эле
Кыргызга тирек бел эле.
Кемчилдиги бир анын
Көөдөтүрөк эме эле.
Чынкожо аны азгырды
Каршы коюп биздерге
Каргаша жолду бастырды,
Ачуумду азыр жойсомбу
Кең колураак болсомбу.
Кечип тамчы канынан
Өлтүрбөй аны койсомбу?
Кадырына жетсемби
Коop басып кетсемби.
Ынтымак үчүн кийинки
Күнөөсүнөн кечсемби.
Дегенге көңүл бурду эле,
Ыргылжың болуп турду эле.
Семетей үнүн укканда
Серпилип кулак түрдү эле.
Аңгычакты Канчоро
Ар кылыгы бар чоро
Алдырап жетип келгени.
Жеткен жерде дегени:
«Катүгүн Күлүс не болдуң,
Көп болду минип солдойдуң.
Шамшарды неге салбайсың
Кардын неге жарбайсың?
Кара нээт Толтойдон
Көк өчтү неге албайсың!?
Канчоро мындай дегенде
Күлчоро туруп муну айтты:
«Салууга колум барбады.
Эрдиги мени мунайтты.
Келаткан абам бакылдап
Бирдеме деп бакырат.
Уктуңбу абам эмне дейт,
Колдорун булгап серелейт,
Абамдын сөзүн уксакчы
Азыраак токтоп турсакчы,
Эп көрсө абам Толтойду
Өлтүрбөй кендик кылсакпы».
Күлчоро айтса тентүүлөп
Канчоро анда секирет:
«Эмне дейсиң Күлчоро
Обу жок сөздү келипдеп,
Эмне дейт эле абакем
Өлтүрсүн дейт тезирээк.
Арам урган Толтойду
Абакем кантип кечирет.
Сен кыйбасаң Толтойдун
Башын өзүм кыямын.
Мезгилин иштин өткөзбөйм,
Бүттү менин чыдамым.
Канын ичип кочуштап
Ичимде өрттү тыямын.
Деп ошентип Канчоро
Секирип аттан түшкөнү,
Канжарын сууруп кынынан
Кымтый кармап бүктөдү,
Канчоро салды дүктүрдү.
Толтойду көздөй жүргөндө,
Абакем айтса тындыр деп,
Канчоро уккан чындыр деп,
Кыялбай Күлүс үшкүрдү.
Колунда өткүр шамшарды
Көкиртекке салганы
Тетиркарап көзүн жуумп
Башын кесип алганы.
Аңгычакты теминип
Семетей да келгени,
Эбак эле Толтойдун
Өлгөндүгүн көргөнү.
Кызыл өңү кумсарды,
Күлчорого сумсайды.
Акылсыз Чором урганым
Азыраак неге турбадың?
Өзүм жетип келгинче,
Бул эмине кылганың!?
Деп сүйлөнүп октолуп,
Туралбады токтонуп,
Ачуусун көрүп абанын
Күлчоро билди баянын,
Толтургуз иштин болгонун,
Шашмалык кылып койгонун,
Өйкөп жүрөк тамырын
Өкүнүчтүн сызы өттү,
Ылдый карап жер тиктеп
Канчорону көрсөттү.
Мына мабу айтты кеп,
Сени ушундай айтты деп.
Муну укканда Семетей
Каары күчөп калганы.
Сөөмөй тенеп Чорого
Наалат тилте алганы.

Қанчоро акмак оңбойсуң,
Қан ичкенди койбойсуң,
Өлтүрөт адам дегенде
Оң жыландай сойлойсуң.
Ушинте берсең түбүндө
Эгерде эки болбойсуң.
Деп көпкөчө токтолбой
Чоролорго чамданды,
Көп кайгырып Толтойго
Ичи күйүп саргарды.
Жерди тиктеп тизелеп,
Қамчысын сайып алганы.
Оң бөйрөгүн таянып,
Өкүрүп Семең калганы.
Өзүм эле жат болду,
Өзөктөн чыккан өрт болду.
Өзүнчө келип Чынкожо
Өлүп мында жок болду.
Қайгырып башым тел болдум,
Қанатым бирөө кем болдум
Бузуктун кирип тилине
Болумду эрдин бири элең
Ботом Толтой не болдуң?..
Жакыны эле Багыш хан,
Атам айкөл Манастын
Жергелүү кыргыз башы элем,
Жекеле эмес Таластын,
Жедигер элиң калың журт
Жериңди качан талаштым?..
Шайтандын кирип тилине
Сырттаным неге адаштың?
Эреним Толтой мен сени
Эченден артык болжодум,
Таласка кайтын келгенде
Болот деп тууган ойлодум,
Араздык өтсө эмнеге
Арага киши койбодуң?
Белдүүсү элең кыргыздын
Биргелеш тизгин чойбодуң,
Армандуу бойдон жаш кетип
Арстаным неге сойлодуң?
Өкүнгөн менен Толтойду
Тирилтип алар айла жок,
Жаш Қанчоро баланы
Жекирген менен пайда жок.
Атагы артык эр Семең
Артынан камды көргөнү,
Акунханын баш кылып,
Үргөнчтүн аял, эркегин
Өкүртүп топко бөлгөнү,
Зыйнатын кылып Толтойду
Ак кепиндеп көмгөнү.

Ал ишти кылып эр Семең
Ааламга даңын таратты.
Жедигер, Бужар, Анжиян
Бийлигине каратты.
Қолго түшкөн көп кулду.
Жер-жерине кайтарды.
Чынкожо салган дүлөктүн
Мизин миктип майтарды,
Курмандык болуп эр Толтой
Жомогу калды айтарлу.
Эр Багыштын кичи уулу
Қыяз деген бар эле,
Ошол кезде ал Қыяз
Жети жашар чагы эле.
Атадан Қыяз жаш калган
Акыл-эстен бош калган,
Толтой жакшы көрүүчү.
Сарбаптап көңүл бөлүүчү.
Эркелетип балам деп
Эрмегине бек тойчу,
Иниси дештен кызганып,
Арага катуу чек койчу.
Ошол үчүн элдери,
Иниси дебей Қыязды
Толтойдун уулу деп койчу.
Эр Толтойдун ордуна,
Жети суунун боюна,
Иниси ошо Қыязды
Хан көтөрүп коюшту.
Өлгөн менен эр Толтой
Эли калды олутту.
Қыяз менен энелеш
Қалдымат деген жана бар.
Бир үйдө жүрүп чоңойду
Жакын тууган саналар.
Болгон үчүн Қыяз жаш
Убактынча хан болуп,
Эл сурады караңар.
Кийинче Қыяз чоңоюп,
Қыйын чыкты торолуп
Хандыкты алып колуна
Қалк башкарды жолунда,
Эр Толтой шундай өтүптүр

Өмүрү кыска кыпынча.
Калганга сабак калтырды,
Баатыр болсо эр болсо
Өтсө экен тушунча.
Болуптур айттым ушунча.

Бузуктун кирип тилине
Болот ушундай бузулса.
Багыштын уулу Толтойдун
Баштан аяк жомогу

АЙРЫМ СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

А к и н е к — оюндун бир түрү.
Э м и н — камсыз.
Қ а ш к а — кездеменин бир түрү.
Қ ү р ө к ө — согушка кийүүчү темир чапандын бир түрү.
М а л и к — ислам дини боюнча айтканда дозокторду башкаруучу.
О р г а — жердин аты.
Ж у у р д у к — муштум.
Б о к о р — бастек, жапыс.
Ж а б д а л — түйшүк.
Ч а й ч ү й, ш а ң к а й — кыргыз уруулары.
З а р а — ак көңүл, таза.
Ж а с ы н — курандагы чоң сүрөөлөрдүн бири. Бул жерде өлүмү жакын деген мааниде айтылган.
К у л у м с а — жаанын ок салгычы.
С е л е б е — дарт, зардап.

ОКУРМАНДАРГА

Азыркы экономикалык татаал шартта элибиздин маданияты менен адабияты оор жагдайга кабылып отурганы жалпы калайык-журтка маалым. Ал эми адабиятсыз тигил же бул элдин көркөм руханий дүйнөсүн элестетиш кыйын. Эл болгон соң анын адабияты да болушу табийгий көрүнүш. Ар бир элдин жашоо тиричилигине, экономикалык абалына, коомдогу ээлеген ордуна жана улуттук өзгөчөлүктөрүнө жараша көркөм дүйнөсү да ар кандай абалда, деңгээлде өнүгүп келген. Жалпыга белгилүү болгондой, кыргыз элинин көркөм тил өнөрү оозеки чыгармачылык түрүндө нечен кылымдарды карытып, далай доорду башынан кечирип, доор алмашкан сайын улам жаңыланып, түрлөнүп, бүгүнкү күнгө чейин жетип отурат. Кыргыз элинде оозеки чыгармачылык өтө бир жогорку деңгээлде өнүккөнүнө мына булар күбө: дүйнөдө теңдеши жок улуу «Манас» эпосу баштаган «Семетей», «Сейтек», «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды», «Курманбек», «Саринжи-Бөкөй», «Жоодарбешим» ж. б. көптөгөн кенже эпостор, жомоктор, дастандар, уламыштар өздөрүнчө китеп болуп бир нече жолу басылып чыкса да, эл арасындагы таланттар жана өнөрпоздор бул асыл мурастарыбызды күнү бүгүнгө чейин оозеки айтып келет. Улуу «Манастан» бир нече сапты жатка айта албаган жана анын окуяларын билбеген кыргыз баласын учуратыш кыйын. Ал эми ырчылык төкмө өнөр ар бир улуттун шыбагасына бериле бербесе керек.

Азыркы өнүккөн техникалык цивилизациянын доорунда көптөгөн карама-каршылыктарга багынбастан, элибиздин ичинде ырчылык төкмө өнөргө багыт алышкан ар кырактагы мүүндарын өкүлдөрүнүн пайда болуп жатышы кыргыздардын улуттук өзгөчөлүгүнө күбө өтө алат.

Мына ушул улуттук салтты, өзгөчөлүктөрдү мындан ары улап кетүү жана көөнөрбөс, акактай таза элдик мурастарды мүүндан-мүүнга жеткирүү максатында Мамлекеттик «Учкун» концерни эпосторду, жомокторду, уламыш-дастандарды, санжыра-тарыхтарды өзүнчө китеп кылып чыгарууну колго алды. Себеби, кыргыздын оозеки чыгармачылык өнөрү биз та-

рыхтан окуп-билгендей нечен өтө оор, кыйчалыш тагдырларга туш болгондо да учу үзүлбөй, кумга сиңип кетпей, арашан булактай оргуштап келген. Ошентип, бүгүнкү күнгө жетти. Ошол кыйчалыш заманларга көркөм мурастарыбыздын канча бирлери көмүскөдө да кала бергендир. Бирок «Эл ичи — өнөр кенчи» деген накыл сөздүн анығына бүгүн дагы бир ирет көзүбүз жетип туру. Биздин бул пикирибизге колуңуздардагы ушул «Толтой» дастаны да күбө боло алат.

Биз Толтой баатырды айтылуу «Манас» эпосунун бир каарманы катары билсек, эми мынтип кытай өлкөсүндөгү кыргыз манасчысы Жусуп Мамай аксакалдын жазмасы боюнча өзүнчө дастан катары окуп отурабыз. Кытайлык кыргыз туугандарыбызда мындан бөлөк да көптөгөн дастандар, жомоктор, уламыштар, санжыралар, санаттар, макал-лакаптар, табышмактар айтылат. Айрымдары китеп болуп жарыкка чыккан. Ал китептер араб алфавитинде басылгандыктан алардын бардыгын үйрөнүп, окуп чыгууга Ала Тоо кыргыздарынын мүмкүнчүлүктөрү жок. Биз мына ушул жагдайды эске алып, Жусуп Мамайдын вариантындагы «Толтой», Өскөн Чубактын «Кызжибек» дастандарын, Анвар Байтурдун «Кыргыз тарыхынын лекциялары» аттуу китебин басып чыгардык. Окурмандардын талабы эске алынып, аталган китептер массалык нускада жарык көрдү. Бул китептер мектеп окуу программасына да кийрилсе, элибиздин мурастарын үйрөнүү, изилдөө боюнча жакшы иш жасаган болоор элек. Буюрса, мындай дастандарды басып чыгаруу иши өркүндөтүлө бермекчи.

Жылкычы ЖАПИЕВ

МАЗМУНУ

I бөлүм

ТОЛТОЙДУН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

Сонордогу сайран 3
Контокчунун кастыгы 15
Камангилдин чатагы 27
Контокчунун акыбети 34

II бөлүм

ТОЛТОЙДУН БААТЫРЛЫКТАРЫ

Корункырдан олжону куткаруу 41
Карезги менен кармашуу 51
Керкимат менен салгылашуу 59
Толтойдун жаралуу болушу 66
Керкиматтын кол курашы,
Көккүчүктүн чалгыны 68
Керкиматтын жексенделиши 70
Байтору менен беттеши 76
Бай Чакайдын чабуулу жана
Толтойдун туткундалышы 82
Жээликкен бай Чакайдын жер кабуусу 89

III бөлүм

ЧЫНКОЖОНУН ТОЛТОЙДУ АЗГЫРА БАШТАДЫ

Толтой менен Чынкожонун достугу 95
Багышка аш берүү, Байторунун өлүмү 100
Чынкожонун элге бүлүк салышы,
Ак Коенду Толтойго бериши 103

IV бөлүм

ТОЛТОЙДУН АДАШУУСУ

Акунханга чабуул жасоо 107
Айчүрөктүн Чынкожого кат жибериши, Семетейдин Акшумкарды
издеп Үргөнчкө келиши 119
Күлчоро менен Толтойдун чалгында беттешүүсү 127
Чынкожонун тукуруусу 132
Кандуу кармашуулар, Чынкожонун акыбети 141
Толтойдун өлүмү 150
Айрым сөздөргө түшүндүрмөлөр 156
Окурмандарга түшүнүк 157

Жусуп Мамай

ТОЛТОЙ

дастан

Басмага даярдаган *Майрамкан Карасартова*
Редактору *Жумабек Тукай*
Көркөм редактору *М. Сагымбаев*
Техникалык редактору *Л. Я. Шевченко*

Терүүгө 15. 10. 92-ж. берилди. Басууга 27. 12. 92-ж. кол коюлду.
Форматы 60×90$^{1}/_{16}$. 10,0 физ. басма табак, 10,0 шарттуу басма табак, 20,0 эсеп басма табак.
Нускасы 30000. Заказ № 1787. Келишимдик баа.

Мамлекеттик «Учкун» концерни. 720023.
Бишкек шаары, Правда көчөсү, 24.